# Жаңы Келишим дүйнөсү

Др. Рэндал МакЭлвин

shepherds GLOBAL CLASSROOM

Copyright · 2015 Шеппердс Глобал Мектеби
Биринчи басылышы.

Бардык укуктар корголгон. Шеппердс Глобал Мектебинин уруксаты жок, тест барактарынан тышкары ушул китепти жарым-жартылай же толугу менен көбөйтүүгө, электрондук, механикалык, ксерокөчүрмө, жаздыруу же башка жол менен көчүрүгө тыюу салынат. ШГМ англис тилиндеги ар бир сатып алынган окууту программасы, бизге алар башка тилге которуга жана машайакчы жетекчилердин арасында таркатууга мүмкүнчүлүк берет. Бул максатка курмандык чалуу үчүн ШГМ менен байланышуу үчүн төмөнкү сайтка кириңиздер: www.shepherdsglobal.org.

Бардык цитаталар Ыйык Китептен алынган. Кыргыз тилиндеги БИБЛИЯ. Кайра иштелип, экинчи басылышы 2004. copyright © 2004 Боорукерликтин өкүлдүгү "ҮМҮТ НУРУ"

# Мазмуну


Окутуучу үчүн жолдомо 5

1. Жаңы Келишим дүйнөсү 7

2. Синоптикалык Жакшы Кабарлар: Ыйсанын жашоосу 21

3. Жакан жазган Жакшы Кабар: Ишеним Жакшы Кабары 35

4. Элчилер иштери жана алгачкы жыйын 43

5. Римдиктерге: Кудайдын адилдиги 57

6. Корунттуктарга жана Галатиялыктарга : Көйгөйлүү жыйындарга кат 69

7. Эфестиктерге, Филипиликтерге, Колосалыктарга жана Филемонго: түрмөдөн жазылган каттар 85

8. 1 жана 2 Тесалоникалыктарга: Машайактын кайра келиши 101

9. Тиметей жана Титке жазылган каттар: Жыйын жетекчилерине жазылган каттар 111

10. Эврейлерге жана Жакып китептери: жалпы каттар, 1-бөлүм 123

11. Петир, Жакан жана Жүйүт жазган: жалпы каттар, 2-бөлүм 137

12. Аян: Ыйса – Теңир 149

13. Бүгүн жыйындардагы Жаңы Келишим жөнүндөгү суроолор 159

Тереңирээк изилдейбиз 165

Аткарылган тапшырмаларды белгилөө 173

# Окутуучу үчүн жолдомо

1. Көбүнчө сабактар сабак учурунда изилденүүчү китеп же китептерди окуу тапшырмасынан башталат; тапшырманы алдын ала кылуу керек. Ар бир сабактын аягында студенттерге кийинки сабактын материалын окуп келүү жөнүндө эскертүү берүү керек. Ошентип окугандар изилденип жаткан китептин негизги мазмунун алдын ала билип келишет.

2. Ар бир сабак Ыйык Жазуудан аят жаттоо тапшырмасынан башталат. Үзүндү изилденип жаткан китептин негизги аяттарынан турат.

3. Изилдөөнүн убагында силер мезгил-мезгили менен топто изилденип жаткан суроолорду талкуулоо үчүн токтоп, окуу материалын кезектешип окусаңар болот. Окутуучу катары, сиз студенттердин темадан алыстап кетпөөсүнө жоопкерчиликтүүсүз. Талкуулоо убагында убакытты чектеп коюу пайдалуу болот.

4. Тексттен ► белгисин жолуктурганыңарда, суроо бериңиз жана студенттерге жоопторду талкуулоого мүмкүнчүлүк бериңиз.

5. Көбүнчө шилтемелер Ыйык Жазууга тиешелүү: аларды топтогу студенттердин бирөөсүнөн ачып окуп берүүнү сураныңыз.

6. Ар бир сабакта тапшырма болот. Топ менен талкуулоо болгон учурда кийинки сабактын башталышына убакыт бөлүү керек.

7. Сабактардын текшерүүчү суроолору бар. Ар бир сабактын аягында окутуучу студенттер менен текшерүүчү суроолорду карап чыкса болот. Кийинки сабактын башталышы ушул кыскача текшерүүчү суроолор менен башталышы керек; текшерүүчү суроолорго жооп берүүнү оозеки жана жазуу түрүндө өткөрсө болот.

# 1-сабак
# Жаңы Келишим дүйнөсү

## Сабактын максаты

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

1. Палестинанын географиясын жана анын Жаңы Келишим доорундагы маанилүүлүгү.
2. Жаңы Келишимдеги тарыхый кырдаалды түшүнүү.
3. Римдиктердин, гректердин жана иудейлердин Жаңы Келишимге тийгизген таасирин билүү.
4. Байыркы салттарды жана негиздерди Жаңы Келишим доорунда баалоо.

## Ушул Сабакка даярдануу

*Матай китебин окуу 1:1-7; Лука 1:1-5; 2:1-5.*

*Жаттоо үчүн аят: Галатиялыктарга 4:4-5.*

## Жаңы Келишимдеги тарыхый жана географиялык факторлордун маанилүүлүгү

► Машайакчылык ишенимде Ыйык Китептеги тарыхый чындык маанилүүбү? Эмнеге?

Машайакчылык ишеним тарыхый чындыктарга негизделген; ал өзүн адамзатынын тарыхында көрсөтүп келген Кудайдын иш-аракетине, ошондой эле Ыйсанын «… адам болуп биз менен жашап турган…» [1] жашоосуна негизделген. Ошол себептен Жаңы Келишимди түшүндүрүү үчүн тарыхый кырдаалды түшүнүү абдан маанилүү. Бул сабактын башталышында Матайдан жана Лукадан алынган үзүндүлөр аркылуу авторлор Ыйсанын жашоосунун тарыхый кырдаалына өзгөчө көңүл бурат.

Машайакчылык башка дүйнөлүк диндерден кескин түрдө өзгөчөлөнүп турат. Чыгыш агымдарын жолдогондордон байкаганыбыздай эле, буддисттер, буддасы жок деле ошол бойдон кала берет, индуизм болсо, көп кудайлары жок болуп кетсе деле өтө өзгөрүп кетпейт. Бирок машайакчылык Назареттик Ыйсанын өмүрү жана өлүп кайра тирилүүсү жок болсо, маңызсыз болуп калат.

[1] Жакан 1:14

«Эгерде Машайак тирилген эмес болсо, анда биздин Жакшы Кабар таратканыбыздын да, силердин ишенимиңердин да пайдасы жок»[2].

Машайакчылык – бул тарыхый ишеним. Ыйык Китеп – бул тарыхый китеп. Ал бизге миф жана уламыштарды айтып бербейт; ал тарыхта болгон окуялардан алынган. Айрым заманбап окуумуштулар Ыйык Китеп – илимге чейинки уламыштар менен көрсөтүлгөн укмуштуу этникалык ой-толгоолордун жыйнагы дешет. Бирок Ыйык Жазуу бизге мындай тандоо бербейт: Ыйык Китеп өзү жөнүндө ал тарыхый чындык экендигин так айтат.

Жаны Келишимдеги окуялар белгилүү бир убакытта, жерде жана белгилүү бир маданиятта болгон. Убактысы – б.з. биринчи кылымда, орду – Палестина жана Рим дүйнөсү, маданияты –жүйүт, грек жана рим маданияты. Тарыхый жана географиялык жагдайларга байланыштуу биз окутуубузду Ыйсанын дүйнөсүн жана алгачкы жыйындарды карап чыгуудан баштайбыз.

## Жаны Келишимдин Географиялык шарттары

Ысрайыл тарыхынын борбору жана Ыйсанын жердеги кызматы. «Назареттик Ыйса» деген ысым дагы – Анын жашоосу белгилүү бир жерде өткөнүнүн маанилүүлүгүн билдирет.

Палестинанын аймагы – узундугу болжол менен 235 километр жана туурасы 75 километр. Анын территориясы анча чоң эмес болсо дагы, байыркы тарыхтагы окуялардын стратегиялык орду болуп калган. Палестина түштүк-батыш жагында Мисир (Египет), түндүгүндө Сирия, түндүк чыгыш жагында Ашур жана чыгыш жагында Бабылдын ортосунда жайгашкан, ошондуктан ал жер соода сатык өтмөккө айланып, аскердик стратегиялык мааниге ээ жер болуп калган.

### Батыш-чыгыш жеринин чектери

Палестинада саякаттаганда батыштан чыгышты көздөй жол жүргөн (Жер ортолук деңизден Иорданды көздөй) адам үч ар башка аймакты басып өткөн. Жээктеги түздүктөн баштап Жер ортолук деңиздеги рельеф борбордук тоолуу жерлер аркылуу эң бийик чекитке чейин болжол менен деңиз деңгээлинен 800 метр көтөрүлөт. Иерусалим Израилдин руханий да, географиялык да эң жогорку чекити болгон.

[2] 1 Кор. 15:14

Мындан ары чыгышты көздөй Иудея чөлү уланат, бул рельефти өзгөрө берген тоолуу территория. Бул аймак саякатчылар үчүн аябай кооптуу жана жергиликтүү тургундар үчүн меймандос эмес жер болгон.

Бул тоолуу аймактан Иордан өрөөнү деңиз деңгээлинен 415 метрге ылдыйлайт жана жердеги эң төмөнкү чекит болуп эсептелет. Иордан дарыясы Галилей деңизинин түндүктөгү тоолорунан баштап, түштүктөгү Өлүк деңизине чейин 100 километр жерге агып келет. Римдиктер Иудеяга б.з. 66- жылы кол салганда эссейлер деп аталган жүйүт тарых изилдөөчүлөрү, Өлүк деңизинин тегерегиндеги үңкүрлөргө өздөрүнүн китепканасын катып коюшкан. Ушул Өлүк деңиз түрмөктөрү 1946-жылы табылган, жана биз колдонгон Байыркы Келишимдин эң байыркы кол жазмалары болуп эсептелет.

Ыйсанын узакка созулган кызматынын убагында, Иордан дарыясы Анын саякаттарынын чыгыш чеги болгон, бирок кээде Иордандын аркы жээгине өтүү үчүн ал Галилей деңизинен өткөн. Бул аймакта Он шаар (Он шаар, гректер үстөмдүк кылган убакта негизделген) жана Перея шаары жайгашкан. Ыйса өзүнүн артынан ээрчиген адамдарды таң калтырып бул аймактагы бутпарастарга кызмат кылууга даяр болгон. Он шаарда жана Переяда Ыйсанын шакирттери Анын кичинчерээк буйрук кыла турган: «Иерусалимде, бүт Жүйүт аймагында, Самарияда, атүгүл, бүт дүйнө жүзүндө» [3] жакшы кабар таратуу жөнүндөгү буйругунун биле башташкан.

## Түндүк-түштүк жерлеринин чектери

Түндүктөн түштүктү көздөй бет алганда саякатчы Галилеядан Самария аркылуу Палестинанын диний жана саясий борбору болгон Иудеяга барган. Галилея соода сатык аймагы болгон, ал туздуу эмес Галилей көлүнүн айланасында жайгашкан. Ушул кооз аймактагы эң кичинекей айылдардын бири Назарет болгон. Галилеялыктар Галилей көлүнүн мол балыгына жана Галилей көлүнүн түндүк-батыш жээгиндеги тынч аймакта – Генисарет түздүгүндө жыл бою түшүм берегн жашылча жемиштерге ырахаттана алышкан.

Самария түндүктөгү жүйүттөрдү Иерусалимдин ийбадатканасынан бөлүп турган. Самариялыктар, б.з.ч 722 жылы ашурлуктардын басып алуусунан кийин, аралаш никеге турган жүйүттөрдүн тукуму болгон. Алар Байыркы Келишимдин мыйзамдарын аткарышкан, сүннөткө отургузулууну колдонушкан, майрамдарды өткөрүшкөн жана Машайактын келишин

---

[3] Элчилер иштери 1:8

күтүшкөн, бирок Гаризим тоосунда самариялыктардын өздөрүнүн Кудайга табынуучу жери болгон жана жүйүттөр аларды таза эмес деп эсептешкен. Көпчүлүк жүйүттөр Иордандын чыгыш жээктерине саякаттаганда Самария аркылуу өтпөш үчүн гана Иордандын аркы өйүзүнө өтүүнү каалашкан, бирок Ыйса кудуктун жанындагы аялга кызмат кылуу үчүн атайын Самария аркылуу өткөн. Ошол Самариялык аял Ыйсанын "Машайакмын" деген ачык билдирүүсүн биринчилерден болуп уккан[4].

Жүйүт жана анын борбордук шаары Иерусалим түштүктө жайгашкан. Бир нече чакырымга көрүнүп турган Сион тоосу, жүйүт ишениминин диний борбору болгон. Жүйүттөр жыл сайын үй-бүлөлөрү менен ийбадатканага барышчу. Ыйсанын үй-бүлөсү да, Анын бала кезинде ал жакка барышчу жана «ал Анын Атасынын үйү» [5] болгон, ушул жерде Ыйса мыйзам окутуучулардын арасынан табылган.

## Жаны Келишимдин Тарыхый шарттары

Иерусалим кулагандан баштап б.з.ч. 586-жылы Бабылга чейин тарыхта Палестинада баш аламандык жана көтөрүлүштөр болгон. Иудея мындан ары кайра өзүнүн башындагы даңкына кайтып бара алган эмес.

Бабыл империясы кулап персиялык император Кирге баш ийгенге чейин, Палестинаны көзөмөлдөгөн. Б.з.ч. 539-жылы Кир жүйүттөрдүн Иерусалимге кайтып келүүсүнө уруксат берген. Кийинки жүз жылдык аралыгында Эзра, Зоробабыл жана Некемиянын жетектөөсүнүн алдында шаар кайра курулган, бирок Иерусалим дагы деле Персиянын көзөмөлүндө кала берген. Ошол себептен Ыйсанын күндөрүндө катардагы адамдар арамей тилинде сүйлөшкөн, ал Персия империясынын тили болгон.

Б.з.ч. 334-жылы Улуу Александр Персияны жеңген жана Палестина Грек империясынын бир бөлүгү болуп калган. Б.з.ч. 323-жылы Александр өлгөндөн кийин анын империясы төрт генералга бөлүнгөн. Палестина эки генерал менен алардын жолдоочулары болгон Птоломей менен Селевкиддердин талашына калган. Бул Иудеянын тарыхындагы эң караңгы мезгил болгон; бул убакта Антиох Эпифан (грек селевкид башчы) ийбадаткананы булгап, анын ичине гректердин кудайы Зевске арнап курмандык чалынуучу жай курган.

Маккавейлердин көтөрүлүшүнүн себеби Антиох Эпифандын тираниясы болгон. Маккавейлердин үй-бүлөсү Иудеяны үстүнөн көзөмөлдөп, Хасмонейлер

[4] Жакан 4:26
[5] Лука 2:41-52

династиясын орноткон. Б.з.ч 166-жылдан 63-жж. чейин Палестинаны Маккавейлердин үй-бүлөсү жана анын тукумдары башкарган. Тилекке каршы атаандашкан үй-бүлөлөрдүн жана Кудайдан четтөөнүн айынан бул убакта улуттук туруксуздук болгон. Б.з.ч 67-жылдары бул үй-бүлө жарандык согушка аттанган.

Рим жүйүт лидерлеринин бөлүнүүсүн мүмкүнчүлүк катары колдонуп, тезинен Палестинаны басып алган. Б.з.ч 63-жылы Рим генералы Помпей Иерусалимди басып алган жана өзүнүн өкүлү катары Гиркан IIни башкы ыйык кызмат кылуучу кылып, иш жүзүндө Иудеянын башчысы кылып дайындаган. Ыйсанын убагында Палестинаны Рим башкарган.

Б.з.ч. 37-жылы Рим сенаты Улуу Иродту Иудеянын падышасы кылып дайындаган. Ирод эдомдуктардын тукумунан чыккан идумей болгон. Эдомдуктар израилдиктердин байыркы душмандары болгон. Алар израилдиктерге өздөрүнүн жери аркылуу Ханаанга өтүүгө тыюу салышкан[6]. Иерусалим кулаганда эдомдуктар менен бабылдыктардын кызматташуусу Обадийдин сот жөнүндөгү пайгамбарлыгынын аткарылуусуна алып келген.

Б.з.ч. 30-жылдары Ирод өзүнүн душмандарын жеңген жана Иудеянын жалгыз башчысы болгон. Ироддун ичинде жакшы жана жаман татаал аралашма сапаттар кайнап турган. Бир жагынан ал жүйүттөрдү сыйлаган, ийбадаткананы курган жана тамактануу мыйзамдарына баш ийген. Башка жагынан алганда, ал кызганчаак зөөкүр болгон: Ирод өзүнүн бир нече уулун, тактыга отуруп ага атаандаштык кыла турган жашка келгенде өлтүрткөн. Иродго өзүнүн тактысын коргоо үчүн Бейт-Лехемдеги наристелерди кыруу арзыбаган нерсе болгон. Периште Жусупка Мисирге кач деп буйрук бергенде, Ыйса аман калган.

Б.з.ч. 4-жылы Улуу Ироддун өлүмүнөн кийин анын падышачылыгын үч баласы бөлүп алган. Ушул башкаруучуулар Ыйсанын кызматына жана Жаңы Келишимдин тарыхына түздөн-түз таасирин тийгизишкен.

**Ирод Архелай** Иудеяны башкарган. Анын ырайымсыздыгынын айынан Жусуп менен Мариям Бейт-Лехемге барбай, Назретке кайтышк[7]; жүйүт падышасынын ырайымсыз мамилесинин айынан жүйүт делегациясы боштондук сурап Римге кайрылган. Архелей куулган жана Иудеяны Рим дайындаган ишеничтүү адамдар башкарып калган.

---

[6] Сандар 20:14-21

[7] Матай 2:22-23. Бейт-Лехемди Архелай башкарган; Галилеядагы Назаретти – Ирода Антипас башкарган.

Ыйсаны соттоо учурунда Понтий Пилат Рим прокуратору болгон; ал Кейсареяда жашаган жана маанилүү майрамдарда Римге келип турган [8]. Прокуратордун аткарууга мүмкүн эместей сезилген милдети – Рим жана жүйүт лидерлеринин ортосунда ортомчу болуу эле. Пилат жүйүттөрдү көтөрүлүшкө түрпөгүдөй болуп Римдин талаптарын аткарышы керек болчу. Ушул максатына жетүү үчүн, ал Синедрионго өз эли үчүн диний жана маданий чечимдерди чыгарууда көп эркиндик берген. Башкы ыйык кызмат кылуучу Кайапа Ыйсанын иш-аракети Римдин кыжырына тийсе, ушул эркиндиктен ажырап калабыз деп корккон[9].

**Ирод Филлип** Иродтун эң берешен уулу болчу. Ал Галилеянын түндүк-чыгыш жагын башкарган. Ыйса Иерусалимде жүйүт диний жетекчилердин камакка алуусунан качып бул жерлерде убакыт өткөргөн. Ал диний башкаруучулардын курмандыгы эмес, Атасы дайындаган убакыт келгенде, күнөө үчүн курмандык болгусу келген.

Ирод Филлип Паниас шаарын калыбына келтирген жана анын атын Филиптин Кейсареясы деп өзгөрткөн. Ал жакта Петир: «Сен тирүү Кудайдын Уулу Машайаксың» деген өзүнүн улуу сөзүн айткан[10].

**Ирод Антипас** б.з.ч. 4-жылынан б.з. 39-жылына чейин Галилея жана Перияны башкарган. Антипас Жакан чөмүлдүрүүчүнү түрмөгө каматып өлтүрткөн[11]. Ирод Антипастын Галилеянын үстүнөн бийлиги болгон, Пилат Ыйсанын тагдыры жөнүндөгү жоопкерчиликтен качып, Аны Антипастын сотуна жиберген[12], бирок Ирод Ыйсаны соттоодон баш тартып өкүм чыгаруу үчүн Аны Пилатка жөнөтүп жиберген.

## Жаңы Келишимдин маданий шарттары

Жаңы Келишимдин маданий абалы сыяктуу эле маанилүү. Кудай Ыйсаны дүйнөгө жибергенде үч ар түрдүү маданиятка таасир тийгизген, ал эми алардын ар бири Жаңы Келишимге олуттуу таасирин тийгизген.

### Жаңы Келишимдеги грек фактору

Улуу Александрдын таасири б.з.ч. 323-жылы ал өлгөндөн кийин да уланган. Балким анын Жаңы Келишимдеги эң чоң салымы көпчүлүк үчүн жалпы болуп

[8] Пилат б.з. 26 – 36-жж. чейин башкарган.
[9] Жакан 11:49
[10] Матай 16:16
[11] Марк 6:17-29
[12] Лука 23:6-12

калган жана Жакшы Кабарды тоосколдуксуз таратуу мүмкүнчүлүгүн берген грек тили болгон.

Жаңы Келишим кеңири тараган *койне* грек диалектисинде жазылган – бул биринчи кылымда Жер Ортолуктар колдонгон тил болгон. Палестинанын арамей тилин жана еврей тилин (Байыркы Келишим тилин) жүйүттөр гана түшүнө алышкан болсо, Рим империясынын бардыгы грек тилинде сүйлөгөн.

Грек тилинин тактыгы Пабыл катындагы богословиялык терең түшүнүктөрдү жеткирүү үчүн ыңгайлуу болгон. Кооз жана поэзиялык еврей тили Байыркы Келишимде ой жүгүртүүсү бай акындарга жана пайгамбарларга ылайык болгон. Грек тили конкреттүү тил болгондуктан, Пабылга жаңы ишенип калгандарга акталуу жана ыйыкталуу тууралуу терең доктриналарды үйрөтүүгө жардам берген.

*Септуагинта* – бул Байыркы Келишимдин грекче котормосу, б.з.ч.үчүнчү кылымдан тарта грек тилинде сүйлөгөн жүйүттөргө Ыйык Китепти окууга мүмкүнчүлүк берген. Мындан сырткары Септуагинта Жаңы Келишимди (алгачкы жыйындардагы Ыйык Китепти) бутпарастардын кайрылуусуна жеткиликтүү кылган.

## Рим маданиятынын факторлорунун Жаңы Келишимге тийгизген таасири

Жаңы Келишимдеги дээрлик бардык китептер Римдин таасирин көрсөтөт, анткени Ыйса жана элчилер Рим дүйнөсүндө жашашкан.

### *Жакшы Кабарлар*

Ыйсанын жашоосуна Римдин тийгизген таасири Ал төрөлгөндө көрүнгөн. Кудай бутпарас император өткөргөн эл каттоону, Михейдин Машайак Бейт-Лехемде төрөлөт деген пайгамбарчылыгынын аткарылышы үчүн колдонгон [13]. Персиянын башчысы Кир, Кудай Өзүнүн элин кулчулуктан кайтарып алгандагы куралы болгон сыяктуу эле, Рим императору Август Мариям менен Жусупту Назареттен Бейт-Лехемге алып келүү үчүн Кудайдын куралы болгон.

Эл каттоону өткөрүүнүн эки ыкмасы бар. Римдиктер шаардагы ар бир адамды жашаган шаарында каттоону каалашкан, бирок жүйүттөр үй-бүлөлүк каттоолорду ата-бабаларынын үйлөрүндө сакташкан. Жүйүттөргө жагуу үчүн римдиктер каттоону салттуу жол менен өткөрүүгө уруксат берген болушу

[13] Михей 5:2; Лука 2:1-5

мүмкүн, аны аткаруу үчүн Жусуп менен Мариям өзүлөрүнүн шаары Назареттен Бейт-Лехемге чейин 160 километр басып өтүшү керек болчу.

Жакшы Кабарлар Ыйса менен Анын жаңы падышачылыгы жөнүндөгү кабардын коркунучун сезген Рим башкаруучуларынын ортосундагы келишпестикти көрсөтөт. Ирод ымыркай балдарды өлтүрткөндөн баштап, Пилаттын айкаш жыгачка («Жүйүт падышасы») жаздырган жазуусуна чейин, Ыйсанын жердеги кызматында баштан аяк Кудайдын падышачылыгы менен Кесарьдын падышачылыгынын ортосундагы келишпестик байкалат. Ыйса Рим жана анын маданияты жөнүңдө аз эле айтса да, Кудайдын падышачылыгы жөнүндөгү кабар бул дүйнөнүн империялары үчүн чоң чакырык болгон.

### *Элчилер иштери китеби*

Элчилер китеби, Кудай Рим падышачылыгын Жакшы Кабар таратуу үчүн кандай колдонгондугун ачып берет. *«pax Romana»* термини Рим империясынын мажбурлап таңуулаган «тынчтыгын» билдирет. Ал убакта Рим бийлиги туура эмес жолдор менен башкарса дагы (мисалы, Ыйсанын айкаш жыгачка керилүүсү) ошол эле учурда саякатчыларды уурулардан коргогондуктан жана падышачылыктарды бириктиргендиктен, элчилердин саякаты мүмкүн болгон. Рим чыгыштагы Ефрат дарыясынан батыштагы Шотландияга чейин 85 000 километр жол курган жана Жер Ортолук Деңизинде бардык тараптарга деңиз жолдорун белгилеген. Пабылдын миссионерлик саякаттары ушул Рим жасаган жолдор жана деңиз жолдорунун аркасы менен мүмкүн болгон.

Кичинекей шаарларда жана айылдарда өнүккөн жүйүттөрдүн салттык маданиятынан айырмаланып Рим чоң шаарлардын империясы болгон. Бул шаарлар Жакшы Кабар таратуу ишинде абдан маанилүү болгон. Пабылдын саякаттарын Рим империясындагы чоң шаарларды белгилөө аркылуу билсек болот. Пабыл Жакшы Кабарды болушунча көп адамдарга жеткирүү үчүн аны ар бир аймактагы алдыңкы шаарларда тараткан. Элчи Рим империясынын негизги аймактарында Жакшы Кабар тараткан жана ошондой эле Римде – биринчи кылымдагы дүйнөнүн борборунда Жакшы Кабар таратууну максат кылган[14].

Пабыл Римдик жаран катары өзүнүн укугун Жакшы Кабар таратуу үчүн негизги жардам катары болушунча пайдаланган; мыйзамдуу түрдө Филипиде[15]

---

[14] Римдиктер 1:15
[15] Элчилердин иштери 16

коргоону сурап кайрылганда жана Кесарьдын кабыл алуусун суранганда да колдонгон[16]. Пабыл өзүнүн атуулдугун Машайак үчүн колдонгон.

### *Пабылдын каттары*

Пабылдын каттары Пабыл Рим дүйнөсүн билгенин көрсөтөт. Өзүнүн Филипиликтерге жазган катында ал жарандык тилди колдонуп, окурмандарына «мекенибиз асманда» деп эстеткиси келген [17]. Пабыл Филемонго өтүнүү катын жазган, анткени римдиктер Пабыл аркылуу ишенип калган качкын кул Онесимди өлүм жазасына тартууга жол берген мыйзам кабыл алганын билген. Пабыл Римдиктерге, Галатиялыктарга, Эфестиктерге жазган каттарында актануу жана кечирим сыяктуу түшүнүктөрдү түшүндүрүү үчүн юридикалык тилди колдонгон.

Пабыл жаңы ишенүүчүнү Кудайдын үй-бүлөсүнө кабыл алганда кандай өзгөрүүлөр болорун түшүндүрүү үчүн ушул юридикалык терминдерди колдоногон. Пабыл колдонгон асырап алуу иллюстрциясы жүйүттөргө караганда, римдиктерге таанышыраак болгон[18]. Асырап алуу ошол убакта аябай кеңири тараган. Асырап алуу эски карыздардан кутулууну, укуктарга ээ болууну жана жаңы жашоону камтырын римдиктер түшүнгөн.

### *Аян китеби*

Рим өзүнүн башка диний ишенимдерге сабырдуулугу менен сыймыктанган, бирок бардык элдерден императордун кудайлыгын кабыл алуу талап кылынган. Адам «Кесарь – Теңир» [19] деп жарыяласа эле Рим жүйүт жана машайакчылык окуутуларына уруксаат берген. Жыйын менен Римдин ортосунда келишпестиктин пайда болуусуна көп деле убакыт талап кылынган жок.

Бирок адам баласы жаман иштерди көздөсө да «Кудай аны жакшылыкка айлантты» [20]. Куугунтукттоо Улуу тапшырманы аткарууда Кудайдын негизги каражаты болуп калды: Куугунтуктун айынан машайкчылар «Жүйүт менен Самариянын ар кайсы жерине» чачырап кетишкен. Кудайдын планы боюнча «…чачырап кеткендер болсо эл аралап, Кудайдын сөзүн таратып жүрүштү» [21].

[16] Элчилердин иштери 25:11
[17] Филипиликтерге 3:20
[18] Галатиялыктарга 4:5; Эфестиктерге 1:5
[19] Филипиликтерге 2:11
[20] Башталыш 50:20
[21] Элчилердин иштери 8:1, 4

Аян китеби Рим куугунтуктары болуп жаткан учурда жазылган. Жакандын көрүнүштөрү машайакчылардын азап-кайгысын жана ошондой эле Рим (же Кудайга каршы турган күч) жеңилерин тастыктаган. Адамдардын тарыхын Кесарь эмес, Кудай жетектейт.

**Жаңы Келишимдеги жүйүт түшүнүктөрү**

***Машайакты күтүү***

«Машайак» – деген еврейче «Мессия» деген сөздүн грекче эквиваленти. Ыйсанын артынан ээрчигендер, Машайакты издешкен. Пабыл «Мен силерге жарыялап жаткан Ыйса – Ошол Машайктын Өзү», – деп айткан [22]. Машайактын келишин күтүү, адамдардын кулактарын Ыйсанын насааттарын угууга даярдаган.

***Синагогалар***

Б.з.ч. 586-жылы ийбадаткана бузулгандан кийин, синагогалар жүйүт элинин табынуучу жери болуп калган. 10 эркек киши бар аймактарда да синагогалар болгон. Алар табынуу жери, мектеп, диний жана жарандык сот, коомдук иштердин борбору болуп калган. Ыйса өзүнүн жазылып калган биринчи насаатын синагогада айткан, ошондой эле ооруулуларды айыктырган жана окуткан[23].

Кир жүйүттөргө өз жерине кайтып баруута уруксаат берген учурда, алардын көпчүлүгү Иерусалим кулагандан кийин качып кеткен Бабылда, Мисирдин Александриясында жана дагы башка көп шаарларда калып калышкан. Бул Жакшы Кабар тараш үчүн маанилүү болгон. Элчилер Жакшы Кабар тараткан дээрлик ар бир шаардан, синагогада чогулган жергиликтүү жүйүттөрдү табышкан.

Пабыл жаңы шаарга келгенде, синагогада насаат айтуудан баштаган, синагогадан ал жүйүт табынуучуларды жана «Кудайдан корккон» чындыкты издеген арналган бутпарастарды тапкан [24]. Ал бутпарастар Жакшы Кабарга ачык болушкан.

***Жүйүт диний топтор***

***Фарисейлер*** Ыйсанын убагында эң белгилүү диний топ болгон. Алар сан жагынан аз болгонуна карабастан (6000дей), жөнөкөй адамдардын арасында

[22] Элчилердин иштери 17:3
[23] Луки 4:16-30; Марка 3:1-5; Иоанна 18:20
[24] Мис., Элчилердин иштери 13:5

белгилүү болушкан. Бул «бөлүнгөндөр» Мусанын мыйзамдарына кылдаттык менен баш ийгендиктен кадыр-барктуу болушкан. Фарисейлер машайакчылар менен бирдей көп ишенимдерди карманышкан: тирилүү, периштелер, сыйынуу жана Байыркы Келишимди урматтоо, бирок алар Мусанын мыйзамдарына көп оозеки салттарды кошушкан. Акыры фарисейлердин көпчүлүгү Ыйсанын Машайакмын деген билдирүүсүн четке кагышкан.

***Саддукейлер*** Ыйсанын убагында саясий күчкө ээ болушкан. Алар Рим менен кызматташып башкы дин кызматын жана Синедрионду көзөмөлдөп калышкан. Саддукейлер үчүн Тоорат гана кадыр-барка ээ болгон[25]; алар пайгамбарчылык китептерди жана ооз эки салттарды, натыйжада периштелерге ишенүүнү, рухтарды жана тирилүүнү четке кагышкан. Алардын бийлиги ийбадатканананын саясаты менен алек болгондуктан, б.з. 70-жылы ийбадаткана кулагандан кийин саддукейлер да жок болуп кетишкен.

## Жаңы Келишим дүйнөсүнүн салттары

Жаңы Келишим дүйнөсүнүн салттарын канчалык жакшы билсек, Жаңы Келишимдин кабарын ошончолук жакшы түшүнөбүз. Акыркы жылдары окумуштуулар байыркы Иудеянын үрп-адаттарын жана салттарын изилдешкен; жаңы келишимдик салттарды изилдөөнүн баалуулугун бир нече мисал көрсөтөт .

- Көбүнчө жүйүт үй-бүлөлөрү бир бөлмөлүү үйлөрдө жашашкан. Малын көбүнчө үйдүн сыртындагы бөлмөгө акыр коюп багышкан. Мариям менен Жусуп Бейт-Лехемге келгенде, негизги конок бөлмөсү (мейманкана) эл каттоо убагында бош эмес болгонуна карабай, аларга ушундай сырткы бөлмөдө калууга уруксаат берген болушу мүмкүн. Үй ээси мерез адам эмес болгондуктан ошол убакта мүмкүн болгон меймандостугун көргөзгөн.
- Жүйүт койчулары бир нече кой короого аралашууга жол беришкен. Койлорду бөлүү убактысы келгенде, ар бир койчу өзүнүн койлорун чакырган жана алар койчунун жанына чогулушкан. Койлор өз ээсинин үнүн таанышкан. Ыйса Өзүнүн койлору жөнүндө мындай деген: «Анын артынан ээрчишет, анткени алар Анын үнүн таанышат. Чоочун кишини ээрчишпейт андан качышат,анткени анын үнүн таанышпайт» [26].

---

[25] *Тора* «Мыйзам» дегенди билдирет. Бул Мусанын беш мыйзамы үчүн еврейче аталыш.
[26] Жакан 10:4, 5

- Акыркы кечедеги Ыйсанын Жүйүткө берген жообун көбүнчө туура эмес түшүнүшөт. Петр Ыйсадан Ага ким чыккынчылык кыларын сураганда, Ыйса: «Бир үзүм нанды табактагы ашка малгандан кийин кимге берсем, ал – ошол» деп жооп берген [27]. Жакан кийин Ыйса нанды Жүйүт Искариотко бергенин айтат. Көпчүлүк адамдар Ыйса Жүйүттүн чыккынчы экенин көргөзгөн деп ойлошот, бирок Жакан шакирттер Жүйүттүн чыккынчы экенин билбегенин жазат. Жаңы Келишимдин убагында баары ортодогу бир идиштен жешкен. Ыйсанын кабары жөнөкөй болгон: «Бүгүн бул жерде тамактанып жаткандардын бири чыккынчы болот». Ошол сыноо маалында Ыйса Жүйүткө сүйүү менен мамиле кылган. Жаңы Келишим дүйнөсү жөнүндө көбүрөөк билгиңер келсе, интернеттен «Ыйык Китептеги адеп-ахлак жана салттар» деген маалыматты окусаңар болот[28].

## Бирок өз убагы келгенде...

> «Бирок өз убагы келгенде, Кудай Өз [жалгыз] Уулун жиберди. Ал аялдан төрөлдү, мыйзамга баш ийди.»
> - Галатам 4:4

Пабылдын сөздөрү боюнда бар аял төрөт убагын күтүп жаткандай абалды билдирет. Кудай Өзүнүн Уулун дүйнөгө туура убакта жиберген. Ал Кудай тарабынан даярдалып турган. Дүйнө даяр эле...

***Географиялык*** жагынан, Палестина байыркы маданияттардын кесилишиндеги кичинекей жер болгон. Бул Жакшы Кабардын дүйнөнүн ар бир бурчуна тарашына баштапкы негиз болуууга шарт түзгөн.

***Тарыхый*** жагынан. Рим падышалыгы Жакшы Кабар тараш үчүн куралды камсыз кылган.

***Маданий*** жагынан. Грек тилинин өзгөчө синтези, Рим саясат системасы жана жүйүттөрдүн салттары машайакчы жыйындын жаралуусуна Кудай белгилеген шартты камсыз кылган.

Кудай бул дүйнөнү Жакшы Кабарга даярдоо үчүн күч жумшаган. Бул сабактын аягында “Кудай Сен мага берген кызматты аткарышым үчүн менин дүйнөмдү даярдоо максатында кандай иштерди кылып жатасың?” – деп сыйынгыла.

## Сабактын тапшырмасы

Бул сабактын негизинде тест жазгыла. Ал Ыйык Китептен жаттоого берилген аяттарды камтыйт.

---

[27] Жакан 13:26
[28] Fred H. Wight. *Manners and Customs of the Bible,* 1953. Интернеттен төмөнкү дарек боюнча тапса болот: http://www.baptistbiblebelievers.com/OTStudies/MannersandCustomsInBibleLands1953/tabid/232/Default.aspx.

## 1-сабак Тесттин

1. Батыштан Чыгышты көздөй бет алганда Палестинанын үч географиялык аймагын атагыла.

2. Ыйсанын кызматы үчүн Самария эмнеси менен маанилүү болгон?

3. Улуу Ирод менен жүйүттөрдүн ортосундагы мамилени сүрөттөп бергиле.

4. Ироддун кайсы баласы Ыйсаны сотко тартууга катышкан?

5. Грек тили алгачкы жыйындын өнүгүүсүнө кандай үч жол менен өбөлгө түзгөн?

6. pax Romana сөзүнө аныктама бергиле.

7. Жүйүт коомчулугунда синагогалар болгону чоң мааниге ээ экенин көрсөткөн төрт белгини санап бергиле.

8. Фарисейлер менен машайакчылардын ортосундагы кайсы окутуулар окшош болгон?

9. Ыйса фарисейлердин эмнесин ашкерелеген?

10. Фарисейлер менен саддукейлердин ортосундагы негизги айырмачылыктар кайсы?

11. Галатиялыктарга 4:4-5 эстеп жазгыла.

# 2-сабак
# Синоптикалык Жакшы Кабарлар: Ыйсанын жашоосу

## Сабактын максаты

Сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

1. Төрт Жакшы Кабар жазылганынын себебин түшүнүшү керек.
2. Синоптикалык Жакшы Кабардын ар биринин авторун, божомолдуу убактысын жана тарыхый кырдаалын билүү.
3. Синоптикалык Жакшы кабардын ар биринин маанилүү темаларын айырмалай билүү.
4. Синоптикалык Жакшы Кабарлардын кабарын бүгүнкү күндүн муктаждыктары менен байланыштырганды билүү.

## Ушул Сабакка даярдануу

*Матай, Марк жана Лукага жазылган Жакшы Кабарларды окуп чыккыла.*

*Матай 5:48; Марк 10:45 Лука 19:10ду жаттагыла.*

## Синоптикалык Жакшы Кабарлар

► Эмне үчүн бизде Ыйсанын жашоосу жөнүндө бир эмес, бир нече маалымат булагы бар?

Ыйса асманга көтөрүлгөндөн кийин, элчилер Ал дароо эле кайтып келет деп ойлошкон. Алар Ыйса дароо кайтып келбээрин, ал эми өздөрү карый турганын түшүнүшкөндө, жаңы ишенгендерди үйрөтүү үчүн жана Ыйсанын өмүр баянын бурмалоодон сактоо үчүн жазуу түрүндө маалымат булагын даярдашкан. Машайакчылык бүтүндөй Рим империясына тарай баштаганда жыйын жетекчилерине жана окутуучуларга Машайактын жашоосу жана кызматы жөнүндө ишенимдүү маалымат булагы керек болгон: бул Жакшы Кабарларды жазып калтыруунун маанилүү себептери болгон.

Биринчи үч Жакшы Кабар Синоптикалык деп аталган, анкени алар бир эле окуяга ар кандай көз караштарды көрсөтүшөт[29]. Ал эми Жакан жазган Жакшы Кабар башка Жакшы Кабарларда жок өзгөчө материалды камтыйт, Матай Лука жана Марк китептери жалпы материалдарды камтыйт.

[29] «Синоптикалык Жакшы Кабарлар» деген термин «чогуу көргөндөрдүн» Жакшы Кабарлары дегенди билдирет.

Көбүнчө Жакшы Кабарчылар деген аткан конгон Жакшы Кабарлардын авторлору, айтылганды жат жазуу сыяктуу жазып койгон катчылар гана болгон эмес, Кудайдын сөзүн катасыз жеткирүү үчүн Ыйык Рух кереметтүү түрдө алардын ар бири менен иштешкен.

Бир мисал жазуулардын ортосундагы айырмачылыкты көрсөтүп берет. Матай Ыйсанын кудайлыгы жөнүндө Петрдин күбөлөндүрүүсүн, Машайак Петирди баталаганын жана аны ашкерелегенин тактап айтып берет[30]. Марк жана Лука бул окуя жөнүндө кыскача айтып беришет[31]. Марк Ыйса Петирге батасын бергенин өткөрүп жиберет, ошол эле убакта Лука бул окуяда бата жөнүндө жана ашкерелөө жөнүндө айтпайт. Окуялардын ортосунда карама-каршылыктар жок: бул үч башка көз караш менен сунушталган бир эле окуя.

| Матай 16:13-23 | Марк 8:27-33 | Лука 9:18-22 |
|---|---|---|
| «Шымон Петир Ага: «Сен тирүү Кудайдын Уулу Машайксың», - деп жооп берди. | Петир Ага «Сен Машайаксың» деп жооп берди. | Петр Ага: «Кудайдын Машайагы» деп жооп берди. |
| Ошондо Ыйса ага мындай деди: «Бактылуусун сен Жунус уулу Шымон!». | Киргизилген эмес | Киргизилген эмес |
| Петр Аны четке алып чыгып: «Өзүңдү ая, Теңир! Бул Сенин башыңа түшпөсүн», деп каршы боло баштады. | Ошондо Петр Ыйсаны четке чыгарып, Ага каршы болду. | Киргизилген эмес |

Бир да Жакшы Кабар Ыйсанын жашоосу жөнүндө толук айтып бербейт. Мындан сырткары эгерде алардын баарын жазып чыга турган болсо, жазылган китептер бул дүйнөгө батмак эмес деп Жакан айткан. Жакшы Кабарлар жөн гана так биографияны айтып бербейт: Ыйсанын кызматынын ар түрдүү аспектилерин баса белгилөө үчүн Ыйык Рух ар бир авторду шыктандырган. Жакшы Кабарлар биргеликте бизге Машайактын жашоосунун көп кырдуу сүрөтүн берет. Ар бир Жакшы Кабардын тарыхый кырдаалын изилдөө менен биз алардын ар бириндеги материалдардын кандай тандалганын жакшыраак түшүнө алабыз, анткени жазуучу ар түрлүү угуучуларга ар башка максат менен кайрылат.

[30] Матай 16:13-23
[31] Марк 8:27-33 жана Лука 9:18-22

## Матай: Падышанын Жакшы Кабары

### Матайдын Жакшы Кабарына киришүү

Жыйын аталары биринчи Жакшы Кабардын автору элчи Матай экенине бир добуштан макул болушкан. Ал б.з. 50 – 70-жылдары жазылган деп эсептелет. Матай жазган Жакшы Кабарда маанилүү тема – пайгамбарчылыктардын аткарылышы. Матай Ыйсанын ийбадаткананын талкаланышы жөнүндө айткан пайгамбарчылыктын аткарылышын жазбаганына караганда, Матай жазган Жакшы Кабар б.з.70-жылга чейин жазылган болушу мүмкүн[32].

Бир нече өбөлгөгө негизделип Матай жазган Жакшы Кабар негизинен Жүйүт аудиториясына даректелгенин божомолдосо болот.

- Матай өзүнүн окурмандарына жүйүттөрдүн салттары жөнүндө түшүндүрүп бербейт.
- Матай башка Жакшы Кабарчыларга караганда, Байыркы Келишимден көп үзүндүлөрдү келтирет.
- Матай Ыйсанын Байыркы Келишимдеги пайгамбарчылыктарды аткарганына өзгөчө көңүл бурат.
- Марк менен Лука «Кудайдын Падышачылыгы» деген сөздөрдү колдонгон жерлерде, Матай «Асман Падышачылыгы» деген мааниси боюнча окшош сөздөрдү колдонот. Бул жүйүттөрдүн Кудайдын ысымын атагысы келбегендигин чагылдырат.

### Матайдын Жакшы Кабарынын мазмуну

► Матай Ыйсаны Падыша катары көргөзүш үчүн эмнелерге кайрылат?

### *Ыйса – Падыша*

Матайдын Жакшы Кабарын көбүнчө Падышанын Жакшы Кабары деп аташат. Ыйык Китептин бул китебинде Ыйса жүйүттөрдүн Падышасы катары, жыйынтыгында болсо бардык элдердин Падышасы катары сүрөттөлөт. Даанышмандар Жаңы Падышанын төрөлүүсүн кабыл алуу үчүн чыгыш тараптан келишкен. Матай жазган Жакшы Кабарда Ыйса Падыша катары көрсөтүлгөн.

Матайда «Дөөтүн Уулу» деген сөздөр, башка Жакшы Кабарларга караганда баарынан көп колдонулат. Бул падышалык наам: автор Ыйса Дөөттүн тукумунан экенин далилдейт. Бул наам Ыйса Иерусалимге эшек менен кирип бара жатканда колдонулат

[32] Бул пайгамбарлык (Матай 24:2) 70-жылы Рим аскер башчысы Тит Иерусалимди багындырып алганда аткарылган. Иерусалимди жеңгендеги «Титтин салтанаттуу аркасы» деген эстелик дагы деле бар жана Римде жайгашкан.

– бул Захария 9:9да жазылган Падышанын кирүүсү жөнүндө пайгамбарлыктын аткарылышы[33].

Ыйса Өзүнүн тоодогу насаатында – ибараттардын бир нечесин айтып берип Падышачылыктын мыйзамдарын үйрөтөт. Анын айкаш жыгачынын үстүндө «Бул – жүйүттөрдүн Падышасы Ыйса» деп жазылган. Матай жазган Жакшы Кабар – Падышанын Жакшы Кабары.

### ***Ыйсанын келүүсү Байыркы Келишимдин аткарылуусу***

Матай Ыйсанын жашоосунда пайгамбарчылыктардын аткарылганына он бир жолу кайрылат. Жакшы Кабарда айтылган пайгамбарчылыктар, төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Ыйсанын кыздан төрөлүүсү (1:22);
- Мисирге саякат (2:15);
- Ироддун наристелерди өлтүртүүсү (2:17);
- Ыйсанын айыктыруу кызматы (8:17);
- Иерусалимге салтанаттуу кирүүсү (21:4);
- Ага чыккынчылык кылуунун баасы отуз күмүш тыйынга бааланган (27:9).

### ***Ыйсанын насааттары***

Башка Жакшы Кабарларга караганда, Матай жазган Жакшы Кабарда Ыйсанын насааттары баарынан көп жазылган. Марк Ыйсанын кыймыл аракетине көбүрөөк көңүл бурган учурларда, Матай Анын сөздөрүнө көп көңүл бурган. Матайда Жакшы Кабардын түзүлүшүн толугу менен камсыз кылган беш негизги насаат жазылган. Алгачкы чечмелөөчүлөр байкагандай эле, Мусанын беш китеби Израилдин негизи болгон сыяктуу эле, бул беш насаат жыйындын негизи болуп калган.  Матай жазган Жакшы Кабардагы беш негизги насаат.

- Тоодогу насаат (5-7).
- Шакирттерди чакыруу жана аларды даярдоо (10).
- Асман Падышачылыгы жөнүндө ибарат (13).
- Падышачылыктагы өз ара мамиле жөнүндө окутуу (18).
- Акыр заман жөнүндөгү насаат (Зайтун тоосунда: 24-25).

[33] Матай 21:4

**Матай жазган Жакшы Кабар бүгүн жыйындарда**

Матайдын Жакшы Кабарындагы насааты бүгүнкү күндө жыйындар үчүн Ыйса Галилеяда жана Иудеяда биринчи жолу айтканда кандай күчкө ээ болсо, ошондой эле күчкө ээ.

> «Ошондуктан асмандагы Атаңар кандай жеткилең болсо, силер да ошондой жеткилең болгула... » Ал биздин ишенбестигибиз: «Бул мүмкүн эмес», - деп канчалык тез кыйкырып чыгаарын билген. Ошондуктан биздин таянычыбыз Колунан бардыгы келгендин күчү, чындыгы жана ишенимдүүлүгүндө.»
> - Джон Уэсли «*Жаңы Келишим боюнча кыскача жазуулар*»

**Тоодогу насаат** Асман Падышачылыгындагы жашоонун кадимки жыйынтыгын камсыз кылат. Фарисейлердин салттары менен «сүйүү мыйзамынын» карама-каршылыгын көрсөтүү аркылуу Ыйса биз Асман Падышачылыгынын жараны катары кантип жашашыбыз керектигин үйрөтөт. Насааттын темасы «Ошондуктан асмандагы Атаңар кандай жеткилең болсо, силер да ошондой жеткилең болгула» [34]. Бул буйрук биздин Атабыз– «Өз күнүн жаманга да, жакшыга да тийгизип, жамгырын адилетүүгө да, адилетсизге да жаадырган» сүйүүнүн Кудайы экенин көргөзгөн үзүндү менен коштолот [35]. Асман Падышачылыгында «жеткилең болуу» асмандагы Атабыздын жүрөгүнө – курмандыкка толгон сүйүү жүрөгүнө ээ болууну билдирет. Бирок, жеткилең сүйүүгө толгон жүрөккө адамдык аракеттер менен жетүүгө мүмкүн эмес, ушундай жүрөккө ээ болуу керек деген биздин Асмандагы Атабыз, *Өзүнүн ырайымы* аркылуу бул нерсени мүмкүн кылат.

Ыйсанын **Асман Падышачылыгындагы өз ара мамилелер** жөнүндөгү окутуусу бүгүнкү күндө биздин жыйындарда болгон мамилебиздин үлгүсүн көрсөтөт[36]. Матай 18:15-20да күнөө имиш менен ушактар аркылуу эмес, жыйын аркылуу каралган Ыйык Китептеги жыйындын тартиби келтирилет. Тартипке салуунун максаты – адамды кечирүүгө жана калыбына келтирүүгө алып келүү: бул принцип Петирдин Ыйсага кечирим жөнүндө берген суроосуна жооп катары берилген[37].

**Улуу тапшырма** бизди бардык элдерден шакирт жасоого чакырат. Ыйсанын жеткилең болгула деген чакыруусун, биз өзүбүздүн күчүбүз менен аткара албагандай эле, бул буйрукту да бизге ушул тапшырманы бергендин күчү менен аткара алабыз. Бизди чакырган бизге: «Бул дүйнөнүн акырына чейин, бардык убакта Мен силер менен болом» деген убада берген[38].

[34] Матай 5:48
[35] Матай 5:45
[36] Матай 18
[37] Матай18:21-35
[38] Матай 28:18-20

## Марк жазган Жакшы Кабар: Кызматчынын Жакшы Кабары

### Марк жазган Жакшы Кабарга киришүү

> «Петр Римде эл алдында насаат айтканда, көпчүлүк адамдар Петирдин артынан көп убакыттан бери ээрчиген жана эмне деп айткандарын эсинде сактап жүргөн Марктан Петирдин насааттарын жазып коюуну суранышкан.»
> - Климент Александрийскийдин Евсевийдин «Жыйын тарыхынан цитатасы

Жыйындын аталарынын жок дегенде сегизи, экинчи Жакшы Кабардын автору элчи Марк экенин аныктаган. Барнабанын жээни – Марк – Пабыл жана Барнаба менен биринчи миссионердик саякатта чогуу жолго чыккан [39]. Анын катачылыгы Пабыл менен Барнабанын ортосундагы келишпестикке алып келгени менен кийин Марк кайра Пабылдын ишенимине кирип, ага кызмат кылууга жардам берген[40].

Алгачкы жыйын Шымон Петирди Марк жазган Жакшы Кабардын элчилик булагы катары аныктаган. Жакан Марк Петир менен ушунчалык жакын болгондуктан, Петир аны «менин уулум» деп атаган[41]. Марк жазган Жакшы Кабарда Петирдин Ыйсанын кызматтары жөнүндөгү жеке эскерүүлөрү жазылган.

Бул Жакшы Кабардагы окуялар Матай жана Лука жазган иретке дайыма эле дал келе бербегендиктен, алгычкы жыйын атасы – епископ Папий – элчи Жакандын Марк жөнүндө айткан сөздөрүн келтирген: «ал Петирдин сөздөрүн чечмелөөчү болуп, эстеп калган нерселердин бардыгын жазып калган, *бирок Теңир сүйлөгөн же иш-аракет кылган иреттүүлүк боюнча эмес»*[42]. Марктын жазуулары так, бирок ал окуяларды хронологиялык иреттүүлүгү боюнча жазууга аракет кылган эмес.

Марк жазган Жакшы Кабар, Римден жазылган жана негизинен бутпарастарга арналган. Марк көбүнчө Ыйса колдонгон арамей жазууларды түшүндүрөт[43]. Мындан сырткары Марк өзүнүн Рим окурмандарына жүйүт терминологиясын түшүндүрөт, мисалы «эки лепта» (жүйүт тыйыны) «кодрантты түзөт» (Рим тыйыны) [44].

Марк жазган Жакшы Кабар эң кыска жана анда башкаларга салыштырмалуу майда-чүйдө маалыматтар өтө эле аз. Марк жазган Жакшы кабар – Шымон Петирдин таасирин чагылдырган кыймыл аракет Жакшы Кабары. Бул «Кудайдын Уулу Ыйса Машайактын» жашоосу жана кызматы жөнүндөгү түз жазуу[45].

### Марк жазган Жакшы Кабардын мазмуну

► Марк Ыйсанын кызматчы катары ролун кандай жолдор менен баса белгилеген?

---

[39] Колостуктарга 4:10; Элчилер иштери 12:25
[40] Элчилер иштери 15:36-40; 2 Тиметей 4:11
[41] 1 Петир 5:13
[42] Евсевийдин *«Жыйын тарыхынан»* цитата 3.39.14-17
[43] Арамей тили Палестинада биринчи кылымда кеңири тараган тил болгон жана ал эврей тили менен катар колдонулган. Марктын мисалдары арамей терминдерин түшүндүрөт: Марк 5:41, 7:11 жана 14:36
[44] Марк 12:42
[45] Марк 1:1

***Ыйса - Кызматчы***

Марк жазган Жакшы Кабарды көп учурда кызматчынын Жакшы Кабары деп аташат. Марк Ыйсанын сөздөрүнө караганда, иш-аракеттерине көбүрөөк көңүл бурат. Матайда беш негизги наасат болсо, Марк алардын бирөөнү гана кошот (Марк 13). Марк жазган Жакшы Кабар көңүлдү кереметтерге бурат: Марк он алты бөлүмдөн турган кыскача китепке он тогуз керемětти жазган.

Ыйсаны төмөнкү даражадагы кызматчы катары көрсөтүү менен, Марк Жакшы Кабарына санжыраны кошпойт жана Ыйсанын төрөлүүсү жөнүндө баяндабай туруп, Анын эл үчүн кызматынан баштап жазат.

Марк жазган Жакшы Кабардын ачкыч аяты Ыйсанын жердеги кызматындагы эки тарабын көрсөтөт. «Анкени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескеринче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген»[46]. Ыйса кызмат кылуу үчүн жана Өзүнүн өмүрүн курмандыкка берүү үчүн келген.

***Ыйса – Кудайдын Уулу***

Марк Ыйсанын Кудайлыгын ырастоодон баштайт: «Кудайдын Уулу Ыйса Машайактын Жакшы Кабарынын башталышы» [47]; Машайак айкаш жыгачка кадалып, өлгөндөн кийин Римдик жүз башы: «Бул Адам,чын эле, Кудайдын Уулу болчу» деген [48].

Марк Ыйсаны кызматчы катары сүрөттөйт, бирок ошол эле учурда Кудайдын Уулу катары Ыйсанын бийлигин көрсөтөт. Рим окурманы бул дүйнөнүн үстүнөн өзүнүн бийлигин көрсөткөн кудайлык сапатка ээ башкаруучуну күтмөк. Марк Жакшы Кабарда баштан-аяк Ыйсанын кудайлыгы жөнүндөгү көбөлүндүрүүлөрдү кошуу менен ушуну ар кандай жолдор менен көрсөтөт.

- Сууга чөмүлдүрүлгөн учурда Ата: «Сен Менин сүйүүктүү Уулумсуң, Мен Сага ыраазымын» - деп күбөлөндүрөт [49].
- Жиндер Ыйсаны «Кудайдын ыйыгы» катары кабыл алышат[50].
- Ыйса күнөөнү кечирүүдө [51] жана ишембинин үстүнөн бийлигин жарыялоодо [52] Кудайга таандык болгон бийликти көрсөттү.
- Ыйсанын кереметтери Анын жаратылыштын [53], оорулардын [54] жада калса өлүмдүн[55] үстүнөн бийлиги бар экенин күбөлөндүрөт.

[46] Марк 10:45
[47] Марк 1:1
[48] Марк 15:39
[49] Марк 1:11жана Марк 9:7де өзгөрүлүү убагында.
[50] Марк 1:24, 3:11, 5:7
[51] Марк 2:5
[52] Марк 2:28

### *Машайактын сыры*

Кээ бир окурмандарды Машайактын кудайлыгына басым кылынган учурда, Ыйса кайсы бир окуялар тууралуу унчукпаганга улам-улам буйрук бергени таң калдырат. Ыйсаны Машайак деп кабыл алгандарга кайра-кайра, бул жөнүндө айтууга тыюу салынат. Ушуну «Машайактын сыры» деп атап калышкан. Ыйса үч учурда унчукпаганга буйрук кылат:

- **Жиндерге** Ыйсанын кудайлык табияты жөнүндө айтууга тыюу салынган[56]. Машайак алардын күбөлөндүрүүлөрү чын болгон учурда да, алар менен байланыштуу болуудан качкан.
- **Айыгуу алган адамдарга** кээде бул жөнүндө эч кимге айтпоо буйругу берилген[57]. Балким бул Ыйсанын кызматы көпчүлүктүн астында өтө баштаганда, калың элди топтобоо үчүн кылынган. Пес оорулуу бул буйрукту аткарбай, Ыйсанын күчү жөнүндө айтып бергенинде, ушунчалык көп эл чогулгандыктан «Ыйса шаарга ачык жерге кире албай, шаардын сыртындагы ээн жерлерде» жүрүүгө аргасыз болгон[58]. Ыйсанын жердеги кызматы негизинен физикалык айыгууларга багытталган эмес болчу; Ыйса көрүнүктүү айыгууларга атайын аткарууга келген Жакшы Кабар таратуу иши үчүн шакирттерди даярдоо жана жыйынды куруу узак мөөнөттүү кызматынын ордун басууга жол берген эмес.
- **Шакирттер** акыры Ыйсанын ким экенин түшүнүшкөндө, Ал Өзү жөнүндө айтпоону буйруган[59]. Эң негизги болжолдуу себеп – бул түшүнбөстүктөр болгон. Петирдин Ыйса – Машайак экени жөнүндөгү күбөлөндүрүүсүнөн кийин да, шакирттер Анын эмнеге келгенин дагы деле түшүнүшкөн эмес[60]. Алар келе турган Падышачылык жөнүндө Ыйсанын тирилүүсү жана көтөрүлүүсүнө чейин айтууга даяр эмес болчу; ошол учурга чейин шакирттердин кандай гана билдирүүлөрү болбосун, элдерди адашууга алып келмек.

### Марк жазган Жакшы Кабар бүгүн жыйындарда

Ыйсанын кызматындагы артыкчылыктар, бизге бул дүйнөнүн денелик жана руханий муктаждыктарына туш болгондо, биз руханий муктаждыктарга кызмат кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болорубузду эстетет. Рим империясындагы машайакчылар шаарлардагы жугуштуу оору менен ооругандарга кам көрүү үчүн, өзүнүн өмүрлөрүн тобокелге салышкан. Орто кылымда машайакчылар пес оорулууларга жана

---

[53] Марк 4:39 и 6:47-48
[54] Марк 5:27-30 жана 7:32-37, мисалы.
[55] Марк 5:38-42
[56] Марк 1:34; 3:11-12
[57] Марк 1:44; 5:43 жана 7:36
[58] Марк 1:45
[59] Марк 8:29-30
[60] Марк 9:9-10, 31-32

кедейлерге жардам берүү үчүн ооруканаларды негиздеген. Машайакчылык уюмдар бүгүнкү күндө жакырларды кийинтип, ачкаларга тамак берип, оорулууларга кам көрүп жатышат. Биздин коомдо бүгүн муктаж болгон адамдарга кызмат кылуу жыйындардын миссиясынын бир бөлүгү болушу керек. «Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген»[61].

## Лука: Адам Уулунун Жакшы Кабары

### Лука жазган Жакшы Кабарга киришүү

Жаңы Келишимдин автору катары Луканын кадыр баркы, элчи Пабыл менен болгон жалпылыгынан келип чыгат. Лука билимдүү бутпарас дарыгер болгон, ал Пабыл менен бирге саякаттаган жана анын өмүрүнүн акырына аз калганга чейин аны менен чогуу болгон. Элчилер иштеринде да Луканын катышуусун көрө алабыз: ал Пабыл менен болгон учурдагы окуяларды жазганда, «силер» дегендин ордуна «биз» дегенге өткөн[62].

Лука жазган Жакшы Кабардын жазылган убактысы Элчилер иштери китеби менен тыгыз байланышкан. Лука Элчилер иштеринде уланган окуялар жөнүндө баяндайт. Элчилер иштери китебинин акыркы аяттарына таянып, бул китеп б.з. 64-жылы куугунтуктар баштала электе жазылган деп айта алабыз[63]. Лука жазган Жакшы Кабар 50-жылдардын аягында 60-жылдардын башында жазылган болушу мүмкүн деп эсептешет.

Луканын аудиториясы жана жазган максаты кириш сөздө аныкталган [64] . Лука Теопилге болжол менен римдик чиновнике жазат[65]. Элчилер иштери 1:4 төн, Теопил Ыйсанын жашоосу жөнүндө уккан, жаңы ишенген адам болгон деп тыянак чыгарсак болот, анткени ишенип калган бутпарастар бир нече ай бою Ыйсанын кызматы, машайакчынын жаңы жашоосу жана машайакчылык жыйындарынын доктриналары жөнүндө окуутудан өтүшкөн. Лука Теопилди буга чейин үйрөткөн нерселер жөнүндө ireттүү түрдө тактап айтып берет.

### Лука жазган Жакшы Кабардын мазмуну

► Лука Ыйсанын адамдыгын көрсөтүү үчүн кандай маалыматтарды баса белгилейт?

#### *Ыйса – Адам Уулу*

Халкидон ишеним символу б.з. 451-жылы Ыйсанын табияты тууралуу окутууну тактоо үчүн өткөрүлгөн. Ишеним символу Ыйсада эки (кудайлык жана адамдык) табият бар

---

[61] Марк 10:45
[62] Элчилер иштери китебиндеги Луканын катышкан бөлүмдөр: 16:10-17; 20:5-21:18; 27:1-28:16
[63] Элчилер иштери 28:30. Пабыл үй камагында болгон, бирок өмүрүнө коркунуч келтирилген эмес болчу.
[64] Лука 1:1-4
[65] Лука 1:1-4

экенин жана «кудайлык жеткилең жана адамдык жеткилең» алар бир адамда бириккенин ырайстайт[66]. Лука Ыйсанын – «жеткилең адамдыгын» түшүнүктүү сүрөттөп берет.

Лука Ыйсанын 100% адам болгонун көрсөтөт; Лука Анын төрөлүү жөнүндөгү окуясын тактап жазат[67]. Ыйса өзгөчө жол менен бойго бүтсө да, жөнөкөй наристе болуп төрөлгөн: Ал толугу менен адам болгон.

Матайдын санжырасы негизинен жүйүттөргө карап жазылган жана Ыйсанын ата-тегин Ыбрайымга чейин алып барат. Луканын санжырасы гректерге карап жазылган жана Адам Уулу Ыйсанын ата-тегинин тарыхын Адамга чейин көрсөтөт[68].

Лука жазган Жакшы Кабарда башкы бөлүмдөрдүн ирети Ыйсаны «экинчи Адам» катары көрсөтүүнү көздөйт. Матай сыяктуу санжырадан баштоонун ордуна, Лука аны чөмүлдүрүү жөнүндөгү окуядан кийин коёт. Санжыра, «Кудайдын, Адамдын Уулу» деп бүтөт. Ал бүтөрү менен Ыйсанын азгырылуусу тууралуу окуя башталат. Биринчи адам (сонун бакта жашаган) азгырыкка берилген, ал эми (чөлдө кырк күн ачкачылык менен жалгыздыктан алсыраган) экинчи Адам азгырыкка туруштук берген. Адам катары, Ыйса сыноого туш болгон ар бир ишенген адамга үлгү көрсөткөн; биз шайтандын азгырууларына Ыйык Жазма жана сыйынуу аркылуу, Ыйык Рухтун күчү менен туруштук беришибиз керек[69].

Лука жазган Жакшы Кабарында баштан-аяк Ыйсанын жердеги жашоосундагы денелик тараптарын көргөзөт: ачка болуу, уйку, Гетсемания багындагы азап чегүү[70]. Ыйса толугу менен адам болгон.

### *Ыйса – дүйнөнүн Куткаруучусу*

Лука жазган Жакшы Кабар Ыйса *бардык* адамдарды куткаруу үчүн келгендигин көрсөтөт. Шымон Ыйса жөнүндө «бутпарастардын көзүн ача турган жарык» деп айткан[71].

Лука Ыйсаны *бүт* дүйнөнүн Куткаруучусу катары көргөзгүсү келгенин коомдо статусу төмөн адамдарга көңүл бурганынан көрө алабыз. Матай даанышмандарды – Ыйсанын төрөлүүсүнө таазим кылып келген кадыр-барктуу чыгыштын окумуштууларын сүрөттөйт, Лука болсо – койчумандарды сүрөттөйт[72]. Койчумандар ишенимдүү күбөлөр боло алган эмес, анткени алардын күбөлүгү жүйүттөрдүн сотунда кабыл алынган эмес. Лука периштелердин койчумандарга жарыялоосун Ыйса *бардык* адамдар үчүн келгенин көрсөткөн күбөлүк катары колдонот.

[66] http://carm.org/christianity/creeds-and-confessions/chalcedonian-creed-451-ad
[67] Лука 2
[68] Лука 3:23-38
[69] Лука 4:1-13
[70] Лука 22:44
[71] Лука 2:31
[72] Лука 2:15-20

Аялдар – Ыйсанын убагындагы статусу төмөн дагы бир социалдык топ – чынында Лука жазган Жакшы Кабарда чоң мааниге ээ. Пайгамбар аял Анна, ийбадатканада арноо убагында Шымыйондун жанында турат. Ыйса Мариямга «бутунун жанында отурууга» уруксат берет[73]. Таң калыштуусу аялдар Ыйсанын кызматын каражат менен колдошкон[74].

Лука жазган Жакшы Кабарда дагы көптөгөн коомдук статусу төмөн топтор көрсөтүлгөн. Ыйса Палестинада биринчи кылымда таптакыр сыйга ээ болбогон коомдун өкүлү салык жыйноочу Закайдын үйүнө барат[75]. Ыйса негизги каарман самариялык адам болгон үлгү насаат аңгемени айтып берет[76]. Машайак айкаш жыгачта сотко гана татыктуу болгон кылмышкерге боору ооруйт[77].

### *Сыйынуунун маанилүүлүгү*

Лука Ыйсанын жашоосундагы сыйынуунун маанилүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурат. Жакшы Кабарларда Ыйсанын сыйынуусу тууралуу айтылган он беш үзүндүнүн ичинен он бири Лукада жазылган. Маанилүү чечимдерди чыгаруунун алдында Ыйса түнү бою сыйынган[78]: Ыйсанын сыйынуу жөнүндөгү эки маанилүү үлгү насаат аңгемеси Лукада жазылган[79]: сыйынуу бул Жакшы Кабарда маанилүү тема болуп эсептелет.

### *Ыйык Рухтун ролу*

Лука жазган Жакшы Кабар Ыйсанын жашоосундагы Ыйык Рухка өзчгөчө көңүл бурат. Бул тема Элчилер иштеринде уланат, ал жерде Лука Ыйык Рухтун ролун алгачкы жыйындарда көрсөтөт.

Лука жазган Жакшы Кабарда Ыйык Рухтун ролуна баштан-аяк басым жасалганын көрө алабыз:

- Чөмүлдүрүүчү Жакан, Элизабет жана Захария Ыйык Рухка толгон[80].
- Ыйса Мариямдын боюна бүтөөрдө, анын үстүнө Ыйык Рух түшкөн[81].
- Ыйык Рух Шымонду жетектеген[82].
- Ыйык Рух Ыйсанын үстүнө чөмүлдүрүү убагында тушкөн[83].
- Ыйык Рух Ыйсаны чөлгө сыноо үчүн алып барган[84].

[73] Лука 10:39
[74] Лука 8:1-3
[75] Лука 19:1-10
[76] Лука 10:25-37
[77] Лука 23:39-43
[78] Лука 6:12
[79] Лука 18:1-8 жана 18:9-14
[80] Лука 1:15, 41, 67
[81] Лука 1:35
[82] Лука 2:25-27
[83] Лука 3:22

- Ыйса Галилеяга кызмат кылганы келгенде, Ыйык Рух Аны менен болгон[85].
- Элүүнчү күндүн алдында Ыйса Ыйык Рухту сураган адамга Ал берилерин убада кылган[86].

**Лука жазган Жакшы Кабар бүгүн жыйындарда**

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн сынчылары үчүн, **Луканын маалыматты тактаганга өзгөчө көңүл бурганы** Ыйык Жазуунун чындык экенине күчтүү күбөлөндүрү болуп берет. Лука Ыйсанын кызматын Ыйса катышкан окуянын чоо-жайын түшүндүрүп берген контекстке жайгаштырат:

«Рим падышасы Тиберийдин падышачылыгынын он бешинчи жылы эле. Жүйүт аймагында Понтий Пилат, Галилеяда Ирод Антипас, Итурея жана Трахонит аймактарына Ироддун бир тууганы Филип, Абиленеяда Лусаний акимчилик кылып, Анас менен Кайапа башкы ыйык кызмат кылуучу болуп турганда, ээн талаада Захариянын уулу Жаканга Кудайдан сөз айтылды...»[87].

Биз шектенип турган дүйнө менен ишенимдүү түрдө Ыйса жөнүндө бөлүшө алабыз. Биздин ишеним ойдон чыгарылган диний жетекчиге «сокур» таазим кылуудан айырмаланат, ал тарыхый инсанга – адам денесин кийип келген, арабызда жашаган, күнөөлөрүбүз үчүн өлгөн, үчүнчү күнү асманга көтөрүлүп кеткен, ал жерде Атанын оң тарабында отурган Кудайдын Уулуна болгон ишенимге негизделген.

**Ыйсанын жашоосундагы сыйынуунун ролу** ар бир машайакчы үчүн үлгү. Эгер күнөөнү билбеген Ыйса, Ата менен барлашууда болуп туруп сыйынууну маанилүү көргөн болсо, биз жашообузда сыйынууну канчалык көбүрөөк артык көрүшүбүз керек? Жакшы Кабарчы Леонард Равенхил мындай деп жазган: «Эч бир адам, өзүнүн сыйынуу жашоосуна караганда жакшыраак боло албайт. Сыйынбаган жыйын жетекчиси, жөн гана жыйын жетекчисинин ролун ойноп жаткан адам…»[88].

Акыры **Ыйык Рух** Ыйсанын кызматында эң маанилүү орунду ээлегендей эле, бүгүнкү күндө жыйындын борборунда болушу керек. Жыйындын тарыхы Ыйык Рух менен мамиледеги эки коркунучту көрсөтөт. Алардын бири – үчбирдиктин башка мүчөлөрүнүн маанилүүлүгүн басаңдатып, Ыйык Рухтун ролуна басым кылуу. Машайакчылар Кудайдын Сөзү ачык айткан буйруктарды тоотпой, Ыйык Рухтун жеке жетектөөсүн издеп калганда ушундай болот[89]. Ушунун карама-каршысы жыйында Ыйык Рухтун ролун төмөндөтүү[90]. А.У. Тозер, жыйындар «арзан, жасалма күчкө Ыйык

---

[84] Лука 4:1
[85] Лука 4:14
[86] Лука 11:13
[87] Луки 3:1-2
[88] www.ravenhill.org. сайтынан алынган
[89] Рух Ыйсаны чөлгө жетектеп барганда, шайтандын азгыруусуна жооп катары Машайак Кудайдын Сөзүн колдонгон (Лука 4).
[90] A.W. Tozer. *Of God and Men.*

Рухту алмаштырууга» мүмкүнчүлүк беришкенин эскертет. Жакында Френсис Чан мындай деп эскерткен:

«Жыйын адамдын колу менен жаралган уюмга айланганда, өз маанисин жогото баштайт. Биз жаратылганда кандай болсок, ошол бойдон калган эмеспиз, ошондой эле жашообузда жана жыйында болгон нерселер Кудайдын Рухунун ишинен жана катышуусунан ажырап калганда, кыла турган ишибизди кылбай калабыз»[91].

Элчилер иштери китеби жыйындагы Ыйык Рухтун ишинин маанилүүлүгүн көрсөтөт. Лука жазган Жакшы Кабар ар бирибиздин жашообуздагы Ыйык Рухтун маанилүүгүн баса белгилейт. Ыйса жердеги кызматында Ыйык Рухтун жетектөөсүнө таянган. Биз бүгүн жыйында «арзан жана жасалма күчкө Ыйык Рухту алмаштырууга» жол бербешибиз керек.

## Корутунду

Томас Линакр Оксфорддо профессор жана падыша Генрих VIIIдин жеке дарыгери болгон. Ал Жакщы Кабарды биринчи жолу окуп чыккандан кийин, өзүнүн күндөлүгүнө: «Же бул Жакшы Кабар эмес, же биз машайакчы эмеспиз», – деп жазган. Линакр чыныгы машайакчынын жашоосун Ыйса Машайак өзгөрткөнүн мойнуна алган. Ал өзүнүн жана өздөрүн машайакчымын деген адамдардын жашоосун Ыйса Жакшы Кабарларда тартуулаган сүрөт менен салыштырганда, «Биз өзүбүздү машайакчы деп атайбыз, бирок Ыйса Машайакты көрсөтө албайбыз» деген тыянакка келген.

Матай жазган Жакшы Кабардагы Падышачылык жөнүндөгү насааттан баштап, Марктагы Ыйсанын муктаж болгондорго кызмат кылганынан, Ыйык Рухка өзгөчө көңүл бурган Лукага чейин Жакшы Кабарлар бизге Ыйса Машайактын кызматы кандай болгонун көрсөтөт; ушул аркылуу биз машайакчы болуу кандай экенин түшүнөбүз. Жакшы Кабарды окуп жатып биз өзүбүздөн: «Жашоону өзгөрткөн Ыйса Машайактын ырайымын чагылдырган өмүр сүрүп жатамбы?» – деп сурашыбыз керек.

## Сабактын тапшырмасы

Төмөнкү берилген тапшырмаларды аткарып, сабактан эмнени түшүнгөнүңөрдү көрсөткүлө.

1. Кийинки тапшырмалардын ичинен **экөөнү** тандагыла

- Ыйсанын үлгү насаат аңгемелеринин бири боюнча насаат же библиялык сабак даярдагыла. Көлөмү – 5-6 барак же аудио жаздыруу болушу мүмкүн.
- Машайакчынын жашоосунда айкаш жыгачка керилүүнүн же тирилүүнүн маанилүүгү жөнүндө насаат же библиялык сабак даярдагыла. Көлөмү – 5-6 барак же аудио жаздыруу болушу мүмкүн.

[91] Francis Chan. *Forgotten God: Reversing Our Neglect of the Holy Spirit*.

- Сабакка колдоно алгыдай кылып Азап чегүү жумасынын таблицасын түзгүлө. Бул презинтацияны баракка же компьютерге жасаса болот. Таблицада азап чегүү жумасындагы негизги окуялар жазылышы керек.
- Төмөнкү аймактардын жана шаарлардын жайгашкан жерлерин көргөзүп Палестинанын картасын тарткыла: Жүйүт, Галилея, Самария, Он шаар, Иерусалим, Назарет, Жерихо жана Филиптин Кейсареясы.

2. Сабактын материалынын негизинде тест жазгыла. Тестте Ыйык Жазуудан жаттоо үчүн берилген аяттар бар.

**2-сабак Тесттин**

1. Эмне үчүн биринчи үч Жакшы Кабар синоптикалык деп аталат?

2. Матай жазган Жакшы Кабар жүйүт угуучуларына багытталганына үч далил келтиргиле.

3. Матай жазган Жакшы Кабардын үч негизги темасын атагыла.

4. Марк жазган Жакшы Кабардын үч негизги темасын атагыла.

5. Маркта Машайактын сыры менен байланышкан үч категорияны санап жана түшүндүрүп бергиле.

6. Теопил жөнүндө эмнелерди билебиз? Лука жөнүндөчү?

7. Халкидон ишеним символунда Ыйсанын табияты жөнүндө эмне деп айтылат?

8. Лука жазган Жакшы Кабардын төрт негизги темасын атагыла.

9. Лука жазган Жакшы Кабардан Ыйса коомдун эң төмөн катмарына кызмат кылганына үч мисал келтиргиле.

10. Ыйса жерде жашаган учурдагы Ыйык Рухтун иштеринен үч мисал келтиргиле.

11. Матай 5:48; Марк 10:45; Лука 19:10ду эстеп жазгыла.

# 3-сабак
# Жакан жазган Жакшы Кабар: Ишеним Жакшы Кабары

## Сабактын максаты

Сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:

1. Жакан жазган Жакшы Кабар менен Синоптикалык Жакшы Кабарлардын айырмачылыгын көргөзө билүү.
2. Жакан жазган Жакшы Кабардын авторун, жазылга1н убактысын жана тарыхый кырдаалын билүү.
3. Бул Жакшы Кабардын темасын жана максатын билүү.
4. Ыйсанын адамдыгынын жана кудайлыгынын маанилүүлүгүн түшүнүүсү керек.
5. Жакан жазган Жакшы Кабардын кабарынын бүгүнкү күндүн муктаждыктарына керек экенин көрүүсү керек.
6. Сабактан алган билимди кызматта колдонуусу керек.

## Ушул Сабакка даярдануу

*Жакан жазган Жакшы Кабарды окуп чыккыла.  Жакан жазган Жакшы Кабарды окуп жатып, ар бир бөлүмдө Ыйса кандай сүрөттөлгөнү жөнүндө өзүңөрдүн ойлоруңарды жазган күндөлүк жүргүзгүлө. (Бул сабак үчүн 1-тапшырма.) Мисалы 1-бөлүмдөн Ыйса «Сөз» деп тааныштырылганын көрсөтө аласыңар. Машайакчы катары бул силер үчүн эмнени билдирет? Ыйсанын түбөлүктүүлүгү Анын уулдары жана кыздары катары силердин ишенимиңерге жана толук ишеним артууңарга кандай таасирин тийгизет?*

*Жакан 20:30-31ди жаттагыла.*

## Киришүү

► «Ишенүү» деген эмнени билдирет? Чыныгы ишеним биздин жашообузга кандай таасирин тийгизет?

> Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди. Кудай Өз Уулун бул дүйнөгө дүйнөнү соттош үчүн эмес, Ал аркылуу дүйнөнү куткаруу үчүн жиберди. Ага ишенген адам соттолбойт, ал эми ишенбеген адам соттолду. Анткени ал Кудайдын жалгыз Уулуна ишенбей койду [92].

Бул Ыйык Жазуудагы эң белгилүү үзүндүлөрдүн бири,ошондой эле туура эмес талкууланып келгендердин бири: анда Ыйсага ишенген ар бир адам түбөлүк өмүргө

[92] Жакан 3:16-18

ээ болот деген убада бар. «Ишенген» деген сөз көп учурда ишеним адамдын жашоосунун өзгөрүүсүнө алып келбесе деле, ишенгенин ооз учунан айтып койсо жетиштүү болот деп туура эмес чечмеленет. Жакан жазган Жакшы Кабарды окуп жатып, биз ишеним жөн гана акыл менен түшүнүп коюудан алда канча чоң нерсе экенин түшүнөбүз. «Мен ишенем» деп чын жүрөктөн айтылган сөздөр, жашооңорду өзгөртөт. Чыныгы ишеним адамдын эркине жана анын жүрүм-турумуна өзгөрүү алып келет.

## Жакан жазган Жакшы Кабар боюнча тарыхый маалыматтар

### Автору, жазылган убактысы жана орду

Зебедейдин Уулу Жакан төртүнчү Жакшы Кабардын автору болгон. Антиохиялык Игнатий, Юстин Азапчы, Поликарп жана Ириней – булардын бардыгы автор Жакан экениндигин күбөлөндүрүшкөн.

Жакан өзүнүн агасы Жакып жана Шымон Петир Ыйсанын «эң жакын адамдарынан» болушкан. Ыйса кызды тирилткенде, бөлмөдө ушул шакирттер гана болушкан[93]: алар Машайактын өзгөрүлүүсүндө Аны менен бирге тоодо жана Гетсемания багында чогуу болушкан[94].

Жакан жыйында таасирлүү жетекчи болгон; Жаңы Келишимде Пабыл гана андан көп китеп жазган, Жакан болсо Жакан жазган Жакшы Кабарды, үч кат жана Аян китебин жазган.

Байыркы маалымат булактарына ылайык Жакан Эфесте жашаган. Домициан башкарган убакта Жакан Патмоско сүргүнгө айдалып, ал жактан Аян китебин жазган. Андан кийин ал Эфеске келип, ошол жакта болжол менен жүз жаш курагында каза болгон. Жакан жазган Жакшы кабар Эфесте жазылган болуш керек; адатта ал б.з. 85-95-жылдарда жазылган деп каралат жана акыркы Жакшы Кабар болуп эсептелет.

### Максаты

Жакан жазган Жакшы Кабар Синоптикалык Жакшы Кабарлардан бир топ айырмаланып турат; анда Ыйса жиндерди кубалаган үзүндүлөр жана үлгү насаат аңгеме жок, ошондой эле Марктан айырмаланып «Машайактын сыры» жок.

Көптөгөн авторлор Жакан жазган Жакшы Кабар менен Синоптикалык Жакшы Кабарлардын ортосундагы өзгөчөлүктөрдү көргөзүшөт, бирок ошол эле учурда алардын окшош жактарын да кароо маанилүү. Жакан башка элчилердикинен айырмаланып турган башка Жакшы Кабарды үйрөтпөйт; ал Ыйсанын жашоосун башка көз караш менен көрсөтөт, бирок анын кабары башка Жакшы Кабарчылардыкына окшош. Жакандын көңүлүнүн чордонунда – биздин арабызда жашаган, биздин

[93] Марк 5:37-42
[94] Матай 17:1-9, Марк 14:32-36

күнөөлөрүбүз үчүн өлгөн жана үчүнчү күнү кайра тирилген Кудайдын Уулу Ыйса; Жакан Жакшы Кабарды Ыйсанын Кудай экенине далилдерди келтирүү үчүн жазган.

Ыйса жөнүндө эки алгачкы жалган окутуу бар болгон. Бирөөсү Анын 100 % адам болгонун четке кагып, Ыйса адам сыяктуу көрүнгөн деп жарыялаган. Лука бул туура эмес экенин айтып, Ыйсаны толугу менен адам кылып көрсөткөн. Башка жалган окутуу Анын Кудай экенин четке кагып, Ал Улуу мугалим болгонун, бирок Кудайдын уулу эмес экенин айткан. Жакан Ыйсанын Кудайдын Уулу экенин тастыктаган бир нече кереметти көргөзүү аркылуу жана Сөз дене болду деген ырастоолору аркылуу, Анын кудайлыгына өзгөчө көңүл бурат. Жакандын максаты – «Булар болсо Ыйсанын Кудайдын Уулу Машайак экенине ишенишинер үчүн жана ишенип, Анын ысымы аркылуу өмүргө ээ болушуңар үчүн жазылды» [95].

## Жакан жазган Жакшы Кабардын мазмуну

### Кириш сөз (Жакан 1:1-18)

Матай жүйүт аудиториясына **Ыйса – Падышаны** көрсөтүү максатында санжыраны Дөөттөн баштап Ыбрайымга чейин алып барган. Марк болсо **Ыйса – Кызматчыны** римдик аудиторияга көрсөтүүнү көздөгөндүктөн санжыраны такыр эле жазбайт. Лука, **Ыйса – Адам Уулун** грек аудиториясына тартуулоо менен санжыраны биринчи адамзаты болгон Адамга чейин көрсөтөт. Жакан, **Ыйса – Кудайдын Уулун** тааныштыргандыктан биз «кудайдын санжырасы» деп атаган санжырадан баштайт. «Эң башында сөз бар болгон, Сөз Кудайда болгон жана Сөз Кудай болгон. Сөз эң башында Кудайда болгон» [96].

Жакан жазган Жакшы Кабар Ыйса «Сөз» болгон жана «Сөз Кудай» болгон деген драматикалык билдирүүдөн башталат. Ал мындай деп жазат: «Сөз адам болуп, биз менен жашап турду. Анын даңкын, Атанын жалгыз Уулунун даңкын көрдүк. Ал ырайымдуулук менен акыйкатка толо эле» [97]. Калган Жакшы Кабарлар бул билдирүүнү колдоо үчүн далилдерди келтирет.

### Жышаандар китеби (Жакан 1 – 12)

► Жакандын Жакшы Кабарындагы ар бир керемет Ыйсанын кудайлыгын кантип көрсөтөт?

Жакан китебинин биринчи жарымын бөлүгүн көбүнчө «жышаандар китеби» деп атап коюшат. Бул бөлүктө Жакан Ыйсанын кудайлык күчүн көрсөткөн жети кереметти жазат. Галилеядагы Каана шаарында үйлөнүү тоюнда сууну шарапка айлантканда, Ыйса Өзүн шакирттерге ачып берген: «Ошентип, Ыйса Галелеядагы Каанада Өзүнүн

[95] Жакан 20:31
[96] Жакан 1:1-3
[97] Жакан 1:14

эң алгачкы кереметин жасап, Өзүнүн даңкын көрсөттү. Ошондо шакиртери Ага ишенип калышты» [98].

Каанадагы керемет Жакан 1 – 12де жазылган жети кереметтүү жышаандын бири. Калган алты керемет төмөндө жазылган:

- Сарай кызматчысынын уулунун айыгуусу (4:46-54).
- Бетездада шал оорулуунун айыгуусу (5:1-18).
- 5000 адамды тойгузуу (6:5-14)[99].
- Суунун үстүнөн басуу (6:16-24).
- Тубаса сокур адамдын айыгуусу (9:1-7).
- Лазарды тирилтүү (11:1-45).

> «Керемет – биз түшүндүрө албаган көрүнүштөн бир топ чоң нерсе. Керемет «жаратылышка же окуялардын жүрүшүнө табияттан тыш киришүүнү» камтыйт. Жыйын тарыхында кереметтер Кудайдын ырайымынын табияттан тыш көрүнүшү гана эмес, керемет кылган адамдын ишинин же анын окутуусунун тууралыгын ырастаган Кудайдын күбөлөндүрүүсү катары каралган. Ошол себептен Жакан Ыйсанын керметтери жөнүндө айтканда «жышаан» деген терминди колдонот.
> - Синклэр Б., Фергюсон жана Д. И. Пэкерден аныктама «*Жаңы богословиялык сөздүк»,* 1988

Ар бир керемет Ыйса Кудайдын Уулу экенин көрсөткөн. Жакан Анын кереметтерине карата «жышаан» деген терминди колдонгон; алар Ыйса Кудайдын Уулу экенин көрсөткөн белги болгон. Биз аэропортко баруу үчүн жол белгилерин ээрчип барабыз, ошол сыяктуу эле Ыйсанын Кудай экенине ынануу үчүн Жакан бизден жышаандарды ээрчүүбүздү суранат[100]. Ыйсанын акыркы – Лазарды тирилткен керемети Жаканда гана жазылган жана Жакан жазган Жакшы Кабардын биринчи бөлүгүнүн туу чокусу болуп эсептелет. Бул керемет Ыйса менен диний жетекчилердин ортосундагы чечүүчү кагылышууга алып келген, көп жүйүттөр Ыйсанын жолдоочулары боло баштагандыктан, Анын кереметтерине шек келтирүү мүмкүн эмес экенин көрүп, жетекчилер Аны жана Лазарды өлтүрүүнү чечишкен[101].

Жакан жети кереметке кошумча Ыйсанын кудайлыгын күбөлөндүргөн бир нече ырастоону жазган. Ыйса шакирттерине Өзүнүн Машайак экендигин күбөлөндүрүүгө тыю салганын Марк айтат, Жакан болсо Ыйса Өзүнүн табиятын башкаларга ачкан учурларды жазат. Жаканда жазылган күбөлүндүрүүлөр төмөнкүлөр:

- Ыйсанын Никедимге күбөлөндүрүүсү (3:1-21).
- Ыйсанын Самариялык аялга күбөлөндүрүүсү (4:1-41) [102].

---

[98] Жакан 2:11
[99] Бул бардык Жакшы Кабарларда жазылган жалгыз керемет.
[100] http://www.probe.org/site/c.fdKEIMNsEoG/b.4222629/k.EE2A/What_is_a_Biblical_Definition_of_Miracle.htm
[101] Жакан 11:45-53; 12:9-11
[102] Жакан 4:25-26га өзгөчө көңүл буруңуздар

- Ыйсанын Бетездадагы оорулуу адамды айыктыргандан кийинки күбөлөндүрүүсү (5:17-18).
- Ыйсанын 5000 адамды тойгузгандан кийинки күбөлөндүрүүсү (6:24-59).
- Ыйсанын Алачык майрамындагы күбөлөндүрүүсү (7:14-44).
- Ыйсанын «Мен Ыбрайымдан мурун эле бар болчумун» деген күбөлөндүрүүсү (8:52-59).
- Ыйсанын Ыйыктоо майрамындагы көбөлүндүрүүсү (10:22-38).

Акыркы жылдары сынчылар Ыйса Өзүнүн Кудайлыгы жөнүндө айткан эмес деп талашып келишкен. Жакан болсо, Ыйса дайыма кудайлыгы жөнүндө күбөлүндүргөнүн айткан. Ыйсанын угуучулары Ал: «Мен Ыбрайымга чейин эле бар болчумун» деп айтканда эмнени айткысы келгенин жакшы түшүнүшкөн[103]. «Мен Бар Болуп Туруучумун» деген бул сөздөрдү Кудай Мусага өзүн ачып берүү үчүн колдонгон[104]. Ыйсаны уккандар Ал эмнени айткысы келгенин билишкен жана Аны акарат келтиргени үчүн ташбараңга алабыз дешкен. Алар Ыйсаны, Ал улуу окутуучу же айыктыруучу болгону үчүн эмес, Ал Өзүнүн кудайлыгын жарыя кылган үчүн өлтүрөбүз дешкен[105]. Биз Ыйсанын кудайлыгын четке кага алабыз, бирок Ал Өзү кудайлыгын жарыялаганы жөнүндө чындыкка көңүл бурбай коё албайбыз.

> «...Адамдар көбүнчө мындай дешет: «Мен Ыйсаны улуу адеп-ахлак окутуучусу катары кабыл алганга даярмын, бирок мен Анын Кудаймын деген билдирүүсүн кабыл албайм». Биз андай ойлонбошубуз керек. Ыйса айткандарды айткан адам жөн гана улуу адеп-ахлак окутуучусу боло алмак эмес. Ал, же жинди, же тозоктон келген шайтан болгон. Силер тандоо кылышыңар керек…Силер Аны акылсыз десеңер болот, Аны жин сыяктуу өлтүрүп салсаңар да болот, же болбосо анын бут алдына жыгылып Кудайым жана Теңирим деп айтсанар болот, бирок Ал эң сонун адам жана улуу окутуучу болгон деген жөөлүгөн сөздөрдү ойлоп тааппайлычы. Ал бизге мындай тандоо берген эмес.»
> - Клайв Льюис,
> «Жөн эле Машайакчылык»

**Даңк Китеби (Жакан 13-20)**

Шакирттер Ыйсанын даңкы жөнүндө жеңиш, саясий күч жана атак деген түшүнүктөргө байланыштуу ойлонушкан. Жердеги кызматынын акыркы жумасында Ыйса аларга Анын даңкы айкаш жыгачты жана Өзүн курмандыкка берүүнү билдирерин көрсөткөн.

Акыркы Кечки тамактын убагында Ыйса шаркирттери бири-бирине кызмат кылыш керек болгон момундукту көрсөткөн[106]. Ыйса Өзүнүн акыркы насааттарында

[103] Жакан 8:58
[104] Чыгуу 3:14
[105] Жакан 8:59
[106] Жакан 13

«түбөлүккө алар менен боло турган» Сооротуучу жөнүндө айткан[107]. Жүзүм жана бутактар жөнүндөгү метафорада Ал дайыма «Анда болуу » керек экенин үйрөткөн[108]. Бул мисалдар саясий жана аскердик күчкө карама-каршы келет; Ыйсанын жолу өзүн четке кагуу менен момундук болгон.

«Ыйык кызмат кылуучунун сыйынуусунда» Ыйса Өзүнүн жүрөгүнө эмне жакын болсо, ошол жөнүндө суранган. Көптөр үчүн азап тарта турган убакыт жакындап калганда, Ыйса төмөндөгүдөй сыйынган.

- Өзү жөнүндө, Ал Атасы аркылуу даңкталыш үчүн (17:1-8);
- Шакирттери жөнүндө: алардын сакталышы жана ыйыкталышы (17:9-19);
- Бардык ишенгендер үчүн: алардын биримдиги бул дүйнөгө күбөлөндүрүү болуш үчүн (17:20-26).

Жакан Ыйсанын айкаш жыгачка кадалуусуна жана тирилүүсүнө байланышкан окуяларды жазат. Китептин башында Ыйса Никедимге: «Муса чөлдө жыланды жогору көтөргөндөй, Адам Уулу да көтөрүлүүгө тийиш. Ошондо Ага ишенген ар бир адам түбөлүк өмүргө ээ болот» деген[109]. Кийинчерээк Ыйса: «Мен жерден көтөрүлүп кеткенден кийин, бардыгын өзүмө тартам» деп Өзүнүн өлүмү жөнүндө айткан[110]. Айкаш жыгач Адам Уулу «бардык адамдар» «өлбөй, бирок түбөлүк өмүргө ээ болсун» деп, өзүнө тартыш үчүн «көтөрүлгөнүн» айтат. Ыйсанын жашоосу толугу менен ушул максатка багытталган; Ал бул дүйнөгө ушул даңк үчүн келген.

Жакан бул бөлүмдү Томастын: «Теңирим менин! Кудайым менин!» деген күбөлөндүрүүсү менен аяктайт[111]. Эми шектенген шакирт дагы Анын даңкын көрдү. Кийинчерээк Ыйсанын тирилүүсүнүн өзгөртүүчү күчүн Томастын жашоосунан көрө алабыз: ал Индияда жакшы кабар таратып жүрүп ишеним үчүн азап чегүүчү болуп өлгөн.

**Эпилог (Жакан 21)**

Жакандын акыркы бөлүмүндө Ыйса Галилея көлүндө топ шакирттердин астында пайда болгону жөнүндө айтылат[112]. Жакан өзүнүн Жакшы Кабарынын маалыматын ырастап аяктайт: «Ушулардын баарын ошол шакирт жазып күбөлөндүрүп жатат. Биз анын күбөлөндүрүүсү чындык экенин билебиз»[113].

---

[107] Жакан 14:16
[108] Жакан 15:6
[109] Жакан Жакан3:14-15
[110] Жакан 12:32
[111] Жакан 20:28
[112] Жакан 21:1. Жакан Галилея көлүн анын дагы бир – Тиберия көлү деген аты менен атаган. Тиберия Галилеянын борбору болгон.
[113] Жакан 21:24

## Жакан жазган Жакшы Кабар бүгүн жыйындарда

Жаңы ишенип калгандарга Жакан жазган Жакшы Кабар Ыйсанын кудайлык табиятын ачып берет. Ал түшүнүктүү жана жөнөкөй жазылгандыктан жыйын жетекчилери жаңы ишенгендерге Жакандын Жакшы Кабарын окууга кеңеш беришет. Биз андан Ыйса «өмүр наны» (6:35) «дүйнөнүн жарыгы» (8:12) «жакшы Кайтаруу» (10:11), «тирилүү жана өмүр» (11:25), «Жол чындык жана Өмүр» (14:6) экенин көрө алабыз.

Шектенген дүйнөгө Жакан Ыйсаны Кудайдын Уулу катары сүрөттөп берет. Жакан жазган Жакшы Кабардагы кереметтер Ыйсанын билдирүүлөрү чындык экенине далил издегендерге, Анын кудайлыгы жөнүндө айтат. Кереметтер – аркылуу Ыйса Өзүнүн «Мен…» деген билдирүүлөрүн Кудайдын күчү менен тастыктаган[114].

Чыныгы шакиртчиликке чакырбастан «арзан ырайым» жөнүндө жар салган заманбап жыйындарга Жакан жазган Жакшы Кабар машайакчынын жашоосун өзгөрткөн ишенимдин чыныгы маанисин көрсөтөт[115]. Ыйса «Өмүр наны» жөнүндө түшүндүрүп бергенден кийин, «шакирттеринин көбү Ыйсадан четтеп Аны ээрчибей калышкан» [116]. Ыйсанын бул жолдоочулару Ыйсага ишенебиз деп жарыялашкан: алар Анын артынан ээрчип, нан менен балык жеп ырахаттанып жүрүшкөн, бирок чындап ишенишкен эмес. Алар Ыйсага баш ийүү менен өздөрү жарыялаган ишеним боюнча жашашкан эмес. Жакан жазган Жакшы Кабар чыныгы ишенимдин маанилүүлүгүн үйрөтөт.

## Корутунду

Жакан жазган Жакшы Кабар чыныгы ишеним, ишенген адамдын жашоосун өзгөртөрүн, алтургай өлүмгө дуушар кылышы мүмкүн экенин көрсөтөт. Дитрих Бонхёффер «арзан ырайым» менен «кымбат баадагы ырайымдын» ортосундагы карама-каршылыкты көрсөткөн. Ал: «Ыйса адамды чакырганда, ага келүүнү жана өлүүнү сунуш кылат» деген[117]. Ушундай чыныгы ишенимди биз экинчи кылымдагы азап чегүүчү Поликарптын жашоосунан көрө албыз.

> Теңир: «Менин артымдан жүргөндөр, караңгылыкта жүрбөйт» – деп айткан. Эгер биз чын эле жүрөктөрүбүздүн сокурлугунан бошонгубуз келсе бул сөздөр бизге Анын жашоосун, адаттарын туураганга кенеш берет. Өзүңөрдүн негизги күчүңөрдү Ыйса Машайактын жашоосун изилдегенге багыттагыла».
> - Кемпиялык Фома *«Ыйсаны тууроо»*

Поликарп элчи Жакандын окуучусу болгон. Ал Жакандын окуткандарын жана Ыйсанын жашоосу жөнүндөгү окуяларын уккан. Поликарпты 86 жашында камакка алышкан. Аскерлер картайып калган адамды өлүм жазасына тарткылары келбей, ага: «Кесарь – Теңир», – деп жарыялап өзүнүн өмүрүн сактап калууну сунуш кылышкан. Сот: «Ушул нерсени мойнуңа алсаң, мен сени кое берем», – деген. Поликарптын жообу кылымдар бою чыныгы ишенимдин маанилүүлүгүн күбөлөндүргөн жаңырык

---

[114] Жакан 8:58
[115] « Арзан ырайым» деген термин *Дитрих Бонхёффердин* « Шакиртчиликтин баасы» деген чыгармасынан алынган.
[116] Жакан 6:66
[117] Дитрих Бонхёффер, *Шакиртчиликтин баасы,* 1995. – 89-б.

болуп угулуп келет: «Мен сексен алты жыл Анын кызматчысы болуп келдим, Ал мага эч кандай жамандык кылган жок. Эми кантип мен өзүмдү куткарган Падышага тил тийгизе алам?[118] Поликарп ага окутуучусу Жакан үйрөткөн сабакты өздөштүргөн: ал чыныгы ишеним ишенген адамды өлүмгө моюн сунууга даяр болгон деңгээлге чейин өзгөртөрүн билген.

### Сабактын тапшырмасы

Төмөнкү берилген тапшырмаларды аткарып, сабактан эмнени түшүнгөнүңөрдү көрсөткүлө.

1. (3-сабакка даярдануу менен аяктаган.) Жакан жазган Жакшы Кабарды окуп жатып, ар бир бөлүмдө Ыйса кандай сүрөттөлгөнү жөнүндө өзүңөрдүн ойлоруңарды жазган күндөлүк жүргүзгүлө. Мисалы 1-бөлүмдөн Ыйса «Сөз» деп тааныштырылганын көрсөтө аласыңар. Машайакчы катары бул силер үчүн эмнени билдирет? Ыйсанын түбөлүктүүлүгү Анын уулдары жана кыздары катары силердин ишенимиңерге жана толук ишеним артууңарга кандай таасирин тийгизет?

2. Сабактын материалынын негизинде тест жазгыла. Тестте Ыйык Жазуудан жаттоо үчүн берилген аяттар бар.

### 3-сабак Тесттин

1. Эмне себептен Жакан жазган Жакшы Кабардын автордугун ырастоо үчүн Поликарптын күбөлөндүрүүсү өзгөчө маанилүү?

2. Автор бул Жакшы Кабарды кандай максат менен жазган?

3. Жакшы Кабардын текстинен Жакандын максатын кантип көрсө болот?

4. Жакшы Кабардын башталышы Ыйсанын санжырасы жөнүндө эмне дейт?

5. Жакандын жети «жышаанын» санап бергиле.

6. Ыйсанын кудайлыгы жөнүнө Анын күбөлөндүрүүсүнөн үч мисал келтиргиле.

7. Жүйүт жетекчилери Ыйсанын кудайлыгы жөнүндөгү билдирүүсүнө кандай жооп кайтарышкан?

8. Ыйса «ыйык кызмат кылуучуунун сыйынуусунда» кайсы үч нерсе үчүн сыйынган?

9. Жакан 20:30-31ди эстеп жазгыла.

---

[118] Азап чегүүчү Поликарптын окуясын бул сайттан тапса болот http://www.ccel.org/ccel/richardson/fathers.vii.i.iii.html

# 4-сабак
# Элчилер иштери жана алгачкы жыйын

## Сабактын максаты

Сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:

1. Алгачкы жыйындардагы окуялардын тарыхый жана географиялык кырдаалын түшүнүүсү керек.
2. Элчилер иштеринин авторун жана жазылган убактысын билүү.
3. Элчилер иштеринин максатын жана маанилүү темаларын билүү.
4. Жакшы Кабардын Иерусалимден Рим дүйнөсүнө чейин таратылганын карап чыгуусу керек.
5. Элчилер иштеринде көрсөтмө берүүчү жана баяндоочу окутуунун ортосундагы айырмачылыкты түшүнүүсү керек.
6. Пабылдын кызматына көз карашын калыптандыруусу керек.
7. Элчилер иштери китебин бүгүнкү күндүн муктаждыктарына колдонуусу керек.

## Ушул Сабакка даярдануу

*Элчилер ишери китебин окуп чыкыла.*

*Жакан 1:7-8ди жаттагыла*

## Киришүү

Байыркы Келишимде Жашыя китеби Ысрайылдын чөлдөгү жашоосу, Канаанга жана Мусанын жетекчилиги Жашыяга өтүүсүн көрсөтөт: бул Кудайдын эли – Ысрайыл үчүн маанилүү бурулуш учур болгон.

Жаңы Келишимде Элчилер иштери китеби Ыйсанын жердеги кызматынын Ыйык Рухтун жыйындагы кызматына өтүүсүн көрсөтөт. Ал көңүлдү Ыйсанын кызаматынан элчилердин эмгегине бурат. Элчилер иштери китеби Кудайдын элинин тарыхында маанилүү баскычты – жыйынды көрсөтөт.

Жашыя китеби кийинки баскычка өтүүнүн жарым-жартылай ийгилигин көрсөтөт. Китептин аягында Ысрайыл элинин Кудайга ишенимдүү болуу убадасын көрө алабыз[119], бирок канаандыктар ошол убакта толук жеңиле элек болчу; кийинки тукумунда Ысрайыл Канаан кудайларына табынат[120].

Элчилер иштери китеби кийинки баскычка өтүүдө көбүрөөк ийгиликти көрсөтөт. Улуу тапшырма китепти ачкан, кийин анын аягында аткарылган[121]: Элчилер иштери

[119] Жашыя 24.31
[120]Башкаруучулар 2:7-11
[121] Элчилер иштери 1:7-8; 28:30-31

китебинин башында Иерусалимде чогулган, жүйүт жыйынын, аягында болсо – Антиохиядагы эл аралык жамааттарды көрөбүз; Элчилер иштериндеги окуялар Иерусалимде башталып, Римде бүтөт. Элчилер иштери китебинин башында көңүлдүн борборунда Петирди – Ыйсанын эң жакын адамдарынын бирин, аягында болсо – Пабылды – мурунку жыйынды кугунтуктоочуну көрөбүз.

## Алгачкы жыйындын дүйнөсү

Биринчи сабакта биз Жаңы Келишим жөнүндө түшүнүк бердик. Элчилер китебин окуу алдында сабактын материялын кайталоо силердин ушуга чейин алган билимиңерди эске салат. Рим империясындагы алгачкы жыйындын таралганын түшүнүү үчүн кээ бир кошумча фактылар маанилүү.

**География**. Элчилер иштер китебинде көңүл Палестинадан ары кеңейип Рим империясына бурулат. Убактыңарды бөлүп Ыйык Китебиңерден же библиялык атластан картаны карап көргүлө[122]. Төмөнкү жерлер Элчилер иштери үчүн маанилүү экенин эске алгыла:

- Сириядагы **Антиохия***:* Иудеядан сырткары машайакчылык жакшы кабардын борбору.
- Македониядагы **Филипи***:* Европа жеринде биринчи уюштурулган жыйын.
- Асиядагы **Эфес**: аймактын борбору. Пабылдын стратегиясы Рим империясынын алдыңкы шаарларында жыйындарды негиздөө болгон, ошондо аймактын борборундагы жыйын аркылуу жакшы кабар аймактын бүт территориясына тарамак.
- Ахайа аймагындагы **Корунт***:* Корунт Жер Ортолук деңиздин мойногунда жайгашкандыктан жакшы кабар таралуусу үчүн маанилүү шаар болуп калган.
- **Рим**: Пабылдын максаты борбор шаардан баштап, империяга жакшы кабар таратуу болчу.

**Тарых***.* Элчилер иштеринде жана Каттарда Римдин эки императору маанилүү ролду ойнойт.

- Б.з. 54-68-жж. **Нерон** император болгон. Ал башкарган маалда машайакчыларды Римдин чоң бөлүгүн кыйраткан өрт коюшту деп күнөөлөшкөн. Бул жалган жалаа машайакчыларды кеңири жайылган куугунтуктоого алып келген. Пабыл менен Петир Нерон өлтүрткөндөрдүн арасында болушкан.
- **Домициан** б.з. 81-96-жж. император болгон. Ал «Теңир жана Кудай» деген наамды алып жүргөн жана ага ишенимдүү болуудан баш тарткан

[122] Ыйык Китептеги карталар төмөнкү сайтта жеткиликтүү http://www.openbible.info/geo/.

машайакчыларды куугунтуктаган. Аян китеби ушул убакта жазылган болушу мүмкүн.

## Элчилер иштери китебинин тарыхый кырдаалы

### Автору жана жазылган убактысы

Элчилер иштеринде Лука Жакшы Кабарында баштаган өзүнүн баянын улантат: «Теопил…мен сага биринчи китепте жазгам» [123].

Элчилер иштери китебинин аягында Пабыл Римде үй камагында болгон [124]. Ушуга таянып анын жазылган убактысы Пабыл азап чегип өлгөнгө чейин 50-жылдардын аягы 60-жылдардын башына туш келет.

### Максаты

Лука жазган Жакшы Кабар Ыйса өзүнүн шакирттерин жыйын жетекчилери болууга даярдаганын көрсөтөт. Элчилер иштери китебинде шакирттер бүт дүйнө жүзүнө: Иерусалимден Самарияга жана дүйнөнүн акырына чейин Жакшы Кабар таратканы жөнүндө жазылат.

### Маанилүү темалар

#### *Тарыхый маалымат*

Лука жазган Жакшы Кабардай эле Элчилер иштери китеби тарыхый маалыматтарга өзгөчө көңүл бурат: анда отуздан ашуун өлкө, элүүдөн ашык шаар жана жүздөй адам жөнүндө айтылат[125].

#### *Жакшы Кабар таратуу жана миссионерлик кызмат*

Элчилер иштери китебинин башында Ыйса өзүнүн шакирттерине – Иерусалимге, Жүйүт, Самария жана «дүйнөнүн акырына чейин» Жакшы Кабар тараткыла деген Улуу тапшырма берет; китептин аягында, Жакшы Кабар Рим империясында тарап жатканын көрө алабыз.

#### *Ыйык Рухтун иштери*

Лука жазган Жакшы Кабарда Ыйсанын жердеги кызматында Ыйык Рухка өзгөчө көңүл бурулат; Элчилер иштеринде Лука алгачкы жыйындагы Ыйык Рухтун ролун көрсөтөт. Ал Элчилер иштери китебинин башкы каарманы: дал ошол Ыйык Рух шакирттерге кызмат кылуу үчүн күч берген.

---

[123] Элчилер иштери1:1
[124] Элчилер иштери 28:30
[125] Walter A. Elwell and Robert W. Yarbrough. *Encountering the New Testament*. Mich: Baker Academic, 2005, 211.

***Жакшы Кабардын кабары***

Лука жазган Жакшы Кабар Теопилге жаңы ишенүүчү катары үйрөткөн нерселерди тастыктоо үчүн жазылган; Элчилер иштери китеби Жакшы Кабарларды үйрөтүүгө кызыкдар. Болжол менен китептин төрттөн бир бөлүгү насааттардан турат.

- Элүүнчү күндөгү Петирдин насааты (Элчилер иштери 2)
- Синедрион алдында Степандын коргонуусу (Элчилер иштери 7)
- Корнелийдин үйүндөгү Петирдин насааты (Элчилер иштери 10)
- Пабылдын Афин шаарындагы насааты (Элчилер иштери 17)

Бул насааттар элчилер айткан насааттардын эң негизги кабарын камтыйт:

- Ыйса Машайактын эгедерлиги.
- Жакшы Кабардын тарыхый чындыгы
- Ишеним аркылуу ырайымдын негизинде куткарылуу[126].

## Элчилер иштери китебинин мазмуну

Элчилер иштери китеби шакирттердин алапайын таппай калганынан башталат. Алар Ыйса Иерусалимге салтанаттуу түрдө киргенден кийин, Машайак жердеги Өзүнүн падышачылыгын орнотот деп күтүшкөн. Анын ордуна Ыйсаны кармап, соттоп жана айкаш жыгачка кериշти. Ал тирилгенде, алар мына орной калчудай сезилген Машайактын падышачылыгына кубанышты.

Элчилер иштери китебинин башында Ыйса шакирттерге Иерусалимде калып, «Атасы убада кылганды күтүүнү» буйруган. Алар: «Теңир, Сен Ысрайыл элинин падышачылыгын ушул убакытта калыбына келтиресиңби»? – деп сурашты. Анын жообун болсо түшүнүшкөн жок.

«Ыйса болсо аларга мындай деп жооп берди: Атаңардын Өз бийлиги менен белгилеген убакыттарын, мөөнөттөрүн билүүнүн силерге кереги жок. Бирок үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин, күч аласыңар да, Иерусалимде, Самарияда , атүлүл, бүт дүйнө жүзүндө Менин күбөлөрүм болосуңар» [127].

Бул Улуу тапшырма Элчилер иштери китебинин структурасын бир көз караш менен кароого шарт түзөт: Иерусалимде (1-7), Иудеяда жана Самарияда (8-12) жана дүйнөнүн акырына чейин (13-28) Жакшы Кабардын тарашы.

---

[126] Теологдор бул кабарды *«керигма»* - айтылып жаткан Жакшы Кабар дешет.

[127] Элчилер иштери 1:4-8

## Жакшы Кабар Иерусалимде (Элчилер иштери 1-7)

Элчилер иштери 1-7деги негизги окуялар Иерусалимден орун алган. Баян Элүүнчү күн окуясын, алгачкы жыйындын жашоосун жана Степандын азап чегип өлгөнүн камтыйт.

### *Элүүнчү күн: Жыйындын жаралуусу*

Машайак асманга көтөрүлүп кеткенден кийин шакирттер Иерусалимге келип, «чогуу бир тилек менен сыйынып жүрүштү» [128]. Алар Элүүнчү күнү Пасах майрамынан кийин жети жумадан кийин майрамдалган Алачык майрамында ошол жакта болушкан [129]. Алачык майрамы Ысрайыл элине мыйзамдын берилгенин майрамдоого арналган. Бүгүнкү күндө Элүүнчү күн майрамында жыйын өзүнө берилген Ыйык Рухтун белегин алууну белгилейт. Элүүнчү күнү Петир насаат айтып жатып өзүнүн угуучуларына Кудай өзүнүн Рухун ар бир адамга төгө турган күнү жөнүндөгү Жоелдин пайгамбарчылыгын эске салган. Бул убада Элүүнчү күнү аткарылган[130].

### *Алгачкы жыйындын жашоосу*

► Алгачкы жыйын биз үчүн бүгүнкү күндөгү жыйынга эмнеси менен үлгү боло алат? Биздин табынуубуз Элүүнчү күндөгү табынууга окшош болушу керекби? Биздин табынуубуз эмнеси менен айырмаланат?

Алкачкы жыйын жашоосунун сүрөтү Элчилер иштери китебинин чечмеленүүсүнө тиешелүү маанилүү суроону көтөрөт. Элчилер иштери китеби – тарыхый китеп, ал Римдиктерге каты сыяктуу богословиялык кат. Тарыхый китепте **баяндоо** («алар эмне кылышканы») жана **көрсөтмө** («биз эмне кылышыбыз керек экени») жазылат. Алгачкы жыйын менен таанышып жатып, окурман өзүнө: «Элчилер иштери китеби бүгүнкү күндө жыйындар ээ болушу керек болгон мүнөздөмөлөр жөнүндө эмне дейт? Же Элчилер иштери китеби жөн гана жыйындын тарыхын сүрөттөп жазабы?» деген суроону бериш керек. Бул суроолорго жоопту табуунун бир жолу – «Бул Ыйык Китептин калган окутуусуна кандай дал келет?» Бул Ыйык Китептин башка жерлеринде барбы?» деген суроолорду берүү.

Элчилер иштери китебиндеги баяндоо менен көрсөтмөнүн ортосундагы айырмачылыкты эки мисал көрсөтөт.

- Элчилер иштери 2:42ге ылайык, биринчи кылымдын машайакчылары өздөрүн Элчилердин окутуусуна, ошондой эле башка машайакчылар менен баарлашууга жана сыйынууга арнашкан. Ыйык Китепти изилдөө, чогуу табынуу жана сыйынууну Пабыл бардык каттарында осуяттаган, ошол себептен биз бүгүнкү

[128] Элчилер иштери 1:14
[129] Мыйзам кайталоо 16:16
[130] Жоел 2:28; Элчилер иштери 2:16

күндө да ушундай кылуу керек деген тыянак чыгара алабыз, бул жөн гана тарыхта болуп өткөн окуя эмес.

- Элчилер иштери 2:44кө ылайык, алгачкы жыйындагылар мүлктөрүн сатышкан жана «бардык нерселерин ортого коюшкан». Ыйык Китептин башка жеринде мындай иш-аракет жөнүндө айтылбайт, ошондуктан биз аны бүгүнкү күнгө карата көрсөтмө катары эмес, ошол мезгилдеги жашоону баяндоо катары кабыл ала алабыз[131].

► Бул сабакта алдыга жылуудан мурун, алгачкы жыйындын кээ бир кылган иштерин карап көрүүгө убакыт бөлгүлө. Ар бир жобо боюнча: «Мен да ушундай кылышым керекби же бул жөн гана алгачкы жыйындын баяныбы?» –деп ойлонуп көргүлө. Силердин жообуңар силерге жаккан нерсеге эмес, Ыйык Китепти толук карап чыгууга негизделиш керек.

- Элчилердин окутуусун изилдөө
- Башка ишенүүчүлөр менен баарлашуу
- Ийбадатканада күндө табынуу
- Рухтун чыныгы ишин ырастоо үчүн жышаандар жана кереметтер
- Мүлкүн сатуу
- Кудайды даңктоо
- Токтобогон жакшы кабар таратуу
- Тилдерде сүйлөө

***Степан: Биринчи азап чегүүчү***

Элүүнчү күндөн кийин жыйын аябай тез өсүүнү уланткан. Көптөгөн адамдар, анын ичинде «ыйык кызмат кылуучулар» да тобо кылышкан[132]. Жүйүт жетекчилери тирилүүнүн чындыгын жашырууга аракет кылганына карабастан, бул ыйык кызмат кылуучуулар фактыларды билишкен: ийбадатканадагы көшөгөнүн айрылуусу, бош мүрзө жана дин башчыларынын чындыкты жашыруу аракеттери. Алгачкы жыйындын убагында Ыйсанын кызматын улаган элчилердин кызматын колдоо катары – жышаандар менен кереметтер болуп турган.

Мындай жагдайда каршылык болору шексиз эле. Степанга каршы айтылган жалган жалаадан кийин, аны таш бараңга алып өлтүрүшкөн. Азап чегүүгө дуушар болгондо Степан Ыбрайымдан баштап Ыйсага чейин Кудайдын иштерине көз чаптырып күчтүү

---

[131] Көбүнчө окумуштуулар бул иш чаралар төмөнкүлөр менен байланыштуу болгон дешет: а) ишеними үчүн жумушунан жана ишинен айрылып калган ишенүүчүлөр ; б) Алгачкы жыйындын Ыйсанын тез арада кайтып келүүсүнө ишенүүсү.

[132] Элчилер иштери 6:7

насаат айткан. Элчилер иштери китеби бизге Шабылды «Шабыл болсо Сепанды өлтүргөндөр тарапта эле» деген сөздөр менен тааныштырган [133]. Жыйындын улуу жетекчиси боло турган Пабыл алгач бизге ишенгендерди түрмөгө камап «жыйынды жок кылууга аракет кылган» Шабыл катары жолугат[134].

### Иудеяда жана Самарияда (Элчилер иштери (8-12)

«Теңиринин атын жана табиятын биринчилерден болуп тааныгандар бактылуу. Алар өзгөчө түрдө бардыгын курмандыкка беришти жана Рухта жана чындыкта Кудайга ырахаттана алышты.
Алар чындап эле, Кудай-Теңирдин күчү менен майлангандар, Анын балдары, Анын Руху менен жетеленгендер деп аталганына туура келген. Ошондой эле Кудайдан төрөлгөн алар, күнөө кылбай калышкан.»
- Чарльз Уэсли *«Элчилер иштери китеби 11:26 боюнча гимн»*

Элчилер иштери китеби 8-12де жакшы кабар Иерусалимден сыртына чыгып – Иудеяга жана Самарияга тараган. Куугунтуктоо алгачкы машайакчылар үчүн түрткү болгон: алар Иерусалимден Иудеяга жана Самарияга качууга мажбур болушкан. Жолдо бара жатканда жакшы кабар тараган. Кудай куугунтукту Өзүнүн буйругу аткарылышу үчүн колдонгон. (Элчилер иштери 1:8 жана Элчилер иштери 8-12)

- Филип грек тилинде сүйлөгөн жүйүт, Самарияда жакшы кабар айткан жана анын насааты чоң жыйынтыктарды алып келген (8:4-25).
- Филип табынууга бара жаткан эфиопиялык адамга жакшы кабар айтат (8:26-40).
- Шабыл машайакчыларды кубалап аларды камака алып жүрүп, Дамаскка бара жатканда кайрылган (9:1-22).
- Петир Рим аскер башчысы Корнелийге жакшы кабар айтат (10:1-11:18).
- Барнаба Антиохеяда – Сириядагы Рим аймагынын борбору (11:22-30). Бул кызмат эки себептен маанилүү:

  (1) Барнаба Шабылды Антиохия жыйынына тааныштырат. Шабылдын кызматы ал жакта алардын  өсүүсү үчүн маанилүү рол ойногон.

  (2) Антиохия биринчи кылымдын ортосунда миссионерлерди жиберген негизги жыйын болуп калган. Пабылдын миссионердик саякатынын ар бири Антиохиядан башталат.

[133] Элчилер иштери 8:1
[134] Элчилер иштери 8:3

## Жакшы кабар дүйнөнүн акырына чейин (Элчилер иштери 13-28)

### *Биринчи миссионердик саякат (Элчилер иштери 13-14)*

Элчилер иштери китебинин акыркы бөлүгү Элчи Пабылдын кызматына көз салат. Пабыл ишенип калгандан кийин Аравияда, Дамаскта жана Сицилияда убакыт өткөргөн. Анан Барнаба аны Шабыл куугунтуктаган Иерусалимдеги машайакчылар түзгөн Антиохия жыйынында кызмат кылууга чакырган.

Б.з. 47-49-жж. Пабыл менен Барнаба, Барнабанын жээни Марк болуп чогуу Кипрге (Барнабанын мекенине) жана Кичи Асияга жөнөшкөн. Бул саякаттын көпчүлүк бөлүгү Галилеяда жана Рим аймагы Кичи Асияда жаңы жыйындардын ачылышына арналган. Ушул саякаттан баштап жана андан кийин Шабыл эми Пабыл катары белгилүү болгон. Шабыл – еврей аты, Пабыл – римдик аты. Пабылдын атынын өзгөрүшү анын бутпарастарга кызмат кылууга өзгөчө чакырылганын көрсөтөт.

Алар Памфилиянын Перге деген шаарына келгенде, Жакан Марк, аларды таштап үйүнө кайткан[135]. Дербеге алыс жол жүргөндөн кийин, Пабыл менен Барнаба басып өткөн жолдоруна кайтып келип, мурун өздөрү тургузган жыйындарды кыдырып, андан кийин сапарын Антиохеядагы үй жыйынына улантышкан.

### *Иерусалим кеңеши (Элчилер иштери 15:1-35)*

► Иерусалимдеги кеңештин кайсы принциптери бүгүнкү күндө бизге багыт көрсөтүшү керек?

Пабыл аркылуу бутпарастардын ишенимге кайрылуусу жыйында чоң суроолорду пайда кылган. Бутпарас машайакчылар Мусанын мыйзамдарынын бардык шарттарын аткарыш керек[136] деген жана Мусанын мыйзамдарынын машайакчы-бутпарастарга тиешеси жок деген жүйүт ишенгендердин арасында бөлүнүүлөр болгон.

Б.з. 49-жылы жыйын жетекчилери бул келишпестикти чечүү үчүн Иерусалимде чогулушкан. Бутпарастардын сүннөткө отургузулуусун талап кылгандар биринчи сүйлөшкөн. Петир өзүнүн Корнелийдин үйүндөгү тажрыйбасын айтып берип, Кудай «Алардын жүрөктөрүн өздөрүнүн ишеними аркылуу тазалап, алар менен биздин ортобуздагы айырмачылыкты жок кылды» деген[137]. Пабыл менен Барнаба бутпарастардын арасындагы Кудайдын ишинин далилин көргөзүшкөн.

Иерусалим жыйынын жетекчиси Жакып, кеңешти бутпарстар төрт нерседен качышы керек деген жыйынтык менен бүтүргөн.

- Буркандарга курмандыкка чалынган эт

---

[135] Элчилер иштери 13:13

[136] Бул машаякчылар «фарисейлерден» болгон (Элчилердин иштери 15:5). Бул суроо жалпы эле «жүйүттөрдүн бутпарастарга каршы талабы» болгон эмес. Мисалы, Жакып бул көйгөйдү чечүүгө умтулган.

[137] Элчилердин иштери 15:9

- Каны агызылбаган малдын этти
- Каны менен эт
- Жыныстык башаламандык

Бул бутпарастар куткарылууга ээ болуу үчүн аткарган эрежелердин тизмези эмес, бул таптакыр ар башка жашоо тажырыйбаларына ээ болгон адамдардын машайакчылыкта биригүүсү. Тамакка коюлган талаптар жүйүттөр менен бутпарастар чогуу тамактана алгыдай коюлган, бул жыйындын биримдигинин маанилүү символу: ошондой эле бутпарастардан ишенип калгандардын мурунку жыныстык жашоосу башаламан болгондуктан, жыныстыкка тиешелүү жагына басым кылуу керек болгон.

Иерусалим кеңешинин максаты: жүйүт машайакчыларына аткарбай койсо деле боло турганды талап кылып «шакирттердин мойнуна көтөрө албаган түйшүктү жүктөөгө»[138] тыюу салган *эркиндик* принциби менен бутпарастардан жүйүт бир туугандарга катуу тийе турган жөрөлгөрлөрдү колдонбоону талап кылган *баарлашуу* принцибин шайкеш келтирүү болгон.

### *Экинчи Миссионердик саякат (Элчилер иштери 15:36-22)*

Алгачкы жыйындагы бардык эле келишпестиктер богословиялык принциптерге тиешелүү болгон эмес. Пабыл менен Барнаба Жакан Марк боюнча жеке келишпестиктин айынан бөлүнүп кетишкен[139]. Бул келишпестик Кудай татаал өздүк кырдаалдар аркылуу да иштерин көрсөтөт: ушул аркылуу Сылас баалуу кызматчы болуп калган, Пабыл менен Барнабанын өз алдынча кызмат кылганда эмгегинин үзүрүн эки эсе көрүшкөн, кийинчерээк Пабыл Жакан Марк менен элдешкен[140].

Пабыл менен Сылас экинчи миссионердик кызматын баштап, Пабыл менен Барнаба биринчи саякатта негиздеген жыйындарды кайрадан кыдырып чыгышкан. Алар ошондой эле, Филипиде, Берояда, Афинде жана Корунтта кызмат кылышкан. Бул саякатында алар жакшы кабарды Европа жеринде Пабыл македониялык киши жардам сурап жаткан көрүнүштү көргөндөн кийин тарата башташкан[141]. Жаш Тиметей Пабылдын тобуна Листрадан кошулган, Лука болсо, Троастан кошулган[142]. Пабыл Корунтта жыйындарды негиздеп он сегиз айга жакын ошол жакта болгон. Алар Антиохияга үч жылдан ашуун саякаттан кийин келишкен (б.з. 50-53 жылдары).

Экинчи миссионердик саякатында Пабыл насаатарынын убагында каршылыкка дуушар болгон. Аларды Филипиде камакка алышкан, алар Тесалоникада токтогон

[138] Элчилер иштери 15:10
[139] Элчилер иштери 15:36-41
[140] 2 Тиметей. 4:11
[141] Элчилер иштери 16:6-10
[142] Элчилер иштеринде 16:10 Лука « биз» дегендин ордуна «алар» деген ат атоочту колдоно баштайт.

үйгө топ эл кол салган, Тесалоникалык душмандары аларды Берояга чейин ээрчип барышкан, Корунтта болсо, Пабылды соттошкон[143].

Жыйындын өсүүсү кымбат баага турган. Шайтан аймактарды күрөшсүз бербейт, бирок Элчилер иштери китеби жыйындар бүткүл Кичи Асияда, Македонияда жана Ахаяда тургузулуп жатканда Ыйык Рухтун күчүн жана жакшы кабардын салтанат курганын көрсөтүп берет.

### *Үчүнчү Миссионердик саякат (Элчилер иштери 18:23 – 21:15)*

Пабыл Галатиядагы жана Фригиядагы жыйындарга бараардан мурун, Антиохияда аз эле убакыт болгон. Саякаттын биринчи бөлүгү башында негизделген жыйындардын ишенүүчүлөрүн бекемдөөгө арналган[144]. Үчүнчү миссионердик кызмат б.з. 53 жылдан 57 жылдарга чейин уланган. Эң узак убакыт (үч жыл) алар Эфесте болушкан; Пабыл ал жакта Корунттуктарга жыйындын татаал көйгөлөрүнө кайрылып кат жазган.

Душмандардын каршылыгынын айынан Эфестен чыгып, Пабыл Македонияга жана Ахаяга кеткен. Иерусалимдеги муктаж болгон жүйүт машайакчыларды колдош үчүн, ал бул аймактагы көбүнчө бутпарас жыйындардан курмандык чогулткан. Бул жыйындын биримдиги, жүйүттөр менен бутпарастар Машайактын жыйынынын мүчөлөрү экенин көрсөткөн.

### *Кармоо жана камакка алуу (Элчилер иштери 21:15-28:31)*

Үчүнчү миссионердик саякаттан кайтып келе жатканда, Пабыл Кейсареяга токтогон, ал жерден ага пайгамбарчы Агап ал Иерусалимде камакка алынарын эскерткен[145]. Элчилер иштери китебинин акыркы бөлүгүндө Пабылдын камакка алынуусу, Кейсареяда камакта болуусу жана ишин Римде кароону сурануусу (Римдин жараны болгондун негизинде), Римге кооптуу саякат (Мелит аралындагы кемелердин кыйроосун кошкондо) жана Римде үй камагында болуу менен эки жыл кызмат кылганы жөнүндө айтылат.

Элчилер иштери китебинин акыры Ыйсанын жакшы кабары Иерусалимден Жүйүт Самария жана «дүйнөнүн акырына чейин» тарашы керек деген Улуу тапшырмасы аткарылып жатканын көрсөтөт. Үй камгында болуп туруп, Пабыл эркин кызмат кыла алган: «Кудайдын Падышачылыгы жөнүндө, Теңир Ыйса Машайак жөнүндө кайраттуулук менен айтып, тоскоолдуксуз окутуп жатты» [146]. Жүйүт жетекчилеринин (Элчилер иштеринин биринчи бөлүмүндө) жана римдиктердин (экинчи бөлүгүндө) каршылыгына карабастан Ыйык Рух жыйынга Машайактын Улуу тапшырмасын аткарууга күч берген.

---

[143] Элчилер ишери 16:23-39; 17:5-7; 17:13; жана 18:12-17
[144] Элчилер иштери 18:23
[145] Элчилер иштери 21:10-11
[146] Элчилер иштери 28:31

| Пабылдын кызматынын таблицасы<br>(Даталар болжол менен алынган.) | |
|---|---|
| **Дата** | **Окуя** |
| 33 | Кайрылуу |
| 35-46 | Арабия, Дамаск жана Сицилияда |
| 47-49 | Барнаба мене 1-чи саякат |
| | Галаттыктарда жазылган |
| 49 | Иерусалимдеги кеңеш |
| 50-53 | Сылас менен 2-чи саякат |
| | 1 жана 2 Тесалоникалыктарда жазылган |
| 53-57 | Сылас менен 3-чү саякат |
| | Римдиктерге жана 1, 2 Корунттуктарга каттарында жазылган |
| 57-59 | Кейсареяда камакта |
| | болуу жана Римге жол жүрүү |
| 60-62 | Римдеги үй камагы |
| | Түрмөдөн жазылган каттарды жазуу |
| 64-65 | Түрмөдөн бошонуу |
| | 4-чү саякат |
| | 1 Тиметей жана Титке каттарын жазуу |
| 66-67 | Акыркы камакка алынуу |
| | 2 Тиметейди жазуу |
| | Нерон тарабынан өлүм жазасына тартылуу |

## Элчилер иштери китеби бүгүн жыйындарда

Лука жазган Жакшы Кабар Ыйсанын жердеги кызматында Ыйык Рухтун маанилүүлүгүн көргөзгөн, Элчилер иштери китеби болсо – **Ыйык Рухтун жыйындагы кызматынын** маанилүүлүгүн көргөзөт. Алгачкы жыйындагы тажырыйбалардын кээ бирлерин Ыйык Рух жок эле туурай берсе болот. Биз Ыйык

Китепти өз күчүбүз менен изилдеп, жыйындын кызматын кандайдыр бир деңгээлде өткөрүп, жада калса кээ бир жышаандарды жана кереметтерди туурасак болот, бирок Ыйык Рух болбосо биздин арабызда эч качан Элчилер иштеринде болгондой окуялар болбойт.

Элчилер иштеринде **жыйындардын аралаш маданиятта өсүүсү** бүгүнкү күндө жыйындарга үлгү боло алат. Элүүнчү күн жаңы ишенгендерди Европадан (Рим), Асиядан (Парф жана Мидия) жана Африкадан (Египет менен Ливия) жаш жыйынга алып келген. Элчилер иштер китеби ушундай бири-биринен кескин айырмаланган маданияттардын башчылары «биргеликте» эмгектенгенин көрсөтөт. Келишпестиктер башталганда, жыйын Ыйык Рухтун жетеги менен көйгөйдү чечүүнү үйрөнгөн. Жакшы Кабардын максаты бүгүн да ошол бойдон – Ыйса Машайактын жакшы кабарын маданияттын чек араларынан ашып өтүп таратуу. Элчилер иштери бизге чыныгы ишенгендерди Ыйсанын денесине кошуп киргизген жыйындын үлгүсүн көрсөтөт.

Иерусалимде кеңешмеде кабыл алынган **эркиндик менен баарлашуу принциптери**, бүгүн бизге жыйында абийирге тиешелүү суроолорду чечүүдө үлгү болуп берет. Пабыл Римдиктерге 14 жана 1 Корунттуктарга 8де кайталагандай, машайакчылар эки катаны кылгандан качышы керек.

- Эркиндик принциби жеке ынанымдарыбызды башка ишенгендерге таңуулабоону талап кылат.
- Баарлашуу принципи алсыз бир тууганыбыздын алдында эркиндигибизди колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн качууну талап кылат. Ушундай өз ара момундук Машайактагы бир туугандардын ортосундагы тоскоолдуктарды алып салууга чоң жардам берет.

Куугунтукка туш болгон жыйындар үчүн, **алгачкы жыйындын каршылыкка карабай өсүүсү** - ишенимдүү болууга шыктандыруу. Кудай жыйындагы Өзүнүн миссиясын ишке ашыруу үчүн жыйындарга эптеп аман калууга жардам берүүнүн ордуна, шакирттерди Иерусалимден түртүп чыгаруу үчүн куугунтукту колдонгон. Биз Кудайга өзүбүн аркылуу иштегенге жол бергенде, Ал дүйнөдөгү каршылыкка карабастан Өзүнүн жыйынын курат.

## Корутунду

Элчилер иштеринде биз Иерусалимде коркунучка батып, олку-солку болгон шаркирттердин тобу, Римде жана андан ары жакшы кабар тараткан, жакшы кабарчылардын кайраттуу тобуна айланганын көрө алабыз. Элчилер иштери китеби бизге жыйында жана ал аркылуу иштеген Ыйык Рухтун күчүн көрсөтөт.

Ыйык Рухтун өзгөртүүчү күчүнө бирден бир улуу далил – бул 12 элчинин жашоосу. Ыйсаны кармаган убакта качып кеткен адамдардан, алар кайра тирилген Ыйса үчүн өлүүгө даяр болгон адамдарга айланышты. Элчилердин өлүмү жөнүндө

маалыматтардын кыскача жыйынтыгы Элүүнчү күнү болгон өзгөрүү жөнүндө күбөлөндүрөт. Шакирттер өзүнүн күбөлөндүрүүсүн кан менен бекитишкен.

- **Жакып**, Зебедейдин Уулу, Элүүнчү күндөн 12 жыл өткөндөн кийин эле Ирод Агрипа тарабынан өлүмгө дуушар болгон
- **Шымон Петир** айкаш жыгачка керилген. Ал өзүн Теңирине окшош өлүм менен өлүүгө татыксыз сезгендиктен, айкаш жыгачка башы менен ылдый каратып керүүнү суранган.
- **Андрей** Петирдин бир тууганы, Корунттун жанындагы Ахаяда айкаш жыгачка керилген.
- **Томас**, «ишенбеген Томастан» терең берилген адамга айлангандыктан, миссионердик кызмат менен Индияга барып, ал жактан азап чегүүчү болуп, кыязы найзадан өлгөн.
- **Филип** Фригияда айкаш жыгачка керилген. кадалган.
- **Матай** Эфиопиядагы Даварияда башы алынган.
- **Натанаел (Бартоломей)** алгач териси сыйрылып, анан айкаш жыгачка керилген.
- **Жакып Алпейдин уулу** айкаш жыгычка керилген.
- **Шымон Зилот** Египетте жана Персияда насаат айткандан кийин Сирияда айкаш жыгачка керилген.
- **Тадай**, Месопотамияда бутпарас дин кызматчыларга насаат айтып жаткан учурда таш баранга алынып өлгөн.
- **Матий**, Иуда Искариоттун ордун алмаштыруу үчүн тандалып алынган. Ал Эфиопияда жакшы кабар тараткан жана айкаш жыгачка керилип турган жеринен таш бараңга алынган.
- **Жакан** – өз өлүмү менен өлгөн жалгыз элчи, бирок ал көптөгөн жылдар бою Патмос аралында сүргүндө болгон.

Жыйынтыгында: «Кудай бүгүн жыйын аркылуу эмне кылгысы келет?» деген суроону карап чыгууңарды суранабыз. Элүүнчү күнү 120 шакирт болгон, ошол эле учурда Рим империясында болжол менен 45,000,000 адам жашаган. Адамдык көз караш менен караганда жакшы кабар таратуу ишин аткаруу мүмкүн эместей сезилген. Таң калыштуусу, биринчи кылымдын аягында жакшы кабар 120 Ыйык Рухка толгон ишенүүчүдөн, Римдин ар бир бурчуна таралган. Кудай бүгүн жыйын аркылуу эмне кылгысы келет?

## Сабактын тапшырмасы

Төмөнкү берилген тапшырмаларды аткарып, сабактан эмнени түшүнгөнүңөрдү көрсөткүлө.

1. Тапшырмалардын **бирин** тандап алгыла:

- Бул сабактын бетинде силерге алгачкы жыйында колдонулган жөрөлгөлөрдүн тизмеси сунушталган, силер алардын кайсынысы баяндоо, кайсынысы бүгүнкү күнгө тиешелүү көрсөтмө экенин тандашыңар керек болчу. Силер көрсөтмө деп эсептеген ар бир иш аракет үчүн, Ыйык Китептен аларды иш жүзүндө колдонуу керектигин так ырастаган, жок дегенде бир аят келтиргиле.
- Элчилер иштери 2-бөлүмдөгү Петирдин же Элчилер иштери 17-бөлүмдөгү Пабылдын насаатын колдонуп, элчилердин окуутусунун негизги темаларын жыйынтыктап эссе жазгыла.

2. Сабактын материалынын негизинде тест жазгыла. Тестте Ыйык Жазуудан жаттоо үчүн берилген аяттар бар.

## 4-сабак Тесттин

1. Эмне үчүн Эфес Пабылдын жакшы кабар таратуу стратегиясында маанилүү болгон?

2. Эмне үчүн Рим Пабылдын жакшы кабар таратуу стратегиясында маанилүү болгон?

3. Кайсы Рим императору алгачкы жыйынды куугунтуктоо менен байланышкан?

4. Эмне үчүн Элчилер иштери китебинин жазылган убактысы болжол менен 50 жылдардын аягы, 60 жылдардын башына туура келет?

5. Элчилер тараткан негизги кабардын – *керигманын* үч аспектисин санап бергиле.

6. Машаякчылыктагы эң биринчи азап чегүүчү ким?

7. Алгачкы жыйынды куугунтуктоо жакшы кабар үчүн кандай рол ойногон?

8. Эл аралык маданиятка ээ болгон, биринчи кылымда миссионердик кызматка жиберген негизги жыйын кайсы?

9. Иерусалим жаңы ишенип калган бутпарастарга койгон 4 талапты санап бергиле.

10. Пабыл менен Барнабанын ортосундагы келишпестик кандай жакшы жыйынтыктарга алып келген?

11. Элчилердин иштери 1:7-8ди эстеп жазгыла.

# 5-сабак
# Римдиктерге:
# Кудайдын адилдиги

## Сабактын максаты

Сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

1. Римдиктерге жазылган каттын жазылган убактысын жана максатын билүү.
2. Римдиктерге жазылган каттын негизги доктриналык окутуусун жыйынтыктагыла.
3. Жакшы кабар менен айыптоонун ортосундагы байланышты түшүнүшү керек.
4. Пабылдын билип туруп күнөө кетирүүдөн машайакчылык эркиндик жөнүндөгү окутууларын колдонуу.
5. Римдиктерге жазылган катты бүгүнкү күндүн муктаждыктарына байланыштыруу.

## Ушул Сабакка даярдануу

*Римдиктерге китебин окуп чыккыла.*

*Римдиктерге 1:16-17ни жаттагыла.*

## Киришүү

Ыйык Китептеги бир да башка китеп жыйындарга Пабылдын Римдиктерге жазган катындай чоң таасир берген эмес; үч улуу ойгонуу жараяны (процесси) ушул китептен башталган.

Рим империясынын кулоосун коштогон караңгы доордо, Августин машаякчылык жыйындардагы ойгонуунун башында турган. Ал күнөөнүн торунан кутулуусунда Римдиктерге китебине чоң маани берген; бул кат Августинди күнөөдөн боштондукка чыгарган Кудайдын күчү жөнүндө үйрөткөн.

> «[Римдиктерге] – бул жакшы кабардын өзү. Аны жөн гана сөзмө-сөз жаттап алууга караганда, жан дүйнөбүздү күнүмдүк нан катары азыктандырууга татыктуу. Бул кабарды көпкө окуп, анын үстүнөн көпкө ой жүгүртүү мүмкүн эмес. Адам анын үстүнөн канчалык көп ойлонсо, ал адам үчүн бул кат ошончолук кымбат болуп калат.»
> - Мартин Лютер,
> « Римдиктерге кириш сөз»

Ошол убакта, Римдик католицизм жыйынды ырым жырымдар жана жалган окутуулар менен кишендеп турганда, Мартин Лютер Римдиктерге 1:17ден, «Адил адам ишеними менен тирүү болот», – деп жазылгандай, Жакшы Кабарда Кудайдын адилеттиги ишеним аркылуу ачылып, ишенимге жеткирет» экенин билген. «Бул Пабылдын

үзүндүсү мен үчүн асманга дарбаза болуп калган» дейт ал [147]. Римдиктерге китеби Мартин Лютерди ишеним менен актаган Кудайдын күчүнө үйрөткөн.

18-кылымда Англияда өзүлөрүн машайакчыларбыз деп атаган адамдардын аз гана тобу куткарылганыңа толук жеке ишенимге ээ болуу мүмкүн деп эсептешкен. Джон Уэсли мындай толук ишенимге Римдиктерге катын изилдөө аркылуу ээ болгон, ал аркылуу бүгүнкү күнгө чейин таасирин тийгизген ойгонуу башталган. Римдиктерге каты Джон Уэслиге Кудайдын куткаруу берген күчүн түшүнүүгө жол ачкан.

## Римдиктерге китебинин тарыхый кырдаалы

### Жазылган убактысы

Римдиктерге жазылган кат Пабылдын үчүнчү миссионердик саякатынын убагында б.з. 57- жылдары жазылган. Балким Пабыл Корунтта болгон. Ал Римге бара элек болсо да каттын аягында элчи Римдеги жыйындын көп мүчөлөрүн тааныганын көрсө болот. Ал Римге барууга үмүттөнгөн, бирок алгач Кичи Асиядан чогулган курмандыктарды берүү үчүн Иерусалимге бара жаткан. Иерусалимде аны камакка алып, Римге кылмышкер катары жөнөтүшкөн.

### Жазылган максаты

Бул каттын жазылышына үч негизи себеп түрткү болгон: Рим жыйыны үчүн тынчсыздануу, Пабылдын алдыдагы кызматы тууралуу кооптонуулары, ошондой эле башкы максат – Кудайдын алдында кантип актана аларыбызды үйрөтүү.

1. **Шашылыш максаты** жүйүттөр да, бутпарастар да бар Рим жыйынына кайрылуу болгон. Римдеги жыйынды Иерусалимден Элүүнчү күндөн кийин кайтып келген жүйүттөр негиздеген болушу мүмкүн. Б.з.49-жылы император Клавдий жүйүттөрдү Римден кууп салган[148]; алар бир нече жылдан кийин Римге кайтып келгенде, жыйын Мусанын мыйзамдарын карманган жүйүт машайакчылар менен мыйзамдын чектөөлөрүнөн эркин бутпарас машайакчылардан турган. Пабыл жүйүттөрдөн жана бутпарастардан турган жыйынды толкунданткан суроолор жөнүндө жазган.

- Куткарылуу мыйзамды аткаруу аркылуу келеби?
- Кудайдын эли катары Ысрайылды эмне күтүп турат?
- Машайакчылар ар кандай ынанымдарга, мисалы тамакка тиешелүү талаптарга кандай мамиле кылышы керек?

2. Римдиктерге китебинин аягы Пабылга кат жазууга **жеке эмне түрткү** болгонун көрсөтөт. Ал Рим дүйнөсүнүн стратегиялык борборлоруна жетүүгө абдан ынтызар

[147] Roland H. Bainton, *Here I Stand: A Life of Martin Luther*. (Nashville, Abingdon Press, 1950), 49-50 келтирилген.
[148] Элчилердин иштери 18:2. Тарыхчы Светоний бул токтом жүйүттөрдүн арасында «Christos» деген сөздүн негизинде келип чыккан козголоңдун айынан болгонун жазат. «Christos» деген «Машайак» деген сөздүн латынча жазылышы; талаш-тартыштар жүйүттөр менен машайакчылардын ортосунда чыккан болушу мүмкүн.

болгон; Испания алардын бири эле. Римдиктерге жазылган кат Пабыл Римди Испанияда жакшы кабар таратуу үчүн иш алып бара турган база катары колдонууга ниеттенгенин көрсөтөт[149].

3. Пабылдын **башкы максаты** куткарылууга ээ болуунун жолун үйрөтүү болгон. Жүйүт машайакчылары куткарылууга мыйзамды аткаруу аркылуу эмес, ырайым менен гана ишеним аркылуу ээ болууга мүмкүн экенин түшүнүшкөн. Бутпарас машайакчыларга бул Кудай жүйүт элин алар аркылуу иштөө үчүн тандап алганы жөнүндө жана алар өздөрүн жүйүт бир туугандардан жогору койбош керектиги жөнүндө эскертүү болгон. Бардык ишенгендер жүйүттөр да, бутпарастар да Кудайдын ырайымы аркылуу гана акталат.

## Римдиктерге китебинин мазмуну

### Киришүү: Куткарылуу үчүн жакшы кабардын күчү (Римдиктер 1:1-17)

Кээде окурмандар китептин негизги бөлүгүн тезирээк окуп баштоо үчүн кириш сөздү өткөрүп жиберишет, бирок Ыйык Китепте киришүү да маанилүү. Бул Кудай тарабынан шыктандырылган сөз «үйрөтүү үчүн, ашкерлөө үчүн, оңдоо үчүн, адилетүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу» [150]. Пабыл кириш сөздө көбүнчө өзүнүн максаты тууралуу негизги маалыматты берет. Римдиктерге жазылган киришүүдө биз төмөнкүлөрдү жолуктурабыз.

- Жакшы кабар жөнүндө Байыркы Келишимде пайгамбарчылык кылышкан.
- Жакшы кабар Ыйсанын Машайак экенин жарыялайт. Ал:

  1. Дөөттүн Уулу болгон

  2. Кудайдын Уулу болгон

  3. Өлгөндөрдүн арасынан тирилген.

- Жакшы Кабар - бул ишенгендердин бардыгы үчүн куткарылуу күчү, жүйүттөр үчүн жана бутпарастарлар
- Жакшы Кабар ишенгендердин бардыгына Кудайдын адилдигин ачып берет.

**Сот жөнүндө насаат**

«Жакшы Кабар тараткан кызматчынын биринчи милдетти - Кудайдын Мыйзамын жарыялоо, анкени ал мектеп мугалиминин ролун ойнойт жана адамды Ыйса Машайактагы түбөлүк өмүргө алып келет.»
- Мартин Лютер

«Сүйүү, ырайым жана мээрим жөнүндө жакшы кабар айтуудан мурун мен күнөө, мыйзам жана сот жөнүндө жакшы кабар айтышым керек.»
- Джон Уэсли

«Алар адилеттүү жана ыйык Мыйзамдын алдында калтырап турбаса, ырайымды эч качан кабыл алышбайт.»
- Чарльз Сперджен

«Эгер алгач айыпталыш үчүн Мусага барбасак, акталыш үчүн Машайакка келе албайбыз.»
- Джон Стотт

[149] Рим. 15:22-29
[150] 2 Тим. 3:16

**Сот аркылуу көрсөтүлгөн Кудайдын адилдиги (Римлянам 1:17-3:20)**

► Кудайдын соту кантип жакшы кабардын «жагымдуу кабары» болуп калат?

Пабыл «жаман кабардан» баштайт: Кудайдын алдында адамзат толугу менен айыпталган.

Пабыл **1:17-32де** «Өлбөс Кудайдын даңкын жок боло турган адамдын, канаттуулардын, жаныбарлардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн бейнесине алмаштырышкан» бутпарастардын күнөөлөрү жөнүндө жазат[151]. Бул бөлүмдө ал жүйүт окурмандарынын көз карашы боюнча «бутпарастардын» күнөөлөрү катары каралган буркандарга табынуу, бачабаздык, киши өлтүрүү жана ырайымсыздык ж.б. жөнүндө айтат. Пабыл бул күнөөлөр өлүмгө татыктуу экенин эскертет.

**2:1-16да** Пабыл адеп-ахлакты үйрөтүүчү жөнүндө сөзгө өтөт. Бул «жакшы адам» бутпарасты соттойт (биринчи бөлүмдө), бирок өзү да ошондой эле күнөө кылат.

Пабыл **2:17-3:8де** өзүнүн жүйүт угуучуларына кайрылат. Бир нече риторикалык суроолор менен ал «мыйзамдын алдында күнөө кылган» жүйүттү соттогон Кудайдын адилдигин коргойт.

Пабыл **3:9-20да** ал «бир да адил адам жок»: адамзаты толугу менен айыпталган деген жыйынтык чыгарат[152].

**Куткарылууда көрүгөн Кудайдын адилдиги (Римдиктерге 3:21 – 8:39)**

Айыпталуу жөнүндөгү жаман кабардан кийин Пабыл биз Кудай тарабынан иштерибиз менен эмес, «Ыйса Машайакка болгон ишеним аркылуу бериле турган адилдик» аркылуу акталабыз деген жакшы кабардын жагымдуу кабарына өтөт[153]. Пабыл Кудайдын адилдиги куткарылууда жана ишенген адамдын өзгөрүлүүсүндө кантип айкын болгонун көрсөтөт.

***Ишеним аркылуу гана акталуу (Римдиктер 3:21-5:21)***

Ыбрайым ишеним аркылуу гана акталгандай эле, биз дагы иштерибиз менен эмес, ишеним менен акталабыз. Биз Ыйсанын өлүмү аркылуу тартууланган кун төлөп куткаруучу курмандык аркылуу Кудай менен чындыкта боло алабыз. Ал аркылуу биз даңкка ээ болуу үмүтүнө кубанабыз жана өмүргө ээ болобуз. Пабыл жүйүттөрдүн да, бутпарастардын да, Кудай тарабынан Ыйса Машайак аркылуу берилген ырайымдан башка мактанууга себеби жок экенин көрсөтөт. Кудайдын адилдиги Анын адамзатка берген баа жеткис ырайымында ачылган.

---

[151] Рим. 1:23
[152] Рим. 3:10
[153] Рим. 3:22

### *Акталуу жана күнөө (Римдиктерге 6:1-23)*

Пабылдын ырайымдын күчү жөнүндөгү кубанычтуу күбөлөндүүрүсүн укканда окурман: «Ырайым көбөйүшү үчүн биз күнөөдө бололубу?» – деген суроо бериши мүмкүн. Кимдир бирөө Пабылдын ырайым тууралуу окутуусу жөнүндө талашып-тартышып, бул билип туруп күнөөдо жашоого алып барат деши мүмкүн. Пабыл ишенимдүү түрдө: «Андай болбойт! Биз күнөө үчүн өлгөнбүз: кантип дагы деле күнөөдө жашай беребиз?» дейт. Ыйсанын атынан чөмүлдүрүлгөнүбүздө, биз күнөө үчүн өлөбүз; ырайымда болуу менен биз эми анын бийлиги астында жашабайбыз. Биздин денелерибиз мыйзамсыздыктын куралы болбой калат: биз адилдиктин кызматчылары болуп калышыбыз үчүн куткарылуу күчү аркылуу алар Кудайга берилген. «…өлгөндөрдүн арасынан тирилгендер катары өзүңөрдү жана дене мүчөлөрүңөрдү Кудайга адилеттиктин куралы катары бергиле». Кудайдын адилдиги Анын күнөөдөн куткаруучу күчү аркылуу ачылып берилген.

### *Күнөө жана мыйзам (Римдиктерге 7:1-25)*

► Римдиктер 7 бөлүмдү окугула. Бул бөлүмдө ким сүрөттөлгөн?

Акталууну Кудайдын ырайымы менен Андан бекер алып, эми биз «байыркы тамганын негизинде эмес, жаңыланган рух менен» кызмат кылабыз [154]. Жүйүт окурманы Пабылга: «Сен эмне жөнүндө айтып жатасың? Мыйзам – күнөөбү?» деген суроо бере алмак. Пабыл: «Таптакыр андай эмес», – деп жооп берет. Күнөөнү аныктоо менен ал бизде болгон күнөөнүн реалдуулугун жана ага болгон каалообузду ойготот. Кудай бизге жакшылыкка берген мыйзам жамандыктын куралы болуп калды.

Пабыл бул принципти Римдиктерге катында эң көп талаш жараткан бөлүмдөгү үзүндүдө көрсөтөт. Римдиктерге 7:7-25ти чечмелөөнүн үч негизги жолу бар:

1. **Машайакчынын кадимки жашоосунун сүрөтү**. Көпчүлүк реформаторлор Пабыл Кудайдын мыйзамын аткарууну каалаган, бирок аны аткарууга жөндөмдүү эмес ишенүүчү адамдын жашоосун сүрөттөйт деп талашып келишкен. Бирок Римдиктер 4-6да: «Бизде Кудайдын тынчтыгы бар… Ал бизди күнөөдөн куткарган...» деген акталган жашоонун кубанычтуу сүрөтүн – Римдиктерге 7деги: «Мен бир байкуш адаммын! Өлүмгө дуушар кыла турган ушул денеден мени ким куткарат?» деген жүк менен шайкеш келтирүү кыйын.

2. **Ыйыкталбаган ишенүүчүнүн сүрөтү**. Уэслинин кээ бир жолдоочулары, Пабыл акталган, бирок толук ыйыкталбаган ишенүүчүнү сүрөттөгөнүн божомолдошкон. Бул ойду дагы деле Кудай менен тынчтыкта жашаган жеңиштүү ишенүүчүнүн сүрөтү менен салыштыруу кыйын.

3. **Ойгонгон күнөөкөрдүн сүрөтү**. Алгачкы жыйындын аталары бул бөлүмдү Пабыл мыйзамды өзүнүн күчү менен аткарууга аракет кылып жүргөндө

---

[154] Рим. 7:6

ишенимге кайрылуунун алдындагы абалын сүрөттөгөн деп карашкан. Бул өзүнүн муктаждыгын түшүнгөн, бирок дагы эле ишеним аркылуу ырайым менен актала элек күнөөкөрдүн сүрөтү. Бул адам адилдикти издейт, бирок Римдиктер 8:1деги: «Ошентип, азыр Машайак Ыйсанын ичинде күнөөкөр табияты боюнча эмес, Рух боюнча жашап жаткандарга эч кандай айып коюлбайт» деген кубанычты татып көрө элек.

### *Ыйыкталуу: Рухтагы жашоо (Римдиктерге 8:1-17)*

Римдиктер 7-бөлүмдөгү күрөшкө болгон жооп – бул Рухтун күчү, «Анткени Машайак Ыйса аркылуу өмүр берүүчү Рухтун мыйзамы мени күнөөнүн жана өлүмдүн мыйзамынан бошотту»[155]. Өз күчүбүз менен мыйзамды аткаруу аракетинен көңүл калуунун ордуна, Рух бизге башка куралдарды берет: «Анткени күнөөкөр табиятыңардын каалоосу боюнча жашасаңар, анда өлөсүңөр. Ал эми күнөөкөр табияттын иштерин Рухтун жардамы менен өлтүрсөңөр, анда тирүү болосуңар»[156]. 8-бөлүмдөгү жеңиштүү ыргак, Римдиктер 7-бөлүмдөгү күрөшкө бир топ карама-каршы келет. Эмне үчүн? «Ошол Рухтун Өзү биздин рухубузга Кудайдын балдары экенибизди күбөлөндүрүп жатат». Римдиктерге 7-бөлүмдөгү күрөш эмес, дал ушул жеңиштүү жашоо машайакчынын жашоосунун үлгүсү.

Биз өзүбүздүн күчүбүз менен жеңиштүү өмүр сүргөн жокпуз, күнөөнүн кулчулугунан бошоткон[157] жана куткарылганыбызга кепилдик берген[158] Ыйык Рухтун күчү менен жашайбыз; Ыйык Рух бизди куткарылган жашообузда багыттайт[159]. Ишенген адам *толугу менен* Ыйык Рухтун күчү менен жашайт.

### *Ишенимдүү үмүткө ээ болуу (Римдиктер 8:18-39)*

Пабылдын куткарылуу жөнүндөгү окутуусунун туу чокусу – бардык ишенүүчүлөрдү күтүп турган даңкка салтанат куру. Пабыл: «Анткени келечекте биздин ичибизде ачыла турган даңкка салыштырганда, азыркы учурда тартып жаткан азаптар эч нерсе эмес деп ойлойм» – деп жазат. Ал өзүнүн окурмандарын шыктандырып, Кудай бардыгын биз үчүн жакшылыкка айландырарын айтып «Анын үстүнө, Кудайды сүйгөндөргө, Анын каалоосу боюнча чакырылгандарга бардык нерсе жакшылыкка болорун билебиз» – дейт. Ошондой эле ал биздин үмүтүбүз куткарылууну мүмкүн кылган Кудайдан келерин «Эгерде Кудай биз тарапта болсо, ким бизге каршы чыга алат?»

Кудай бизди актайт жана сактайт. Пабыл биз Анын балдары болуп калганыбыздын кепилдигине кубанат. «Анткени Кудайдын Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу

---

[155] Рим. 8:2
[156] Рим. 8:13
[157] Рим. 8:2
[158] Рим. 8:15-16
[159] Рим. 8:26

көрсөткөн сүйүүсүнөн бизди өлүм да, өмүр да, периштелер да, жогоркулар да, күчтөр да, азыркы учур да, келечек да,

бийиктик да, тереңдик да, жаратылган эч бир нерсе ажырата албастыгына толук ишенемин».

**Кудайдын тандоодо көрүнгөн адилдиги (Римдиктер 9:1-11:36)**

Пабылдын окуутусуна кызыккан адам: «Анда Ысрайыл кандай болот? Кудай Өзүнүн тандап алган элине берген убадасын аткарбай койдубу? Деген суроо бериши мүмкүн. Римдиктер 9-11де Пабыл Ыбрайымдын тукуму этникалык тамыры менен эмес, ишеним менен аныкталганын түшүндүрөт[160]. Кудай Ысрайылды унуткан жок, бирок ал башка элдерди баталаш үчүн Өз жумушун ал *аркылуу* кылган. Бул убада Ыбрайымга берилген[161] жана Ысрайыл пайгамбарлары тарабынан жарыяланган[162], эми болсо бутпарастардын арасына ишке ашып жатат[163]. Кудай бутпарастарды баталаганы Ысрайылды четке какканын билдирбейт; Ысрайылга карата Анын максаты аткарылат.

Римдиктерге 9-11де Ысрайылдын ишенбестиги жөнүндөгү көйгөй үч чындык менен айтылат[164].

- Кудайдын убадалары *дайыма* ишенүүчүлөргө берилген. Ысрайылга **мурун** берилген убадалар бутпарастарга жана Ысрайылдын ишенимдүү калдыгына берилген (9:6-29).
- Ысрайыл ишенбестиги үчүн четке кагылган. **Азыркы убакта** бутпарастар ишенимден келген адилдикке ээ болушту, ал эми Ысрайыл адилдике ээ болгон эмес, анкени алар адилдикти мыйзамдын иштери менен издешкен (9:30-10:21).
- Ысрайылдын четке кагылуусу убактылуу, биротоло эмес. Кудай Өз убадаларын унуткан жок. **Келечекте** Кудайга ишеним менен кайрылганда бүт Ысрайыл куткарылат (11:1-36).

Пабыл бул бөлүмдү даңктоо сөздөрү менен Кудайды чексиз акылмандуулугу, билими, ой жүгүртүүсү жана жолдору үчүн даңктап бүтүрөт[165]. Биз Анын жолдорун акырына чейин толук түшүнө албашыбыз мүмкүн, бирок биз Анын ырайымына жана адилдигине ишеним арткандыктан Аны даңктайбыз. Биз «Анткени бардыгы Андан, Ал аркылуу жана Ал үчүн» экенин билебиз[166]. Анын жолдору мактоого татыктуу.

[160] Рим. 9:6-8
[161] Башталыш. 12:3
[162] Ышая 56:1-8 көп мисалдардын бири
[163] Рим. 11:11
[164] William M. Greathouse and George Lyons, *Romans: A Commentary in the Wesleyan Tradition*. Beacon Hill Press, 2008. Ыңгайлаштырып келтирилген.
[165] Рим. 11:33-36
[166] Рим. 11:36

**Кудайдын адилдиги ишенүүчүнүн жашоосунан көрүнөт (Римдиктерге 12:1-15:13)**

Пабылдын богословиеси дайыма иш жүзүндө колдонуулуучу богословие. Пабылдын бир нече каты эки чоң бөлүмгө бөлүнөт. Биринчи бөлүмдө Пабыл биз эмнеге ишенерибизди үйрөтөт, экинчисинде болсо – кандай жашашыбыз керектигин үйрөтөт. Бул үлгүнү Римдиктерден да көрө алабыз.

- **доктрина**. Пабыл адам Кудайдын алдында кантип акталарын үйрөтөт (Римдиктер 1-11).
- **колдонуу**. Пабыл адил адам Кудай үчүн кантип жашай аларын үйрөтөт (Римдиктер 12-16).

Римдиктерге 12-15, Римдиктерге 1-11деги принциптер күнүмдүк тажрыйбада кантип колдонулганын көрсөтөт. Римдиктерге 12-бөлүмдө Пабыл өзүнүн окурмандарынан өздөрүн Кудайга тирүү курмандык катары берүүсүн суранат. Кудайдын адилдиги жашоонун бардык тараптарын өзгөрткөн акталуудан жана ыйыктоодон көрүнөт. Денесинин каалоосун аткарбастан, Рухта жүргөн адам аркылуу Кудайдын адилдиги күн сайын көрүнүп турат. Пабыл ушул жаңы жашоонун бир нече тажырыйбалык тарабын аныктайт:

- Биз өзүбүздүн руханий жөндөмдүүлүктөрүбүздү башкаларга кызмат кылуу үчүн колдонобуз (Рим. 12:3-8).
- Биз башкаларга алар чыныгы машайакчылыкты көрө алгыдай мамиле кылабыз (Рим. 12:9-21).
- Биз башкаруучуларга баш ийебиз (Рим. 13:1-7).
- Биз мыйзамды сүйүү аркылуу аткарабыз (Рим. 13:8-14).
- Биз жакыныңды соттобо деген эркиндик принципин тажырыйбада колдонобуз (Рим. 14:1-12).
- Биз алсыз жакыныбыздын мүдүрүлүүсүнө себеп боло турган иш-аракетти кылбай, сүйүү принцибин тажырыйбада колдонобуз (Римдиктер. 14:13-14:23).
- «Ыйык Рухтун күчү менен үмүткө ээ болууда» Ыйсанын үлгүсүн туурайбыз (Римдиктер. 15:1-13).

**Корутунду (Рим. 15:14-16:27)**

Акырында Пабыл Испанияга бара жатып Римге да барып кетери жөнүндөгү өзүнүн планы менен бөлүшөт. Ал Рим империясынын борбору, анын Испания үчүн кампаниясынын базасы болуп каларына үмүттөнүп, кызматташтарына саламын айтат; бул Пабылдын каттарында кадимки көрүнүш болгон. Ал каттарын эми «айкын болуп

калган» [167] «жашыруун сырды ачканы үчүн» Кудайды даңктаган мактоо сөздөр менен бүтүрөт. Ачыкка чыгарылган жашыруун сыр – жакшы кабар, бардыгына арналгандыгы жөнүндөгү кубанычтуу кабар. Кудайдын адилдиги «ишенимден ишенимге» ачылган: ишенип калгандардын бардыгы куткарылат.

## Римдиктерге жазылган кат бүгүн жыйындарда

Римдиктерге китеби бүгүнкү күндө жыйындарды **так доктринанын маанилүүлүгүнө** үйрөтөт. Пабыл бул катты катардагы машайакчыларга жазганын эсиңерден чыгарбагыла. Ал убакта машайакчыларга Ыйык Китептин чындыгынын күчтүү тамагын сиңире албаган алсыз ымыркайга жасагандай мамиле кылышкан. Римдиктерге каты ишенүүчүлөргө терең доктриналарды үйрөтсө болорун көрсөтөт.

Римдиктерге китеби бүгүнкү күндө жыйындарда **доктриналарды күнүмдүк жашоодо колдонуунун маанилүүгүн** үйрөтөт. Пабыл доктринага акыл-эс таймашын уюштуруу үчүн гана кызыкпаганын көрсөтөт: анын максаты ишенген адамдын жашоосун өзгөртүү.

Римдиктер 1-11деги улуу чындыктан кийин Пабыл: «Ошондуктан… силерден өтүнөмүн..» [168] деп улантат. «Ошентип» деген ал буга чейин айткан менен айта турганын байланыштырат. Биз муну башкача сөздөр менен айтсак болот. «Ушул чындыктар үчүн (акталуу, ыйыкталуу жана тандоо) мен силерди өзүнөрдү ушул баталарды бере алган Кудайга тирүү курмандык катары берүүгө чакырам… Мына бул өзгөрүлүү күнүмдүк жашоодо ушундай көрүнөт». Андан кийин Пабыл Римдиктер 12-15де бул өзгөрүүнү тажырыйбада колдонуу жөнүндө айтат. Туура доктринаны кармануу жетиштүү эмес, биз күн сайын ошол доктринаны аткарып жашашыбыз керек.

## Корутунду

1738-жылы 24-май шаршемби күнү Джон Уэсли Лондондогу Алдерсгейт көчөсүндөгү моравдык бир туугандардын чогулушуна барган. Уэсли көп жылдар бою куткарылууга кепилдикти изденип жүргөн. Өзүнүн замандаштары сыяктуу эле, ал акталуу адамдын адил өмүр сүрүү мүмкүнчүлүгүнө негизделгенине ишенген. Мартин Лютердин Римдиктерге катына жазган кириш сөзүн окуп жаткан Уильям Холланды угуу Уэсли өзгөрүлүүгө ээ болгон. Кийин ал мындай деп жазган:

> Кечинде мен Алдерсгейт көчөсүндөгү чогулушка баргым келбей жатып бардым, ал жактан Лютердин Римдиктерге катына жазган кириш сөзүн окуп жатышкан. Болжол менен тогузга он беш мүнөт калганда, Ыйсага болгон ишеним аркылуу Кудай жүрөгүбүздө кылган

«Ал **менин** ( жада калса **менин!!!**) күнөөлөрүмдү алып кеткенине жана **мени** күнөөнүн жана өлүмдүн мыйзамдарынан куткарганына толук ишендим».

[167] Рим. 16:25-26
[168] Рим. 12:1

> өзгөрүүлөрдү сүрөттөп жатканда, мен жүрөгүмдө кандайдыр бир жылуулукту сездим. Мен ишенеримди сездим, куткарылуу үчүн Машайак жетиштүү экенин, жана **Ал менин (жада калса менин!!!) күнөөлөрүмдү алып кеткенине жана мени күнөөнүн жана өлүмдүн мыйзамдарынан куткарганына толук ишендим**[169].

Ошол түнү Джон Уэсли Римдиктер 1:17деги «Адил адам ишеними менен тирүү болот» деген чындыкты түшүнгөн. Бул улуу чындык Англия аркылуу бүт дүйнө жүзүнө тараган ойгонуу толкунуна түрткү болгон.

## Сабактын тапшырмасы

Төмөнкү берилген тапшырмаларды аткарып, сабактан эмнени түшүнгөнүңөрдү көрсөткүлө.

1. Кийинки тапшырмалардын ичинен **бирөөнү** тандагыла.

- Ишеним аркылуу гана акталуу деген тема боюнча насаат же библиялык сабак даярдагыла. Ал колго жазылган же басып чыгарылган 5-6 бtouрактан турса болот, же библиялык сабактын же насааттын аудио жаздыруусу болушу мүмкүн.
- Бир баракка Римдиктерге 1-11дин доктриналдык окутуусун жана Римдиктерге 12-16нын тажырыйбалык колдонуусун чагылдырган Римдиктерге катынын планын жазгыла. Ал Ыйык Китепти изилдөө боюнча түшүндүрмөлөрдөн же китептерден алынган план эмес, силердин өзүңөрдүн планыңар болушу керек.

2. Сабактын материалынын негизинде тест жазгыла. Тестте Ыйык Жазуудан жаттоо үчүн берилген аяттар бар.

---

[169] *Джона Уэслинин күбөлүгү*. - Май 24, 1738.

## **5-сабак Тесттин**

1. Римдиктерге катынын жазылышынын үч максатты атап бергиле.

2. Римдиктерге катынын киришүүсүндө жазылган Жакшы Кабар жөнүндөгү 4 чындыкты санап бергиле.

3. Римдиктерге 1-3тө айыпталган адамдардын үч түрүн санап бергиле.

4. Пабыл Римдиктерге 6-бөлүмдө ырайым көбөйүш үчүн биз күнөөдө жашашыбыз керекпи деген суроого кандай жооп берет?

5. Римдиктерге 7:7-25тин кайсы үч чечмелөөсү бар?

6. Пабыл Ысрайлдын ишенбестиги жөнүндөгү үч көйгөйгө үч чындык менен жооп берет. Аларды санап бергиле.

7. Римдиктерге 12-15 боюнча Кудайдын адилдигин тажырыйбада кантип колдонсо болорун көрсөткөн ыкмаларды санап бер.

8. Римдиктерге 1:16-17ни эстеп жазгыла.

# 6-сабак
# Корунттуктарга жана Галатиялыктарга: көйгөйлүү жыйындарга кат

## Сабактын максаты

Сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:

1. 1, 2 Корунттуктарга жана Галатиялыктарга каттарынын жазылган убактысын жана максатын билүү.
2. 1, 2 Корунттуктарга жана Галатиялыктарга каттарынын негизги темаларын белгилей билүү.
3. 1 Корунттуктарга катынын чечмелениши менен байланышкан учурлардын маанилүүгүн түшүнүү.
4. Мыйзам менен машайакчынын ортосундагы мамилени талкуулоо.
5. Легализмдин библиялык аныктамасын билүү.
6. Алгачкы жыйындагы келишпестиктерди жана түшүнбөстүктөрдү аныктоо.
7. Бул китептердин кабарын бүгүнкү күндүн муктаждыктары менен байланыштыруу.

## Ушул Сабакка даярдануу

*1, 2 Корунттуктарга жана Галатиялыктарга каттарын окуп чыккыла.*

*1 Корунттуктарга 1:20-21 жана Галатиялыктарга 5:22-23тү жаттагыла.*

## Киришүү

Заманбап окурмандар кээде алгачкы жыйын олуттуу маселелерге туш болгон эмес деп божомолдошот. Биз: «Бардыгы биримдикте жана ойгонуу абалында болгон алгачкы жыйындын заманында жашасак кандай сонун болмок», – деп ойлойбуз. Пабылдын Корунттуктарга жана Галатиялыктарга жазган каты таптакыр башка сүрөттү көрсөтөт. Биринчи кылымдагы жыйындар жалган окутуулар, жыйын мүчөлөрүнүн арасындагы күнөө, маанилүү библиялык окутууларды түшүнбөө, жыйындагы бийлик менен тартип боюнча суроолор менен күрөшүшкөн. Башкача айтканда, бул китептер бүгүнкү дүйнөгө аябай окшош дүйнөнү көрсөтүшөт. Ушул себептен көйгөйлүү жыйындарга жиберилген каттар, жыйырма биринчи кылымдагы көйгөйлүү жыйындарды үйрөтө алат.

## 1 Корунттуктарга

### Автору жана жазылган убактысы

Корунт – Эгей жана Иония деңизинин ортосундагы мойнокто жайгашкан порт шаары болгон. Порт жүктөрүн мойнок тарабынан жүктөшүп, кургактыктын ичке сызыгы менен алып өтүшкөн жана аркы беттен кемелерге жүктөшкөн. Корунттун стратегиялык жайгашуусу жакшы кабар таратууга чон мүмкүнчүлүктөрдү берген. Кемечилер алардын кемелерине жүк жүктөп бергенче, ушул шаарда күтүп турушкан; бул бардык империядагы адамдарга жакшы кабар айтууга мүмкүнчүлүк берген.[170]

Б.з. 50-жылдары Пабыл экинчи миссионердик саякатында Корунт жыйынын негиздеген[171]. Пабыл Римдик эки машайакчы Акила жана Прискила менен он сегиз ай Корунтта жакшы кабар айтып жүрүшкөн. Ал синагогадагы насааттарынан баштаган; ал жактан аны кууп жиберишкенде, ал жакын жердеги жеке менчик үйгө көчүп барган. Көпчүлүк корунттуктар, анын ичинде синагоганын башчысы жакшы кабарга жүрөктөрүн ачышкан.

Пабыл 1 Корунттуктарга катын беш жыл өткөндөн кийин жазган. Кат анын үчүнчү миссионердик саякатынын убагында Эфесте жазылган [172] . Анда Пабыл Корунт жыйынында пайда болгон көйгөйлөргө тиешелүү көрсөтмөлөрүн жазган[173]. Ал дароо Корунтка бара алган эмес, ошондуктан бул катты жазып, катты алып барып, ошол жакта болгон учурда жыйынды бага турган Тиметейден берип жиберген.

### Каттын стили

1 Корунттукарга каттын бир жагынан чечмелөө жеңил, башка жагынан болсо – кыйын. Жеңил болгон себеби – ал «күтүлбөгөн жерден жазылган кат» – белгилүү бир абалга (же кырдаалга) жооп болгон. Ушул мааниде ал жөнөкөй жана татаал богословиялык жыйнак эмес; Пабыл белгилүү бир көйгөйлөр жөнүндө жазат.

Бирок бул кат татаал болушу да мүмкүн, анткени биз Пабылдын жыйын менен кат жазышканынын бир тарабын гана көрө алабыз. Бул катта Пабылдын көйгөйгө болгон реакцияларын жыйынтыктап чечмелеген кыйын болушу мүмкүн.

Пабыл Корунтта жаралган суроолорго кандай жооп бергенин эки мисалдан көрсө болот. 1 Корунттуктарга 7:1 мындай деп башталат «Ал эми силердин мага жазып жибергениңер жөнүндө айтарым бул», – андан кийин Пабыл, балким, каттан алынган «эркектин аялга жакындабай эле койгону жакшы» деген фразаны жазат. Андан кийин элчи эркектер менен аялдар жыныстык мамиледен качканы жакшы деп улантат: «Бирок ойноштук болбош үчүн, ар бир эркектин аялы, ар бир аялдын күйөөсү болсун», – дейт.

---

[170] Карта https://www.bible-history.com/ сайтынан алынды
[171] Элчилер иштери 18:1-18
[172] 1 Кор. 16:8
[173] 1 Кор. 4:17

1 Корунттуктарга 8:1ди ал мындай деп баштайт: «Буркандарга багышталган тамак-аш жөнүндө баарыбыз эле билебиз…», андан кийинки фраза, балким, алардын катынан алынган: «Анткени баарыбызда эле билим бар». Пабыл «билим адамды текебер кылат, ал эми сүйүү адамдын акылына акыл кошот», – деп жооп берет [174]. Биз Корунттуктарга жазылган катты окуганыбызда, кат алышкандардын бир тарабын гана көрө алабыз; кээ бир учурларда каттагы Пабылдын кеңештери менен корунттук ишенгендерге тиешелүү цитаталарды айырмалап кароого туура келет.

**Максаты**

Пабылдын Корунттуктарга жазган биринчи каттын жазууга жыйындын көйгөйлөрү жөнүндө үч жетекчинин кабары түрткү болгон [175]. Степан, Портунат жана Ахайик жыйындагы бөлүнүүлөр, көз көрүнөө күнөө кылууга көңүл коштук, Пабылдын элчилик аброюна күмөн саноо жөнүндө айтып беришкен. Пабыл 1 Корунттуктарга каттын бул көйгөйлөргө жооп катары жана ошондой эле корунттук ишенгендердин суроолоруна жооп берүү үчүн жазган.

**1 Корунттуктарга катынын мазмуну**

Пабыл киришүүдө өзүнүн аброюн бекемдейт: «… Ыйса Машайактын элчиси», – андан кийин корунттук ишенгендерге алар «Машайак Ыйса аркылуу ыйыкталган жана ыйыкталууга чакырылган…» адамдар экенин эстетет[176]. Андан кийин ал корунттуктар Кудайдын чакыруусуна ылайык Анын эли сыяктуу жашабай жатканына тиешелүү бир нече көйгөйгө көңүл бөлөт.

***Бөлүнүү (1 Кор. 1-4)***

Пабыл Корунтта жыйын негиздеген. Таланттуу чечен Аполос ал жакта шакирттер Акила жана Прискиланын насааттарынан кийин жакшы кабар айткан [177]. Балким Петир Корунтка барып кеткен[178]. Корунттагы жыйын бөлүнүп кеткен жана ар бир топ өзүнүн насаатчысын жетекчибиз деп жарыялаган. Алардын кээ бири кайчы пикирлерден тышкарыбыз деп: «Мен Машайактыкмын» дешкен. Бирок жада калса бул топ дагы момундук менен эмес, текебердик менен жетектелген[179].

1 Корунттуктарга катындагы мындан аркы талкууланган суроолор, бул бөлүүнү ансыз да жума сайын өткөн алсыз табынууларга жана Кечки тамакка таасирин тийгизгенин көрсөтөт. Мындан сырткары, балким бул бөлүнүү жыйындагы жыйын мүчөлөрүнүн көз көрүнөө күнөө кетиргенине көңүл коштук кылуу үчүн түрткү болуп калган.

[174] 1 Кор. 8:1
[175] 1 Кор. 16:17
[176] 1 Кор. 1:1-2
[177] Элчилер иштери 18:27
[178] 1 Кор. 9:5
[179] 1 Кор. 1:10-12

Пабыл катты өзүнүн кызматын коргоо менен баштайт. Аполоско тиешелүү экенин жарыялаган кээ бирөөлөр Пабылдын элчилик абройун четке кагышкан жана анын көрүнүксүз сырткы келбетин жана сүйлөгөн сөздөрүн шылдыңдап күлүшкөн. Пабыл жыйындагы көйгөйлөргө кайрылуу үчүн негиз куруп алуу максатында өзүнүн элчилик абройун коргогон. Пабыл руханий ата катары өзүнүн «сүйүктүү балдарын» [180] алардын кетип бара жаткан ошол жолунда таштап коё алмак эмес, ошол себептен ал кызматын күчтүү коргоо менен баштайт: «Кудайдын каалоосу менен Ыйса Машайактын элчиси болууга чакырылган Пабыл…»[181].

Кээ бир жыйын мүчөлөрү Пабылдын жөнөкөй сүйлөгөнүн Аполостун көрүнүктүү чечендиги менен салыштырышкан. Пабыл мындай деп түшүндүрөт: «мен силерге барганымда Кудайдын күбөлөндүрүүсүн чечендик же адамдык акылмандык менен жарыялаганы барган эмесмин» [182] жана «… мен сөз сүйлөгөндө жана насаат айтканда, адамдык акылмандык менен айтылган ишендирерлик сөздөргө эмес, Кудайдын Рухуна жана күчүнө таяндым». Пабыл Аполоско каршы чыкпайт[183], бирок анын Корунттагы кызматы анын кабары аркылуу эмгектенген Ыйык Рухтун күчүнө негизделгенин көрсөтөт. Корунттуктар адамдык акылмандыкты даңкташат, Пабыл болсо аларды жакшы кабарга кайтып келүүгө чакырат.

***Адеп-ахлаксыздык (1 Корунттуктарга 5-6)***

► Жыйын жетекчилери жыйын мүчөлөрүнүн арасындагы көз көрүнөө күнөө менен кантип күрөшүшү керек?

Бурkандарга табынуунун бир бөлүгү сойкулук болгон бутпарас ийбадатканаларга толгон Римдин порт шаары Корунт, жыныстык бузукулугу менен белгилүү болгон. «Корунтташуу» деген термин адамдын адеп-ахлактык жагынан бузулуусун билдирген.

Корунт жыйыны өзүнүн өгөй энеси менен бузукулук мамиледе болгон жыйындын мүчөсүн жазоолодон баш тарткан: мындай жүрүм-турум жада калса бутпарастар тарабынан да айыпталган[184], бирок жыйын ушунчалык текеберденип кеткендиктен, бул көйгөйдү чечүүдөн баш тарткан.

Пабылдын насааттары жыйындагы туура тартипти түшүнүү үчүн маанилүү. Элчи күнөө кылган адам күнөөсүн мойнуна алат деген үмүт менен аны кууп жиберүүнү талап кылат[185]. Жыйын өзүнүн мүчөлөрүнүн арасындагы күнөөлөрдү соттош керек, ошондой эле күнөөкөр кыймыл аракеттерге жакшы кабарга көлөкөсүн түшүрүүгө жол бербеши керек. Пабыл ишенбегендердин же ишенимден четтеп кеткендерин иш-аракеттери жөнүндө айтпайт; ал активдүү жыйын мүчөлөрү жөнүндө айтат.

---

[180] 1 Кор. 4:14-15
[181] 1 Кор. 1:1
[182] 1 Кор. 2:1-4
[183] I Кор. 16:12 Пабыл менен Аполос биргеликте Асман Падышалыгы үчүн кызмат кылганын көрсөтөт.
[184] 1 Кор. 5:1
[185] «Шайтанга тапшыргыла» деген кыязы жыйындан чыгарып салууну билдирет. Адам жыйындан сырткары болгондо дүйнөдө – шайтандын аймагында болот.

Ушуга байланыштуу Пабыл ишенгендердин арасындагы сот териштирүүлөрү жөнүндө айтат. Корунттуктар жыйындагы көз көрүнөө күнөөнү соттоодон баш тартып жатып, ошол эле учурда жеке таарынычтары менен коомдук сотко тез кайрылган. Пабыл алар машайакчы бир туугандардын ортосундагы келишпестиктерди чечкенге акылы жетпесе, анан кантип «дүйнөнү соттоорун» сурайт.

***Корунттуктардын суроосу (1 Корунттуктарга 7:1-16:9)***

Андан кийин Пабыл корунттуктар ага каттында берген бир нече суроо жөнүндө айтат[186]. Ар бир тема «Мага жазып жибергениңер жөнүндө айтарым…» деген фраза менен башталат: Пабыл алардын суроосун келтирет, андан кийин ага жооп берет.

*Үй-бүлө курбоо жана үй-бүлө куруу (1 Кор. 7:1-23)*

Кээ бирөөлөр «эркектин аялга жакындабай эле койгону жакшы» деп үйрөтүшкөн[187]. Пабыл жыныстык мамилелер никеде туура орунга ээ экенин айтып жооп берет. Бул бөлүмдө ал ошондой эле ал ажырашуу көйгөйү – ишенбегендер менен никеде турган ишенүүчүлөр үчүн өтө татаал суроо жөнүндө айтат.

*Үйлөнбөгөндөр жана жесирлер (1 Кор. 7:25-40)*

Пабыл «азыркы кыйынчылыктарды» эске алганда, үй-бүлө курбаган бойдон калган жакшы экенин айтат, бирок бул «Кудайдын буйругу» эмес, анын жеке оюу. Ал «азыркы кыйынчылыктар» дегенде рим бийлигинин машайакчыларды куугунтуктаганы тууралуу айткан. Ошондой эле ал куугунтуктоолордун күчөөсүн жана Ыйсанын жакында келүүсүн айтып, «аз убакыт калганына» басым кылган [188].

*Буркандарга арналган тамак (1 Кор. 8:1-11:1)*

► Силердин кызматыңардын кырдаалын эске алганда кайсы маданий тажырыйбаларды, корунттуктардын буркандарга багышталган тамак жөнүндөгү суроосу менен салыштырса болот?

Пабылдын эң көлөмдүү ой жүгүртүүсү – буркандарга багышталган тамак жөнүндөгү татаал суроого жооп берүү жөнүндө. Корунттуктар өздөрү ээ болгон «баардыгыбызда эле билим бар» деген түшүнүк менен билимдин негизинде чечим чыгарышкан: Пабыл бир гана (менменсинткен) билимге негизделгендин ордуна, (бекемдеген) сүйүү мене иш-аракет кылышыбыз керек деп жооп берет.

Пабыл бутканын ашканасында тамактануу менен базарда сатып алынган тамак-аштын ортосундагы айырманы көрсөтөт. Бутканын имаратында тамактанган – «билими бар» – өзүнүн абийирине каршы чыгуу азгырыгына туш болгон алсызыраак бир тууганын талкалашы мүмкүн. Корунттуктар кандай мамиледе болушу керектигин

[186] 1 Кор. 7:1
[187] 1 Кор. 7:1
[188] 1 Кор. 7:29

көрсөтүү үчүн, шаарда жакшы кабар таратуу максатында, Пабыл койчуман катары колдонууга акысы бар болгон алардын финансылык каржылоосун токтотконун мисал катары келтирет.

Бутпарастардын бутканасында тамак жеген адам буркандарга табынуу жөрөлгөсүнө катышкан[189]. Пабыл «Теңирдин да, жиндердин да чөйчөгүнөн иче албайсыңар; Силер бир эле учурда Теңирдин да, жиндердин дасторконунан тамактана албайсыңар» – дейт.

Ишенгендер бутпарас диний чөйрөдө тамактанбаш керек, ал эми базарда сатылган буркандарга арналган эт жөнүндө Пабыл башкача айтат. Ал жерде буркандарга табынуу менен түздөн-түз байланыш жок болгондуктан, Пабыл машайакчыларга «суроолорду бербей» бар нерсени сатып алууну сунуш кылат. Мындай иш-аракет кайсы бир адамды капа кылган учур гана өзгөчө болуп саналат. Алсыз бир тууган бул этти сатып алууну да буркандарга табынуу менен байланыштырышы мүмкүн. Мындай учурда Пабыл корунттуктарга өзүнүн эмес, башканын пайдасын көздөгөн машайакчынын жоопкерчилиги жөнүндө эстетет.

Негизги принцип – сүйүү. Кудайга болгон сүйүү ишенген адамды бутпарастардын бутканасында тамактануу аркылуу буркандарга табынуудан сактайт. Ал эми ишенген бир тууганына карата – машайакчыга алсыз бир тууганынын ишенимин талкалай турган этти жегенге жол бербейт.

*Табынуу жана жөндөмдүүлүктөр (1 Кор. 11:2-14:40)*

Андан ары Пабыл бийликке тиешелүү суроолор, Теңирдин кечки тамагына катышуу жана руханий жөндөмдүүлүктөр жөнүндө айтат. Бул Корунт жыйынын талкалап жаткан текебердик менен бөлүнүүлөрдүн айынан келип чыккан. Өздөрүн бир дененин мүчөлөрү катары көрүүнүн ордуна, корунттуктар руханий жөндөмдүүлүктөрдү өзүн көтөрмөлөө үчүн колдонушкан. Мындай мамилеге туура жооп, сүйүү – баардык руханий жөндөмдүүлүктөрдөн чоң экенин эстөө.

*Машайактын жана өлгөндөрдүн тирилүүсү (1 Кор. 15)*

Ишенген адамдардын өлүмү жөнүндөгү суроолорго жооп берип жатып, Пабыл Машайактын тирилүүсү жөнүндөгү тарыхый чындыкты ырастоодон баштайт. Андан кийин ал, Машайак –«өлгөндөрдүн арасынан биринчи» болуп тирилгенин далилдейт. Ыйса өлүмдү жеңгендиктен, машайакчылар тирилүү убадасына таянышат.

*Иерусалимдеги ыйыктарга чогултулган жардам (1 Кор. 16:1-4)*

Пабыл өзүнүн үчүнчү миссионердик саякатында жүйүт жетекчилеринин каршылыгынан азап чеккен Иерусалимдеги ишенгендерди колдоо үчүн курмандык чогулткан. Бул курмандык Пабыл үчүн жыйындын биримдигинин доктринасын

[189] 1 Кор. 10:1-22 Ысрайылдын ишенбестиги жөнүндөгү окуяны буркандарга табынуу тажырыйбасына каршы эскертүү катары колдонот.

билдирүүнүн маанилүү жолу болгон; бул иш- аракети менен бутпарас машайакчылар жыйынга мүчө болуу, жүйүт бир туугандарына колдоо көрсөтүү милдетин аткарууга түрткү болорун көрсөткөн.

***Коштошуу (1 Кор. 16:5-24)***

Пабыл өзүнүн катын келечектеги Корунтка баруу ниети жөнүндө планы менен салам узатуу жана коштошуу менен бүтүрөт.

## 2 Корунттуктарга

### 2 Корунттуктарга каттынын тарыхый маалыматы жана жазылган максаты

2 Корунттуктарга, 1 Корунттуктарга жазылгандан кийин бир жылдан кийин жазылган. Тиметейдин келүүсү Корунттагы көйгөйлөрдү чечүүдө жыйынтык алып келген эмес окшойт. Андан кийин Пабыл жыйынга өзү келген. Бул жыйын анын абройуна каршы турган «капаланткан» жолугушуу болгон[190]. Пабыл Эфеске кайтып келип, ал жактан дагы бир кат (азыр жоголуп кеткен) жазган жана аны Тит аркылуу жиберген[191].

Эфестен Пабыл Македонияга кеткен, ал жактан Корунттан жаңылыктарды күткөн. Тит корунттукттардын көбү козголоң чыгарганы үчүн тобо кылганын айтып келген[192], бирок бир кичинекей топ Пабылдын абройун четке кагууну уланта берген. 2 Корунттуктарга катынын акыркы бөлүгү ушул топко кайрылат жана Пабылдын үчүнчү жолу келишине жол даярдайт.

2 Корунттуктарга катынын жазылган максаты:

- Корунттуктарды Тит айтып келген тобо кылуусу үчүн мактоо (1-7).
- Иерусалимге курмандыктарды чогултууну жыйынтыктоо (8-9).
- Козголоң чыгарууну уланта берген жыйындын мүчөлөрүнө кайрылуу (10-13).

Кийинки таблица 1 жана 2 Корунттуктарга каттарынын убакыт тартибин көрсөтөт. Кээ бир даталар так белгисиз, бирок бул Пабылдын Корунт жыйыны менен иштешкени тууралуу чындыкка эң жакын ырааттамасы.

---

[190] 2 Кор. 2:1
[191] 2 Кор. 2:3-9
[192] 2 Кор. 7:5-16

| Пабыл жана Корунттагы жыйын | | |
|---|---|---|
| **Жыл** | **Пабылдын Корунтка баруусу** | **Корунттуктарга жазылган каттар** |
| Б.з. 50-жылдары | Жыйын Пабылдын 2чи миссонердик саякатында негизделген. | |
| | | Белгисиз кат (1 Кор. 5:9) |
| Б.з. 55-жыл | | Корунттуктарга, Эфесте жазылган жана Тиметей аркылуу жеткирилген |
| | Пабылдын абройу четке кагылган «капаланткан» жолугушуу (2 Кор. 2:1). | |
| | | Эфестен Тит аркылуу жиберилген белгисиз «капаланткан» кат, ал тобо кылууга алып келген (2 Кор. 7:8-16). |
| Б.з. 56-жылы | | 2 Корунттуктарга, Македонияда жазылган жана Тит аркылуу жеткирилген. |
| Б.ч.к. 57-жыл | Пабылдын Корунтка акыркы келүүсү (2 Кор. 12:14.) | |

## 2 Корунттуктарга каттынын мазмуну

2 Корунттуктарга каттынын стили анын ар түрдүү максаттарын көрсөтөт. Ал Пабылдын ар кандай суроолорго берген жоопторунун антологиясы болуп эсептелет. 1 Корунттуктарга катындай эле бул Корунттагы белгилүү бир көйгөйлөрдү чечүү үчүн капысынан жазылган кат. Бул бүдөмүк каттын планын жазуунун ордуна, анда козголгон кээ бир темаларды аныктоо пайдалуураак болот.

### *Пабылдын элчилигин коргоо*

Пабыл бир аз тартынуу менен өзүнүн элчилигин көлөмдүү үзүндүдө коргойт. Душмандары Пабылдын азаптарын жана алсыздыктарын анын элчилик кадыр-баркына каршы далил катары колдонушкан. Бул адамдар ийгилиги жана бийлиги менен мактанышат, Пабыл болсо: «… Машайактын күчү менден орун алат» – деп

алсыздыгы менен мактанат[193]. Анын элчилик кадыр-баркы ырайым кылып, Пабылдын алсыздыгы аркылуу эмгектенүүнү тандаган Кудайдан келген.

### *Пабылдын кадыр-баркын коргоо*

Пабыл Корунтка эрте эле барайын деген, бирок мурунку баргандан калган жаралар айыгышы үчүн барууну кечеңдетип жаткан. Ошол себептен ал Корунтка түз барбай Македонияга барган. Бул өзгөрүү Пабылдын душмандары үчүн аны ишеничтүү эмес деп күнөөлөөдө негиз болуп калган. Пабыл пландарынын өзгөрүүсүн кызматын Кудайдын жетеги менен кылып жатканы менен түшүндүргөн[194].

### *Пабылдын үчүнчү жолу барусуунун планы*

Пабылды дагы деле алсыз деп, анын абройун четке кагууну уланткан адамдар бар болгон. Пабыл Корунттка бара турганын айтат жана баргыча алардын тобо кылууларын суранат. Каршылаштар тарабынан башаламандык орун алганына карабастан, Пабылдын максаты – элдешүү. Андан мурун ал катында алар тобо кылса аларды кечирерин айткан[195]. Катынын аягында ал кайра калыбына келүү жөнүндө суранат. Пабылдын максаты – өч алуу эмес, калыбына келүү болгон.

## Галатиялыктарга

### Жазылган убактысы

Галатиялыктарга каттынын жазылган убактысы кыязы б.з. 48-жылдын тегереги. Пабыл жана Барнаба биринчи миссионердик кызматында Галатиянын түштүк бөлүгүнө жакшы кабар таратышкан. Балким Пабыл катты жаңы ишенгендердин арасында ал кеткенден кийин пайда болгон көйгөйлөргө жооп катары жазган.

Бул убакытты ырастаган жүйөөлөрдүн бири, Пабыл бул катта Иерусалим кеңеши жөнүндө айтпайт. Бул кат бутпарастардын көйгөйүнө жана мыйзамга тиешелүү болгондуктан (бул суроо б.з. 49-ж. Иерусалим кеңешинде чечилген) Пабыл 49-жылдан кийин жазса, кеңешме жөнүндө айтмак болушу керек. Б.з. 48-жылы жазылган Галатиялыктарга каты Пабылдын биринчи каты болуп калат.

### Жазылган максаты

Галатиялыктарга жазылган каттын максаты саламдашуу абзацынан эле белгилүү болот. Пабылдын кызматынын натыйжасында Машаякка келгенден кийин убакыттын өтүшү менен галатиялык ишенгендер жакшы кабарды таштап коюшкан. Пабыл аларды кайра Ыйса Машайактын жакшы кабарына кайтып келүүгө (сүйүнчү кабарга), сүйүү мыйзамына, Рухтун күчүндө жашоого чакыруу үчүн жазат.

---

[193] 2 Кор. 12:9
[194] 2 Кор. 1:15-2:4; 2:12-17
[195] 2 Кор. 2:5-11

Пабыл менен Барнаба Галатиядан кеткенден кийин ал жыйынга жалган окутуучулар келишкен. Алар бутпарас машайакчылар сүннөткө отургузулушу керектигин жана жүйүттөрдүн мыйзамын аткарышы керектигин окутушкан. Бул окутуучулар Ыйса аткарган куткарылуу ишин толугу менен четке кагышкан эмес, бирок алар Ыйсага болгон ишеним жана *мыйзамга баш ийүү* менен куткарылабыз дешкен. Пабыл ишенгендерге ишеним аркылуу ырайым менен гана актала аларыбызды эстетүү үчүн жазган.

**Мазмуну**

Галатиялыктарга жазылган кат, Пабылдын эң катаал каты болуп эсептелет. Ал галатиялык ишенгендерди акылсыздыгы жана башка жакшы кабарга өтүп кеткендиги үчүн ашкерелейт жана аларды Ыйса Машайактын чыныгы жакшы кабарына кайтып келүүгө чакырат. Ал муну карама-каршы тандоолордун тобун колдонуу менен кылат. Галатиялыктарга жазылган кат – жашоодогу эң маанилүү тандоого болгон чакырык: Ыйса Машайактагы эркиндик же дененин кишендери.

***Жалган кабарга карама-каршы чыныгы жакшы кабар***

Пабыл өзү жөнүндө элчи жана Ыйса Машайктын кулу деп көп атаган башка каттардан айырмаланып, Галатиялыктарга жазган катында өзүнүн бийлигин колдонуп сүйлөйт. «Элчи Пабыл (адамдар тарабынан да эмес, адам аркылуу да эмес, Ыйса Машайак аркылуу жана Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудай Ата аркылуу элчи болуп дайындалган)…» [196] Бул элчинин абройуна тиешелүү сөздөр.

Жүйүттөр Пабылдын Галатиядагы кабарына шек туудурушту. Балким алар: «Пабыл Ыйсанын шакирти болгон эмес. Андан дагы, ал жыйынды кубалаган. Эмнеге анын кабарын угасынар? Ал чыныгы элчи эмес» деген сөздөрдү да айтышса керек. Пабыл мындай деп жооп берет: «Мен адам тарабынан эмес, Ыйса Машайак жана Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудай Ата тарабынан тандалгам».

Пабыл Галатиялык ишенгендер ал айткан жакшы кабар чыныгы Ыйса Машайактын кабары экенин билүүсүн каалаган. Пабылдын Галатиядагы насааттарынын бири Элчилер иштери 13:16-41де жазылган.

► Элчилер иштери 13:16-41деги Пабылдын насааттын окугула. Бул насаатта кандай темалар каралган? Прочитайте проповедь Павла в Деяниях 13:16-41. Какие темы включены в эту проповедь?

Жакшы кабардын бул жыйынтыгына көңүл бургула:

- Кудай Куткаруучуну даярдоо үчүн Ысрайылдын бүт тарыхы аркылуу эмгектенип келген.
- Ыйса – Жакан чөмүлдүрүүчү тарабынан жарыяланган Куткаруучу.

[196] Гал. 1:1

- Ыйса «Иерусалимдин тургундары жана башчылары» тарабынан четке кагылган[197].
- Ыйса айкаш жыкачка керилген, бирок «Кудай Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен» [198].
- Ыйса тирилгенден кийин Аны көп күбөлөр көрүшкөн.
- «…Мусанын мыйзамы аркылуу актала албаган иштериңердин бардыгынан Ал аркылуу акталасыңар». Бул ишенип калган бутпарастар үчүн эң маанилүү кабар. Пабыл биринчи насаатынан баштап эле Мусанын мыйзамы менен эмес, ишеним аркылуу куткарыларыбызды айткан[199].

Ишеним аркылуу гана куткарылуу – бул чыныгы жакшы кабар. Пабыл Галатиялыктарга кат жазган учурда, бул жаңы ишенип калгандар, чынында андай эмес болгон «башка жакшы кабарга» өтүп кетишкен [200]. Пабыл айткан «ишеним аркылуу акталуунун» кабары «мыйзамдын иштери менен акталуу» кишендеринен таптакыр алыс.

### *Мыйзамчылдыкка карама-каршы ырайым*

Мыйзамчылдардын «Жалган жакшы кабары» кандай болгон? *Жүйүтчүлөр* [201] бутпарастар куткарылууну Мусанын мыйзамдарынын бардыгын аткаруу менен куткарыларын үйрөтүшкөн, Пабыл болсо – иштерибиз менен эмес, ырайым менен куткарылабыз деген. Ал төрт жүйөөгө таянган:

- **Пабылдын тажырыйбасы***.* Пабыл Дамаскка бара жаткан жолдо өзүнө ачылган жакшы кабарды көрсөтөт. Ал жакшы кабардын душманы жана жыйынды куугунтуктоочу болгон: «ата-бабаларымдын салттарын өзгөчө кызганчаактык менен сактаганымдан улам, жүйүт динин

> *Мыйзамчыл деген ким?*
>
> Кудайга бардык нерседе баш ийүүгө аракет кылган адам мыйзамчыл деп эсептелеби? Жок! Кудай Өз балдарынын тил алчаак болуусун күтөт. Мыйзамчыл адам – куткарылууну «эмгек сиңирип» алуу үчүн Кудайдын мыйзамына баш ийет.
>
> Жүрөктөгүсү маанилүү. **Сыртынан караганда мыйзамчыл адам менен чын жүрөктөн ишенген адам окшош көрүнүшү мүмкүн**. Ишенген адам *Кудайга жагууну каалагандыктан* Ага баш ийет. Мыйзамчыл адам *Кудайдын жакшы мамилесине ээ болуу* үчүн баш ийет. Мыйзамчылды баш ийүүнүн өзү эмес, кандай ниет менен баш ийип жатканы аныктайт.

[197] Элчилер иштери 13:27.
[198] Элчилер иштери 13:30.
[199] Элчилер иштери 13:39.
[200] Гал. 1:6-7
[201] «Жүйүтчүлүк» – алгачкы жыйында жүйүт жөрөлгөлөрү менен машайакчылыктын доктриналарын аралаштырууга аракет кылган окутуучуларды сүрөттөгөн термин. Алар өздөрүн машайакчыбыз деп жарыялашкан, бирок ишенип калган бутпарастар жүйүт мыйзамдарын аткарсын деп талап кылышкан.

тутууда өзүм менен тең чамалаш болгон уруулаштарымдын бир тобуна караганда көбүрөөк ийгилике жетикенимди укkансыңар» [202]. Эгер куткарылуу мыйзамга баш ийүү аркылуу келсе, анда Пабылга жакшы кабардын кереги жок болмок, анткени ал ишенимдүү түрдө мыйзамга баш ийген. Кудай Пабылга «Уулун ачып берүүнү ылайык тапты» жана аны «Бирок адам мыйзамды аткаруу менен эмес, Ыйса Машайакка болгон ишеними аркылуу гана акталары» жөнүндөгү чындыкка алып келди[203].

- **Галаттиялыктардын тажырыйбасы***.* Галатиялыктар Ыйык Рухту «мыйзамдын иштери менен» эмес «ишенимдин негизинде» алышкан. Алар «рух менен баштап» «адамдык аракеттер менен» бүтүрбөшү керек[204].
- **Ыбрайымдын тажырыйбасы***.* «Ыбрайым Кудайга ишенди, ишеними ага адилдик катары эсептелинди» [205]. Эми ишенгендердин баары – «Ыбрайымдын балдары». Ыбрайым ишеними менен акталган сыятуу эле, машайакчылар да иштери менен эмес, ишеними менен акталышат.
- **Мыйзам**. Пабыл мыйзамдын иштерине таянгандардын баары, Кудайдын каргышына каларын, ал эми «мыйзамды аткарган адам ал аркылуу тирүү болорун» көрсөтөт[206]. Пабыл галатиялыктарды чындыкка кайрылууга чакырат. «Машайак бизге тартуулаган эркиндикте жашагыла, кайрадан кулчулуктун моюнтуругун кийбегиле» [207].

***Рухтун жемиши дененин тузагына карама-каршы***

► «Мыйзамдын иштеринен» эркин болуу бизге дененин каалоолорун ээрчүүгө укук береби?

Пабыл ишеним аркылуу гана акталуу түшүнүгү туура эмес колдонулушу мүмкүн болгондуктан, кооптуу экенин түшүнгөн. Окурман: «Бул эң сонун кабар. Мен ишеним аркылуу ырайым менен акталдым. Мыйзам маанилүү эмес. Мен эмнени кааласам, ошонун баарын кылып, денелик каалоолорума жараша жашай алам» – деп ойлошу мүмкүн. Пабыл Римдиктерге катында да, Галатиялыктарга катында да, бул жалган окутууга көңүл бурат. Римдиктерге катында ал окурмандарына күнөө үчүн өлгөндөр дагы деле күнөөдө жашай албарын эскертет[208]. Галатиялыктарга катында Пабыл: «Ыйык Рухтун жетеги менен жашагыла, ошондо дененердин күнөөлүү каалоолорун аткарбайсынар» деген буйрук берет[209].

[202] Гал. 1:14
[203] Гал. 1:16; 2:16
[204] Гал. 3:3
[205] Гал. 3:6-7
[206] Гал. 3:11-12
[207] Гал. 5:1
[208] Рим. 6:2
[209] Гал. 5:16

Пабыл өзүнүн окурмандарына мындай деп эскертет: «силер эркиндикке чакырылгансынар, бирок эркиндигиңер күнөөкөр табиятыңарды канааттандырууга негиз болуп бербесин, тескеринче, бири-биринерге сүйүү менен кызмат кылгыла»[210]. Пабыл эч жерде мыйзам пайдасыз деп айткан эмес; ал мыйзам сүйүү менен *аткарылат* (аяктайт) деп үйрөтөт. Пабылдын мыйзамчылдыкка болгон жообу өз ыктыяры менен күнөө кылуу укугун бербейт. Мыйзамчылдыкка жооп – сүйүү. Мыйзам сүйүүдө аткарылат. Эгер биз Кудайды сүйсөк анда биз Анын мыйзамдарына өз *ыктыярдуулугубуз* менен баш ийебиз; мыйзам аркылуу биз кандай жашаш керек экенин билип, Кудайга жага тургандай жашайбыз. Биз жагдайга карап баш ийбейбиз, сүйгөндүктөн баш ийебиз. Сүйүү мыйзамды аткарат.

**Мыйзамдын иштерине болгон үч көз караш**

**Мыйзамчылдык**:
«Мен иштерим менен куткарылам».

**Укук**:
«Мен ырайым менен куткарылам, ошол үчүн мыйзамдын мааниси жок».

**Сүйүү**:
«Мен ырайым менен куткарылам. Мен Кудайга Мени Өзүнүн ырайымы менен куткарып алган Аны сүйгөн үчүн тил алчаакмын!»

Пабыл Ыйык Рухтун жемиштери менен дененин иштеринин карама каршылыгын көрсөтөт[211]. Ал Рухта жашасак, Анда болобуз жана Анын жемиштерин жашообузда көргөзөбүз деп үйрөтөт. Эгер биз денеге сепсек, анда бузукулукту жыйнап алабыз; эгер Рухка сепсек, анда түбөлүк өмүрдү алабыз[212]. Сүйүү мыйзамы күнөө кылууга уруксат бербейт, тескерисинче: сүйүү бизге Кудайга тил алчаак болууга күч берет.

Ишенгендер үчүн сүйүү мыйзамынын тажырыйбада эң сонун колдонуусу бар. Аны аткарып жашоо менен биз азгырылып кеткендерди кайра калыбына келтире алабыз. Биз бири-бирибиздин кыйынчылыктарыбызды көтөрүп, өзүбүз жөнүндө туура ойдо болобуз жана түбөлүк өмүрдү эгип алабыз[213]. Бул чыныгы машайакчылык эркиндик.

## Корунттуктарга жана Галатиялыктарга жазылган каттар бүгүнкү жыйында

Биз жыйындагы көйгөйлөргө туш болгонубузда, кээде: «Мурун эч качан ушунчалык жаман боло элек болчу» деген азгыруучу ой пайда болот. Корунттуктар жана галатиялыктар бизге бүгүнкү көйгөйлөр жаңы эмес экенин эскертет. Бул каттар түзмө-түз 21-кылымдагы жыйындарга айтылган.

1 Корунттуктарга каты бизге **жыйындардын биримдиги** жөнүндө эскертет. Биз бири-бирибизден кескин айырмаланып турганыбызга карабастан, Машайактын денеси бир. Бул чындык бизге жыйында айырмачылыктардын айынан көйгөйлөр пайда болгондо жана машайакчылардын арасында уруш-талаштар болгондо багыт

[210] Гал. 5:13
[211] Гал. 5:19-23
[212] Гал. 6:8
[213] Гал. 6:1-8

бериши керек; ошондой эле ал бизди Машайактын денесин куруудa жөндөмдүүлүктөрүбүздү колдонууда жетектеши керек.

Бул кат биз **элдешүү кызматына** чакырылганыбызды эстетет. Корунттуктарга катында Пабыл жыйындарда бөлүүнү болгондо,оңой кечирүү керектигин көрсөтөт; ошондой эле Галатиялыктарда Пабыл жыгылгандардын кайра туруусуна умтулуубуз керек экенин айтат.

Галатиялыктарга каты бизге **ишеним аркылуу ырайым менен акталуу** жөнүндө улуу доктринаны эстетет. Пабыл бизге «ишеним жана … менен акталуу» деп окутуу аракеттеринен баш тартуу керектигин эскертет Кудайдын алдында акталуубузга негиз болуу үчүн Мусанын мыйзамы да, иштер да, башка бардык нерселер да Машайакка болгон ишенимге кошула албайт.

Галатиялыктарга каты жашообузду өзгөртүүчү **сүйүү мыйзамын** колдонуу жөнүндө эстетет.

**Жакшы кабар**:
биз ишеним менен куткарылганбыз.

**Жүйүтчүлүк**:
биз ишеним менен +мыйзам менен куткарылганбыз.

**Бүгүнкү күндө жакшы кабарга туулган коркунуч**:
биз ишеним менен + ______ куткарылганбыз.

## Корутунду

1738- жылы май айынын башында Чарльз Уэсли *Галатиялыктарга* катынын түшүндүрмөсүн окуп жатканын угуп, Уильям Холланд ишеним аркылуу куткарылганына толук ишенгенин күбөлөндүргөн. Чарльз Уэсли өзүнүн күндөлүгүнө: «Бүгүн мен бир нече саат Мартин Лютер менен бирге болдум, ал мен үчүн чоң бата болду… мени сүйгөн жана мен үчүн Өзүн бергенди сезүү үчүн мен эмгектендим, күттүм, жана сыйындым», – деп жазган.

Бир нече күн өткөндөн кийин, жекшемби күн болгон Элүүнчү күнү, Уэсли өзү ушуга толук ишенгенин күбөлөндүргөн. Төрт күн өткөндөн кийин, Уильям Холланд *Мартин Лютердин Римдиктерге катына киришүүсүн* окуганын угуп жатып, Джон Уэсли ишеним аркылуу куткарылганына толук ынанган.

Ишеним аркылуу акталуу чындыгы Мартин Лютерди, эки Уэслини жана миллиондогон башка ишенгендерди өзгөрткөн: ал 17- кылымда кандай маанилүү болсо, бүгүнкү күндө да маанилүү[214].

[214] From J.I. Packer's "Introduction" to Luther's *Commentary on Galatians.* Crossway Classic Commentaries, 1998.

## Сабактын тапшырмасы

Бул сабакты түшүнгөнүңөрдү төмөнкү тапшырмаларды аткаруу менен көрсөткүлө.

1. Тапшырмалардын **бирин** тандагыла:

- 1 Корунттуктарга катында Пабыл көтөргөн темалар боюнча бир барак план даярдагыла.

  Анда төмөнкү үч элемент болушу керек:

  1. суроо же көйгөй;

  2. Пабылдын кыска жыйынтыктоочу жообу;

  3. ошол суроо талкууланган Жазуудагы үзүндүнүн дареги.

- Ырайым аркылуу ишеним менен акталабыз деген окутуунун заманбап кыйынчылыктары жөнүндө бир барак эссе жазгыла. Азыр бизде жүйүтчүлүк жок жана бизден эч ким сүннөткө отурууну талап кылбайт, бирок азыркы күндөрдө да акталуу үчүн негиз катары ишеним аркылуу ырайым менен куткарылууга башка элементтер кошулушу мүмкүн.

2. Сабактын материалынын негизинде тест жазгыла. Тестте Ыйык Жазуудан жаттоо үчүн берилген аяттар бар.

## 6-сабак Тесттин

1. Эмне үчүн Корунт шаары Пабылдын жакшы кабар таратуудагы стратегиясында маанилүү шаар болгон?

2. Корунттагы жыйындарды негиздөөдө Пабыл менен чогуу ким эмгектенген?

3. Корунттагы кайсы көйгөйлөр 1 Корунттуктарга каттын жазууга себеп болгон?

4. 1 Корунттуктарга каттында кайсы фраза Пабыл жооп берген ар бир суроонун киришүүсү болгон?

5. Пабыл 2 Корунттуктарга каттында жазган үч теманы санап бергиле?

6. Галатиялыктарга катты кандай максат менен жазылган?

7. Жүйүтчүлөрдүн жалган окутуусу кандай болгон?

8. Галатиялыктарга кандай тандоо берилген?

9. Мыйзамчылга аныктама бергиле.

10. Пабыл мыйзамчылдыкка каршы жүйөөлөрдү келтирүүдө колдонгон төрт нерсени санап бергиле?

11. 1 Корунттуктарга 1:20-21 жана Галатиялыктарга 5:22-23тү эстеп жазгыла.

# 7-сабак
# Эфестиктерге, Филипиликтерге, Колосалыктарга жана Филемонго: Түрмөдөн жазылган каттар

## Сабактын максаты

Сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:

1. Түрмөдөн жазылган каттардын тарыхый кырдаалын жана болжол менен жазылган убактысын билүү.
2. Түрмөдө жазылган каттардын негизги темаларынын планын жана максатын билүү.
3. Ыйык Китептеги алдын ала тандоонун маанисин түшүнүү.
4. Жыйын, Машайак жана руханий күрөш жөнүндөгү библиялык окутуунун маанилүүлүгүн баалоо.
5. Түрмөдөн жазылган каттардан машайакчынын жашоосунун тажырыйбалык принциптерин жыйынтыктоо.
6. Бул китептердин кабарын бүгүнкү күндүн муктаждыктары менен байланыштыруу.

## Ушул Сабакка даярдануу

*Эфестиктерге, Филипиликтерге, Колосалыктарга жана Филемонго жазылган каттарды окуп чыккыла.*

*Эфестиктерге 4:11-16 жана Колосалыктарга 3:1-4тү жаттагыла.*

## Киришүү

Б.з. 60-жылдардын башында Пабыл Римде үй камагында эки жыл аралыгында болгон. Ал камакта болсо дагы, аздыр-көптүр эркиндикке ээ болгон: Пабыл өзүнүн жеке үйүндө жашаган жана келгендерди кабыл ала алган[215]. Ошол мезгилде элчи (кайрылуу деп да аталган) төрт кат жазган; алардын ичинен үчөө жыйындарга даректелген – төртүнчүсү болсо, Пабыл кызмат кызмат кылган учурунда ишенип калган адамга арналган.

Бул каттар – эң кубанычтуу каттардын бири. Алар анын жашоодогу кыйын абалдарды жеңгенин көрсөтөт жана бизге кайгы убагында кубаныч рухуна ээ болууга шыктандыруу берет.

Каттар иш жүзүндө колдонуу үчүн абдан пайдалуу. Алар үй-бүлөдө болгон мамилелер, руханий согуш (Эфестиктерге), момундук жана биримдик

[215] Элчилер иштери 28:30-31.

(Филипиликтерге) Машайактын жогорулугу (Колосалыктарга), ошондой эле кечирүү жана кайра калыбына келүү (Филемонго) жөнүндө айтат.

## Эфестиктерге

### Тарыхый кырдаал

Эфестеги жыйын Пабылдын үчүнчү миссионердик саякатынын убагында негизделген. Эфесте Аполос жакшы кабар айткан, ошондой эле ал жакта Прискила жана Акила эмгектенишкен; Пабыл Эфесте үч жыл жакшы кабар айтып жана окутуп жүргөн. Бул шаар айланасындагы аймактар үчүн жакшы кабар кызматынын борбору болуп калган: ушул жерде «Асиянын бүт тургундары Теңир Ыйса жөнүндө угушкан» [216].

Эфес Диана (ошондой эле Артемида деп да аталган) аял буркандын белгилүү бутканасынын мекени болгон. Бул жерде сыйкырлык менен алек болуу кадимки нерсе болгон, ал эми шаардын экономикасы болсо бутканага тиешелүү буюмдардын соодасы менен байланыштуу болгон.

Жаңы ишенгендер магия искусствосу боюнча 6,000,000 доллар турган китептерди өрттөп жиберишкен[217]. Натыйжада, Дианага табынуу менен байланышкан буюмдарды сатуу менен өз жашоолорун камсыз кылган Деметрий жана башка сыйкырчылар Пабылдын кызматына каршы козголоң чыгарышкан. Руханий согуш – Эфестиктердеги эң маанилүү тема.

Дагы бир кошумча факторду белгилеп кетүү керек. Пабыл каттарында жеке салам узатпай койбойт: Пабыл өзү бара элек Римге кат жазганда дагы, өзү тааныган жыйындагы адамдарга салам узаткан. Ушундан улам Пабыл Эфесте үч жыл насаат айтып жүргөнүн эске алганда, бул катта салам узаткан адамдардын узун тизмеси болушу керек эле – бирок анда жеке салам узатуу такыр жок. Анын эң чоң себеби – Эфестиктерге жана Колосалыктарга каттары Кичи Асиядагы бир нече жыйындарга арналган «айландыруу» үчүн каттар болгон. Эфестиктерге жана Колосалыктарга каттарын бул жыйындарга Тихик жеткирип жана салам айтып барышы керек болчу[218].

### Мазмуну

Эфестиктерге жазылган каттын мазмуну эки чоң бөлүктөн турат:

- Доктрина: Кудай жыйын үчүн эмне кылган (Эф.1-3)
- Колдонуу: Кудай жыйында эмне кылат (Эф. 4-6)[219].

---

[216] Элчилер иштери 18:24-19:10.

[217] *Ыйык Китепке комментарийлерден алынган.*

[218] Эф. 6:21 жана Кол 4:7

[219] Adapted from Walter A. Elwell and Robert W. Yarbrough, *Encountering the New Testament*. Baker Academic, 2005.

Биринчи бөлүгүндө Пабыл тандоо доктринасы жана жыйындар жөнүндө, ал эми экинчи бөлүгүндө болсо, өзүнүн окурмандарын Кудайдын тандап алган жыйыны катары татыктуу жашоого үйрөтөт.

### ***Доктрина: Кудай жыйын үчүн эмне кылган (Эф.1-3)***

*Ишенгендердин куткарылуусу (Эф. 1:3-2:10)*

Кыска саламдашуудан кийин Пабыл катын биз Машайактан алган баталарды санаган сыйынуу менен баштайт.Эфестиктерге 1:3-14 эң сонун даңктоо болуп эсептелет, анда Пабыл өзүнүн окурмандарына биз Машаяктагы ээлеген абалыбызда алган бардык руханий артыкчылыктарды эстетет.

> «Ал бизде ажайып өзгөрүүлөрдү кылды:
> Ал биз үчүн Адам уулу болду жана бизди Кудайдын балдары кылып койду;
> Өзүнүн жерге түшүп келүүсү менен Ал биздин асманга көтөрүлүүбүздү даярдады;
> Биздин өлүмүбүздү өзүнө алып, Өзүнүн өлбөстүгүн далилдеди.
> Биздин алсыздыктарыбызды кабыл алып, Өзүнүн күчү менен бекемдейт;
> Биздин жакырлыгыбызды Өзүнө алып, Ал аны байлыкка айлантты».
> - Джон Кальвин,
> *«Машайак динин негиздөө»*, 4.17.2

► Эфестиктерге 1:3-14 тү окуп чыккыла. Биз Ыйсада кандай руханий баталарды алабыз?

Биздин куткарылуубузга үчбирдиктүү Кудайдын ар бири катышат. 1:3-6 да Пабыл биздин **тандалуубуздагы Атанын ролун** көрсөтөт: Кудай «Биз Кудайдын алдында сүйүүдө ыйык жана кемчиликсиз болушубуз үчүн, Ал бизди дүйнө жарала электен мурун Машайак аркылуу тандап алган». Биз ыйык жана кемчиликсиз болуу үчүн «Анда» (Машайакта) тандалганбыз. Куткарылуу планы Ата аркылуу ойлонуштурулган.

1:7-12 де Пабыл **кун төлөп куткаруудагы Уулдун ролун** көрсөтөт. Ыйсанын кун төлөп куткаруучу курмандыгы аркылуу биз «Кудайдын мол ырайымынын негизинде Уулунун каны аркылуу кун төлөнүп, күнөөлөрүбүз кечирилди». Бирөөнү кун төлөп куткаруу – туткундан кун төлөп бошотууну билдирет. Байыркы Келишимдин кереметтүү мисалы Ысрайыл элин кулчулуктан кун төлөп куткаруу; Жаңы Келишимде Ыйсага ишенип калгандардын баары шайтандын кулчулугунан кун төлөнүп куткарылышкан.

1:13-14тө Пабыл **бизди сактап калуудагы Ыйык Рухтун ролун** көрсөтөт. Рух аркылуу биз «мөөрлөнгөнбүз». Пабыл бизге «Анын даңкы макталыш үчүн, Анын энчисине алынгандар куткарылышы үчүн, Ыйык Рух – биз ээ боло турган мурастын аманаты» экенин айтат. Ал Кудай Падышалыгында биздин мурасыбыз болушу үчүн бизге «аманатты» берди. Рухтун аркасы менен биз Кудайдын «жеке менчиги болуп» жана асмандын убадасына ээ болобуз.

Кун төлөп куткарылуу доктринасы Эфестиктерге 2де уланат, ал жакта Пабыл бизге «кылмыштарыбыздын айынан өлгөнүбүздү» деп эстетет. Куткарылуу биздин

эмгегибизге негизделген эмес, бирок «ырайымга бай Кудай бизге болгон улуу сүйүүсү менен кылмыштарыбыздын айынан өлгөн бизди да Машайак менен бирге тирилтти – ырайымдын негизинде куткарылдыңар». «Силер ырайымдын негизинде, ишеним аркылуу куткарылдыңар, бул силерден эмес, бул- Кудайдын белеги. Эч ким мактанбашы үчүн, бул кылган иштерден да эмес» [220]. Бардык жараян – бул Кудайдын белеги. Биз эч нерсе менен мактана албайбыз.

**Атайын тема: Тандоо**

Пабыл биз Ыйсанын балдары болууга *алдын ала тандалганыбыз* жана «дүйнө жарала электе эле» тандалганбыз деп жазат.

Кээ бир адамдар «*тандалган*» дегенди Кудай дүйнө жарала электе эле, куткарылчу адамдарды алдын ала тандап койгон деп эсептешет. «Тандоо» – куткарылууга алдын ала белгилөө. Туура ой жүгүртүү боюнча – бул алдын ала тандоого да, соттоого да тиешелүү болушу керек, демек сотко кабылган адамдар куткарылууга ээ боло алышпайт, бирок бул Кудай бардык адамзатты сүйөт деген библиялык кабарга карама-каршы келет.

Кээ бир адамдар тандоону Кудайдын кимдин куткарыларын алдын ала билүүсүнө караганда **көбүрөөк нерсе катары** түшүнүшөт. Алар алдын ала тандоо – адамдын тандоосун Кудайдын алдын ала билүүсү деп талашып-тартышат. Бул көз караш боюнча куткарылуу биздин тандоого негизделген, бирок бул түшүнүк Кудайдын эгедерлиги тууралуу библиялык түшүнүккө каршы келет.

Бул эки принцип (Кудайдын эгедерлиги жана Кудайдын бардык адамзатка болгон сүйүүсү жөнүндө) алдын ала тандоо жөнүндөгү эки негизги үзүндү аркылуу түшүнүктүү болот: алар Римдиктерге 9-11 жана Эфестиктерге 1. Римдиктерге 9-11 куткарылуу жолун аныктоодо Кудайдын адилеттигин көрсөтөт. Эч ким Ыйса Машайакка болгон ишенимден сырткары башка нерсе аркылуу куткарыла албайт; Кудай бул ыкманы куткарылуу жолу катары кылымдарга белгилеп койгон.

Пабыл Эфестиктерге 1де адамдар куткарылууга «**Машаякта» ээлеген абалы үчүн** ээ болгонун көрсөтөт. Дүйнө негизделе электе Ыйса куткарылууну бере турган Ал аркылуу тандалган. Ишенип калгандардын бардыгы – «Анда» тандалгандар. Кудайдын ааламга болгон сүйүүсүнүн аркасы менен ишенгендердин куткарылууга жол ачык.

Бул тең салмактуулукту Байыркы Келишимден да көрсө болот. Ысрайыл тандалган Кудайдын эли болгон, бирок «Ысрайылдан чыккандардын бардыгы эле ысрайылдыктар эмес» [221]. Кудайдын Ысрайылды эл катары тандап алуусу, ар бир ысрайылдык куткарылгандыгын билдирген эмес. Кээ бир тил албагандар, мисалы Ахан, убада кылынгандан куру калган; башка Ысрайылдан төрөлбөгөндөр (Рахап

[220] Эф. 2:4-5, 8-9
[221] Рим. 9:6

сыяктуу) Ысрайылга берилген убаданы мурасташкан. Куткарылуу адамдардын Кудайдын Ысрайылды тандап алуу убадасына ишенүүсүн жана ага катышуусун талап кылган.

Ушул сыяктуу эле Машайак дүйнө негизделе электе куткарылуу Ал аркылуу бериле турган бирөө катары тандалган. Биз ишеним аркылуу «Машайакта» болгонубузда, куткарылуу батасына ээ болобуз: биз Машайакта тандалганбыз.

Тандоо – бул Кудайдын эгедерлиги менен куткарылууга жалгыз жол катары Машайакка болгон ишенимди тандоо. «…анткени асман астында бизди-адамдарды куткара ала турган башка ысым жок» [222]. Ушул эле ой 1 Петир 1:18-20да айтылган. Биз чирип жок боло турган нерсе аркылуу эмес, «Кемчиликсиз таза Козунун – Машайактын кымбат баалуу каны аркылуу куткарылганбыз»[223]. Тандоо Ыйсада гана жана ишеним аркылуу гана аткарылат.

## Эфестиктерге (Уландысы)

### *Доктрина: Кудай жыйын үчүн эмне кылган (Эф.1-3) (Уландысы бар)*

*Жыйындын биримдиги (Эф. 2:11-3:21)*

► Эфестиктердеги «жакшы кабардын сыры» эмнеге тиешелүү?

Эфестиктерге 1де Пабыл ишенгендердин куткарылганына, ал эми Эфестиктерге 2-3тө болсо – Кудайдын жыйынды жаратуусуна кубанат. Эфестиктерге катында жүйүттөр менен бутпарастардан калыптанган бир дене болгон жыйындын биримдиги маанилүү тема болуп эсептелет. Бир убакта «келишимдердин негизинде берилген убадаларга чоочун» бутпарастар эми «Машайактын каны аркылуу азыр жакын болуп» калышты [224]. Кудай башынан эле бутпарастарды өзүнүн үй-бүлөсүнө кошууну пландаган. Пабылдын жүйүт бир туугандары үчүн бул жакшы кабардын үрөй учурган бөлүгү болгон: Машайактагы жыйын жүйүттөр үчүн да, бутпарастар үчүн да жаратылган.

Ыйык Китептеги сыр – бул белгисиз бир нерсе эмес, бул *белгисиз* болгон, бирок эми *ачылган* нерсе. Эфестиктерге 3тө Пабыл эми ачылган сырды түшүндүрүп берет: «Ал сыр мындай: бутпарастар да мураскорлор жана ошол эле дененин мүчөлөрү болушат. Ошондой эле Жакшы Кабардын негизинде Машайак Ыйса аркылуу Анын убадасы аларга да тиешелүү» [225]. Кудайдын ырайымынын күчүн ырастап Пабыл: «ыйыктардын эң кичинеси» Машайакты жана Анын жыйынын куугунтуктаган Пабыл – «Машайактын изилденгис байлыгын бутпарас элдерге жар салуу» үчүн тандалган[226].

---

[222] Элчилер иштери 4:12.
[223] 1 Пет. 1:19-20
[224] Эф. 2:12-13
[225] Эф. 3:6
[226] Эф. 3:8

Пабыл бул доктриналдык бөлүмдү «ыйык» болуп калган жана «Машайака ишенимдүү» эфестеги ишенгендер үчүн жана алар «Кудайдын толуктугуна» толушсун деп сыйынуу менен бүтүргөн.

### *Колдонуу: Кудай жыйында эмне кылат (Эф. 4-6)*

Пабыл катынын экинчи бөлүгүндө ишенгендерди: «Кудай тарабынан чакырылып алынганына ылайык жашоого» чакырат [227]. Чакырыгыбызга татыктуу жашоо:

- Жыйындарга биримдик алып келет (Эф. 4:1-16)
- Этикалык жүрүм-турумдун жыйынтыгы көрүнөт (Эф. 4:17-5:21).
- Үй-бүлөдөгү жана жумуштагы мамилеге таасир этет (5:21-6:9).
- Улуу Теңирдин күчү менен гана мүмкүн (6:10-18).

Машайакчылык доктрина ишенгендердин жашоосунан өзүнчө бөлүнүп калбайт. Жыйындын доктриналары жамааттын жашоосунда көрүнүп турушу керек, анда «дененин ар бир мүчөсү туура иштейт», жыйын болсо «өзүн сүйүү менен бекемдейт» [228] . Ырайым менен куткарылуу доктринасы «чыныгы адилдик жана ыйыктык менен Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган жаңы адамдын» кыймыл-аракетинен көрүнөт[229].

Пабылдын бул катты жыйын өзүнүн миссиясына жете алат жана караңгылыктын күчүн жеңе алат деп шыктандырып, ошондой эле ал мындан ары да жакшы кабарды таратуусу үчүн жана бата алуусу үчүн сыйынып туруу өтүнүчү менен бүтүрөт.

## Филипиликтерге

### Тарыхый кырдаал

Пабыл 2 миссионердик саякатынын убагында Филипидеги жыйынды негиздеген. Бул Европадагы биринчи жыйын болгон. Пабыл менен Сылас Филипиге македониялык адам жардамга чакырып жаткан Пабылдын көрүнүшүнөн кийин барышкан[230]. Филипи Македониянын ошол бөлүгүндөгү башкы шаар болсо да, ал жакта жүйүт жашоочулары көп эмес болчу. Бул жерде синагогалар жок болчу, ошол себептен сыйынуулар дарыянын жээгинде өткөн[231].

Филипиде эң биринчи кайрылып калгандардын бири Лидия деген бай аял болгон. Ал чөмүлдүрүү алгандан кийин, Лидиянын үйү ишенгендердин чогулушу өткөн жер болуп калган. Жүйүт тургундары көп болгон шаарларда жакшы кабарга каршылыктар көбүнчө диний башчылар тарабынан чыккан, бирок Филипидеги каршылык Пабыл

[227] Эф. 4:1
[228] Эф. 4:16
[229] Эф. 4:24
[230] Элчилер иштери 16:8-40.
[231] Жок дегенде 10 жүйүт эркек болгон ар бир шаарда синагога болгон.

менен Сылас көз ачыктык кылган күң кызды колдонуп киреше тапкан адамдын ишине тоскоолдук кылгандан келип чыккан. Пабыл жана Сыласты кармап туруп сабап, түрмөгө камашкан. Ошол түнү жер титирөө түрмөнүн эшиктерин ачкан жана туткундар кишендерден бошонгон. Пабыл менен Сылас качып кетүүнүн ордуна түрмөдөгү сакчыга жакшы кабар айтышкан.

Элчилер иштеринде Лука Филипи шаары колония болгондугу тууралуу так маалымат берет[232]. Бул жөнөкөй маалымат Элчилер иштерин окуган биринчи окурмандар үчүн чоң мааниге ээ болгон. Филипи, римдик колония катары б.з.ч. 42-жылы римдик генерал Антоний тарабынан негизделген. Көпчүлүк аскерлер кызматтан кийин пенсияга чыкканда ушул шаарга келишкен жана жарандар салык жактан жеңилдиктерди алган. Филипинин жарандары анын колония болгонуна сыймыктанган. Пабыл филипилик ишенүүчүлөрдү асман жарандары катары жашоого чакырганда ушул дүйнөгө болгон көз карашына кайрылат[233].

### Жазылган максаты

Филипиликтерге жазылган кат – Пабылдын эң жарык маанайда жазылган каттарынын бири, бирок бул катында ал Корунттуктарга жана Галатиялыктарга каттарында айтылган кээ бир көйгөйлөр тууралуу көрсөтмөлөрдү берет. Кат эки себеп менен жазылган.

**Жеке максаты** Пабылдын камакка алынгандыгы жөнүндө кабар берүү жана анын кызматын каржылоого ыраазычылык билдирүү [234] . Пабыл алардын ишенимдүү болгондоруна кубанат жана аларды кубанычтуу жашоого шыктандырат.

**Окутуучу катары максаты** Филипи жыйынындагы эки коркунучка көңүл буруу болгон: жалган окутуучулардан келген сырткы коркунуч жана жыйын мүчөлөрүнүн бөлүнүүсү аркылуу келип чыккан ички коркунуч.

### Мазмуну

#### *Жагдайларга карабастан кубанычта болуу (Фил. 1)*

Пабыл түрмөдө болгонуна карабастан, Кудай Өзүнүн максаттарын ишке ашырып жатканына ишенген. Камакка алынганы үчүн Пабыл түрмө сакчысына жакшы кабар айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Элчи өзүнүн камагы бошонуу менен бүтөбү же өлүм менен бүтөбү билбейт, бирок ошого карабастан, кубанат, анкени ал үчүн «өмүр – Машайак, ал эми өлүм утуп алуу» [235].

---

[232] Элчилердин иштери 16:12.

[233] Фил. 3:20: «Ал эми биздин мекенибиз асманда», – ушул эле грек сөзү Фил. 1:27де: «Бирок Машайактын Жакшы Кабарына татыктуу жашагыла…» дегенде колдонулган.

[234] Фил. 4:15-18

[235] Фил. 1:12-14, 19-25

Пабылдын кубанычына коркунуч келтирген дагы бир нерсе – ишенгендердин арасындагы көрө албастык болгон. Римдеги бир топ Машайак жөнүндө кабарды «атаандаштык» менен тараткан, бул Пабылдын азабын көбөйткөн, бирок алардын ниетине карабай, Пабыл жакшы кабар тарап жатканына кубанат, бул сүйүнткөн кабар. Пабылдын абалы Кудайдын Падышалыгына караганда маанилүү деле эмес[236].

***Момундук биримдиктин ачкычы (Фил. 2)***

Андан ары Пабыл филипи жыйынындагы эки айымдын ортосундагы бөлүнүү жөнүндө айтат [237] . Алар жакшы кабар үчүн Пабыл менен чогуу эмгектенген жакшы машайакчылар болушкан, бирок тилекке каршы алардын ортосундагы жеке келишпестик жыйындын биримдигине коркунуч туудурган. Бөлүнүүлөр менен иштешүү үчүн негиз салып жатып, Пабыл машайакчылык биримдиктин үлгүсү катары Машайакты көрсөткөн.

Көбүнчө келишпестиктер өзүнүн укугун коргоо каалоосунан пайда болот. Пабыл Өзүнө тиешелүү болгон артыкчылыктардан адамзатка кызмат кылыш үчүн баш тарткан Машайактын үлгүсүн көрсөтөт. Ыйса кудайлык артыкчылыктарга жармашкан эмес, тескерисинче бизди куткаруу үчүн өлгөнгө чейин, айкаш жыгачтагы өлүмүнө чейин тил алчаак болуп, Өзүн басынтты». Жыйынтыгында Кудай Ыйсаны Өзүнө тиешелүү ааламдык бийликке ээ кылды [238].

Ар бир машайакчы ишенген бир туугандардын арасында кимге жардам керек экенин издөө менен ушундай момун мамилеге ээ болуш керек. «Ар ким өзүңдү гана эмес, өзгөнү да ойло» [239].

► Ыйса " Өзүн басынтты" деген факт эмнени билдирет?

Ыйсанын өмүрү, өлүмү, кайра тирилүүсү жана асманга көтөрүлүп кетүүсү жөнүндө баяндагандыктан Фил. 2:5-11 «Ыйсанын Гимни» деп аталат. Көп адамдар Фил. 2:8де Пабылдын Ыйса «Өзүн басынтты» деген сөздөрүнүн мааниси тууралуу талашып келишкен. Ыйса Өзүнүн кудайлыгынан баш тарткан жок, бирок алаамдын Падышасы катары Өзүнө тиешелүү болгон артыкчылыктардан баш тарткан. Машайак адам болуу менен Өзүн басынткан: Ал Өзүнүн кудайлык табиятын таштаган эмес.

***Жакшы кабарга каршы душмандарга эскертүү (Фил. 3)***

Филипиликтерге жазылган кат негизинен жарык маанайда жазылганы менен Пабыл жыйындын тынчын алып, коркунуч туудурган адамдардын тобуна катуу эскертүү берүү менен жазат. Бул биз Галатияда көргөн ошол эле жүйүтчүлөр. Алар машайакчылар сүннөткө отургузулушу керек жана жүйүттөрдүн мыйзамын аткарышы керек деп талап кылган. Пабыл аларды «иттер» жана «жамандык кылуучулар» деп атайт.

---

[236] Фил. 1:15-18
[237] Фил. 4:2-3
[238] Фил. 2:5-11
[239] Фил. 2:4

Элчи жүйүтчүлдөрдүн мыйзамдын ырым-жырымдарын аткаруу талабына жооп катары өзүнүн жеке жашоосун мисал келтирген. Эгер мыйзамды аткаруу куткарылууну алып келсе, анда Пабыл толугу менен «денеге таянса болмок». Ал мыйзамга ылайыктуу сүннөткө отургузулган, ардактуу Бенжемин уруусуна таандык болгон; «эврейден чыккан эврей», фарисей болгон, ал толугу менен мыйзамдарды аткарган, жүйүттөрдүн ишеними боюнча ушунчалык кызганчаак болгондуктан машайакчыларды куугунтуктаган; мыйзам боюнча Пабыл кемчиликсиз болгон. Бирок элчи «Теңирим Машайак Ыйсаны таанып билүү артыкчылыгы үчүн» булардын баарын «пайдасыз» деп эсептейт. Пабыл, филипиликтер жана ошондой эле биз да мыйзамдарды аткарган үчүн эмес «Теңирим Ыйса Машайакты жеке таанып билүү» аркылуу куткарылганбызды айтат[240].

***Көрсөтмөлөрдү аяктоо (Фил. 4)***

Акыркы бөлүмдө Пабыл Эйдия жана Синтихени экинчи бөлүмдө үйрөткөн биримдикке келүүгө чакырат. Эгер бул аялдар Машайактын акылына ээ болсо, уруш-талашын чечип алышат. Ал жыйынды ар кандай жагдайда кубанууга жана жүрөктөрү менен акылдарында Кудайдын тынчтыгын сактоого үндөйт. Акырында ал жыйынга финансылык жардамы үчүн ыраазычылык менен бүтүрөт.

## Колосалыктарга

### Тарыхый кырдаал

Колосалыктарга каты Пабыл Римде болгон учурда жазылган; Тиметей да анын автору катары жазылган[241]; балким ал Пабылга катчы катары кызмат кылган.

Пабыл Колос жыйынына барганына далилдер жок. Пабыл менен жыйынды байланыштыруучу кыязы Эпафрас болгон. Эпафрас колостук болгон, балким ал Колостон 160 км аралыкта жайгашкан Эфесте Пабыл кызмат кылган убакта Кудайга кайрылып калган. Эпафрас туулуп өскөн шаарында, ошондой эле жакын жайгашкан Лаодикея жана Жерапол шаарларында жыйын негиздөө үчүн кайтып келген. Пабыл колосалыктарга да, лаодикеялыктарга да кат жазып, кат алмашып туруу көрсөтмөсүн берген[242].

### Жазылган максаты

Пабыл камалган убакта Эпафрас ага Колос жыйынына коркунуч туудурган жалган окутуу жөнүндө айтып келген. Пабыл бул коркунучтуу окутууга колосалыктардын көңүлүн буруш үчүн жазган. Мындан сырткары кат колостук машайакчыларды Машайакта жетилип өсүүгө шыктандыруу максаты менен жазылган. Китепте жалган окутуучулар боюнча эскертүү жана руханий өсүү үчүн көрсөтмөлөр бар.

---

240 Фил. 3:4-8
241 Кол. 1:1
242 Кол. 4:16

**Мазмуну**

Колосалыктарга жазылган кат жана Эфестиктерге жазылган кат көптөгөн, жалпы бөлүшкөн темалар менен окшош: жыйындын биримдиги, руханий согуштун чындыгында бар экендиги жана бизди Ыйсанын жолдоочулары деп аталашыбызга таза жашоо менен жашагандын зарылдыгы жөнүндө айтылган. Мындай окшоштук таң калыштуу деле эмес. Анткени Пабыл бул эки каттарды болжол менен бир мезгилде жазып жана бул каттарда окшош муктаждыктар жөнүндө айткан.

Колосадагы жалган окутуулар жөнүндөгү маалымат бүгүнкү күндө жыйындарга коркунуч туудурган нерселерден айырмаланышы мүмкүн болсо да, Пабылдын кабары жыйындар үчүн маанилүү:

- Машайак Өзүнүн жаратуусунан жогору.
- Машайак – жыйындын Башчысы.
- Биз, Кудайдын балдары катары чакырыгыбызга ылайык жашашыбыз керек.

***Машайактын баарынан жогорулугу (Кол. 1)***

> «Ыйык Китепте Машайакка эң көп көңүл бурган китептердин бири катары, Колосалыктарга жазылган каттын бүтүндүгү Машайактын эгедерлик кылган кудайлык жана баарынан жогору инсандыгына негизделген».
> - *ESV Study Bible*

Колосалыктарга жазылган каттын борбордук темасы – өлүп кайра тирилген Ыйсанын жогорулугу. Пабыл чебер сөздөр менен Машайактын табияттын үстүнөн эгедерлигин, Анын жыйындын үстүнөн бийлигин жана Анын куткарылуудагы ролун көрсөтөт. Машайак жаратылуунун катышуучуусу («баардыгы Ал аркылуу жаратылды») жана жаратылуунун максаты («баардыгы Ал үчүн жаратылды») болгон. Машайак – «Жыйын денесинин башчысы». Машак жана Анын каны аркылуу «Кудайга бөтөн жана душман болгон» биз Кудай менен элдештик. Машайак – жаратылуунун борбору, жыйындын Башчысы жана кун төлөп куткаруучу Теңир[243].

***Колосалыктардын жалган окутуусу (Кол. 2)***

Машайактын табияты жөнүндө ушундай улуу сөздөрдү айткандан кийин, Пабыл Колос жыйынына коркунуч туудурган жалган окутуулар жөнүндөгү терс эскертүүлөргө өтөт. Жалган окутуунун мазмуну так белгисиз, бирок Пабылдын жооп кайтарганы анын кээ бир мүнөздөмөлөрүн көрсөтөт. Колос жыйыны ортодоксалдык иудаизм, жүйүт мистицзми жана бутпарастык окутуулардын аралашмасына туш болгон.

- Ортодоксалдык жүйүттөр колостуктарды жүйүт майрамдарын, тамакка тиешелүү мыйзамдарды жана сүннөткө отургузууну аткарууга түрткү берген[244].

[243] Кол. 1:15-23

- Жүйүт мистиктер колостуктардан периштелердин Кудайга эң жогорку табынусууна кошулуш үчүн орозо кармоосун талап кылышкан[245].
- Бутпарастар жүйүт ишенгендерди кара күчтөрдөн коргонуу үчүн ырым-жырымдарды карманууга үндөгөн. Пабыл кара күчтөрдүн күчүн четке какпайт, бирок жооп бутпарастардын ырым-жырымында эмес, Машайак кара күчтөрдүн үстүнөн ээ болгон жеңиште[246].

► Колосадагы жалган окутуу бүгүнкү күндө бизге тиешелүү болушу мүмкүнбү?

***Синкретизм*** - бул бир нече диндин аралашмасы. Колосто синкретизм иудаизмди, мистицизмди, бутпарастыкты жана машайакчылыкты аралаштырып салган. Бүгүнкү күндө бутпарастык маданияттагы жыйындар кээде машайакчылыктын доктриналары менен салттык маданиятындагы тажрыйбаларды (ата-бабаларына табынуу, жиндерди кубалоо жөрөлгөсү, бутпарастардын ыйыктарынын майрамы ж.б.) аралаштырып салуу азгырыгына туш болушат. Биринчи кылымда да, жыйырма биринчи кылымда да, мындай окутууларга бир эле жооп бар: Ыйса – Теңир. Ал караңгылыктын күчүн жеңген жана биз Ал аркылуу гана жеңишке жете алабыз. Башка эч кандай жөрөлгөлөргө жана ырым-жырымдарга машайакчылыкта орун жок.

Мурун айтылгандай эле, Пабыл колостук жалган окутуу эмне тууралуу экенин толук түшүндүрүп бербейт. Ал жалган окутуунун маңызына, жыйындын Теңири жана жаратуучусу – Машайактын жакшы кабарына салыштырмалуу бир аз эле көңүл бурат.

### *Машайакчылык бышып жетилүү (Кол. 3-4)*

Эфестиктерге катындагыдай эле, Пабыл доктринадан тажрыйбага өтөт. Машайак Кудайдын оң жагында отурганына байланыштуу, биз Машайакта тирилгендер акылыбызды адаштырып жалган окутууларга басым жасабай, руханий нерселерге ылайыкталышыбыз керек; биз мындай нерселер үчүн өлгөнүбүздү жана мындан ары Машайак менен Кудайда жашарыбызды унутпашыбыз керек[247].

«Машайакта жашырылган Кудайдагы жашоо» кандай? Пабыл аларды тажрыйбалык терминдер менен сүрөттөйт. Бул жашоо эки өзгөчөлүктөн турат.

- Биз эски жөрөлгөлөрдү «калтырып» жана бардык жердик нерселерди; ачылануу, ачуу, каардануну, жаман сөздөр, адеп-ахлаксыздыкты, ишенимсиз

---

[244] Кол. 2:16 и 3:11

[245] Кол. 2:18. «Периштелердин табынуусу», кыязы алардын өзүнө табынууну билдирбейт (бул бардык жүйүт окутууларына карама-каршы келмек), бирок бул сөздөр узак убакытка орозо кармоо сыяктуу аскетикалык иш-аракеттер аркылуу, табынуучулар мистикалык түрдө Кудайдын тактысынын алдындагы периштелерге кошула алат деген идеяны билдирет. Колостогу жалган окутуучулар машайакчыларды ушундай иш-аракеттерге кошулууга чакырган.

[246] Кол. 2:15

[247] Кол. 3:1-3төн алынып, башка сөздөр менен айтылган.

сөздөр ж.б өлүмгө беришибиз керек. Бул жөрөлгөлөр Кудайдын ачуусун келтирет[248].

- Биз Машайактын бейнеси боюнча жаңы адамды «кийишибиз» керек. Бул өзүнө боорукердикти, ак көңүлдүктү, момундукту, жооштукту, чыдамдуулукту, кечиримдүүлүктү жана «баарынан көп» сүйүүнү камтыйт. Бул сапаттарды өнүктүргөн сайын, биздин жүрөктөрүбүздө Кудайдын тынчтыгы болот жана Машайактын сөзү биздин ичибизден орун алат[249]. Бул жаңы жашоо үй-бүлөлүк мамилелерди өзгөртөт (3:18-4:1) жана ишенбегендер үчүн жакшы кабарды жагымдуу кылат (4:5-6).

## Филемонго жазылган кат

### Тарыхый кырдаал

Пабылдын эң кыска каты Филемонго – колостук бай машайакчыга даректелген. Кыязы Филемон Пабыл Эфесте кызмат кылган учурда куткарылып калган. Анын үйү Колос жыйыны жолугуучу жер болуп калган.

Биринчи кылымда кеңири таралган сыяктуу эле, Филемондун да Онесим деген кулу бар болгон, ал Римге качып кеткен. Рим качкын жашырына алган империядагы эң жыш жана коопсуз шаар болгон. (Бүгүн качкындар Нью-Йоркто, Мексикодо, Лагосто жана башка чоң шаарларда жашырынса болот).

Бирок Онесим Кудайдан жашына алган эмес! Бул чоң шаарда Кудай Пабыл менен Онесимди жолуктурган; ал ишенип калган жана Пабылга жардам бере баштаган.

Кайсы бир учурда бул жаңы ишенип калган машайакчы өзүнүн мурунку жашоосу менен жолугуусу керек болду. Балким ал качып кетеринин алдында өзүнүн кожоюнунун акчасын уурдап алган[250]. Онесим ырайымсыз жазаланууга туш болушу мүмкүн эле: качып кеткен кулдун чекесине качкын экенин билдирген энтамга басып, атүгүл өлтүрүп салышкан. Ушуну билип туруп, Пабыл Онесим Филемонго жолугуу үчүн кайтып барганда өзү менен чогуу ала барсын деп колдоо үчүн кат жазып берген.

> «Биз баарыбыз Теңирдин Онесимдерибиз. Жараксыздар жарактуу болуп калат. Бул Кудай адамдарда иштегенинин түгөнгүс сүрөтү. Биз баарыбыз качып кеткен күнөөнүн кулдарыбыз»
> - Мартин Лютер

### Жазылган максаты

Пабыл бул катты эң жөнөкөй максат менен жазган, бул – элдешүү жөнүндөгү сураныч. Онесим Кудай менен элдешкен; Пабыл Филемондон качып кеткен кулу менен элдешүүсүн суранат.

---

[248] Кол. 3:5-10
[249] Кол. 3:12-17
[250] Филемонго 1:18

**Мазмуну**

Пабыл машайакчы-бир туугандарга мурун көрсөткөн берешендиги үчүн Филемонго ыраазычылык келтирип баштайт. Филемондун ишенгендерге болгон сүйүүсү Пабылдын эми ал ишенип калган Онесим жөнүндөгү суранычынын негизи болуп калган.

Пабыл (Галатиялыктарда жазылгандай) өзүнүн элчилик кадыр-баркына таянбай, сүйүүнүн негизинде суранат. Кат ортолоп калган учурда каттын жазылган себебин айтат: «уулум болуп калган Онесим тууралуу сенден өтүнөм» [251]. Филемон – Пабылдын ишенимдеги уулу, эми ал дагы бир Филемондун качып кеткен кулу менен «уулду болду».

Онесим деген ат «пайдалуу» же «кирешелүү» дегенди билдирет; бул кулдар үчүн кеңири таралган ат болгон. Пабыл: «Ал бир кезде сен үчүн «пайдасыз» болгон, бирок азыр сага да, мага да пайдалуу» –деп жазат[252]. Онесим эми өзүнүн атына жараша жашайт: Ыйсанын күчү аркылуу ал пайдалуу болуп калды.

Пабыл Филемон Онесимди бошото аларын кыйытып айтат, бирок бошотуусун талап кылбайт[253]. Пабыл Филемондон, ал Пабылдын өзүн кандай кабыл алса, Онесимди да ошондой кабыл алуусун суранат[254].

Филемонго каты Пабылдын бошотулуусу жөнүндө сыйынып туруу өтүнүчү менен аяктайт. Элчи түрмөдөн бошотулгандан кийин Филемонго барып кетем деген үмүтү бар экенин жазат. Бул Пабылдын жумшак түрдө Филемон Онесимге кандай мамиле кылып жатканын жакында көрөрүн кыйытып айтканы деп ойлойсуңарбы?

Көп адамдар Пабыл кулчулукту айыптабаганына арызданышкан, бирок элчи кожоюндарга кулчулук уланбай турган чөйрөнү жаратууну буйруган[255]. Машайактагы бир тууганың катары карагандарга кожоюн болуу мүмкүн эмес.

**Тарыхый эпилог**

Жазууда Онесим кайра Филемонго кайтып баргандан кийин эмне болгону жөнүндө айтылбайт. Тарыхта Филемон Онесимди бошотконун түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген эки маалымат кездешет.

- Байыркы Лаодикеянын баяны (Колостун жанында жайгашкан) кожоюну бошоткон кулга арналган. Кожоюндун аты Маркус Сестий Филемон.
- Бул кат жазылгандан бир нече жылдан кийин, Онесим деген бир адам Эфес жыйынынын эпископу болуп калган.

[251] Филемонго 1:10
[252] Филемонго 1:11
[253] Филемонго 1:13
[254] Филемонго 1:17
[255] Гал. 3:28; Эф. 6:9; Кол. 4:1; Филемонго1:16

Балким, Филемон Онесимди ал Пабылга кайтып барсын деп бошоткон, ал эми элчи аны жыйын жетекчиси болууга даярдаган. Эгер ушундай болсо, анда Пабылдын Эфестеги кызматы Филемондун мурунку кулу – Онесимдин насааттары аркылуу уланган. Кудайдын максаттары жана пландары биз көрө алгандан бир топ алыска кетет!

## Түрмөдөн жазылган каттар бүгүн жыйындарда

Түрмөдөн жазылган каттар бизге **доктрина күндө иш жүзүндө аткарылышы керектигин** эске салат. Бул каттарда Пабыл өзүнүн окурмандарын чакырыгына ылайык өмүр сүрүүгө чакырат. Туура доктринаны жарыялоо жетишсиз: биз күн сайын ишенимбизге ылайык жашашыбыз керек.

Эфестиктерге жана Колосалыктарга жазылган каттар **бизди руханий согуштун реалдуулугуна** үйрөтөт, «анткени биз адамдарга каршы эмес, башчыларга, бийликтерге, бул караңгы дүйнөнүн башкаруучуларына жана асман астындагы жаман рухтарга каршы күрөшөбүз»[256]. Руханий согуш реалдуу, бирок бул каттар бизди *Машайак бул согушта жеңгенине* үйрөтөт. Биздин көңүлүбүз негизгинен утулуп калган согушта күрөшүүсүн уланткан душманга эмес, бизге жеңишти алып келген Машайакка бурулуусу керек.

Филемонго жазылган кат **иш жүзүндө элдештирүүчү жакшы кабар реалдуу дүйнөдө көрүнүшү керектигин** эске салат. Пабылды иш жүзүндө ишке ашпаган ой канааттандырган эмес. Ал Кудай менен «качып кеткен күнөөкөрдү» элдештирген кабар Филемон менен качып кеткен кулду да элдеширерин айтат. Келишпестик жана талкаланган мамилелер дүйнөсүндө, биз жакшы кабардын күчү элдешүүгө алып келерин көрсөтүшүбүз керек.

## Корутунду

Рим империясындагы машайакчылар бузулган дүйнөдө жакшы кабарга ылайык кандай жашаш керек экенин түшүнүшкөн. Пабыл филипиликтер «бул дүйнөдө жаркырап турушуңар үчүн, кежир, бузулган бул муундун арасында, Кудайдын таза кемчиликсиз, кемтиксиз уулдары болушуңар үчүн, бардыгын наалыбастан, шектенбестен кылгыла» – деп жазат[257]. Ал жыйындан чыккан жарык, дүйнө караңгы болгон сайын дагы көбүрөөк жаркыраарын билген.

Рим империясынын караңгы күндөрүндө кээ бир машайакчылар «өздөрүнүн жашоосун Машайак үчүн тобокелге салгандар» деген ат менен белгилүү болушкан, анкени алар башкаларды куткаруу үчүн өздөрүнүн өмүрүн тобокелге салган. Пабыл бул терминди

[256] Эф. 6:12
[257] Фил. 2:15

Прискила жана Акилага карата «алар менин өмүрүм үчүн өздөрүнүн өмүрүн тобокелге салышкан» [258] дегенде колдонот: алар Пабыл үчүн өмүрлөрүн тобокелге салышкан.

Биринчи кылымда машайакчылар шаардагы таштанды ташталчу жайга ыргытылган керексиз ымыркай балдарды куткаруу менен коомдун каарына калуу коркунучуна кабылышкан. Үчүнчү кылымда эпископ Карфаген чума убагында өзүнүн жамаатын өмүрлөрүн тобокелге салуу менен шаарды сактап калуу үчүн, өлүп бара жаткандарга кам көрүүгө жана өлгөндөрдү көмүүгө чакырган.

Алгачкы жыйын «эски адамды таштоо» жөн гана чогулушка барып келүүдөн көптү билдирерин билген; бул Машайакка жана Анын максаттарына тиешелүү жаңы өмүр сүрүү; бул жакшы кабар «дүйнөдө жаркырашы» үчүн өмүрдү тобокелге салууну да билдириши мүмкүн.

## Сабактын тапшырмасы

Сабакты түшүнгөнүңөрдү төмөнкү тапшырмаларды аткаруу менен көрсөткүлө.

1. Тапшырмалардын **бирин** тандагыла:

- Эфестиктерге жазылган каттан үй-бүлө жөнүндө насаат же библиялык сабак даярдагыла. Бул колго жазылган же басылып чыгарылган 5-6 барак текст, же насааттын, же библиялык сабактын аудио жаздыруусу болушу мүмкүн.
- Эфестиктерге жазылган каттан жыйын жөнүндө насаат же библиялык сабак даярдагыла. Бул колго жазылган же басылып чыгарылган 5-6 барак текст, же насааттын, же библиялык сабактын аудио жаздыруусу болушу мүмкүн.
- Филипиликтерге жазылган кат боюнча машайакчылык жашоонун кубанычы жөнүндө насаат же библиялык сабак даярдагыла. Бул колго жазылган же басылып чыгарылган 5-6 барак текст, же насааттын, же библиялык сабактын аудио жаздыруусу болушу мүмкүн.
- Колостуктарга жазылган кат боюнча Машайактагы жаңы жашоо жөнүндө насаат же библиялык сабак даярдагыла. Тапшырманы 5-6 барак кылып колго жазылган же басылып чыгарылган 5-6 барак текст, же насааттын, же библиялык сабактын аудио жаздыруусу болушу мүмкүн.

2. Сабактын материалынын негизинде тест жазгыла. Тестте Ыйык Жазуудан жаттоо үчүн берилген аяттар бар.

[258] Рим. 16:4

**7-сабак Тесттин**

1. Түрмөдөгү каттар качан жана кайдан жазылган?

2. Эмне үчүн Эфестиктерде жеке салам узатуулар жок?

3. Эфестиктерге катындагы эки чоң бөлүктү атагыла.

4. Куткарылуудагы үчбирдиктин ар биринин ролун атап бергиле? (Эфестиктерге 1)

5. Эфестиктерге 3кө ылайык «жакшы кабардын сыры» эмнеде?

6. Филипи жыйыны туш болгон эки коркунучту атагыла.

7. Филипиликтерге 2деги «өзүн басынтуу» деген эмнени билдирет?

8. Колостогу жалган окутууга кайсы үч нерсе таасирин тийгизген?

9. Синкретизмге аныктама бергиле.

10. Түрмөдөн жазылган каттардын бүгүнкү күндө жыйын үчүн пайдалуу болгон үч аспектисин атагыла.

11. Эфестиктерге 4:11-16 жана Колосалыктарга 3:1-4 эстеп жазгыла.

# 8-сабак
# 1 жана 2 Тесалоникалыктарга: Машайактын кайра келиши

## Сабактын максаты

Сабактын аягына студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

1. 1 жана 2 Тесалоникалыктардын болжолдуу жазылган убактысын жана тарыхый кырдаалын билүү.
2. 1 жана 2 Тесалоникалыктардагы негизги темаларды жана алардын максаттарын билүү.
3. Ишенбегендер каршылык көрсөткөн убакта ишенимдүү болуу үчүн шыктандырууга ээ болуу.
4. Ыйсанын кайра келүүсү жөнүндөгү доктринаны көбүрөөк түшүнүү.
5. Бүгүнкү күндө Машайактын келүүсүн эске алып жашоо.
6. Бул китептин кабарларын бүгүнкү күндүн муктаждыктарына байланыштыруу.

## Ушул Сабакка даярдануу

*1 жана 2 Тесалоникалыктарды окуп чыккыла.*

*1 Тесалоникалыктарга 4:23-24тү жаттагыла.*

## Киришүү

Тесалоника жыйыны куугунтуктоолор болуп жатканда пайда болгон. Бул жамааттын ишенүүчүлөрү Машаяктын ысымы үчүн азап тартуу кандай экенин билишкен. Алар Пабылдын насааттарынын чындыгына ишенип калышкандыктан машайакчы болуп калышкан: «Мен силерге жарыялап жаткан Ыйса – ошол Машайактын Өзү» [259]. Алар ишеними үчүн азап чегүүгө даяр кайраттуу машайакчылардан болушкан.

Каршылыктар Пабылдын Тесалоникада жетиштүү убакыт болуусуна тоскоол болгон, ошондуктан ал тесалоникалыктарга машайакчылык доктриналарды толук үйрөтө албай калган. Пабыл Тесалоникадан кеткенден кийин жамаат мүчөлөрүндө Ыйсанын кайра келүүсү жөнүндө суроолор пайда болгон: куугунтук учурунда бул жаш ишенүүчүлөрдө келечектеги үмүтүнө тиешелүү суроолор пайда болгон.

Пабыл бул эки катты аларды ишенимдүүлүккө шыктандыруу үчүн жазат: ал тесалоникалыктарды Ыйса кайра келерине ынандырат жана алар бүгүн ошого көңүл буруп өмүр сүрүүсү керек.

[259] Элчилер иштери 17:3

## 1 жана 2 Тесалоникалыктарга каттарынын Тарыхый кырдаалы

### Тарыхый кырдаал

Тесалоника жыйыны Пабылдын экинчи миссионердик саякатынын убагында негизделген. Ал Филипиден кеткенден кийин Амфиполис жана Апполония аркылуу, Филипиден 160 километр аралыкта жайгашкан Тесалоникага барган.

Пабыл Тесалоникадагы синагогада үч ишемби окуткан. Жүйүттөрдүн ичинен кээ бирөөлөр жана «такыбаа гректер» ишенимге кайрылышкан[260]; буга жооп катары ишенбеген жүйүт адамдардын тобу козголоң чыгарып, Пабыл менен Сылас токтогон Жасондун үйүнө кол салышкан.

Абал коркунучтуу экенин көрүп, Пабыл менен Сылас түндө шаардан чыгып кетип, Тесалоникадан 80 километр аралыкта жайгашкан Берояга барышкан. Жүйүттөр менен тесалоникалыктар Пабылдын Бероядa экенин укканда, анын артынан барып ал жакта да көйгөйлөрдү жаратышкан. Каршылык көрсөткөндөр кыязы Пабылга гана асылган, анткени ал Сылас менен Тиметейди Берояга таштап, өзү болсо Афинге багыт алган.

Пабыл Афинден кийин Коринттун батышына кеткен, ал жакта он сегиз ай кызмат кылган. Сылас менен Тиметей Пабыл менен Корунтта жолугушкан жана ага жаш Тесалоника жыйынынан жаңылыктарды алып келишкен.

Пабыл 1 Тесалоникалыктарды Сылас менен Тиметейден алган кабарларга жооп катары жазган. Ал Тиметейди Тесалоникага катты алып барып келүүгө жиберген болушу керек. Бир нече ай

| Пабыл жана Тесалоникадагы жыйын |
| --- |
| Пабыл, Сылас жана Тиметей Тесалоникада жакшы кабар айтышат. (Элчилер иштери 17:1-4, б.з. 50-жылдар) |
| Бир нече жумадан кийин алар Берояга качышат (Элчилер иштери 17:5-10). |
| Пабыл Сылас менен Тимотейди Берояга калтырып, өзү Афинге багыт алат (Элчилер иштери 17:14-15). |
| Сылас менен Тиметей Пабылга Афинде кайра кошулушкан. (Элчилер иштери 18:16) |
| Пабыл Тиметейди Тесалоникага жиберет. (1 Тес. 3:1). |
| Пабыл Афинден кетип Корунтка барат. (Элчилердин иштери 18:1). |
| Сылас менен Тиметей Пабылга Корунттан жолугат жана Тесалоникадан жаңылык айтып келишет (Элчилер иштери 18:5; 1 Тес. 3:6) |
| Пабыл Тиметейден уккан жооп катары 1 Тесалоникалыктарга катын жазат. (б.з. 50-51-жылдар) |
| Кийинки суроолорго жооп катары Пабыл 2 Тесалоникалыктарды жазат (2 Тес. 2:15) |

[260]Элчилер иштериндеги «такыбаа гректер» деген сөз, толугу менен иудаизмге кайрылбаса да, Кудай-Теңирге табынууга келген бутпарастарга таандык.

өткөндөн кийин башка кабарларга жооп кылып ал 2 Тесалоникалыктарды жазган. Бул эки кат Пабылдын Корунтта болгон убагындагы б.з. 50-51-жылдарга туура келет. Бул анын алгачкы каттары: алардан мурун Галатиялыктарга каты гана жазылган.

## 1 Тесалоникалыктарга: Машайак кайра келет

### Жазылган максаты

Тиметей Корунтка келгенде, Тесалоника жыйыны жөнүндө дурус кабарларды айтып келген: жаш ишенүүчүлөр жакшы кабарга ишенимдүү бойдон калышкан. Пабыл аларды ишенимде шыктандыруу үчүн жана ошондой эле жыйында пайда болгон көйгөйлөр жөнүндө сүйлөшүү үчүн жазган. Жамааттын кээ бир мүчөлөрү көз жумган, ошол себептен Ыйсанын кайра келүүсү тууралуу суроолор пайда болгон. Көз жумгандар, Машайактын кайра келүүсү тууралуу убадасын өткөрүп жибериши мүмкүн деген коркунуч пайда болгон. Башынан куугунтук өткөргөн машайакчылар үчүн ишенимибиз бекер болуп калабы деген ой алардын жүрөктөрүн сыздаткан. Пабыл тесалоникалыктарды каршылыктардын алдында ишенимдүү болууга шыктандырып, Машаяк бардыгы үчүн – ишенимде өлгөндөр үчүн да жана Ал келген убакта тирүү болгондор үчүн да келерин айтат.

### Мазмуну

► Ыйсанын экинчи келүүсү силерде кандай ойлорду пайда кылат – коркунучпу же үмүтпү? Экинчи келүү жөнүндөгү окутуу силердин күнүмдүк жашооңорго кандай таасир этет?

Пабылдын Тесалоникадагы кызматынан кийин бир аз убакыт өтүп жазылган бул кат өтө жеке кайрылуу болуп эсептелет. Пабыл адамдарды атап айтпаганына карабастан, Тесалоникадагы өзүнүн кызматы жөнүндө тактап жазат. Ал өзү кызмат кылган учурдагы ишенип калган машайакчыларга кайрылат, ошол себептен биз каттан элчинин ишенген балдарына болгон терең боорукердикти көрө алабыз.

#### *Каршылыктардын убагында ишенимге шыктандыруу*

Пабыл Тесалоникада насаат айтып жүргөндө жыйын куугунтукка алынарын эскертет[261], ал эми катында болсо аларды болуп жаткан куугунтук учурунда шыктандырат. Анын кабары төмөнкүлөрдү камтыйт.

- **Алар үчүн сыйынып жатканына ынандыруу** (1:2; 3:17-4:5). Пабыл тесалоникалыктарды унутпаганын жана алар куугунтуктан өтүп жаткан учурда алар үчүн сыйынып жатканын билүүсүн каалаганын айтат.
- **Пабылдын азап чегүүсүн эске салуу** (1:4-2:12). Пабыл азап чегүүгө даярдыгынын жемиши – тесалоникалыктардын кайрылуусу жөнүндө айтат. Ал Тесалоникада кызмат кылганда душмандары тарабынан куугунтукталды жана

[261] 1 Тес. 3:3-4

өзүн камсыздоо үчүн иштеши керек болду[262], бирок ал татыктуу сыйлыкка ээ болду. Бул жаңы ишенип калгандар анын – даңкы жана кубанычы[263]. Бул жөнүндө айтуу тесалоникалыктарга алардын кайгылары Кудайдын сыйлыгын алып келерин эстетип шыктандыруу берген.

- **Ишенимдүүлүгү үчүн ыраазычылык** (1:6-10; 3:6-10). Пабыл келген кабарлардан шыктанды жана жооп катары тесалоникалыктарды шыктандырат. Алардын кайрылуусу жана азап чегүүдөгү ишенимдүүлүгү «Македониядагы жана Ахаядагы бардык ишенүүчүлөр үчүн» күбөлүк болуп калды[264].

### *Машайактын кайтып келүүсү*

Пабылга Тесалоникадан жаңы ишенип калгандарды толук үйрөтүп бүтө электе кетүүгө туура келди, ошондуктан жаңы ишенип калгандар, ишенүүчүлөрдүн өлүмү жөнүндө толук билим албай калышкан. Пабыл Ыйсанын кайтып келүүсү жана акыркы күндөр жөнүндө окутууну толуктап жана улантуу үчүн кат жазган (4:13-5:11).

Ыйсанын кайра келүүсү тесалоникалыктарды шыктандырат, бирок эми алар түшүнүксүз башка көйгөйгө туш болушту. Кээ бир жыйын мүчөлөрү бул убада аткарылганга чейин өлүп калышкан. Пабыл «көз жумгандар» да Теңирдин келүүсүн көрө алат деп ишенимдүү түрдө айтат.

Үмүтсүз кайгыруунун ордуна машайакчылар эстеринен чыгарбашы керек: Теңир асманга көтөрүлүп кетип баратканда мындай деп жарыялаган: «Адегенде Машайакка ишенип жүрүп өлгөндөр тирилишет»; «Андан кийин тирүү жүргөн биз алар менен бирге Теңир менен абада жолугушуу үчүн, булут үстүндө асманга көтөрүлөбүз. Ошентип, түбөлүккө Теңир менен болобуз»[265].

Тесалоникалыктар Ыйсанын кайра келүүсүнүн «убактысы жана мөөнөтү» жөнүндөгү тагыраак маалыматты уккулары келгени менен, Пабыл «ал жөнүндө жазуунун кажети жок экенин», алар Машайакка ишеним арткандыктан келечекке ишенимдүү карашы керектигин айткан.

Теңирдин күнү «түн жамынган уурудай болуп» келгенде, бул караңгынын балдары үчүн кайгы. Бирок «жарыктын балдары» үчүн Теңирдин күнү

> «Ал кеткендегидей эле булут үстүндө келет,
> Күнөөкөрлөр жеңилет.
> Миңдеген ыйыктар Анын бут алдында чогулат,
> Анын келишине салтанат курат!
> Аллелуйя! Аллелуйя! Аллелуйя!
> Жерде Кудай падышалык кылат!
> Ооба, Оомийин! Бардыгы Сени даңктасын,
> Сенин бийик түбөлүк тактыңда,
> Куткаручуу бийлик менен даңк,
> Падышачылык Сеники гана!
> Тезирээк келе көр!
> Түбөлүктүү Кудай түшүп келе көр!»
> - Чарльз Уэслинин Гимни

262 Элчилер иштери 17; 1 Тес. 2:2, 9, 16
263 1 Тес. 2:20
264 1 Тес. 1:7
265 1 Тес. 4:16-17

«Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу куткарылуу берген» күн [266]. Ишенгендер үчүн Ыйсанын кайра келүүсү жөнүндөгү кабар – коркунуч эмес, шыктандыруу.

### *Ыйсанын кайра келүүсүн эске алып жашоо*

Пабылдын насааттары дайыма иш жүзүндө колдонууга багытталган. Бул Пабылдын эсхатология [267] жөнүндө окутуусунда да байкалат; ал Машайактын келүүсүнүн убактысын куру талкуулоого кызыкпайт.

Пабыл Машайак тирүүлөргө да, өлгөндөргө да келерин көрсөткөндөн кийин, бүгүн Машайактын келишин күтүп жашоонун маанилүүлүгү жөнүндө айтат (4:1-12 и 5:1-24). Пабыл өзүнүн окурмандарын караңгынын эмес «жарыктын балдары» катары жашоого чакырат. Ал Машайактын *эртең* келишине бизди *бүгүн* даярдоо үчүн иш жүзүндө аткара турган көрсөтмөлөрдү берет.

- Кудайга жага тургандай иштерди кылгыла (4:1-2);
- Ойноштук кылуудан алыс болгула (4:3-8);
- Бир туугандык сүйүүдө өскүлө (4:9-10);
- Өз колуңар менен иштегиле (4:11);
- Ишенбегендердин алдында уят болуп калбаш үчүн, жашооңорго иштеп тапкыла (4:11-12);
- Сергек жана эстүү болгула (5:6-8);
- Машайактын кайра келүүсүн күтүүдө бири-бириңерге кайрат бергиле жана акыл-насаат айткыла (5:9-11);
- Жыйында жетекчилик кызматын кылгандарды сыйлагыла (5:12-13);
- Ээнбаштык кылгандарга эскерткиле жана алсыздарды колдогула (5:14);
- Ишенгендер үчүн да, дүйнөдөгүлөр үчүн да жакшылыкты издегиле (5:15);
- Кубанычта жашагыла (5:16);
- Үзгүлтүксүз сыйынгыла (5:17);
- Ыраазычылык менен жашагыла (5:18);
- Ыйык Рухту өчүрбөгүлө (5:19);
- «Пайгамбарчылыкка маани бербей койбогула» [268]. Баарын сынап көргүлө, жакшысын кармангыла (5:20-21);

[266] 1 Тес. 5:1-5, 9
[267] Эсхатология – акыркы күндөр жөнүндөгү окутуу
[268] 1 Тес. 5:20

- Ар кандай жамандыктан алыс болгула (5:22).

Пабыл жөн эле үйрөтпөйт: ал өзү менен ушунчалык жакын мамиледе болгон ишенимге кайрылгандар үчүн сыйынат. 1 Тесалоникалыктарда алардын Машайактын келүүсүнө ылайык өмүр сүрүүсү жөнүндө тынчсыздануусу менен байланыштуу эки сыйынуу жазылган. Пабыл 3:11-13тө бул ишенгендер сүйүү менен ыйыктыкта өсүүсү үчүн жана Машайактын кайра келишине даярдануусу үчүн сыйынат.

Андан кийин Пабыл 5:23-24тө аларды Өзү менен элдештирген (тынчтыктын Кудайы) «Өзү силерди толугу менен ыйык кылсын» деп сыйынат. Бул алардын толук турпаты («рух, жан, жана денеси») Ыйса Теңирдин кайра келүүсүнө даяр болоруна кепилдик берет. Пабыл акыркы шыктандыруусунда өзүнүн окурмандарын ыйыкталуу биздин аракетибиз менен эмес, Кудайдын иши аркылуу келерине ынандырат. Бизди ким ыйык болууга чакырса, ошол бизди ыйык кылат.

## 2 Тесалоникалыктарга: Ыйсанын кайра келиши тууралуу түшүнбөстүктөр

### Мазмуну жана максаты

Пабыл 1 Тесалоникалыктарга катын жибергенден кийин Экинчи келүү жөнүндө кошумча суроолор пайда болгонун билген. 2 Тесалоникалыктарда элчи бул суроолорго жооп берет жана тесалоникалыктарды Машайактын кайра келүүсүнө даярданууда ишенимдүү болууга шыктандырат. 1 Тесалоникалыктарда берилген Пабылдын окутуусу андан ары 2 Тесалоникалыктарда такталат. Пабыл Ыйса Теңирдин кайра келүүсү тууралуу түшүнбөстүктөрдү түшүндүрүп берет жана ишенүүчүлөрдүн арасындагы туура эмес жүрүм-турумдар жөнүндөгү суроого кайрылат.

### *Теңирдин күнү жөнүндөгү түшүнүк (2 Фес. 1-2)*

1 Тесалоникалыктарда Пабыл ишенгендердин өлүмү үчүн чөкпөш керек экенин үйрөтөт: Машайак тирүүлөргө да, өлгөндөргө да кайтып келет. Кыска саламдашуудан кийин, алардын өсүп жаткан ишеними жана сүйүүсү үчүн ыраазычылык айтып, Пабыл 2 Тесалоникалыктарда Машайактын кайра келүүсү жөнүндөгү насаатын улантат: ал Экинчи келүү сотко жана «түбөлүк өлүмгө» алып келерин айтат, бирок ишенгендер эч нерседен коркпой эле койсо болот: сот күнү ошол эле учурда Машайак «ыйыктарынын арасында даңкталган» күн болот[269].

| |
|---|
| **1 Тесалоникалыктарга**:<br>Машайак кайтып келет<br><br>**2 Тесалоникалыктарга**:<br>Машайак азырынча келе элек |

1 Тесалоникалыктарда Пабыл өлүп калган ишенүүчүлөр Машайактын келүүсүн өткөрүп жиберишти деген жаңылыш ойго көңүл бурат; 2 Тесалоникалыктарда ал Машайак мурун эле келген деген туура эмес ойго жооп берет.

[269] 2 Тес. 1:9-10

1 Тесалоникалыктарда Пабыл Машайак кайтып келет деп үйрөтөт, 2 Тесалоникалыктарда болсо – Машайак азырынча келе элек деп үйрөтөт.

Теңирдин күнү келди деген жалган жарыя айтылды. Пабыл бул кабар кайдан келип чыкканын билген эмес: балким бул пайгамбарчылык жөндөмдүүлүгүнө («рухуна») ээмин деген насаат айткан кимдир бирөөнүн сөзү же авторун Пабыл деп жасалма кат жазган бирөө болгон[270]. Мындай билдирүүлөргө каршы Пабыл өзүнүн окурмандарын Теңирдин күнү келе электигине ынандырат. Ал келгенге чейин эки окуя болушу керек: «четтей турган учур» жана «күнөөнүн адамы ачыкка чыгат» [271]. Бул окуялар дагы эле боло элек жана ал тесалоникалыктар бул темалар боюнча анын мурунку сабактарын унутуп коюшканына таң калат.

### *Теңирдин күнүнө даярданып жашоо (2 Тес.3)*

1 Тесалоникалыктарда жазылгандай эле Пабылдын 2 Тесалоникалыктардагы негизги тынчсыздануусу машайакчылар Машайактын келүүсүн эске алганда кандай жашап жатканына байланыштуу болгон. 1 Тесалоникалыктарда Пабыл: «Машайак ушундай кайтып келгенине байланыштуу…» деп окутат. 2 Тесалоникалыктарда Пабыл: «Машайак азырынча кайтып келе электигине байланыштуу, … жашагыла» деп окутат.

Машайактын келишин күтүп жатып, төмөнкүдөй кылууга милдеттүүбүз:

- Үйрөтүлгөн нерседе бекем туруу (2:15);
- Жалкоолуктан качуу (3:6-12);
- Туура эмес иштерден качуу (3:11-12); [272]
- Башкаларга жакшылык кылуу (3:13);
- Пабылдын насааттарын аткаруудан өжөрлөнүп баш тарткандарды үйрөтүү (3:14-15).

## 1 жана 2 Тесалоникалыктарга бүгүн жыйындарда

Бүгүнкү күндө эсхатология жана Машайактын кайтып келүүсү жөнүндө темага чоң кызыгуу байкалат: «пайгамбар окутуучулар» Машайактын кайтып келүүсүнүн убактысын алдына ала айтууга; «бибилиялык коддору бар» китептер – Жазуунун чындыгынын сырын ачууга аракет кылып жатышат; машайакчы авторлор Машайактын кайтып келүүсүнө байланыштуу окуялардын негизинде романдарды чыгарып жатышат.

---

[270] 2 Тес. 2:2
[271] 2 Тес. 2:3-4
[272] 2 Фес. 3:6-12 окшош эки көйгөй менен алышат. Жумушу жоктор башка ишенүүчүлөрдүн иштерине кийлигишкен. Пабыл аларга өз иши менен алек болууну буйруйт, алар биринчи көрсөтмөгө баш ийишсе башкалардын ишине кийлигишүүгө убактысы калбайт.

1 жана 2 Тесалоникалыктарга каттары таптакыр башкага басым кылат. Бул китептер, биз Машайактын кайтып келүүсүнө байланыштуу жашыруун маалыматты ачыкка чыгарууга аракет кылуунун ордуна, Машайак келгенге чейин кандай жашап жатканыбыз жөнүндө көбүрөөк тынчсызданышыбыз керек экенин көрсөтөт. Пабыл «убактысы менен мөөнөтүн» талкуулоого таптакыр убактысын коротпой, анын ордуна: «Машайак кайра келет» – деп айтат. Силер Машайак силерге жолукканда көргүсү келгендей өмүр сүрүп жатасынарбы, текшергиле. Ушул ой Машайактын келүүсү жөнүндөгү насааттарыбыздын үлгүсү болушу керек.

> «Теңир эртең келерин билсеңиз, эмне кылмаксыз, деп Джон Уэслиден сураганда. Ал бүгүн жатып уктамакмын, эртең туруп иштеримди улантмакмын , анткени Ал мени тапшырылган ишти аткарып жатканымда келүүсүн калаар элем».
> - Дж. Кэмпбелл Морган

**Корутунду**

1998-жылы Тайвандагы культ Машайак 31-мартта келерин пайгамбарчылык кылган. Кээ бир машайакчылар үйлөрүн сатып, жумуштарын таштап, Машайактын келишин күтүп тоодо жолугушкан. Тайвандагы гезиттер бул топ жөнүндө репортаждарды жарыялашкан жана алардын окутуусун жайылтышкан. Ыйса күтүлгөн убакытта келбей калганда, ишенбегендер жыйынды шылдыңдашкан.

Бул Ыйсанын келүүсү жөнүндөгү алдын ала айтуу жалган болуп чыгып жыйынды уятка калтырган биринчи жолку окуя эмес. Америкада 1988-жылы Ыйсанын келишин айтып бере турган китеп, беш миллиондук тираж менен өтүп кеткен. Кээ бир диний теле жана радиостанциялары Көтөрүлүп кетүүгө даярдануу үчүн өзгөчө көрсөтмөлөрдү бере баштаган.

Жакында эле Гарольд Кемпинг 2011-жылы Көтөрүлүп кетүү жөнүндө алдына ала айткан. Ал аткарылган эмес. Ишенбеген адамдар ишенүүчүлөр ушундай алдын ала айтууга ишенгени үчүн кайрадан жыйынды шылдыңдашкан.

Адамдар дайыма Көтөрүлүп кетүү жөнүндө алдын ала айтууга аракет кылышат, бирок алар аткарылбайт. Ыйса Өзү Анын кайтып келүү убактысын аныктоонун кажети жок экенин эскерткен[273]. Экинчи келүүнүн убактысын билүүгө аракет кылуунун ордуна, биз Кожоюндун жумуштарын аткаруу менен алек болушубуз керек. Тесалоникадагы ишенүүчүлөр сыяктуу биз Машаяктын каалаган убактысында кайтып келүүсүнө даяр болушубуз керек.

[273] Матай 24:36

## Сабактын тапшырмасы

Сабакты түшүнгөнүңөрдү төмөнкү тапшырмаларды аткаруу менен көрсөткүлө.

1. Тапшырмалардын **бирин** тандагыла:

- 1 жана 2 Тесалоникалыктарды окуп бүткөндөн кийин «Бүгүн Машайактын келүүсүн эске алып жашоо» деген 1 барак эссе жазгыла. Бул Машайактын келүүсү биздин жашообузга кандай таасирин тийгизгенин иш жүзүндө көрсөткөн эссе болушу керек.
- 1 жана 2 Тесалоникалыктардын негизинде Экинчи келүү жөнүндө насаат же библиялык сабак даярдагыла. Бул 5-6 барак колго жазылган же басып чыгарылган текст, же насааттын, же библиялык сабактын аудио жаздыруусу болушу мүмкүн.

2. Сабактын материалынын негизинде тест жазгыла. Тестте Ыйык Жазуудан жаттоо үчүн берилген аяттар бар.

## 8-сабак Тесттин

1. Тесалоника жыйыны кандай жагдайда негизделгенин сүрөттөп бергиле.

2. Пабыл каршылыкка туш болгон Тесалоника жыйынын шыктандырган үч ыкманы санап бергиле.

3. Пабыл тесалоникалыктарга Машайактын кайтып келүүсүнүн убактысы жана мөөнөтү жөнүндө эмнелерди айткан?

4. Пабыл ыйыкталуу жөнүндө так шыктандыруу берет. Ал бул жөнүндө эмне деп айтат?

5. Эгер 1 Тесалоникалыктардын негизги кабары – «Машайак кайтып келет» болсо, 2 Тесалоникалыктардын негизги кабары кайсы?

6. Эгер биз Пабылдын үлгүсүн жолдосок, Экинчи келүү жөнүндөгү биздин насаатыбыздын негизги кабары эмнеден турат?

7. 1 Тесалоникалыктарга 4:23-24тү эстеп жазгыла.

# 9-сабак
# Тиметей жана Титке жазылган каттар: Жыйын жетекчилерине жазылган каттар

## Сабактын максаты

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:

1. Жыйын жетекчилерине жазылган каттардын жазылган болжолдуу убактысын жана тарыхый кырдаалын билүү.
2. Жыйын жетекчилерине жазылган каттардын негизги темаларын жана максаттарын билүү.
3. Жыйын кызматчыларынын библиялык кесиптик мүнөздөмөлөрүн өнүктүрүү.
4. Доктринаны үйрөтүү, жыйын тартиби жана руханий жетекчилик сыяктуу тармактарда жыйын жетекчисинин милдеттери жөнүндө көбүрөөк түшүнүккө ээ болуу.
5. Кудайдын чакырыгына өмүр бою ишенимдүү болуу милдетин алуу.
6. Жыйын жетекчилерине жазылган каттардан машайакчылык кызмат үчүн иш жүзүндө аткарылчу принциптерди жыйынтыктоо.
7. Бул каттардын кабарын бүгүнкү күндүн муктаждыктары менен байланыштыруу.

## Ушул Сабакка даярдануу

► Жаш жыйын жетекчисин тынчсыздандырган нерселеди атагыла. Андан кийин, 1 Тиметей менен Тит каттары кайсы учурлар жөнүндө айтып жатканын тапкыла.

*1 жана 2 Тиметейди жана Титти окуп чыккыла.*

*2 Тиметей 4:7-8 жана Тит 2:11-14тү жаттагыла.*

## Киришүү

Титке, жана ошондой эле 1 жана 2 Тиметейге каттары жыйын жетекчилерине кайрылуу же жыйын жетекечилерине кат катары белгилүү. Пабыл аларды мурун өзү окуткан жаш жигиттерге жазган. Эми алар жыйын жетекчилери болуп калышты. Пабыл аларга жамааттарында пайда болгон көйгөйлөр жөнүндө сүйлөшүү үчүн жазган.

Жыйындарга жазылган каттардан айырмаланып, бул жеке каттар. Бул кадыр барктуу мугалимдин биринчи дайындалган кызматында кыйынчылыктарга туш болгон окуучусуна кайрылуу. Ошол себептен алар жыйынды жетектеп кетүү боюнча библиялык кеңешке муктаж болгон жаңы жыйын жетекчилери үчүн өзгөчө кымбат булак болуп эсептелет.

**Жыйын жеткечилерине жазылган каттардын автору жана жазылган убактысы**

1 Тиметей жана Титке жазылган каттардын болжолдуу убактысы – б.з. 64 жана 65-жылдардын аралыгы. 2 Тиметей Пабылдын акыркы каты, ал элчинин азап чегип өлүүсүнө жакын калганда 66 же 76-жылдары жазылган.

Бул курста биз Жаңы Келишимдеги китептердин авторлугу жөнүндөгү талаштарга көңүл бурган жокбуз. Евангелист машаякчылар катары биз Жаңы Келишимдин күбөлөндүрүүлөрүн кабыл алабыз. Бирок жыйын жетекчилерине жазылган каттардын авторлугу жөнүндө көп талаштар болгондуктан биз Пабылдын авторлугуна тиешелүү жүйөөлөрдү карап чыкканыбыз туура болот.

Титке ошондой эле 1 жана 2 Тиметейге жазылган каттар боюнча Пабылдын авторлугуна каршы колдонулган жүйөөлөр:

- ***Убакыт тилкеси***. Бул китептер Элчилер иштери китебинин хронологиясына туура келбейт.
- ***Стили.*** Пабылдын башка каттарынан жазуу стили менен айырмаланып турат.
- ***Мазмуну.*** Пабылдын башка каттарына салыштырмалуу басым башка нерселерге кылынган. Мисалы, жыйын жетекчилерине жазылган катында элчи жыйындын түзүлүшүнө жана жыйындын кызматчыларына өзгөчө көңүл бурат, ал эми өзүнүн башка каттарында ал бул жөнүндө жазбайт.

Бул жүйөөлөрдүн ар бирин тактап карап чыгуу мүмкүн эмес, бирок алардын ар бирине берилген кыскача жооп бизде Пабылды бул китептердин автору деп эсептегенге жүйөлүү себеп бар экенин көрсөтөт.

- ***Убакыт тилкеси***. Жыйын жетекчилерине жазылган каттар Элчилер иштер китеби баяндаган убакыт аралыгында жазылган эмес. Байыркы жыйындын жазуулары Пабыл түрмөдөн б.з. 62-жылы бошотулганын айтат. Андан кийин ал төртүнчү миссионердик саякатка чыгып, ошол учурда Критке[274], Эфеске[275], Македонияга[276], Никополго[277] жана балким Испанияга барган. Жыйын жетекчилерине жазылган каттар ушул төртүнчү саякаттын убагында жазылган.
- ***Стили***. Жазуу стили боюнча субъективдүү жүйөө келтирилет. Жакын кызматташка жазылган жеке кат, жыйынга жазылган каттан айырмаланат.
- ***Мазмуну***. Бул жүйөө жазуу стилине келтирилген жүйөөгө окшош: кызматташтарга жазылган катта жыйынга жазылган каттардан айырмаланып

[274] Титке 1:5
[275] 1 Тим. 1:3
[276] Фил. 2:23-24; 1 Тим. 1:3
[277] Титке 3:12

башка тармактар жөнүндө сөз болот. Атүгүл Элчилер иштери жана Пабылдын алгачкы каттары аксакалдар, епископтор жана диакондор сыяктуу кызматчыларга кайрылат [278]. Пабыл Тит менен Тиметейге алар жаш жыйындарды негиздеп жана аларды жетектеп баштаган убакта, аларга багыт берүү үчүн жазат. Ал жыйын жетекчилеринин даярдыгынын деңгээлине өзгөчө көңүл бурганы таң калыштуу эмес.

Бул китептеги жеке эскерүүлөр да Пабылдын авторлугу жөнүндөгү ойду колдойт. 2 Тиметейге да, Титке да жазылган каттар Пабыл менен байланыштуу так билдирүүлөр менен аяктайт. Ал өзүнүн кызматташтары – Димас, Крискент жана Лука жөнүндө жазат, келечекте Титке жолугууну пландайт, ошондой эле алгачкы жылдары экөөнүн ортосунда келишпестик жаралган Жакан Маркты эстейт. Элчи ошондой эле өзүнүн жакын арадагы өлүмү жөнүндө жазат. Бул каттар Пабылдын жакын жардамчыларына жазылганы түшүнүктүү.

Эң маанилүү далил – бул Жазуунун күбөлөндүрүүсү. Ар бир кат Пабылдын автор экенин аныктоодон башталат [279]. Ыйык Китептин Кудай тарабынан шыктандырылганын жана катасыздыгын кабыл алган евангелдик машайакчылар үчүн ушул бир далил жетиштүү. Жыйын негизделгенден баштап, ишенгендер бул каттардын авторлугу Пабылга тиешелүү жана алар Кудай тарабынан шыктандырылган деп эсептешкен.

## 1 Тиметей

### Максаты

Пабыл түрмөдөн бошонгондон кийин, саякаттап жүрүп Тиметейди Эфестеги жыйынга жетекчи болуу үчүн таштап, өзү болсо андан ары Македонияга кеткен[280]. Бул жаш жыйын Пабыл аркылуу 5-8 жыл мурун негизделген. Пабыл бул катты жалган окутуучулар тууралуу көрсөтмөлөрдү айтып, ошондой эле жыйындын тартиптери жана кызматчыларды дайындоо боюнча так көрсөтмөлөрдү берүү менен жаш Тиметейди жыйын жетекчисинин кызматында шыктандыруу үчүн жазат.

### Мазмуну

#### *Жыйындагы жалган окутуучулар*

Пабылдын бул каттагы биринчи тынчсыздануусу Тиметейге Эфес жыйынында көйгөйлөрдү жараткан жалган окутуучулардан арылууга жардам берүү болгон. Пабыл бул окутуу жөнүндө тактап айтып берүүнүн ордуна, анын кесепеттери жөнүндө айтат. Жалган окутуунун таасиринин натыйжасында жыйында талаш-тартыштар жана

[278]Элчилер иштери 14:21-23 жана Фил. 1:1
[279] 1 Тим. 1:1; 2 Тим. 1:1; Титке 1:1
[280] 1 Тим. 1:3

талкуулоолор келип чыккан[281]. Бул окутуучулар окутуучу катары кабыл алынууну каалашкан, бирок өздөрү эмнени окутуп жатканын билишкен эмес[282]. Кудай Анын жыйыны «тамсил» (куру талкуулоолор) айтышуунун ордуна бири-бирин бекемдөөсүн каалаган: «ишенимде бекемдөөсүн», сүйүүдө, чын жүрөктөн чыккан сүйүү, таза абийир жана чыныгы ишенимде болуусун каалаган[283].

Жалган окутуучулардын кабарынын бир бөлүгү мыйзамды туура эмес түшүнүүгө тиешелүү болгон окшойт. Пабыл анын баалулугун ырастайт («эгерде ким аны мыйзамдуу колдонсо…») жана күнөө – мыйзам үйрөткөн принциптерге тил албастыктын жыйынтыгы экенин үйрөтөт[284]. Галатиялыктарга жазылган кат машайакчылар мыйзам менен эмес, ырайым менен акталарын көрсөтөт, ал эми 1 Тиметейде мыйзам Кудайга жакпаган жүрүм-турум жөнүндө эскертүү берүүдө маанилүү ролду ойноору айтылат.

Пабыл жалган окутуучулардын айынан пайда болгон көйгөйлөргө үч жооп берет.

- **Тиметейди шыктандыруу***.* Пабыл Машайактын душманы болсо да ырайымга ээ болгонун жеке өзү күбөлөндүрөт, ошондуктан Тиметей, өмүрлөрдү өзгөртүүчү Машайактын күчүнө ишеним артуу менен «жакшы аскер сыяктуу согушса» болот[285].

- **Чыныгы окутууга басым жасоо***.* Пабыл жалган доктринага чындык менен жооп берет: 1 Тиметей 4тө Пабыл жалган доктринадан арылуунун жолу туура доктрина экенин көрсөтөт.

- **Туура эмес мотивацияга каршы эскертүү***.* Пабыл өзүнүн катынын аягында жалган окутуучулардын мотивациясын карап чыгат. 1 Тиметейге 6да элчи алардын окутуусу текебердиктен, бурмаланган акылдан жана ачкөздүктөн келип чыкканын эскертет. Буга жооп – бизде болгон нерселерге арналуу. Акча жандуулук ишенимден четтөөнүн себеби болду. Чыныгы машайакчылар: «ишенимин, сүйүүсүн өстүрүүгө, адилет, такыбаа, чыдамкай, момун болууга умтулуусу» керек[286].

### *Жыйын үчүн көрсөтмөлөр*

► Силердин жыйында жыйын жетекчилери үчүн кандай кесиптик талаптар бар? Тизме жазып, аны 1 Тиметей 3 жана Тит 1 менен салыштыргыла.

[281] 1 Тим. 1:4, 6
[282] 1 Тим. 1:7
[283] 1 Тим. 1:5
[284] 1 Тим. 1:8-10
[285] 1 Тим. 1:12-20
[286] 1 Тим. 6:11-12

1 Тиметейдин чоң бөлүгү Пабылдын Тиметейге берген кеңештеринен турат. Пабыл жаш кызматчы Тиметейге төмөнкү суроолор боюнча көрсөтмө берет:

*Чогуу сыйынуу жана эл алдында табынуу (1 Тим. 2)*

Жаш жетекчи үчүн табынуу жана эл алдында табынуудагы жүрүм-турум боюнча суроолор маанилүү болгон.

*Жыйын жетекчилери үчүн кесиптик талаптар (1 Тим. 3)*

Алгачкы жыйында кызматчылардын эки түрү болгон. Эпископтор («камкорчулар») окутушкан жана насаат айтышкан. Алар кой короого кам көрүүгө жана жыйын мүчөлөрүн рухий зыяндан коргоого жоопкерчиликтүү болушкан[287]. Диакондордун да руханий жоопкерчиликтери бар болчу, бирок алар иш жүзүндө аткарылчу кызматка жоопкерчиликтүү болушкан[288]. Пабыл айтып өткөн кызматчылардын эки түрүнө тең тиешелүү кесиптик талаптар милдеттерге эмес, мүнөздөргө көңүл бурат. Пабылды негизги тынчсыздандырган нерсе жыйын кызматчыларынын Кудайдын жыйынын жетектөө үчүн ылайыктуу мүнөзү.

*Жыйындагы өзгөчө топтордун муктаждыктары (1 Тим. 5:1-6:2)*

Жаш жыйын жетекчиси үчүн дагы бир маанилүү нерсе – жыйын мүчөлөрүнүн ар түрлүү муктаждыктарын чечүүнү үйрөнүү. Пабыл жесирлерге, карыларга, жада калса кулдарга кандай жардам берүү керектиги жөнүндө көрсөтмөлөрдү берет.

*Корутунду*

Пабыл Тиметейге жазган катын «ишеним үчүн болгон жакшы күрөштө» ишенимдүү болууга чакыруу менен жана «куру сөздөр» менен «жалган окутууга» алаксыбашы керек экенин эскертет[289]. Тиметейге жакшы кабар дайындалган. Ал анын негизги иши болуп калышы керек, жана бул Тиметейдин жолун жолдогон ар бир жыйын жетекчисинин негизги иши болуп калышы керек.

## Титке

### Тарыхый кырдаал

Тит бутпарастардан чыккан машайакчы болгон: балким, ал Пабыл кызмат кылып жүргөн убакта ишенип калган. Пабыл Тит менен Иерусалимдеги кеңеште чогуу болгон жана Пабыл көйгөйлүү Корунт жыйыны менен иштешкенде, Тит анын өкүлү болгон. Бул кат жазылган учурда Тит тоолуу Крит аралында кызмат кылып жаткан. Пабыл Критке келип кеткенден кийин Тит жээктеги калың катмарлуу шаарлардагы жыйындарды жетектөө үчүн калып калган.

[287] Элчилердин иштери 20:28-31.
[288] «диакон», *diakonos*, деген грекче сөз «кызматчы» дегенди билдирет.
[289] 1 Тим. 6:12-21

Каттын аягында Пабыл Титти өзү менен Никополдо чогуу болуусун суранат[290]. 2 Тиметей 4:10дун негизинде биз Тит кийин Никополдон Далматияга жиберилгендигин билсек болот. Ал мезгилде Пабылды камакка алышкан жана Римге жөнөтүп жиберишкен, ал жерден Пабыл азаптуу өлүмдү кабыл алган.

**Жазылган максаты**

1 Тиметейге сыяктуу эле Титке каты да жаш жыйын жетекчисин жергиликтүү жыйынды жетектөөгө үйрөтүү үчүн жазылган. Пабыл жалган окутуу, жыйындагы жетекчилик жана машайакчынын жүрүм-туруму жөнүндө айтат. Каттын борбордук бөлүгү – куткаруучу ишенимди көрсөтүү машайакчынын жүрүм-турумунун маанилүүлүгү.

**Мазмуну**

***Жалган окутуучулардын зыяндуулугу***

Жалган окутуулар алгачкы жыйынга дайыма коркунуч туудурган. Пабыл буга үч ыкма менен жооп берет:

- Ал жыйында туура жетекчилик кылууга чакырат (Тике. 1:5-9).
- Ал жалган окутуучулардын жашоосу алардын окутуусу жалган экенин далилдерин айтат (Титу 1:10-16 жана 3:9-11).
- Ал адил жашоонун сүрөтүн көрсөтөт (Титке 2:1-3:9). Адаттагыдай эле, Пабылдын ыкмасы – жөн гана жалганга сокку уруу эмес, чындыкка басым кылуу болгон.

***Жакшы иштердин маанилүүгү***

Криттеги жалган окутуучулар өз окутуусуна жараша мыйзамсыз өмүр сүргөнү менен белгилүү болушкан. Андай окутууну кабыл алгандар, кара ниет, баш ийбес, жакшы иштерди кылууга жөндөмсүз болушкан»[291]. Ушул сыяктуу эле чыныгы окутуу өзү иштеп чыгарган иш аракет аркылуу көрүнүшү керек. Пабыл жалган окутуу жөнүндөгү эскертүүдөн кийин, өзүнүн катынын чоң бөлүгүн чыныгы машайакчылык жашоону сүрөттөөгө арнайт жана туура окутуу, туура жашоого алып барарын баса белгилейт.

Пабыл Титти «туура окутууга ылайык келгенди» үйрөтүүгө чакырат[292]. Крит жыйынын мүчөлөрү туура өмүр сүрсө, алардын жашоосу Пабыл менен Тит үйрөткөнгө туура келет. Пабыл жашы өткөн жана жаш эркек, аялдар, ошондой эле кулдар үчүн так

[290] Титке 3:12
[291] Титке 1:16
[292] Титке 2:1

буйруктарды берет. Пабыл Титке жетекчи жашкы иштердин жана дени сак окутуунун үлгүсүн камсыз кылышы керек экенин эскерткен.

Туура жашоо образы жакшы кабардын чындыгынын баалуу күбөлөндүрүүсү болуп эсептелет. Пабыл жакшы иштерти кылуу үчүн эки мотивация тууралуу айтат:

- *Терс мотивация*: «Кудайдын сөзүнө тил тийбеш үчүн» [293].
- *Оң мотивация*: «Куткаруучубуз Кудайдын окутуусуна жасалга болуш үчүн» [294].

> «Кудайдын ырайымы бардык адамдарга келди». Күн бардык адамдарга тийип тургандай эле руханий Күн бардыгына көрүндү. Эки учурда тең, ким өз каалоосу менен көзүн жумса, пайдалуу артыкчылыктардан куру калат.»
> - Адам Кларк,
> «Жаңы Келишимге Түшүндүрмөлөр»

Биздин жашоо «Бизди бардык мыйзамсыздыктан куткарып, тазалап, бизден Өзүнө таандык, жакшы иштерди кылууга тырышкан эл жаратуу үчүн, …Өзүн берген» [295] Ыйсанын үлгүсүн чагылдырып турушу керек.

Титке жазылган каттагы Пабылдын окутуусу анын Галатиялыктарга жазган катындагы окутуунун маанилүү толуктоосу болуп эсептелет. Пабыл жакшы иштер менен акталабыз дегендерге эскертүү берет. Титке жазган катында Пабыл, акталуу үчүн жакшы иштердин кереги жок дегендерге каршы чыгат.

Биз чынында ишеним аркылуу ырайым менен акталганда гана башкача өмүр сүрө алабыз. Пабыл Галатиялыктарда айтылгандай эле, Титте да биз «иштерибиздин негизинде эмес, Анын ырайымынын негизинде…» куткарылганыбыз жөнүндө так айтат [296]. Биз жакшы иштерибиз менен куткарылбасак да, куткарылуу биздин жашообуздун бардык тармактарын өзгөртөт. Акталганга чейин биз «акылсыз, баш ийбес, адашкан, кумарлардын жана ар кандай күнөөлүү каалоолордун кулу болгон, жамандык, көрө албастык кылып жашаган, жек көрүндү, бири-бирибизди жек көргөн адамдар элек» [297]. Эми өзгөрүлүүдөн кийин биз «жакшы иштерди кылууга тырышчаактык менен аракет» кылышыбыз керек[298].

Пабыл катын жеке көрсөтмөлөрү менен аяктайт. Ал Артемди жана Тихикти Криттеги Тит менен орун алмашуу үчүн жиберген. Алар алмашкандан кийин Тит Никопольго Пабылга Зина менен Апполосту ээрчитип келмек.

---

[293] Титке 2:5
[294] Титке 2:9
[295] Титке 2:14
[296] Титке 3:5
[297] Титке 3:3
[298] Титке 3:8

## 2 Тиметей

### Максаты

2 Тиметей – бул Пабылдын акыркы каты, ал б.з. 65-67-жылдары, ал өлүм жазасын күтүп жаткан учурда жазылган. Кээ бир кызматташтары аны унутуп коюшкан, башкалары кызмат менен алек болгондуктан андан алыс болушкан, ал жалгыз калган болчу. Пабыл Тиметейге жардам суроо үчүн жазган. Пабыл үшүп, Тиметейден ага чапан алып келип берүүсүн суранат; ага жардамчылар керек эле, ошол үчүн Жакан Марктыээрчите келүүнү суранат. Ал өзүнүн ишин акырына чейин чыгаргысы келет, ошол себептен өзүнүн китептерин «айрыкча булгаарыдан» жасалган китептерин ала келүүсүн суранат[299].

| Пабылдын эки камакка алынуусу | |
|---|---|
| ***Биринчи камакка алынуусу*** | ***Экинчи камакка алынуусу*** |
| Жүйүттөр тарабынан айыпталган | Римде камакка алынган |
| Пабылдын келгендерди кабыл алуу үчүн салыштырмалуу эркиндиги болгон | Пабыл жалгыз калган |
| Ижарага алынган үйдө | Түрмөнүн суук бөлмөсүндө |
| Пабылдын эркиндикке чыгуусу менен аяктайт | Пабылдын өлүм жазасына тартылуусу менен аяктайт |

### Мазмуну

#### *Ишенимдүүлүк*

Пабыл өзүнүн жердеги саякатынын аягында Кудайдын чакырыгына ишенимдүү жана тил алчаак  жашап келген өмүрүн бурулуп карайт. Ошондой эле ал келечекте анын кызматын уланта турган, Тиметей сыяктууларды караган. Ишенимдүүлүк – Пабылдын жашоосунун ушул мезгилинде тынчсызденуусунун маанилүү бир бөлүгү ишенимдүүлүккө тиешелүү болгон. Ал Тиметейди ишенимдүү кызматчы бойдон калууга чакырат.

Ишенимсиз болуунун мисалы катары, Пабыл Асия аймагындагы кээ бирөөлөрдү, өзгөчө Пабылды таштап кеткен Пигел менен Эрмогенди келтирет[300]. Пабыл кызматтан четтеп кеткен кызматташтарынан көңүлү калып кыйналат. Кийинчерээк ал өзүн таштап кеткен дагы бир кызматташы Демас жөнүндө айтат[301]. Кудайга ишенимдүү

[299] 2 Тим. 4:9-13
[300] 2 Тим. 1:15
[301] 2 Тим. 4:10

болуу көңүл калбаган жашоого кепилдик бере албайт. Балким кеменин кыйроосу, камалган учурда сабалганда денеси менен кыйналгандан да, Галатия жана Корунт жыйындарындагы көйгөйлөрдүн айынан моралдык кысымдан да, Пабыл ушунчалык курч кырдаалда ташталып жалгыз калганы үчүн эмоционалдык жактан көбүрөөк азап чеккен.

Бактыга жараша, Пабыл ишенимдүү мисалдардын барына кубанган. Ал Эфесте жана Римде ишенимдүү кызмат кылган Онесепорду эстейт[302]; ошондой эле кызматта ишенимдүүлүгү менен белгилүү Кирескес, Тит жана Тихик, сыяктуу кесиптештери жөнүндө айтат[303]. Кудайдын ырайымын айкын көргөзүү үчүн Пабыл Марктан Тиметей менен чогуу Римге баруусун суранат. Жакан Марк биринчи миссионердик саякаттын ортосунда кетип калган, анын айынан Пабыл менен Барнабанын ортосунда келишпестиктер пайда болгон[304]. Он беш жыл өткөндөн кийин Марк өзүнүн ишенимдүү экенин көрсөткөндөн кийин, Пабыл андан жардам сураган: «… Ал мага кызмат үчүн керек»[305].

Бул жөн гана жеке эскерүүлөр эмес: Пабыл Тиметейди ишенимдүүлүккө шыктандыргысы келет. Элчи бир нече салыштыруу менен ишенимдүү болуу кандай экенин көрсөтөт.

- Аскер өзүнүн аскер башчысына ишенимдүү (2 Тим. 2:3-4).
- Спорт машыгуучусу эрежелерге жараша атаандашат (2 Тим. 2:5).
- Дыйкандын ишенимдүү болгону жыйынтыгында түшүм түрүндөгү сыйлыкка ээ кылат (2 Тим. 2:6).

### *Жалган окутуучулар*

Пабыл дагы деле жалган окутуучулар туудурган коркунуч тууралуу тынчсызданат. Ал Тиметейди ишенимдүү бойдон калууга жана уруш-талаштарды жараткан «акылсыз жана маанисиз» талаш-тартыштарга берилбөөгө чакырат[306]. Алар «кара ниет, алдамчы» «башкаларды азгырып,өздөрү да азгырылгандар» тарабынан чыгат. Анын ордуна Тиметей «эмнени үйрөнсө, ага эмне ишенип тапшырылса, ошону сактоодо…» өсүшү керек[307]; «Кудайдын сөзүн айт», «ашкереле, тыюу сал, акыл-насаат айт», «кыраакы бол, кыйынчылыктарга чыда, Жакшы Кабар таратуучулук милдетиңди

[302] 2 Тим. 1:16-18
[303] 2 Тим. 4:10-12
[304] Элчилер иштери 15:36-39
[305] 2 Тим. 4:11
[306] 2 Тим. 2:23 и 3:13-14
[307] 2 Тим. 3:14

аткар» , «өз кызматыңды аягына чыгар» [308]. Бул жерде 1 Тиметейге жана Титке жазылгандай эле жалган окутууга жооп – чындыкка ишенимдүү болуу.

***Коштошуу***

2 Тиметейге каты - бул Пабылдын жердеги кызматы жана өмүрү менен коштошуусу, бирок элчи келечекти ишеним менен тосуп алат: ал ишенимдүүлүгү үчүн сыйлык күтөт.

Буга чейин бир нече жыл мурун Пабыл: «Бирок мен эч нерсеге карабайм өз өмүрүмдү эч аябаймын, алдымда турган жарышты жана Теңир Ыйса тапшырган кызматты – Кудайдын ырайымы жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратуу ишин кубаныч менен аягына чейин чыгарсам эле болду» – деп күбөлөндүргөн[309]. Азыр ал өлүм алдында мындай дейт: «Мен жакшы күрөштүм, жарыштын аягына чыктым, ишенимди сактадым. Азыр болсо мага адилеттиктин таажысы даярдалып жатат. Адилет Сот – Теңир аны мага ошол күнү берет, мага эле эмес, Анын келишин чыдамсыздык менен күткөндөрдүн баарына берет» [310].

## Жыйын жетекчилерине жазылган каттар бүгүн жыйындарда

Жыйын жетекчилерине жазылган каттар **туура доктринанын маанилүүлүгү** тууралуу үйрөтөт. Жалган окутууга эң таасирлүү жооп – бул чындык. Пабыл каттарында жалган окутууга эмес, туура окутууга көбүрөөк көңүл бурат. Ошондой эле бүгүнкү күндө биз үчүн да жалган окутууга таасирдүү жооп – бул жакшы кабар жана «ыйыктарга бир ирет берилген» ишеним [311].

Адеп-ахлактык жактан алсыроо жана жалган окутуулар кээ бир жыйын жетекчилерин талкалаган учурда, жыйын жетекчилерине жазылган каттар **жыйын жетекчилерине кесиптик талаптарды** үйрөтүү үчүн баалуулукка ээ. Бир дагы жыйын бул чен өлчөмдөрдү четке кага албайт. Акылдуу жыйындар Пабыл 1 Тиметейде жана Титте көрсөткөн сапаттарга туура келген жетекчилерди тандашат.

Титке жазылган кат **жакшы кабардын көрүнүүсү үчүн жакшы иштердин маанилүүлүгү** жөнүндө үйрөтөт. Өзүн машайакчымын деп атаган адамдын жашоосу, кээде жыйындын күбөлөндүрүүсүн талкалайт. Ишенгендер жакшы кабар ишенбегендер үчүн жагымдуу болушу үчүн кам көрүшү керек. Туура окутуу жыйынтыгында туура жүрүм-турумга алып келиши керек.

Пабылдын жыйынтыктоочу сөздөрү **түбөлүк ишенимдүү болууга чакырууга тиешелүү**. Студенттер кызмат кылууну улантууда, жашоодогу кыйынчылыктарга дуушар болушат. Аларды Пабыл сыяктуу кызматташтары таштап кетиши мүмкүн. Алар

[308] 2 Тим. 4:2, 5
[309] Элчилер иштери 20:24
[310] 2 Тим. 4:7-8
[311] Жүйүт 1:3

Тиметей жана Тит сыяктуу эле жалган окутуучуларга туш болушу мүмкүн жана тарыхта болгон бардык ишенүүчүлөрдөй эле азгырыктарга жана каршылыктарга туш болушат. Пабылдын акыркы сөздөрү алар татыктуу сыйлык аларын жана эч качан жеңилбеш керектигин ырастап турганын алардын эсине салыңыз. Ишенимдүү кызматчыларды таажы күтүп турат!

**Корутунду**

Уильям Борден 1887-жылы бай үй-бүлөдө төрөлгөн. Ал Йель университетинде окуган, бизнесмен болууга даярданып жаткан, бирок Кудай аны Түндүк Кытайга миссионердик кызматка (мусулмандарга кызмат кылуу үчүн) чакырып алган. Кытайга бара жаткан жолдо ал Мисирде араб тилин үйрөнгөн, ал жактан менингит оорусун жуктуруп алып 25 жаш курагында Кытайды көрө электе эле каза болуп калган.

Ал каза болгондон кийин анын Ыйык Китебин ата-энесине беришкен. Анын ичинен Кудайдын чакырыгына «ооба» деп жооп берген күнү жазган баракчаны таап алышкан. Борден: «Өзүмө эч нерсе калтырбайм» деген сөздөрдү жазган. Ал өзүн толугу менен Кудайдын чакырыгына арнаган. Үй-бүлөсү каршы чыгып аны үй-бүлөлүк бизнеске кошулууга көндүргөндө, ал: «Баш тартпайм» деп жазган. Борден артка карабастан жолун улантууга даяр болгон. Өлөөрүнө бир нече күн калганда өзүнүн «Өкүнбөйм» деген акыркы сөзүн жазган. Ал келечекти кооптонбой тосуп ала алмак, анткени Кудайдын чакырыгына баш ийүү менен жашаган.

Уильям Борден Пабылдын акыркы күбөлүгүндүрүүсүн түшүнгөн. Өзүн толугу менен берген адам, артын карабай Кудайдын артынан ээрчиген адам, адилдик таажысын алат. Ушул күнү биз Пабыл жана Уильям Борден менен бирге: «Өкүнбөйм» деген сөздөрдү айтабыз. Бул ар бир ишенүүчүнүн максаты.

## Сабактын тапшырмасы

Сабакты түшүнгөнүңөрдү төмөнкү ташырмаларды аткаруу менен көрсөткүлө.

1. Төмөндө көрсөтүлгөн эки тапшырманы тең аткаргыла.

- Силердин кырдаалда жыйын жетекчилерине тиешелүү кесиптик талаптардын тизмесин даярдагыла. Силер кызмат кылган маданий чөйрөгө 1 Тиметейдеги жана Титтеги библиялык чен өлчөмдөрдү колдонгула.
- 2 Тиметейди окугандан кийин бир баракка «коштошуу катын» жазгыла. Эгер силер өлө турганыңарды билсеңер, өзүнөрдөн кийин кандай күбөлөндүрүү калтырат элеңер? Бул тапшырма силердин азыркы учурдагы жашооңор менен кызматыңарды баалоого ошондой эле силер артыңардан ээрчигендерге өз мурасыңарды калтырарыңарды көбүрөөк түшүнгөндө, силердин келечектеги кызматыңарды калыптандырууга жардам берет.

2. Бул сабактын негизинде тест жазгыла. Ал Ыйык Китептен жаттоого берилген аяттарды камтыйт.

## 9-сабак Тесттин

1. Жетекчилерге жазылган каттардын болжолдуу убактысы кайсы?

2. 2 Тиметейге жана Титке каттарынын мазмуну Пабылдын авторлугун кантип далилдейт?

3. Пабыл 1 Тиметейге катын кандай максат менен жазган?

4. Пабылдын  күбөлөндүрүсү жалган окутуучулар менен болгон жагдайда Тиметейге кандай шыктандыруу берген?

5. Алгачкы жыйындагы эки кызматты атап, аларга аныктама бергиле?

6. Титтин Пабыл менен мамилеси кандай болгон?

7. Пабыл Титке катын кандай максаты менен жазган?

8. Пабыл Титке жазган катында жакшы иштерди кылуу үчүн кайсы эки мотивацияны келтирет?

9. Жакан Марк менен болгон окуя Пабылдын 2 Тиметейдеги ишенимдүүлүк тууралуу ой жүгүртүүлөрүнө кантип мисал болуп бере алат?

10. Жыйын жетекчилерине жазылган каттар бүгүнкү күндө жыйындарга кандай төрт ыкма менен кайрыларын атагыла.

11. 2 Тиметей 4:7-8 жана Тит 2:11-14тү эстеп жазгыла.

# 10-сабак
# Эврейлерге жана Жакып китептери: жалпы каттар, 1-бөлүм

## Сабактын максаты

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:

1. Эврейлерге  катынын жана Жакыптын катынын болжол менен жазылган убактысын жана тарыхый кырдаалын билүү.
2. Эврейлерге  катынын жана Жакыптын катынын негизги темаларын жана максатын билүү.
3. Ишенимден баш тартуу жөнүндө библиялык эскертүүнү көрүү.
4. Жаңы Келишимде Кудай менен артыкчылыктарды жана жоопкерчиликтерди баалоо.
5. Машайакчылык жашоодогу ишеним менен иштердин ортосундагы өз-ара мамилени түшүнүү.
6. Эврейлерге  катындагы жана Жакыптын катындагы иш жүзүндө аткарылчу принциптерди машайакчылык жашоого колдонуу.
7. Бул китептердеги кабар менен бүгүнкү күндүн муктаждыктарын байланыштыруу.

## Ушул Сабакка даярдануу

*Эврейлерге  катын жана Жакыптын катын окуп чыккыла.*

*Эврейлерге 4:14-16 жана Жакып 2:17-18ди жаттагыла.*

## Киришүү

Жаңы Келишимде Эврейлерге жазылган каттан баштап Жакыптын катына чейинки китептерди жалпыга жазылган каттар деп аташат [312] . Алар Пабылдын башка каттарынан белгилүү бир угуучулардын тобуна дарекелбей, биз аз эле билген бирөөлөргө дарекелгени менен айырмаланат.

Алар Эврейлерге жазылган көлөмдүү каттан баштап, Жакан Гайга жазган кыска катка чейин бири-биринен айырмаланып турат. Аларда ар түрдүү көйгөйлөр жөнүндө айтылат, бирок алардын баарын ар бир катта байкалган бир жалпы жип бириктирип турат – бул иш жүзүндө ыйык жашоо. Бул китептер бизди машайакчылык эмес дүйнөдө кантип машайакчылык өмүр сүрүү керектигин үйрөтөт. Биринчи кылымдагы ишенгендер да биз бүгүн туш болгон кыйынчылыктарга туш болушкан; жалган

[312] Бул каттарды кээде «католикалык» деп аташат. Бул контекстте «католикалык» деген «жалпы» дегенди билдирет; бул Римдеги католик жыйынына тийиштүү эмес. Бул жерде Элчилердин ишеним символунда колдонулган сөздөр колдонулган. «Католикалык (ааламдык) ыйык жыйынга жана ыйыктардын баарлашуусуна ишенебиз».

окутуулар, азгыруулар, ишенбегендер тарабынан карама-каршылыктар. Бул китепте ушул сыяктуу ар бир көйгөй талкууланат. Алардын көлөмү кичине болсо да, ишенимде көйгөйлөргө туш болгон машайакчылар үчүн алар маанилүү болгон.

## Эврейлерге жазылган кат: Мыкты жол

### Автору

Эврейлерге жазылган кат өзүнүн авторун аныктабайт. Анын автору Пабыл деп божомолдонот.

Пабылдын авторлугун колдогон жүйөөлөр:

1. Эврейлерге китеби Машайактын инсандыгын жана эмгегин сүрөттөгөнү, Пабылдын каттарында ошол эле учурларды сүрөттөгөнү менен окшош.

2. Автор Тиметей менен баарлашат[313].

3. Акыркы бөлүмдө бата берүү Пабылдыкына окшош[314].

Пабылдын авторлугуна каршы жүйөөлөр Эврейлерге каты менен башка каттардын жазылуу стилинин бир нече айырмачылыгын камтыйт.

1. Эврейлерге каты эч качан «Машайак Ыйса» деген сөздөрдү колдонбойт – бул сөздөр Пабылдын каттарында элүүдөн ашык колдонулат.

2. Эврейлерге 2:3тө автор Жакшы Кабар жөнүндө элчилерден уккандыгын айткан. Галатиялыктарга 1:12де Пабыл Жакшы Кабарды Ыйса Машайактын аяны түз укканын айтып берет.

3. Пабылдын башка каттарынан айырмаланып, Эврейлерге жазылган кат саламдашуу менен башталып, коштошуу менен бүтпөйт. Жана жеке адамдар менен бул катта саламдашпайт.

Жыйындын тарыхында бул каттын авторлугу көп башка адамдарга тиешелүү деп айтылып келген, алардын көбү Пабылдын кызматташтары болгон, мисалы, Барнаба, Лука же Аполос. Бул Пабылдын стилине окшош болгонуна себеп болушу мүмкүн. Жыйынтыгында, Эврейлерге жазылган каттын автору белгисиз.

### Максаты

Эврейлерге китебинде каттын элементтери менен (аягындагы жеке учурашуулар) насааттын мүнөздөмөлөрү бириккен (Байыркы Келишимдин тексттерин карап чыгуу). Автор өзүнүн каты жөнүндө «бир нерсеге үндөө сөзү» катары айтат[315]; 13:15те бул

[313] Эврейлерге 13:23
[314] Эврейлерге 13:18-25
[315] Эврейлерге 13:22

фраза насаатты сүрөттөө үчүн колдонулган. Эврейлерге китебинин эң жакшы сүрөттөмөсү – «насааттоочу кайрылуу» кат түрүндөгү насаат.

Бул катты биринчи алгандар Машайакка ишенүүдөн четтеп кетүү азгырыгына жана эски жашоолоруна кайтып баргылары келген каалоого туш болгон жүйүт машайакчылары болушкан. Алардын жүйүт катары мурунку жашоосу Байыркы Келишимдеги курмандык чалуулар жана ырым-жырымдар менен байланышкан болчу.

Бул машайакчылар куугунтукта туруштук берип, ишенимдүү болуп калышты, бирок алар эми «алдан тайып, кайратынан жазуу»[316] коркунучуна туш болушту. Эврейлерге китебинин автору аларга ишенимден четтөө жөнүндө эскертип жана аларды ишенимдүү бойдон калууга шыктандырып жазат. Ал Ыйсанын инсандыгы менен иштери, Байыркы Келишимдеги ыйык кызмат кылуучулук жана курмандыкка чалуу системасынан бир топ жогору экенин дайыма айтат.

### Убактысы

Эврейлерге жазылган кат б.з. 70-жылына чейин жазылышы ыктымал. Анда жүйүттөрдүн курмандык чалуу системасы ошол күндөрдө колдонулуп жүргөнү айтылат[317], демек ал римдиктер ийбадаткананы б.з. 70-жылы талкалаганга чейин жазылган кат деп болжолдосок болот.

### Эврейлерге катындагы Байыркы Келишим

► Байыркы жана Жаңы Келишимдин ортосунда байланыш барбы?

Эврейлерге китебинин мазмунуна терең киришүүдөн мурун, катка байланыштуу кеңири тараган түшүнбөстүктөргө көңүл буруу маанилүү. Көпчүлүк окурмандар Эврейлерге китебин Байыркы Келишимге кол салуу катары чечмелешкен. Эврейлерге китеби Жаңы Келишим – «эң жакшы» келишим деп окуткандыктан, кээ бирөөлөр Байыркы Келишим эч кандай мааниге ээ эмес деп эсептешет.

Бирок, Эврейлерге китеби Байыркы Келишимге сый-урматын көрсөтөт.

- Эврейлерге 11-бөлүмдөгү ишенимдин «баатырлары» – бул Байыркы Келишимдин каармандары.
- Эврейлерге китеби үйрөткөн сабактар Байыркы Келишимдин тексттерине негизделген[318]. Мисалы, Эврейлерге 1-бөлүм он төрт аяттан турат. Алардан тогузу -Байыркы Келишимден түзмө-түз келтирилген үзүндүлөр; Заб. 2; 2 Шем; 7;14 Мыйз.32:43; Заб.103:4; Заб. 44:6,7; Чыг.61:1,3; Заб.101:25-27 жана Заб.110:1.

---

[316] Эврейлерге 10:32-34; 12:3

[317] Эврейлерге 8:3-5; 9:7-8; 10:1-3

[318] Библиядагы Эврейлерге китебин, анда Байыркы Келишимден келтирилген үзүндүлөр менен чогуу келтирилген түшүндүрмө менен бирге окуган жакшы.

Эврейлерге китеби Байыркы Келишим өзүнүн тапшырмасын аткара албай калгандыктан, Кудайга пландарын өзгөртүүгө туура келгенин үйрөтпөйт. Машайакка ишенүү аркылуу куткарылуу «дүйнө жарала электе эле алдына ала белгиленген» [319]. Байыркы Келишимде да куткарылуу ырым-жырымдарды аткарууга эмес, ишенимга карап берилген. Бул Эврейлер 11де айтылган ар бир каарман Кудайга «ишеним» менен жакканынан көрсө болот.

Байыркы Келишимдин уландысы Жаңы Келишимде даана көрүнөт. Машайак – Байыркы Келишимдеги мыйзамдардын жана убадалардын аткарылышы. Байыркы Келишимдин көйгөйү Кудайдын максатынын ишке ашпай калганы эмес, Ысрайыл тапшырмасын аткарбай койгону. Ысрайыл жүрөк осуятын аткарбай койгон [320]: ал ишенимге негизделген курмандык чалуу системасын жөн гана куру ырым-жырымга айланткан. Байыркы Келишимдин пайгамбарлары да, Ыйса да, Ысрайыл Кудайдын максатын бурмалаганын айыптаган.

Дүйнө жаралгандан баштап Байыркы Келишим Машайактын келе турганын көрсөткөн; ал аяктап калмак эмес: ал келечекте Ыйсанын инсандыгы жана миссиясы аркылуу аткарылганды алдын алаа көргөзгөн. Жаңы Келишим акырына чыкпаган Байыркы Келишимдин убадасын аткаргандыктан «эң жакшы» болуп эсептелет.

**Мазмуну**

Эврейлерге китеби эки жанаша теманы карайт. Биринчи тема (мыкты жол) Машайактагы жашоонун артыкчылыктарын, Байыркы Келишимде жеткиликтүү болгон андан азыраак артыкчылыктар менен салыштырат.

Экинчи тема (*сергек болгула*) жыйынды таштап, мурдагы жашоосуна кайтып баруу азгырыгына кабылгандарга «эскертүүлөрдүн» беш топтомунан көрүнөт. Эврейлерге китеби ар бир бөлүктө окурмандарына эскертүү берет, андан кийин кайра шыктандырат.

***Мыкты жол***

Эврейлерге китеби салыштыруулар менен төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

- Машайак Байыркы Келишимдин пайгамбарларынан жогору (1:1-3).
- Машайак периштелерден жогору, анткени Ал Кудайдын Уулу (1:4-14).
- Машайак периштелерден жогору, Ал дүйнө Ал үчүн жаратылган Адам Уулу (2:4-18).
- Машайак Кудайдын ишенимдүү кулу жана Ысрайылдын жетекчиси Мусадан жогору (3:1-6).

[319] 1 Петир 1:20
[320] Эврейлерге 8:8

- Машайак Аруndан жана ыйык кызмат кылуучудан жогору (4:14-7:28).
- Машайак эң жогорку келишимди камсыз кылды (8:1-13).
- Машайак эң жогорку курмандыкты камсыз кылды (9:1-18).

Эврейлерге китеби бизге Байыркы Келишимдеги *жакшы* убадалар менен Машайак аркылуу бизге тиешелүү болгон *мыкты* аткарылуунун ортосундагы карама-каршылыктардын топтомун көрсөтөт. Жүйүт машайакчылары үчүн Байыркы Келишимге кайтып баруу акылсыздыктын туу чокусу болмок! Еврей машайакчылар асман белегинин даамын татып көрүп, Ыйык Рухка үлүштөш болгондон кийин эски жашоосуна кайтып барышса «Кудайдын Уулун кайрадан айкаш жыгачка керишет» [321].

***Сергек болгула***

► Ишенимден четтөө деген эмне? Чыныгы ишенип калган адам, ишенимден четтеп кетиши мүмкүнбү?

Машайак камсыз кылган жакшы жашоо жөнүндөгү күбөлөндүрүүлөр менен бирге, Эврейлерге китеби ишенимин таштоо азгырыгына туш болгондорго эскертүү берет. Улуу артыкчылыктар улуу жоопкерчиликтерди таңуулайт. Бул жоопкерчиликтердин негизинде, Эврейлерге китеби Жаңы Келишимдин ырайымын татып көргөн, бирок эски жашоосуна кайтып баруу азгырыгына кабылган ишенгендерге беш олуттуу эскертүү жөнүндө айтат.

Ар бир эскертүү ишенимдүү болууга шыктандыруу менен коштолот. Эврейлерге китеби ишенимден четтөө мүмкүн экенин айтуу менен, эч бир жерде сөзсүз ишенимден четтөө болорун айтпайт! Ар бир ишенген адам үчүн Кудайдын планы – ишенимдүү жашоо. Эврейлерге китеби жеңиштүү жашоо ар бир машайакчыга жеткиликтүү экенин көрсөтөт.

*Биринчи эскертүү Эврейлерге 2:1-18*[322]

- Биз уккан кабардан четтеп кетпөө тууралуу эскертет (2:1).
- Биз ээ болгон улуу артыкчылыктарга ээ болгондуктан, олуттуу эскертүү берилет (2:2-3).
- Бизди азгырыкка кабылган жана ошол себептен бардык азгырылгандарга жардам бере алган Ыйсанын үлгүсү шыктандырат (2:18).

*Экинчи эскертүү Эврейлерге 3:12 – 4:16*

- Бизге «күнөөгө азгырылып жүрөгүңөр катууланбасын» деп эскертет. (3:12-13).

---

[321] Эврейлерге 6:4-6

[322] Бул план Walter Elwell and Robert Yarbrough, *Encountering the New Testament*, китебинен алынган Baker Academic, 2005

- Бул оолуттуу эскертүү, анткени «тирүү Кудайдан баш тартып кетүү» мүмкүн. «Баштапкы *ишенимибизди аягына чейин сактаганыбызда*» гана Машайак менен бир үлүшкө ээ болобуз (3:12-14).
- Ыйса биздин «жардам керек болгон убакта Андан ырайым таба» алган Башкы ыйык кызмат кылуучубуз деген убада бизди шыктандырат (4:14-16).

*Үчүнчү эскертүү – Эврелерге 5:11 – 6:12*

- «өлүк иштерге» кайтып баруу коркунучу жөнүндө эскертүү (5:11-6:6).
- Бул олуттуу эскертүү, анткени ишенимден четтеп кетүүдөн кийин кайра кайтып келүү мүмкүн эмес (6:4-6).
- Ишенимдүүлөрдүн бардыгы «убадаланганды мурасташарын» билгенибиз биз үчүн шыктандыруу болот (6:9-12).

*Төртүнчү эскертүү 10:26-39*

- Бизге «эгерде биз чындыкты билип туруп, атайлап күнөө кылсак» анда бизди сот гана күтүп турганы тууралуу эскертүү берилет (10:26-27).
- Жаңы Келишимдин артыкчылыктарына ээ болгонубуз үчүн бул олуттуу эскертүү. Мусанын мыйзамдарына баш ийбегендерди ушунчалык катуу соттогон болсо «Кудайдын Уулун жана өзүн ыйыктаган, келишимди бекиткен канды тебелеп-тепсеп, аны ыйык нерсе катары тутпаган, ырайым Рухкун кордогон адам канчалык оор жазага тартылат». Бул эскертүүнү тоотпой койбогула, анткени «Тирүү Кудайдын колуна түшүү кандай коркунучтуу!» (10:28-31).
- Шыктандыруу «биз жаныбыздын куткарылышы үчүн ишенимде турганыбызга» тиешелүү. Мурунку жашоого кайтып барса болот же аягына чейин чыдаса болот. Бизди Кудайдын күчү кармап калат деген ишенимибиз бар. Ишенимдүүлүктүн мисалдарын биз Эврейлерге 11 жана 10:32-39дагы «ишенимдин баатырларынын галереясынан» көрө алабыз.

*Бешинчи эскертүү – Эврейлерге  12:25-29*

- Биз ээ болгон кабардан баш тартпашыбыз керек экенин эскертет (12:25).
- Жаңы Келишимдеги артыкчылыктарга ээ болгонубуз үчүн бул олуттуу эскертүү (12:25-27).
- Биз үчүн шыктандыруу болгону, биз «Кудайга жаккандай кызмат кыла» алганыбызда. (12:28-29).

## Атайын тема: Ишенимден четтөө

### Ишенимден четтөө деген эмне?

Ишенимден четтөө – «өз ыктыярдуулугу менен ишенимден баш тартуу жана өзү ээ болгон ишенимди таштоо» [323]. Бул аныктама ишенимден четтөөнүн үч элементине басым кылат:

1. Өз ыктыярдуулук. Доктринага, куткарылууга шектенүү, жада калса күнөөгө батуу да ишенимден четтөө болуп эсептелбейт. Ишенимден четтөө – машайакчылык ишенимден өз ыктыярдуулугу менен баш тартуу;
2. «атайлап ишенимден баш тартуу». Бул жөн эле күнөө эмес. Бул машайакчылык ишенимдин чындыгынан баш тартуу. Эврейлер үчүн бул Ыйсанын кун төлөп куткаруучу курмандыгынан баш тартып, машайакчылыктан мурунку ырым-жырымдарга кайтып барууну билдирген [324]. Жүйүтчүлдөр Ыйсанын кун төлөп куткаруучу курмандыгына талаптарды *кошкон*; ишенимден четтегендер болсо аны такыр эле *четке кагып* салышкан.
3. ишенимден баш тартуу: ишенимден четтөө, Машайакты эч качан таанып көрбөгөн адамдын ишенбестигинен айырмаланып турат, бул «Кудайдын жакшы Сөзүнүн жана келечектеги замандын кудуретинин даамын таткан» адамдын ишенимден баш тартуусу[325].

### Ишенимден четтөө менен Кудайдан алыстап кетүүнүн ортосунда кандай айырма бар?

Эврейлерге катында баш тартуу –билип туруп туруктуу түрдө ишенимден баш тартууну билдирет. Петир Ыйсаны четке каккан, бирок кийин өзүнүн күнөөсү үчүн тобо кылган. Петирдин эрдиги аны уятка калтырды, бирок ал машайакчылык ишенимден баш тарткан эмес. Ал Кудайдан алыстап кеткени Машайакты четке кагуу менен эмес, коркунучтун натыйжасы болгон.

Кудайдан алыстап, күнөөгө баткан адам дагы деле машайакчылык ишенимдин чындыгын кабыл алса болот, бирок ишенимден четтеген адам андан такыр эле баш тартат.

Эврейлердеги кээ бир эскертүүлөр жоопкерчиликсиз болууга жана адамдардын Кудайдан алыстоосуна тийешелүү, бирок Эврейлерге 6:4-6дагы негизги ой – машайакчылык ишенимден толугу менен баш тартуу. Ишенимден четтеген Ыйсанын кун төлөп куткаруучу курмандыгын четке какканда, кайрылып келүүгө жолун жок кылат. Тобо кылган, бирок Кудайдан алыстаган адам, Ыйсанын кун төлөп куткаручуу курмандыгы менен кайра калыбына келтирилиши мүмкүн.

---

[323] L.G. Whitlock, “Apostasy” in *Evangelical Dictionary of Theology* (ed. By Walter Elwell). Baker Books, 1984.
[324] Эврейлерге 6:6
[325] Эврейлерге 6:5

**Чыныгы машайакчы адам ишенимден четтеп кете алабы?**

Кээ бир евангелдик машайакчылар мындай болушу мүмкүн эмес деп талашып-тартышат, бирок Эврейлердеги эскертүү автор чыныгы коркунуч жөнүндө айтканда гана мааниге ээ. Эврейлерге 6:4-6 түбөлүктүү жана толугу менен баш тартуу мүмкүн экенин көрсөтөт.

## Эврейлерге каты бүгүн жыйындарда

Эврейлерге китеби **ишенимден четтөөнүн чыныгы коркунучу** жөнүндө эскертет. Жалпыга жазылган каттардагы ошого окшош темалар – жыйынга каршы коркунучтар. Көп учурда жыйындын окутуусун бурмалаган жалган окутуулар жөнүндө эскертүүлөр кездешет. Эврейлерге катында биз машайакчылык ишенимден толугу менен баш тартуу тууралуу эскертүүнү көрө алабыз. Бул коркунуч биринчи кылымдагыдай эле азыр да реалдуу.

Ооба, Эврейлер китеби ишенимди таштоо мүмкүн экенин айтат, бирок андан да маанилүүсү Эврейлерге китеби бизди **ишенимдүү болууга** үйрөтөт. Бизде Машайактын арачылыгы деген артыкчылык бар. Өзүбүз жарыялаган үмүттү бекем кармануу, бири-бирибизди сүйүүгө жана жакшы иштерге үндөө, бири-бирибизди ишенимдүү чогуу табынуулар аркылуу шыктандыруу аркылуу биз ишенимдүү боло алабыз [326]. Эврейлерге китебинин кульминациясы ишенимдүү бойдон калгандардын, эми күбөлөрдүн курчоосу болуп, «жарыштын аягына чыдамдуулук менен» чыккандар болуп калды [327].

«Биз ичке жолдо бараткан
жолоочуларбыз
Бизден алдыда бараткандар,
жол даярдап кетишти.
Алсырап калгандарды ишенимдүүлүккө
шыктандырып,
Алардын жашоосу Кудайдын
бекемдөөчү күбөлүгүн көрсөтөт.

Күбөлөрдүн улуу саны менен курчалып,
Акырына чейин чуркайбыз.
Бирок бизден мурун
чуркагандардай эле,
Өзүбүздөн кийин
Кудайга жаккан жашоонун ишенимдүү
мурасын калтыралы.

Биздин артыбыздан баргандар биздин
ишенимдүүлүгүбүздү көрсүн,
Биздин арналуубуздун оту алардын
жолун жарык кылсын,
Биздин издерибиз, аларга бурулуп
кетүүгө жол бербесин
Биздин жашоолорубуз аларды
шыктандырсын.»

-Jon Mohr ыры

[326] Эврейлерге 10:23-25
[327] Эврейлерге 12:1

## Жакып: Иш кылган ишеним

### Автору жана убактысы

Бул каттын автору «Кудайдын жана Теңир Ыйса Машайактын кулу Жакып» болгон[328]. Жакып апасы тараптан Ыйсанын иниси, Машайактын убагында сынчы болгон, бирок Ал тирилип келгенден кийин өзгөргөн[329]. Ал б.з. 62-жылы азап чегип өлгөн.

Бул кат 40-жж. башында же ортосунда жазылган болушу мүмкүн. Жакып ишеним менен иштер жөнүндө талкуу өткөн Иерусалим кеңешинде жетекчи болгон, эгер анын каты б.з 49-жж. кийин жазылса, ал бул окуя жөнүндө катында айтып кетмек болушу керек[330].

### Окурмандары жана каттын максаты

Жакып «чачыранды болгон он эки урууга» жазган[331]. Бул – *diaspora – деген* термин башында б.з.ч. 586-жылы Иерусалим кулагандан кийин чачыранды болгон жүйүттөргө карата колдонула баштаган. Жакып аны Иерусалимден башка жакта жашаган жүйүт машайакчылар үчүн колдонгон. Жакыптын Байыркы Келишимге көп кайрылганы анын аудиторясы негизинен жүйүттөр экенин көрсөтөт. Кыязы бул ишенгендер аябай жакыр болушкан жана куугунтуктоолордон азап тартышкан, ошондой эле келишпестиктерге жана дүйнөлүк жашоо образынын азгырыгына кабылышкан. Жакып ишеним иштер аркылуу көрүнүшү керектигин эскертет: машайакчылар аны иш жүзүндө көрсөтүшү керек.

### Мазмуну

#### *Жакып жана Байыркы Келишим*

Пайгамбар Амос сыяктуу эле, Жакып биз жарыялаган ишеним биздин күнүмдүк жашообузга таасирин тийгизиши керек. Амос да, Жакып да чыныгы дин башкаларга болгон мамиледен көрүнүшү керектигин талап кылышкан. Жакып 108 аяттын ичинде 50дөн ашык буйрук берет. Бул иш жүзүндө колдоно турган кат.

► Жакып 5:1-5 жана Амос 4:1-2 и 5:21-24 окуп чыккыла. Бул үзүндүлөрдүн кандай окшоштугу бар?

*Накыл Сөздөрдөгүдөй* эле Жакып маңыздуу чындыктарды жыйынтыктаган чакан саптарды колдонот. Жакыптагы көбүнчө темалар Накыл Сөздөрдөгү темалар менен бирдей: тил, байлык, ачуулануу жана акылмандуулук.

---

[328] Жакып 1:1
[329] Матай 13:55; Жакан 7:3-5; 1 Кор. 15:7
[330] Элчилер иштери 15
[331] Жакып 1:1

*Байыркы Келишимдин мыйзамындай* эле, Жакып ыйык адам ыйык Кудайдын мүнөзүн кантип чагылдыраарын көрсөтөт. «Ыйыктыктын коду» Лебилер 19-бөлүмдө ыйык эл кантип Кудайга баш ийип жашаарын түшүндүрөт, ошондой эле Жакып да, Жаңы Келишимдеги ишенгендер Бардыгынан Жогоркуга кантип баш ийип жашашы керек экенин көрсөтөт. Экөө тең биз жарыялаган ишеним, биздин жашообузда иш жүзүндө көрүнүшү керектигин үйрөтөт.

| Ыйыктыктын коду жана Жакып | |
|---|---|
| **Лебилер 19** | **Жакып** |
| **19:13** «Жалданган адамдын кызмат акысы таң атканга чейин берилбей калбасын». | **5:4** «Эгиниңерди жыйнаган жумушчуларга төлөнбөгөн эмгек акы өзүңөргө каршы айгак болуп, боздо жатат…» |
| **19:15** «Сотто жалган сүйлөбө. Жакыныңды кемсинтпе. Улуу адамга жагынба. | **2:9** «Эгерде бет карамалык кылып жатсаңар, анда күнөө кылып жатасыңар». |
| **19:18** «Жамандык ойлобо, кек сактаба». | **5:9 «**Бир туугандар, соттолбош үчүн, бири-бириңердин үстүңөрдөн арызданбагыла». |
| **19:18** «Өзүңдү кандай сүйсөң жакыныңды ошондой сүй». | **2:8** «Өзүңдү кандай сүйсөң жакыныңды ошондой сүй» |

### *Ишеним жана иштер*

Мартин Лютер Жакыптын катын «саман кат» деп атаган, анткени ал иштердин маанилүүгүнө басым кылат. Ал бул кат Пабылдын ишеним менен гана куткарылабыз деген окутуусуна каршы келет деп ишенген. Жакып 2:24 менен («адам ишеним менен гана эмес, иштер менен да акталат») жана Римдиктерге 3:28дин («адам мыйзамдын иштеринен көз карандысыз ишеним менен акталат») ортосунда карама-каршылык болгондой сезилет, бирок бул билдирүүлөр ар түрлүү азгырыктарга туш болгон эки башка адамдардын тобуна даректелген. Бул контекстте аяттардын ортосундагы карама-каршылык чечилген.

Пабыл куткарылууга эмгек сиңирип (мыйзамга баш ийүү менен) ээ болууну каалагандарга жазат жана куткарылуу ишеним аркылуу Кудайдын ырайымы менен гана мүмкүн экенин түшүндүрөт.

Жакып ишенимди акыл менен гана чындык катары кабыл алгандарга жазат. Алардын жашоолору өзгөргөн жок, анткени алардын ишеними чындык эмес. Жакып чыныгы

ишеним жашоону өзгөртөрүн жарыялайт. Элчи ишенимдин маанисине шек келтирбейт, бирок чыныгы ишеним иштер аркылуу көрүнөөрүн айтат, Ыбрайым менен Рахаптын ишенимдери алардын иштеринен көрүнүп турган[332].

Жакыптын каты Пабылдын ырайым аркылуу ишеним менен куткарылуу алганыбыз жөнүндөгү кабарга каршы чыкпайт, ал аны толуктайт. Пабыл биз Кудай алдында ишеним менен гана актала аларыбызды (адил боло аларыбызды), Жакып болсо – адилдик биздин иштерибизден көрүнөөрүн көрсөтөт.

### *Иштердеги ишеним*

Ишеним иштер аркылуу көрүнгөндөй эле, Жакып машайакчылык жашоонун иш жүзүндө аткаруучу тараптары жөнүндө айтат. Иштеги ишеним – бул:

- Сыноолор жана азгыруулар келгенде туруктуу болуу (1:2-18);
- Сөздү угуу жана аны *аткаруу* (1:19-27);
- Катышуу (2:1-13);
- Тил (3:1-13)
- Дүйнөлүк көрүнүштөр (3:14-4:4);
- Текебердик (4:5-11);
- Байлыкка азгырылуу (4:13-5:6);
- Кыйынчылыкта чыдамдуу болуу (5:7-11);
- Күнөө кетиргендер менен иштешүү (5:19-20).

**Иштеги ишеним**

«Көйгөйлөрдүн эң негизгиси – иш жүзүндө машайакчылыкты көргөзүү».
- Джон Уэсли

Жакып бул көрсөтмөлөр менен чыныгы ишеним жашоо образын өзгөртөрүн көрсөтөт. Ишеним - бул жөн гана чындык менен макулдашуудан чоң нерсе: ал биздин турган турпатыбызды толук өзгөртөт.

### Жакыптын катты бүгүн жыйындарда

Жакыптын каты биринчи кылымдагы куугунтукталган жүйүт машайакчыларына даректелген болсо да, анын иш жүзүндө аткарылчу машайакчылыкка басым кылганы, заманбап дүйнөгө терең таасирин тийгизет. Тил, байлык, ачуулануу жана жыйындагы мамилелер жөнүндөгү окутуунун мөөнөтү өтүп кетпейт; Жакыптын китеби бардык муундар үчүн пайдалуу.

*Антиномианизм* жалган окутуунун катарына кирет, ал машайакчылар этикалык жана моралдык мыйзамга тил алуудан бошотулган дейт. Бул окутуу ырайым менен ишеним аркылуу акталган ишенгендер, бардык чектөөлөрдөн эркин деп божомолдойт. Жыйындын ар бир мууну ушул антиномианизм азгырылуусуна кабылат. Жакып бизге

[332] Жакып 2:14-26

машайакчынын жашоосу, ишенбеген адамдын жашоосунан кыйла айырмаланып турарын катуу эскертет. Биздин иштерибиз аркылуу дүйнө бизде Машайакка болгон куткаруучу ишенимдин натыйжасында пайда болгон өзгөрүлүүнү көрө алат.

## Корутунду

Эврейлер китеби да, Жакыптын каты да, Ыбрайымды иштердеги ишенимдин үлгүсү катары көрсөтүшөт. Эврейлерге 11-бөлүм Ыбрайымды ишенимдин баатыры катары карайт; Жакып 2-бөлүмдө биз Ыбрайымдын иштеринен анын ишенимин көрө алабыз.

Ыбрайымдын ишенимин анын Кудайдын чакырыгын укканынан көрө алабыз. «Ишеним аркылуу Ыбрайым мураска ала турган өлкөгө кетүү жөнүндөгү чакырыкка баш ийип, кайда барарын билбесе да жолго чыккан» [333]. Ишеним бул жөн гана: «Мен Кудайдын убадаларына ишенем», – деп айтып коюдан жогору. Ишеним: «Сен мени кайсыл жакка ээрчитип барсаң, мен ошол жакка барам» дейт.

Ыбрайымдын ишеними анын Ысхакты курмандыкка алып келүү жөнүндө сөз болгондо Кудайга баш ийгенинен көрүнөт[334]. Бул дагы жөн эле: «Мен Кудайга ишенем» , – деп айтып коюуга караганда бир топ жогору Ишеним: «Мен түшүнбөсөм да, Сенин буйругуңа баш ийем» , – дейт. Бул чыныгы ишеним.

Жакып биз ишенебиз деп жарыялаган, бирок ал ишеним алардын жашоолорун өзгөртпөгөн адамдарга кайрылган. Ал чыныгы ишенимдин натыйжасында эмне болорун көрсөтүү үчүн Ыбрайымды мисал катары келтирет. Ыбрайымдын ишеними ал Ыскакты курмандык чалуучу жайга жаткыргандагы баш ийүүсүнөн көрүнгөн. Жакып катын: «Көрдүңбү, анын ишеними иштери менен коштолгон. Ишеним иштер аркылуу жеткилеңдикке жетти» деген сөздөр менен аяктайт[335].

Ыбрайымдын мисалы ишеним менен иштердин туура айкалышын көрсөтөт. Эгер биз чынында ишенсек, бул ишеним биздин кандай жашап жатканыбызды (иштерибизди) өзгөртөт. Өзгөрүлбөгөн жашоо менен ишеним жөнүндө жарыялоо – өлүк, ал эми ишенимсиз жашоону өзгөртүү аракети пайдасыз. Римдиктерге, Галатиялыктарга, Эврейлерге жана Жакыптын каты – бардыгы, чыныгы ишеним жашоону өзгөртөт дегенге макул болушат.

[333] Эврвейлерге 11:8
[334] Эврвейлерге 11:17-19;Баш. 22
[335] Жакып 2:22

## Сабактын тапшырмасы

Сабакты түшүнгөнүңөрдү төмөнкү тапшырмаларды аткаруу аркылуу көрсөткүлө.

1. Төмөнкү темалардын **бирөөсү** боюнча насаат же библиялык сабак даярдагыла. Бул колго жазылган же басып чыгарылган 5-6 барак текст, же болбосо, жыйын же кичине топ үчүн насаат сөздүн, же библиялык сабактын аудио жаздырусуу болушу мүмкүн.

- «Ишенимдин үлгүлөрү» Эврейлерге 11деги жана *жыйындын тарыхындагы* ишенимдин үлгүлөрүн колдонгула. Силердин жамаатыңарга ишенимдүү болууга түрткү берген өзүңөрдүн өлкөдөгү тарыхый же айланадагы маданий үлгүлөрдү издегиле.
- «Ишенимден четтөө». Эврейлерге жазылган каттагыдай эле насаатта ишенимден четтөө жөнүндө эскертүү жана ишенимдүү болууга шыктандыруу болуш керек.
- Иш жүзүндөгү машайакчылык жашоо жөнүндө Жакыптан бир темага: тил, талаш-тартыш, байлык, сыйынуу ж.б. жөнүндө насаат же библиялык сабак даярдагыла.

2. Бул сабактын материалынын негизинде тест жазгыла. Тестте Ыйык Китептен жаттоо үчүн берилген аяттар бар.

**10-сабак Тесттин**

1. Эмне үчүн Эврейлерге катынан баштап Жүйүткө чейинки китептер Жалпыга кат деп аталат?

2. Пабылдын авторлугун колдогон эки аргументти атагыла.

3. Пабылдын авторлугун четке каккан эки аргументти атагыла.

4. Эврейлерге китеби Байыркы Келишимге урмат көрсөткөн эки ыкманын атагыла.

5. Эмне үчүн Жаңы Келишим Байыркы Келишимден жакшыраак?

6. Ишенимден четтөө менен Кудайдан алыстоонун кандай айырмасы бар?

7. Ыйсанын иниси Жакып, Ыйса Машайак экенине качан ишенип калган?

8. Саламдашууга караганда, Жакыптын катынын божомолдуу окурмандары ким болгон?

9. Бир абзацта Жакып 2:24 менен (адам ишеним менен гана эмес, иштери менен да акталат) Римдиктерге 3:28дин (адам мыйзамдын иштери жок эле, ишеним менен гана акталат) ортосундагы байланышты көргөзгүлө.

10. Антиномиализмге аныктама бергиле.

11. Эврейлерге 4:14-16 жана Жакып 2:17-18ди эстеп жазгыла.

# 11-сабак
# Петир, Жакан жана Жүйүт жазган: жалпы каттар, 2-бөлүм

## Сабактын максаты

Сабактын аягына студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:

1. Жалпыга жазылган каттардын болжолдуу убактысын жана тарыхый кырдаалын билүү.
2. Жалпыга жазылган каттардын негизги темаларын жана максатын билүү.
3. Куткарылганыңа толук ишеүү жөнүндөгү доктринаны түшүнүү.
4. Жалган окутуулардын коркунучун түшүнүү.
5. Бул китептердеги кабарларды бүгүнкү күндүн муктаждыктары менен байланыштыруу.

## Ушул Сабакка даярдануу

*1 жана 2 Петирди; 1, 2, 3 Жакан жана Жүйүттү окуп чыккыла.*

*1 Петир 1:6-7, 1 Жакан 1:6-7; Жүйүт 1:24-25ти жаттагыла.*

## Киришүү

Жыйын ар бир муунда кыйынчылыктарга туш болот. Биринчи жүз жылдыктын экинчи жарымында жыйын үчүн куугунтуктар жана жалган окутуучулар олуттуу коркунуч туудурган. Бул коркунучтар тарыхта дайыма болуп келген. Петирдин, Жакандын жана Жүйүттүн каттары бул коркунучтар жөнүндө эскертет, бирок эң маанилүүсү бул көйгөйлөргө жолукканыбызда, алар бизди ишенимдүү болууга шыктандырат. Бул кичине каттар улуу кабарды айтышат: Бизди чакырган Кудай, бизди Өзүнөн ажырата турган нерселердин бардыгынын үстүнөн жеңиш берүүгө жөндөмдүү.

## Петирдин каттары: кыйын мезгилдеги ишенимдүүлүк

### Автору

Шымон Петир алгачкы жыйындардын эң белгилүү жетекчилеринин бири болгон. Анын агасы Андрей аны Ыйса менен тааныштыргандан кийин, ал Машаяктын «эң жакын адамдарынын» катарына кирип калган. Анын чын аты Шымон («ал уккан»), бирок Ыйса анын атын Петир («таш») деп өзгөрткөн.

Петирдин тили жана анын өзүнө ашыкча ишенгени, Ыйсанын жердеги кызматында дайыма, жада калса Машайакты айкаш жыгачка керердин алдында андан баш тарткан учурга чейин, көйгөйлөрдү жараткан. Ыйса тирилгенден кийин Петир калыбына келтирилген жана алгачкы жыйындардын негизги үнү болуп калган.

Петирдин Элүүнчү күндөгү кызматында үч миң адам кайрылып калган. Ал миссионер болуп саякаттаган жана аны Нерондун убагындагы куугунтуктоо учурунда Римде айкаш жыгачка керишкен. Байыркы жазууларга ылайык, Петир өзүн башын ылдый каратып керүүнү суранган, анткени ал бир убакта чыккынчылык кылган Куткаруучусунун өлүмүнө окшош өлүм менен өлүүгө татыктуу эмесмин деп эсептеген[336].

### Жазылган орду жана окурмандары

Петир Римди билдирген «Бабылдан» саламдарын узатат[337]. Бабыл Кудайдын адамдарына каршы козголоң чыгарган күчтөрдү билдирген: жыйындын душманы эми Рим империясы болуп калган.

Бабылдын образы менен салыштырып жатып, Петир бул катты Кичи Асиядагы «чачырап жүргөн келгиндерге» даректеген[338]. Ысрайыл туткунга айдалган убакта чачылган сыяктуу эле, жыйын Римдин куугунтуктоолору үчүн чачырап кеткен, бирок ысрайылыктардан айырмаланып, машайакчылар тил албастыгы үчүн эмес өзүлөрүнүн ишенимдүүлүгү үчүн азап тартышкан; алар Машайактын азаптарына үлүштөш болушкан[339].

Бул каттардын окурмандары негизинен бутпарастар болгон. Булар, эми «мурунку кумарлар»[340] менен жашабаган, ишенимге кайрылгандар. 2 Петирдин каты окурмандары ким экенин айтпайт, бирок Петирдин бул экинчи каты ошол эле окурмандарына жазылган[341].

### Убактысы

Кыязы, Петир бул катты өзүнүн өлүмүнө аз калганда б.з. 60-жылдардын ортосунда жазган. Бул каттардын жазылган убактысын адатта б.з. 62 – 67-жж. деп аныкташат.

### Максаты

1 жана 2 Петир азап тартып жаткан машайакчыларды ишенимдүү бойдон калууга шыктандырат. Машайак азап тартып, бирок кайра көтөрүлүп кеткендей эле, машайакчылар башында бул дүйнөдөн азап тартышат, андан кийин түбөлүк даңкка ырахаттанышат. Алар азап кайгылардын (1 Петир) жана жалган окутуучулардын (2 Петир) алдында ишенимдүү бойдон калышы керек. Петир өзүнүн окурмандарын Кудай аягына чейин чыдагандарга сыйлык берерине ынандырат.

---

[336] *Евсевий.* Жыйындын тарыхы. - 2:25.5-8
[337] 1 Петир 5:13
[338] 1 Петир 1:1
[339] 1 Петир 4:12-13
[340] 1 Петир 1:14
[341] 2 Петир 3:1

## 1 Петирдеги темалар

### *Машайакчынын үмүтү*

«Кудай Атанын алдын ала билүүсү боюнча» ишенгендерге «асманда сакталган чирибес, таза, соолугус мурас» убадаланган[342]. Бул дүйнөдө азап кайгылар бар болсо да, «акыркы убакта айкын көрүнүүгө даяр турган куткарылууга ээ болууңар үчүн, силер ишенимиңер аркылуу Кудайдын күчү менен корголуп турасыңар» [343]. Ишенимдин сыналганына карабастан, бизде түбөлүк даңкка болгон үмүт бар. Бул үмүт азап кайгы тарткан ишенгендерге «сөз менен жеткире албас, улуу кубанычты» берет[344].

### *Ыйык болууга чакыруу*

Түбөлүк даңк үмүтүнө ээ болгондуктан, бизде Кудайдын ыйыктыкка чакыруусуна жооп берүүгө түрткү болушу керек. Лебилер 19:2ни келтирүү менен, Петир өзүнүн окурмандарын Кудай ыйык болгондой ыйык болууга чакырат. Бул бир туугандык сүйүү[345], руханий чындыкка суусоо[346], жана таза жашоо[347] аркылуу көрүнөт.

Бул катта таң калтырган учурду көрсөк болот. Петир бийликке баш ийүүгө басым кылат. Жердеги азап кайгылар жердеги бийликти четке кагуу азгырыгына алып келерин билген Петир, бардык ыйыктар «*Теңир үчүн* бардык адамдык бийликке баш ийүүсү» керектигин жазат. Бул баш ийүү Өзүн Өзү жердеги бийликке баш ийдирген Машайак үчүн. Ишенгендер саясий бийликтегилерге, үйүндөгү туура бийликке баш ийгендей эле баш ийиши керек[348]. Эгер биз азап тартсак, анда туура эмес иштерибиз үчүн эмес, машайакчылар катары азап тартышыбыз керек[349].

### *Даңкка ээ болуу жолундагы азаптар*

Байыркы Келишимдеги пайгамбарлар Машайак даңкка ээ болордон мурун азап чегерин алдын ала айтышкан: «Машайактын Руху алдын ала күбөлөндүрткөндө, кайсы жана кандай убакытты көрсөткөндүгүн алар изилдешкен» [350]. «Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткан» [351] жана

> «…Бизди өлтүргүлө, кыйнагыла, соттогула, бизди чаңга айланткыла: силердин адилетсиздигиңер биздин күнөөлү эместигибизди далилдейт, анкени бизге бул азаптарды тартууга Кудай жол берди…. Биз силерден канчалык көп кордук көргөн сайын, ошончолук көбөйөбүз; машайакчылардын каны – бул жыйындын уругу».
> - Тертуллиан б.з. 197 жыл

[342] 1 Пет. 1:2, 4
[343] 1 Пет. 1:5
[344] 1 Пет. 1:8
[345] 1 Пет. 1:22
[346] 1 Пет. 2:2
[347] 1 Пет. 2:11
[348] 1 Пет. 2:13-3:7
[349] 1 Пет. 3:17 и 4:12-19
[350] 1 Пет. 1:11
[351] 1 Пет. 4:1

биз дагы азап кайгыларды күтүшүбүз керек. Машайак даңкталып көтөрүлүп кеткендей эле, биз дагы Кудайдын балдары катары убадаланган даңкка ээ болобуз. Петир өзү Машайактын азап кайгысына күбө болду жана «ачылыш керек» болгон даңктын убадасын алган[352].

## 2 Петиртеги темалар

### *Такыбаалыкта өсүү*

Петир экинчи катында машайакчыларды такыбаалыкта өсүүгө чакырат. «Кудайдыкындай табиятка ээ болушуңар үчүн» «жакшылык кылууда эстүүлүктү, эстүүлүктө өзүн-өзү токтото билүүнү, өзүн өзү токтото билүүдө чыдамкайлыкты, чыдамкайлыкта такыбаалыкты, такыбаалыкта бир туугандык сүйүүнү, бир туугандык сүйүүдө (бардык адамдарга болгон) сүйүүнү көрсөткүлө» [353].

### *Жалган окутуучулар жөнүндө эскертүүлөр*

Куугунтуктар (1 Петирдеги негизги тема) жыйындын сыртынан келет, жалган окутуучулар (2 Петирдеги негизги тема) көбүнчө жыйындын ичинде пайда болот. Петир жыйынга кирип кеткен жалган окутуучулардын жана «жалган пайгамбарлардын» темасын ачып берет. 2 Петир 2:10-16дагы жыйынтыктоодо мындай окутуулардын коркунучу алардын Кудайга жакпаган мүнөзгө ээ болгонунда экени айтылат. Аларды сүрөттөп жазуу лакаптар менен аяктайт: «Ит өзүнүн кусундусун кайра жей берет. Чочкону канча тазалаба, ал кайра эле балчыкка оонайт» [354].

### *Теңирдин кайра келүүсүн эске алуу менен ишенимдүү болуу*

Сынчылар машайакчыларды Теңирдин кайра келүүсүнө күмөн саноо менен капа кылууга аракет кылышкан. Алар «башында кандай болсо, азыр деле баары ошол бойдон» болгонуна басым кылышкан[355]. Петир Теңир чыдамдуу жана ырайымдуу болгондуктан келүүсүн кечеңдетип жатканын айтат. Ал эч кимдин өлүшүн каалабагандыктан, «бардыгы тобо кылышы» каалайт[356]. Анын «кечигип жатканы» бизге тобо кылууга мүмкүнчүлүк берет, бирок кечиккени бизге Анын сөзсүз келүүсүнө шек саноого себеп болбошу керек. «Теңир күнү болсо ууру сыяктуу келет»[357]. Анын келишин эске алуу менен биз ыйык өмүр сүрүшүбүз керек: Ал келгенде бизди «бул дүйнөдө таза жана кемчиликсиз» табышы керек, биз болсо

---

[352] 1 Пет. 5:1
[353] 2 Пет. 1:4-7
[354] 2 Пет. 2:22
[355] 2 Пет. 3:4
[356] 2 Пет. 3:9
[357] 2 Пет. 3:10

«Теңирибиз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайакты таанып билүүдө» өсүүнү улантышыбыз керек[358].

| 1 жана 2 Петирди салыштыруу[359] | |
|---|---|
| **1 Петир** | **2 Петир** |
| Сырткы коркунуч: куугунтуктоолор | Ички коркунуч: жалган окутуучулар |
| Машайактын азап чегүүсү | Теңирдин даңкы |
| Соороттуу жана шыктандыруу | Эскертүү |
| Кыйынчылыктардын убагында бизде үмүт бар. | Жалган окутуулардын азгырыгы келген убакта, бизде билим бар. |

## Жакандын каты: Кудай менен баарлашуу

### Автору жана убактысы

Игнатий жана Александриялык Климент сыяктуу алгачкы жыйындын аталарынын бардыгы бул китептердин автору Жакан деп эсептешет. Жакан да Петир сыяктуу эле балыкчы болгон жана Ыйсага «эң жакын» адамдардын тобуна таандык болуп калган. Ал сот күнүндө Машайактын  жанында болгон жана Ал айкаш жыгачка керилген күнү Анын жанында Мариям менен чогуу болгон; кийин Петир менен бирге бош мүрзөгө барган. Өзүнүн Жакшы Кабарында Жакан өзү жөнүндө «Ыйса сүйгөн» «башка шакирт» деген сөздөр менен айтат.

Евсевийдин жазганына ылайык, Жакан жана башка машайакчылар б.з. 70-жылы Иерусалим Рим тарабынан талкаланардын алдында ал жактан качып чыгышкан. Машайакчылар Периядагы (Иордан дарыясынын чыгыш жагындагы) Пеллу шаарына качышкан. Кийинчерээк Жакан Эфесте кызмат кылган. Жакандын үч каты, кыязы биринчи кылымдын аягында Эфесте жазылган.

### Окурмандары

1 Жакан белгилүү бир окурмандарды көрсөтпөйт: автор өзүнүн окурмандарына «балдарым» жана «бир туугандар» деп кайрылат. Бул анын өзү менен жакын мамиледе болгон машайакчыларга кайрылып жатканын билдирет.

2 Жаканда «Кудай тандап алган мырзайымга жана анын балдарына, аларды мен чын жүрөктөн жакшы көрөм» деген сөздөр бар[360]. Бул сөздөрдүн эки чечмелөөсү бар:

---

[358] 2 Пет. 3:11, 14, 18
[359] Merrill F. Unger, *Unger's Bible Handbook китебинен ылайыкташтырып алынган.*
[360] 2 Жакан 1:1

- Балким бул аялды атынан аташкан эмес жана ал жыйынга өзүнүн үйүндө чогулууга уруксат берген;
- «Кудай тандап алган мырзайым» Балким Жакан жыйынды ушундай деп атаган, ал эми «анын балдарын» – жыйындын мүчөлөрү деп атаган.

3 Жакан, Жакан кызмат кылган учурда ишенимге кайрылып калган Гайга жазылган.

**1 Жакандын максаты жана мазмуну**

Үч каттын ичинен биринчиси – эң узун кат. Жакан адаттагы саламдашуулардын ордуна, катын өзүнүн абройун ырастоодон баштайт. Ал ушактар жөнүндө эмес, «эң башында Өмүр сөзү болгон. Аны биз угуп, өз көзүбүз менен көрүп, карап, колубуз менен кармап көргөнбүз» деп жазат[361]. 1 Жакан жана Жакандын Жакшы Кабары Машайактын жашоосунун чындыгына басым кылганы менен окшош.

***Кудай менен баарлашуу үчүн шарттар***

Жакан каттын жазылган максатын каттын башында көрсөтөт: «муну силерге кубанычыңар толук болуш үчүн жазып жатам»[362]. Кубаныч Ата жана Анын Уулу Ыйса Машайак менен болгон мамиледен пайда болот[363]. Кудай менен мамиледе болуу – жөн гана Ал жөнүндө угуу же Ага кайрылуу эмес; Жакан Аны менен баарлашууну улантуу үчүн шарттарды санап берет.

- Биз жарыкта жүрүшүбүз керек (1:6-7).
- Биз күнөө кылбашыбыз керек (2:1-2).

***Күнөө жана Кудай менен баарлашуу***

Жакандын күнөө жөнүндөгү окутуусу эки маанилүү чындыкты камтыйт:[364]

- **Кудай жеңиштүү жашоо үчүн күч берет**: «Силерге күнөө кылбашынар үчүн жазып жатам». Эгер биз Кудай менен мамиле кылып турсак, күнөө менен эч кандай байланышыбыз болбойт (1:6-2:5; 3:6-9). Кудайдын балдары катары, биз билип туруп күнөө кылбайбыз: биз бир эле учурда Кудай менен да, күнөөдө да жүрө албайбыз.
- **Кудай кулап калгандарга ырайымдуу**: «Эгерде ким күнөө кылса, Атанын алдында адил Арачабыз Ыйса Машайак бар». Кудай биз үчүн туруктуу жеңишке ээ болгон жашоону ниет кылып койгон, Ал ошондой кулагандан кийин тобо кылгандарга, ырайымды убада кылган (1:9; 2:1-2).

---

[361] 1 Жакан 1:1
[362] 1 Жакан 1:4
[363] 1 Жакан 1:3
[364] 1 Жакан 2:1

***Сүйүү жана Кудай менен баарлашуу***

*Кудайга болгон сүйүү*

Күнөөнүн үстүнөн туруктуу жеңишке жетүү өздүк тартипке жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө гана негизделген эмес; ал Кудайга болгон сүйүүгө негизделген. Машайакчылык жашоонун көзөмөлдөөчү принциптери – бул Кудайга болгон сүйүү[365]. Ага болгон сүйүүдөн улам, биз Анын осуяттарын аткара алабыз; биз Кудайды сүйсөк «бул дүйнөнү жана бул дүйнөдөгүнү сүйбөйбүз» [366].

*Башка машайакчыларга болгон сүйүү*

Өз бир тууганын сүйбөгөн адам – «Кудайдан эмес». Эгер биз Кудайды сүйсөк, биз Анын балдарын сүйөбүз [367]. Биз өлүмдөн өмүргө өткөнүбүздүн, бир ишенимге ээ болгон бир туугандарыбызды сүйүү болуп эсептелет жана ал жөн гана куру сөздөрдөн бир топ жогору: ал биздин иштерибизден көрүнүп турат[368].

***Кудайдын балдарынын куткарылганына ынануу***

Жакан окурмандары билиш үчүн мындай деп жазат: «Кудай Уулуна ишенүү аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болгонуңарды билишиңер үчүн, мен муну силерге – Кудайдын Уулуна ишенгендерге жаздым» [369]. Туруктуу толук ишенүүгө ээ болуу, андан да туруктуу тил алчаактыкты талап кылат. Биз төмөнкү мүнөздөмө боюнча Кудайдын балдар экенибизди биле алабыз:

*Чындыкка тил алчаак болуу* (1:6-7)

Куткарылганыңа толук ишенүүнүн бул тарабы Ыйсанын Жакан 8:31де айтылган сөздөрүнө окшош: «Эгер менин сөзүм боюнча жашасаңар, Анда менин чыныгы шакирттеримсиңер». Биздин толук ишенүүбүз, Машайактын шакирттери катары Анын сөзүнө дайыма көңүл буруп, тил алчаак болгонубузга негизделген.

*Билип туруп күнөө кетиргенди токтотуу* (3:8-10)

Эгер биз билип туруп Ага каршылык көрсөтүп жашай берсек, бизде мындай толук ишенүү болбой турганы анык.

*Башка машайакчыларга болгон сүйүү* (3:14-19)

Ыйса өзүнүн шакирттерине мындай деген: «Эгерде бири-бириңерди сүйсөңөр, башкалар силердин менин шакирттерим экениңеди билишет» [370]. Жакан ушуну өзүнүн

---

[365] Көбүрөөк маалымат үчүн кийинкини караңыз: *Loving God: The Primary Principle of the Christian Life* by A. Philip Brown, II. Revivalist Press, 2005.
[366] 1 Жакан 2:5, 15
[367] 1 Жакан 3:10-11 и 4:20-21
[368] 1 Жакан 3:14-18
[369] 1 Жакан 5:13
[370] Жакан 13:35

катында кайталаган: «Өлүмдөн өмүргө өткөнүбүздү биз билебиз, анткени бир туугандарыбызды сүйөбүз» [371].

**2 Жакандын Максаты жана мазмуну**

2 Жакандын кабары 1 Жакан менен жанаша жазылган. Кудай менен баарлашуу сүйүүдө жашоо, сүйүүнү жана чындыкта жүрүүнү билдирет. 2 Жаканда осуятталган сүйүү, жаңы осуят эмес, ал жөнүндө башында эле айтылган[372].

2 Жакандагы сүйүү осуяты – бул чындыкты карманган сүйүүнү таанып билүү. Айырмалап билүү маанилүү, анткени Машаякты жарыялабаган алдамчылар көп. Жакан «Кудай тандап алган мырзайымга» «Ыйса адам болуп келгендиги» жөнүндөгү чындыкты кармануусу керектигин эскертет [373]. Кудай менен баарлашуу жалган окутуулардан баш тартууну талап кылат[374].

**3 Жакандын максаты жана мазмуну**

3 Жакан – машайакчылык меймандостук тууралуу жеке кат. «Машайакчылык меймандостук» – бул бири-бирине достук мамиле көрсөтүүдөн бир топ жогору; бул жыйындагы биримдиктин белгиси. 2 Жакан жалган окутууларды тараткандар менен мамиле кылбоо керектигин эскертет, 3 Жакан чындыкты үйрөткөндөрдү четке кагуу тууралуу эскертет.

Гай жакшы кабар тараткан саякатчыларды машаякчылык меймандостук менен кабыл алат жана аларга «чындык үчүн кызмат кылгандардын кызматташтары» [375]катары мамиле кылган, Диотреф болсо тескерисинче,бул бир туугандарды кабыл алуудан баш тартып, өзү үчүн кызмат ордун издейт; ал Жакандын элчилик кадыр-баркын четке кагат жана ага кыйынчылыктарды жараткан, чыныгы машайакчыларды куугунтуктайт[376].

3 Жакан Диотрефтин жүрүм-туруму менен Деметр көрсөткөн чыныгы сүйүүнүн карама-каршылыгын көрсөтөт. Бул кыска кат 1 Жаканда осуятталган машайакчылык сүйүүнү иш жүзүндө колдонууну жана 2 Жаканда осуятталган чындыкка каршы куугунтуктоолор учурунда жыйындын биримдигин көрсөтөт.

---

[371] 1 Жакан 3:14
[372] 2 Жакан 1:5-6
[373] 2 Жакан 1:7-8
[374] 2 Жакан 1:10-11
[375] 3 Жакан 1:5-8
[376] 3 Жакан 1:9-10

## Жүйүттүн каты: жалган окутуучуларга карата эскертүү

### Автору жана жазылган убактысы

Жүйүт апасы тарабынан Ыйсанын бир тууганы болгон. Өзүнүн бир тууганы Жакып сыяктуу эле, Жүйүт Ыйсага Ал кайра тирилип келгенге чейин ишенген эмес[377]. Бул катта Жүйүт өзүн «Ыйсанын кулу Жакыптын бир тууганы» деп билдирет[378].

Жазылган убактысынын жалгыз далили – бул анын 2 Петир менен болгон окшоштугу. Бул кат окшош көйгөйлөр жөнүндө айтканы, балким Жүйүт бул катты Петир өзүнүн экинчи катын 60- жылдардын башында жазган учурда жазган деген божомолдоого негиз берет.

### Окурмандары

Жүйүттөргө жазылган кат «Кудай Ата аркылуу ыйыкталган жана Ыйса Машайак аркылуу сакталган чакырылгандарга» [379] даректелген. Жүйүттөргө тиешелүү темаларга кайрылуу бул китеп жүйүт машайакчыларга арналганын божомолдоого себеп болот.

### Максаты жана мазмуну

Жүйүт куткарылуу жөнүндө доктриналдык кат жазарына үмүттөнгөнүн айтат[380], бирок жыйында баш аламандык жараткан жалган окутуучулардын айынан, Ыйык Рух аны өзүнүн бир туугандарына жалган окутуудан сактануу керектигин эскертүүгө түрткү берген.

Жүйүттүн кабары төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Жалган окутуучуларга жана алардын окутуусуна каршы эскертүүлөр
- Ушул жалган окутуучуларды күтүп турган сотту сүрөттөө;
- Туруктуу болууга чакыруу;
- Жыйынтыктоочу даңктоо сөздөр: «Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган…» [381].

## Жалпыга жазылган каттар бүгүн жыйындарда

Жалпыга жазылган каттар, анын ичинде 1 Петир, машайакчыларды **азап кайгы тарткан учурда ишенимдүү бойдон калууга** шыктандырат. Петир өзүнүн окурмандарын «өз убагында жогору көтөрүлүш» [382] үчүн бүгүн «моюн сунууга»

---

[377] Матай13:55; Марк 6:3; Жакан 7:3-5; 1 Кор. 15:7
[378] Жүйүт 1:1
[379] Жүйүт 1:1
[380] Жүйүт 1:3
[381] Жүйүт 1:24
[382] 1 Петир 5:6

чакырган. Азап кайгылар – машайакчылык жашоодогу кадимки көрүнүш, бирок азап кайгылар даңк менен аяктайт. Бул убада биринчи кылымдагы машайакчыларды шыктандыргандай эле жыйырма биринчи кылымдын машайакчыларын да шыктандырышы керек.

Бул китептердин ар бири **иш жүзүндөгү машайакчылык жашоого** чакырат. Петир бийликке баш ийүүгө чакырат, 1 Жакан – бир туугандарды сүйүүгө, 2 Жакан чындыкка үйрөтөт, 3 Жакан машайакчыларды меймандостукка чакырат, Жүйүт жалган окутуучулар тууралуу эскертет. Жалпыга жазылган каттар, чындык – жөн эле билимге караганда чоңураак түшүнүк экенин үйрөтөт. Биз күн сайын библиялык чындыкка жараша жашоого чакырылганбыз.

## Корутунду

I кылымда көп машайакчылар (алардын ичинде элчилердин көбү) ишеним үчүн өлүшкөн. II кылымда Поликарп императорго арнап жыпар жыттуу зат түтөтүүдөн баш тартканы үчүн өлтүрүлгөн. IV кылымда Александриялык Катерина императорго өзүнүн ишенимин күбөлөндүргөндөн кийин башы алынган.

XIV кылымда Ыйык Китепти англис тилине которгону үчүн Джон Виклифтин денесин өрттөшкөн. XV кылымда рим католик доктриналарынан баш тартканы үчүн Джон Хассты өрттөп салышкан. XVI кылымда Япониядагы Нагасакиде куугунтуктун айынан жер төлөөдө чогулууга туура келген учурда 26 машайакчы айкаш жыгачка керилген.

XX кылымда Кытайда, Советтер Союзунда жана башка тоталитардык өлкөлөрдө, миңдеген машайакчылар азап чегип өлүшкөн. XXI кылымда машайакчылар ислам өлкөлөрүндө күн сайын куугунтуктоого жана коркунучка туш болуп жатышат.

Ар бир муунда машайакчылар өз ишеними үчүн өлүшкөн, бирок бул жыйындын чөгүүсү үчүн себеп эмес. Петир куугунтукка кабылган ишенгендерге: «Бизди Машайак Ыйса аркылуу Өзүнүн түбөлүк даңкына чакырып алган жана ырайымдын булагы болгон Кудай бир аз убакыт азап тартканыңардан кийин, силерди Өзү жеткилең, бекем кайраттуу жана туруктуу кылат» [383]. Жыйын жеңиштин салтанатын курат! Бул жалпыга жазылган каттардын убадасы.

[383] 1 Петир 5:10

## Сабактын тапшырмасы

Сабакты түшүнгөнүңөрдү төмөнкү тапшырмаларды аткаруу менен көрсөткүлө.

1. Төмөнкү темалардын **бири** боюнча насаат же библиялык сабак даярдагыла. Бул 5-6 барак колго жазылган же басып чыгарылган текст, же болбосо насааттын, же библиялык сабактын аудио жаздыруусу болушу мүмкүн.

- «Машайакчылык жашоодо болгон азап кайгылар». 1 Петир үйрөткөн прициптерди колдонгула жана аны жыйындын тарыхындагы мисалдар менен, айрыкча өзүңөрдүн өлкөдөгү мисалдар менен коштогула.
- «Кудай менен барлашуу». 1 Жакандан алынган Кудай менен баарлашуу үчүн критерийлерди кошкула.

2. Бул сабактын материалдарынын негизинде тест жазгыла. Тестте Ыйык Китептен жаттоого берилген аяттар бар.

## 11-сабак Тесттин

1. Петирдин саламдашуусунда, «Бабыл» эмнени билдирет?

2. 1 Петирде жыйынга келтирилген кайсы негизги коркунучка көңүл бурулат?

3. 2 Петирде жыйынга келтирилген кайсы негизги коркунучка көңүл бурулат?

4. 2 Жакандагы «тандалган мырзайым» деген сөздөрдүн чечмеленүүсүнүн эки вариантын айтып бергиле.

5. 1 Жакандагы күнөө жөнүндөгү окутуудан эки чындыкты атагыла.

6. 1 Жаканга ылайык, Кудайдын ар бир уулунан же кызынан кайсы үч мүнөздү көрө алабыз?

7. 3 Жакандын жазылган негизги максаты кайсы болгон?

8. Жүйүттүн Ыйса менен мамилеси кандай болгон?

9. 1 Петир 1:6-7, 1 Жакан 1:6-7, жана Жүйүт 1:24-25ти эстеп жазгыла.

# 12-сабак
# Аян: Ыйса – Теңир

## Сабактын максаты

Сабактын аягына студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдеттүү:
1. Аян китебинин жазылган убактысын жана тарыхый кырдаалын билүү.
2. Аян китебиндеги маанилүү темаларды билүү.
3. Аян китебин талкуулоо үчүн колдонулган негизги теорияларды салыштыруу.
4. Аян китебиндеги кабарларды бүгүнкү күндүн муктаждыктары менен байланыштыруу.

## Ушул Сабакка даярдануу

*Аян китебин окуп чыккыла.*

*Аян 3:20-21ди жаттагыла.*

## Киришүү

Биринчи кылымдын машайакчылары чындыктын эки жарыш жарыясына туш болушкан . Бир жагынан, алар «Ыйса – Теңир» экенин билишкен[384]. Машайакчы, Ыйса Машайактын бийлигине жана эгедерлигине арналган. Башка жагынан, Рим, императордун бийлигинин алдында жашаган ар бир адам, Кесарь – *Dominus et deus noster(биздин теңир жана кудай)* деп жарыя кылуусун талап кылган.

Император башкы бийлик экени кабыл алынган учурда, Рим көп диндерге сабырдуулук менен караган. Көпчүлүк тарыхчылар, Римде машайакчыларды *машайакчы болгону үчүн* куугунтуктаган эмес деп талашып келишет. Машайакчылар императорго акырына чейин ишенимдүү болом деген ант берген учурда, Ыйсага табына алышкан, бирок чыныгы машайакчы императорду башкы бийлик катары кабыл ала алган эмес.

Поликарптын азаптуу өлүмүнүн күбөлөрү айтканына ылайык, тергөөчү карыган ыйыкты ал Кесарьдын кудайлыгын мойнуна алса, аны бошотууну сунуштаган. Ал Поликарптан: «Кесарьды  Теңир деп атап койгондун эмнеси жаман жана ага жыпар жыттуу зат түтөтүп коюунун эмнеси жаман?» [385] деген суроо берген.  Машайакчылар үчүн бир гана Теңир бар экенин Поликарп билген; машайакчы биринчиликти адам баласына бере албайт.

---

[384] Филип. 2:11
[385] *The Martyrdom of Polycarp*, translated by J.B. Lightfoot

Бул Рим менен алгачкы жыйындын ортосундагы келишпестиктин тамыры болгон. Бул келишпестиктин негизинде Аян китеби алгачкы машайакчыларга: «Ыйса – Теңир», – деп айткан. Анын бийлигин кабыл албаган дүйнөдө да, Ыйса – Теңир. Аян китеби Пабылдын сөздөрүнүн драматикалык сүрөтүн көрсөтөт:

«Ошондуктан Кудай Аны жогорулатып, Ага баардык ысымдардан жогору ысымды берди. Ыйсанын ысымы алдында асмандагылардын, жердегилердин жана жер түпкүрүндөгүлөрдүн баары тизе бүгүшү үчүн, Ыйса Машайак – Теңир Кудай Атанын даңкы деп ар бир тил ачык таанышы үчүн ушундай кылды» [386].

Ыйса – Теңир.

## Аян китебинин тарыхый кырдаалы

### Автору, жазылган убактысы жана орду

Аян китебинин автору өзүн Жакан деп атайт: «Ыйса Машайактын азап чегүүсүнө, падышачылык кылуусуна жана чыдамкайлык көрсөтүшүнө ортоктош болгон силердин бир тууганыңар мен, Жакан» [387]. Алгачкы жыйындын салты, Жакан – «Теңир сүйгөн шакирт», Жакан жазган Жакшы Кабардын, үч каттын жана Аян китебинин автору деп айтат.

Бул каттын жазылган убактысы – мындан татаалыраак суроо. Эки вариант бар, ал экөө тең Жакан жашаган маалга жана алгачкы жыйындын куугунтукталган убагына туура келген. Нерон падышачылык кылган жана катуу куугунтуктоолор болгон мезгилде жазылган болушу мүмкүн. Андан да көбүрөөк мүмкүн болгон жазылган убактысы Домициан император башкарып турган учурдагы куугунтуктар болгон убакыт (б.з. 81-96 жылдары). Экинчи кылымда Ириней Аян китеби Домициан башкарган акыркы жылдарда жазылганын белгилеген[388]. Машайакчылардын көбү Аян китеби ушул убакта жазылган деп кабыл алышат.

Аян китеби Патмосто – Жакан ишеними үчүн сүргүнгө айдалган Эгей деңизиндеги кичинекей аралда жазылган[389]. Сүргүндө, толук императордун бийлигинин алдында болуп туруп, ал тайманбастык менен «Ыйса – Теңир» деп ачык жарыялай алган. Ал «Кудайдын сөзү үчүн жана Кудай Машайак жөнүндө күбөлөндүрү үчүн» Патмосто болгон[390]; кичинекей аралда болсо да, Кудай бардыгын көзөмөлдөп турат.

### Максаты

Аян китеби «Теңир ким?» деген суроого жооп берет. Жооп киришүүдө жазылган: «ошондой эле ишенимдүү күбө, өлгөндөрдүн арасынан биринчи болуп тирилген, жер

---

[386] Филип. 2:9-11

[387] Аян. 1:9

[388] Irenaeus, *Against Heresies* 5.30.3.

[389] Карта *www.openbible.info*. сайтынан уруксаат менен алынды.

[390] Аян. 1:9

үстүндөгү падышалардын падышасы болгон Ыйса Машайак» [391]. Куугунтуктун айынан азап тарткан машайакчыларга Жакан: «Ыйса Машайак – жердеги бардык падышалардын Эгедери», – деп айтат. Сырттагы жагдайларга карабастан, Кудай бардыгын көзөмөлдөп турат.

Жакан бул чындыкты үч ыкма менен көрсөтүп берет:

1. Жети жыйынга кат (Аян. 2-3). **Ыйса Өзүнүн жыйынын Теңири**.
2. Тактыдагы Кудайдын жана салтанат курган Козу катары Машаяктын көрүнүшү (Аян. 4-5). **Ыйса – асмандын Теңири**.
3. Тарыхка асмандын көз карашы менен кароо (Аян. 6-22). **Ыйса – жердеги бардык падышачылыктардын Теңири**.

## Аян китебин окуп жатып

### Апокалиптикалык адабият

Аян китеби Жаңы Келишимдеги китептердин арасынан апокалиптикалык китеп катары, өзгөчө болуп эсептелет. Байыркы Келишимдеги мындай китептин мисалы – Даниел китеби. Апокалиптик жазуулар катылган чындыкты «ачат» же «ачыкка чыгарат» жана Кудайдын адамдын тарыхы үчүн максатын ачып берет.

Апокалиптикалык адабият маалыматты жеткирүү үчүн драматикалык символдорду колдонот. Аян китеби ажыдаарларга, жырткычтарга, жер титирөө жана бороон сыяктуу жаратылыш кырсыктарына толгон. Апокалиптикалык адабиятты окуудагы бир кыйынчылык – бул символдор ар түрдүү маданиятта өзүнүн маанисин өзгөртүп турат. Мисалы, ажыдаар көпчүлүк батыш маданияттарында жамандык жана коркунучтун символу катары колдонулат, ал эми көпчүлүк чыгыш маданияттарында болсо – бийлик менен ийгиликтин символу катары колдонулат. Символдордун чечмеленишиндеги айырма окурмандар үчүн Аян китебин чечмелөөдө кыйынчылык жаратат.

Аян китебиндеги символдорду туура чечмелөөнүн бир ачкычы – анын символдору көбүнчө Байыркы Келишимден, айрыкча Чыгуу китебинен, Забурдан, Даниелден, Жезекиелден, Ышайадан жана Захариядан алынганын айырмалап билүү. Аян китебиндеги аяттардын жарымынан көбү Байыркы Келишимдеги темаларды жана образдарды камтыйт. Кунт коюп окуган окурман, башында Байыркы Келишимди карайт, андан кийин символдорду изилдеп баштайт.

Апокалиптикалык адабият тарыхый жана пайгамбарлык реалдуулукту көрүнүштөр менен сүрөттөйт. Аян китебинде алтымыштан ашык көрүнүш жазылган. Алар көбүнчө биринин үстүнө бири үйүлүп берилгендиктен хронологиялык ыраттуулукту түзүү

[391] Аян. 1:5

мүмкүн эмес. Окуянын майда-чүйдөсүн түшүндүрүп берүү үчүн же альтернативдик көз карашты көргөзүү үчүн бир эле окуя боюнча көп сандаган көрүнүштөр берилген.

Балким, апокалиптикалык адабиятты изилдөөдө окурман үчүн эң маанилүүсү – бул бардык көңүлдү негизги темаларга буруп, майда деталдарга токтобой эле коюу. Аянда эң маанилүү темалар – бул Ыйсанын баарынан жогорулугу, Кудайдын эгедерлиги жана жыйындын толук акыркы жеңиши; алар бүтүндөй китеп аркылуу өткөн бири-биринен айырмаланган жиптерди бириктирет.

**Чечмелөө теориялары**

Аян китеби библиялык адабият үчүн ушундай жөнөкөй эмес стил менен жазылгандыктын; чечмелөө боюнча көп ыкмалар пайда болгон. Бул китепти чечмелөөнүн төрт негизги ыкмасы бар, алардын ар бири ар түрдүү нерсеге басым кылуусу менен айырмаланып турат. Аян китеби менен таанышуу үчүн бардык ыкмаларды кыскача карап чыгуу жетиштүү. Бөлүмдүн аягындагы Библиографияда тереңирээк изилдөө үчүн булактар берилген.

***Претерестикалык көз караш***

Бул көз карашты кармангандар Аян китеби Жакан жашаган убакта же ал өлгөндөн бир аз өткөндөн кийин биринчи кылымдын аягындагы окуяларды сүрөттөгөнүнө ишенишет. Бул чечмелөөгө ылайык Аян китебинде, жыйын дүйнө жүзүнө тараган убакта, Машайактын Падышалыгынын жеңиши менен аяктаган, жыйын менен Рим империясынын келишпестиги каралат.

***Тарыхый көз караш***

Бул көз карашты кармангандар Аян китеби жыйын негизделгенден баштап, Машайак келгенде жаңы асман жана жаңы жер жаралган убакытка чейин анын тарыхынын символикалык сүрөтү деп эсептейт. Бул көз карашка ылайык, Аян 1-3 Жакандын күндөрүндөгү жыйындарга кайрылат, Аян 4-19 болсо жыйындын бүткүл тарыхтагы өсүүсүнүн хронологиялык сүрөтүн көрсөтөт; Аян 20-22 Машайактын келечектеги кайтып келүүсүн баяндайт.

***Идеалисттик көз караш***

Бул көз карашты кармангандар, тарыхый көз карашты кармангандардын Аян китеби жакшылык менен (Машайак менен жыйындын) жамандыкдын ортосундагы (шайтан менен анын жолдоочуларынын) келишпестикти сүрөттөйт дегени ою менен макул. Бирок бул көз караш, Аян китеби тарыхый мезгил таптакыр жок, символикалык сүрөт экенине басым кылат. Аян китебин ушундай чечмелегендер 4-19-бөлүмдөрдү эч бир тарыхый мезгил менен байланыштырбайт: бул Машайак менен жамандыктын ортосунда уланып жаткан келишпестиктин символу, ал келишпестик Машайак Аян 20-22де жаңы асман менен жаңы жерди жасоо үчүн кайтып келгенде аяктайт.

### *Футуристтик көз караш*

Футуристикалык көз караштры кармангандар, тарыхый көз караштры кармангандарга окшоп, Аян китебин белгилүү бир тарыхый окуялардын сүрөтү деп эсептешет. Бул чечмелөөнү жактоочулар Аян 1-3тү Жакан жашаган маалдагы жыйын деп эсептешет. Тарыхый көз караштан айырмаланып, футуристтик көз караш Аян 4-22ни толугу менен келечек катары карайт. Футуристтик көз караштa Аянда сүрөттөлгөн келечектин төрт негизги чечмелөөсү бар.

*Классикалык премилеанизм* (кеч дегенде 2 кылымга чейин деп белгиленген), убакыттын акырына чейин жыйын куугунтукталат деген ойдо. Куугунтуктоонун туу чокусу Машайак кайра кайтып келердин алдында «Улуу кайгы» келген мезгилде болот. Машаяк келгенде, ишенгендер тирилет, андан кийин Машайактын жердеги миң жылдык башкаруусу башталат [392] . Миң жылдык падышалыктан аркасынан ишенбегендердин үстүнөн «чоң тактынын» алдында сот болот[393]. Андан кийин Кудай ысымдары Козунун Өмүр китебине жазылгандар үчүн түбөлүктүү үй – жаңы асман менен жаңы жерди жаратат.

*Диспенсациялык премилеанизм* – бул классикалык премилеанизмдин жаңыраак варианты. Бул чечмелөө, жыйын жерден Улуу азапка чейин көтөрүп алынып кетерин божомолдойт. Аян 4-19дагы окуялар жыйын асманда Ыйса менен болгон убакта, Ысрайылдын жердеги жети жылдык азабы деп каралат. Андан кийин Машайак келип жер жүзүнө Өзүнүн миң жылдык падышалыгын орнотот. Классикалык премилеанизмдегидей эле бул мезгилден кийин сот жана жаңы асман менен жаңы жердин жаратылуусу болот.

*Постмилеанизм* (XVIII жана XIX кылымдарда кеңири таралган) Жакшы Кабар бүт дүйнө жүзүнө тарайт жана коомдо акыйкаттык менен тынчтык орнотот. Бул көз карашка ылайык, миң жылдык падышалык – бул жыйындын доору, тактап айтканда жыйын аркылуу эмгектенген Ыйык Рухтун доору. Машайак миң жылдык падышалыктан кийин келет, шайтанды биротоло жок кылат жана жаңы асман менен жаңы жерди берет.

Амилеанизм (эң кеч дегенде II кылымга чейин) Машайак миң жылдан кийин келет деген постмилеанизмдин оюна кошулат (Аян 20:1-6). Амилеанизм постмилеанизмден миң жылдык падышалыкты тарыхый мезгил катары карабай, аны жыйындын бүтүндөй доорунун символу катары карашат. Миң жылдык жөнүндөгү убада жыйындын кызматы аркылуу руханий түрдө аткарылат. Аян жыйындын батасы менен азап чегүүсүн сүрөттөйт. Бул Машайактын кайтып келиши менен аяктайт, анын артынан сот, жаңы асман жана жаңы жер келет.

[392] «Миллениум» 1000 жылдык мезгилди билдирет.
[393] Аян. 20:11-15

> «Башкы нерседе биримдик, экинчи орунда эркиндик бардыгында – сүйүү»
> - Руперт Мельдений, 1627

Аян китебинин окурмандары абдан докматикалык чечмелөө кылышы мүмкүн. Биз Аян китебин чечмелегенибиз менен, Ыйык Китептин абройун алмаштырбашыбыз керек. Жазуунун абсолюттук чындыгын карманган эки адамдын бул китепке болгон көз карашы ар башка болушу мүмкүн. Аян китебин окуган сайын, силерди чечмелөөгө алып барган жыйынтыктарга келесиңер. Бирок башкача тыянакка келген ишенген бир тууганыңарды четке кагып салуудан сак болгула, бул айырма Ыйык Китептин абройуна тиешелүү эмес, чечмелөөлөргө тиешелүү.

**Аян китебиндеги темалар**

***Ыйса – Теңир***

Апокалиптикалык адабият жашыруун нерсени ачып берет. Аян Ыйсаны Анын толук даңкында сүрөттөйт. Жердеги кызматынын убагында Машайактын даңкы толугу менен көрүнө элек болчу. Пабыл: «Ыйсанын ысымынын алдында асмандагылардын, жердегилердин жана жер түпкүрүндөгүлөрдүн баары тизе бүккөн…»[394] күн келерин убада кылган; Аян китеби ошол күндүн даңкын көрсөтөт.

Аяндагы көп символдор Байыркы Келишимден алынган, бирок алар машайакчылык богословиени үйрөткөнү айдан ачык. Китеп негизги машайакчылык богословиени ачып берет, ал адамзатынын тарыхындагы Кудайдын иш-аракетинин ар бир аспектисин бириктирет. Жакандын Адам Уулу жөнүндөгү көрүнүшүнөн баштап, салтанат курган Козу жөнүндөгү көрүнүшүнө чейин Аян китебиндеги борбордук тема – Ыйса Машайактын баарынан Жогорулугу[395]: Ал Падышалардын Падышасы жана Теңирлердин Теңири[396].

***Кудай баарын көзөмөлдөп турат***

Азап тарткан жыйын үчүн Эгедер Кудай жөнүндөгү кабар улуу үмүттүн негизи болгон. Жакан «Азыр болуп турган, башынан бери эле бар болгон жана келе жаткан Кудайды»[397] көрсөтөт. Аян 4-5теги Кудайдын тактысында отурган көрүнүшү Ышайа 6-бөлүмдү эстетет. Жакан, Ышайа сыяктуу эле ыйык, улуу жана Эгедер Кудайды көрөт. Рим каршы турган жыйын үчүн Аян китебин окуганда «асмандагы жана жердеги, жер астындагы жана деңиздеги, бүт дүйнө жүзүндөгү тирүү жандыктардын баары» Кудайды жана Козуну даңктай турган күн келери шыктандырган[398].

---

[394] Филип. 2:10
[395] Аян. 1:9-20 и 5:6-14
[396] Аян. 19:16
[397] Аян. 1:4
[398] Аян. 5:13

***Кудайдын эли үчүн жеңиш***

Көбүнчө апокалиптикалык адабияттардай эле, Аян адам тарыхында болгон Кудайдын максатын ачып берет. Ал жакта заманбап окурманга окуп түшүнүүгө кыйын болгон символдордун көптүгүнө карабастан, Аян китебинин маңызы түшүнүктүү: Кудайдын эли жеңишке ээ болоруна кепилдик алат, анткени Ыйса – Теңир. Аян китеби дайыма тарыхтын бир эле жагын көрүп жатканыбызды эскертүү менен көз караშты көп учурда жерден асманга көтөрөт[399]. Көрүнбөгөн Кудай дүйнөдө Өзүнүн максатын аткаруу менен эмгектенет. Кудайдын эли катары, биз акырында жеңишке жетерибизге толук ишенебиз. Лаодикея жыйынына жазылган кабар шыктандыруу менен аяктайт: «Мен жеңип чыгып, Атамдын жанына, Анын тактысына отурганымдай эле, жеңип чыккан адамды, Өзүмдүн жаныма, тактыма отургузам»[400].

## Аян китеби бүгүн жыйындарда

Аян китебин окуп жатып, эки нерседен абайлашыбыз керек. Кээ бир окурмандар ушунчалык адашып калышкандыктан, китепти окубай таштап салышат; анткени алар чечмелөө туура экенине толук ишене албагандыктан, аны такыр эле изилдебей таштап коюшат.

Буга карама-каршы дагы бир коркунуч, кээ бир окурмандар өзүнүн чечмелөөсү туура экенине ушунчалык ишенгендиктен, алардын пикирине туура келбегендердин бардыгын четке кагышат.  Алар мааниси жок майда өзгөчөлүктөргө көңүл бууру менен, китептин негизги темасын жоготуп коюшат. Тилекке каршы Аян китебинин негизги кабары кээде бири-биринен айырмаланган майда-чүйдө нерселердин айынан өз маанисин жоготуп коет. Аян китебинин кабары бүгүнкү күндө жыйындарга керек.

Миңдеген машайакчылар жыл сайын азап чегип өлүп жаткан күндөрү, **Ыйса – Теңир** деген кабар, азап тартып жаткан машайакчыларды шыктандырат жана аларга туруштук берүүгө жардам берет. Аян китебин чечмелөө үчүн бир жалпы ыкма жок болгонуна карабастан, ал жыйынды акырында жете турган жеңиш убадасы менен шыктандырат.

Аян китеби акыркы убактты эске алуу менен **ишенгендер бүгүнкү күндө кандай жашаш керек экендигин** айтат. Акыркы күндөрдү изилдөө (эсхатология) келечектеги окуяларды алдына алуу менен эле бүтүп калбайт; эсхатологиянын негизги басымы – бул Кудайдын акыркы максаттарын эске алуу менен бүгүнкү күндө жашоо. Биз кызматчылар катары, Аян китебинен насаатты келечекти чечмелөө үчүн эмес, биздин жамаатты ишенимдүү бойдон калууга шыктандыруу үчүн айтабыз; биз бүгүнкү күндө Аян китебин адамдарга, Кудайдын Сөзү катары тартуулайбыз.

---

[399] Мисалы, 6:1-7:8 жерде; 7:9-8:6 . 8:7-11:14 жерде; 11:15-19 асманда

[400] Аян. 3:21

## Корутунду

Джон жана Бетти Стэм 1934-жылы коммунистер алардын шаарын басып алганда, Кытайда миссионердик кызмат кылышкан. Бул жаш түгөйдү туткунга алып, кун төлөтүп алуу үчүн кармап турушкан жана башка шаарга алып бара жатышкан. Жанынан өтүп бара жаткандар : «Силер кайда бара жатасыңар?» – деп сурашканда Джон Стэм: «Биз *алардын* кайда баратканын билбейбиз, *биз* болсо асманга баратабыз», – деп жооп берген.

Кийинки күнү Джон менен Беттинин баштары алынган. Джондун миссиясына жазылган акыркы каты, алардын кичинекей кызынын кийимдеринин арасынан табылган. Кат «…Кудай менин жашоом же өлүмүм менен даңкталсын» деген сөздөр менен аяктаган. Джон жана Бетти Стэм Аяндын чындыгын жакшы түшүнүшкөн: Ыйса – Теңир жана Ал жеңет. Жашайбызбы же өлөбүзбү, Кудай бардыгын көзөмөлдөп турат жана Анын жолдору эң жакшы.

## Сабактын тапшырмасы

Сабакты түшүнгөнүңөрдү төмөнкү тапшырмаларды аткаруу менен көрсөткүлө.

1. Төмөнкү тапшырмалардан **бирин** тандагыла:

- Жети жыйынга жазылган кабарды жыйыныңардын муктаждыгына карата колдоно алган насаат сөз же сабак даярдагыла. Бул колго жазылган же басып чыгарылган 5-6 барак текст, же насааттын, же библиялык сабактын аудио жаздыруусу болушу мүмкүн.

- Аян китебин окуп жатып кайсы бөлүмдөрдө жерде болуп жаткан окуялар, кайсы бөлүмдөрдө асманда болуп жаткан окуялар каралып жатканына көңүл бургула. Кыскача эссе жазгыла, анда Аян китебинде асмандык көз караш жердеги окуяларды кандай көз караш менен карарын карап чыккыла. «Асмандык» көз караш биздин чектелген жердик көз караштан эмнеси менен айырмаланып турат?

2. Бул сабактын материалдарынын негизинде тест жазгыла. Ал Ыйык Китептен алынган жаттоо үчүн берилген аяттарды камтыйт.

## 12-Сабак Тесттин

1. Биринчи кылымдагы «Caesar is Dominus et deus noster» деген сөздөр эмнени билдирген?

2. Патмос аралы кайсыл жерде жайгашкан?

3. Аян китебинин божомолдуу жазылган убактысы?

4. Жакан Ыйса – Теңир деген кабарды жеткирүүдө колдонгон үч ыкманы атап бергиле.

5. Апокалиптик адабияттын эки мүнөздөмөсүн атап бергиле.

6. Аян китебине карата төрт көз карашка кыскача аныктама бергиле.

7. Футурикалык чечмелөөнүн ыкмаларына болгон төрт көз карашты атап бергиле?

8. Аян китебиндеги үч негизги теманы атагыла.

9. Аян 3:20-21ди эстеп жазгыла.

# 13-сабак
# Бүгүн жыйындардагы Жаңы Келишим жөнүндөгү суроолор

## Сабактын максаты

Сабактын аягына студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:
1. Жаңы Келишимдин канонунун түзүлүүсүн түшүнүү.
2. Жаңы Келишимдин канонунун түзүлүшүн көзөмөлдөгөн чен өлчөмдөрдү билүү.
3. Канонго тиешелүү болбогон, апокрифтерди четке кагуу.
4. Жаңы Келишимдин тексти бизге кандай жетсе, ага ошол бойдон ишеним артуу.

## Ушул Сабакка даярдануу

*Жүйүт 1:1-25 ти окуп чыккыла.*

*Жүйүт 1:3-4тү жаттагыла.*

## Киришүү

Жалган окутуулар бүгүнкү күндө жыйындар үчүн жаңы нерсе эмес; жада калса биринчи кылымда да жыйынды адаштыруучу ыкмаларды издеген адамдар болгон. Кээ бир жалган окутуучулар Машайактын кудайлыгын четке каккан; Пабыл буга Колосалыктарга катында жооп берет; башкалар элчилердин кызматына кол салышкан, бул жөнүндө Пабыл 2 Корунттуктарга катында айткан; башкалары тирилүү ишке ашкан деп жарыя кылган, Пабыл буга 2 Тиметейге 2:18де жооп кайтарат. Биринчи кылымдын аягында Жакан «дүйнөдө көптөгөн жалган пайгамбарлар пайда болду» деп жазган[401].

Чындыкты түшүнүүнүн көпчүлүк кыйынчылыктары Ыйык Китептин табиятына тиешелүү. Бүгүнкү күндө эң коркунучтуу жалган окутуулар Ыйык Китептин ишенимдүүлүгүн четке каккандардан же Ыйык Китептин канонунан сырткары аян ачылыштардын жаңы булактарын таптык деп жарыялагандардан келип чыгат.

Бул сабакта биз Жаңы Келишим менен байланыштуу үч суроону карайбыз. Бул сабактын максаты – Жаны Келишимдин абройуна ишенимдүүлүктү орнотуу. Биз төмөнкү суроолорду карап чыгабыз:

1. Биз кайсы китептерди Кудайдын Сөзү катары кабыл ала алабыз? **Канонго тиешелүү суроо**.

[401] 1 Жакан 4:1

2. Биз Кудайдын Сөзү катары кабыл алышыбыз керек болгон «жоголуп кеткен» китептер барбы? **Апокрифке тиешелүү суроо**.
3. Биздин текст башындагы нукура текстке төп келеби? **Текстуалдык ишенимдүүлүккө тиешелүү суроо**.

## Канондун түзүлүүсү

Ыйык Китептин канону машайакчылар үчүн эң маанилүү нерсе болуп эсептелет. Ал Кудайдын эли үчүн кайсы китептер Кудайдын Сөзү болуп эсептелет деген суроолорго жооп берет. Биз Жаңы Келишимдеги китептер чын эле Кудайдын Сөзү экенин кайдан билебиз?

«*Канон*» деген термин грек тилинен келип чыккан, «эреже» же «чен өлчөм» дегенди билдирет. Жаңы Келишим кайсы бир жазуулар чындыгында Кудайдын Сөзү экенин аныкташ үчүн алгачкы жыйын колдонгон чен өлчөмгө туура келген китептерден турат. Канондун пайда болушуна эки нерсе түрткү болгон.

- ***Жалган доктрина***. Бүгүнкү күндөгүдөй эле алгачкы жыйында да жалган октуучулар библиялык аяндардын бир бөлүгүн четке каккан. Мисалы, экинчи кылымда Маркион Байыркы Келишимдин Кудайы каардуу болгон деп окуткан. Өзүнүн окутуусун тастыктоо үчүн, Маркион Ыйык Китептеги Пабылдын каттары жана Луканын бир аз жеринен башка Ыйык Китептин бардык китептерин четке каккан. Баары үчүн бирдей канонду кабыл алуу туруктуу окутуунун негизин камсыз кылуу үчүн маанилүү болгон. Окутуучулар өздөрү үйрөтүп жаткан доктрина Кудайдын Сөзүнө негизделгенине толук ишене алышы керек болчу.
- ***Куугунтуктоолор.*** Куугунтуктардын убагында машайакчыларды Ыйык Китептери болгон үчүн өлтүрүшкөн. Алар кайсы китептер үчүн өлүмгө даяр экенин билиши керек болгон.

Төртүнчү кылымда машайакчылык жыйын Кудай шыктандырган тексттердин тизмеси боюнча макулдукка келишкен. Алар Жазуу деп жарыяланган китептерди текшерүү үчүн үч текшерүүнү колдонушкан. Канондун бир бөлүгү болуш үчүн, китеп үч чен өлчөмгө туура келиши керек болгон.

- ***Автор.*** Автор элчи же элчилер менен тыгыз мамиледе болгон адам болушу керек болчу. Жакшы Кабарга тиешелүү Матай жана Жакан элчи болушкан; Лука – Пабыл менен, Марк болсо Петир менен чогу саякаттаган.
- ***Кабар.*** Китептин кабары Байыркы Келишимдин аяндарына каршы болбой, Ыйса Машайактын Жакшы Кабарына ишенимдүү болушу керек. Китеп руханий бекемдей турган болушу керек.
- ***Кабыл алынуусу.*** Канондун бир бөлүгү болушу үчүн китеп бүт жыйындар тарабынан кабыл алынуусу керек болгон.

Заманбап сынчылдар канон жыйын башчылары тарабынан бийликти колго алуу куралы катары түзүлгөнүн айтып талашышат. Мындай сынчылдар канонду бардыгы үчүн бирдей кабыл алынган чен өлчөм катары кабыл алышпайт; ал дымактуу (амбициозный) епископтордун ойлоп тапканынын жыйынтыгы эмес. Жаңы Келишимдин канону б.з. 397-жылы Карфаген кеңешмесинде расмий түрдө кабыл алынган, бирок Жаңы Келишимдин китептери буга чейин 200 жыл мурун богословтор тарабынан аныкталган.

Богослов Д. Пакер: «Жыйын бизге Жаңы Келишимдин канонун, Ньютон жердин тартылуу мыйзамын бергендей эле берди» деген [402] . Ньютон *жердин тартылуусун* ойлоп тапкан эмес, ал Кудай мурун эле жаратып койгон нерсени ачкан: так ушундай эле жыйын канонду жараткан жок: жыйын Кудай мурун эле шыктандырып койгон китептерди ачты.

> «Менин жүрөгүм Сөзгө - Кудайдын жазылган Сөзүнө
> таянат; Куткарылуу менин
> Куткаруучумдун ысымы менен,
> Куткарылуу Анын каны аркылуу».
> - «Менин ишеними тынчтык тапты»
> Лидии Энмундстун Гимни

Карфенген кеңешмеси ишенимди жолдоочулар тарабынан мурун эле кабыл алынган канонду ырастаган. Канон бардык кылымдардын машайакчылары Кудай тарабынан шыктандырылган Кудайдын Сөзү катары кабыл алган китептерди камтыйт.

## Апокрифтер

Жаңы Келишим мезгилиндеги **апокрифтер** – бул ыйык машайкчылык жазуулар деп жарыяланган, бирок алгачкы жыйын тарабынан четке кагылган китептер.

Окумуштуу-жазуучулар да, бегилүү новелисттер да, саясий себептердин айынан жыйын тарабынан тыюу салынган «жоголуп кеткен Жакшы Кабарлар» жөнүндөгү ойду туу тутушкан [403] . Алар алгачкы машайакчылар тандаган кээ бир китептер, жыйындын окуусуна каршы чыккан бардык ойлорду басып салуу үчүн, кийин жыйын кызматчылары тарабынан тыюу салынганын жарыялашкан. Бул теорияга ылайык, кайрадан табылган бул «Жакшы Кабарлар» Ыйсанын кыздан төрөлүүсү, Ыйсанын кудайлыгы, тирилүүнүн тарыхый чындыгы жана дагы башка машайакчылыктын негизги доктриналары тууралуу жыйында чоң талаштар болгонун көрсөтөт. Бул сынчылдар төртүнчү кылымга чейин бардыгы тарабынан бирдей кабыл алынган канон жок болгонун айтып талашат.

Бирок бул «жоголуп кеткен Жакшы Кабарлар» алгачкы жыйындын тарыхында жакшы белгилүү болушкан жана *четке* кагылышкан. Экинчи кылымда Тертуллиан жана Игнатий сыяктуу жазучуулар, жалган окутууларга каршы чыгышкан. Бул китептердин кээ бирөөлөрүн экинчи кылымда эле Мураторийдин канонунда Жаңы Келишимге китептер киргизилип жаткан убакта жалган окутуулардын катарына киргизилген.

[402] J.I. Packer, *God Speaks to Man*. Westminster Press, 1965, 81
[403] Элейн Пагельс тарабынан жазылган «*Гностические евангелия»* деген китеп илимий мисал болуп эсептелет. Ушул эле ой Дэном Браун тарабынан жазылып, бестселлер болуп калган «*Код Да Винчи»* деген романда чагылдырылган.

Жүйүттүн каты биринчи кылымда да «ыйыктарга бир ирет берилген ишеним үчүн күрөшүүгө» туура келгенин айтат, анткени «жашыруун түрдө кирип алган адамдар бар»[404].

Апокриф-китептеринин диапазону – алгачкы жыйындагы иш-аракеттерди баяндоодо баалуулукка ээ болгон ортодоксалдык тексттерден, жалган окутууну жарыялаган тексттерге чейин. Кабыл алынган апокриф-китептери – Клименттин 1 каты, Барнабанын каты, Дидахе жана «*Пастырь*» *Гермы*. Бул тексттердин окутуулары ортодоксалдуу, бирок алар канондук китеп болуш үчүн алгачкы жыйындын бардык чен өлчөмдөрүнө туура келген эмес.

Жалган апокриф-китептер – *Томастын Жакшы Кабары, Лаодикеяга жазылган кат, Петирдин «Апокалипсис» китеби*, Ыйсанын айгаш жыгачта күлүп турганынын баяндаган гностикалык тексттер. Мындай тексттер эч качан жыйындар тарабынан кабыл алынган эмес. Бул китептер Карфаген кеңешмесинде четке кагылган деп айтуунун ордуна, алар бир да жыйын тарабынан, эч качан Жазуу катары каралган эмес деп айтуу туура болот.

Апокрифтик тексттер машайакчылар үчүн ишенимдүү тарыхый чындык болуп эсептелбейт. Биздин ишенимибиз «ыйыктарга бир ирет берилген ишенимге» негизделген[405]. Бул ишеним өзгөргөн эмес жана өзгөрбөйт; ал Кудайдын Сөзүнүн бекем пайдубалына негизделген.

## Жаңы Келишимдин ишенимдүүлүгү

Сынчылардын үчүнчү каршы жүйөөсү – Жаңы Келишим ишенимдүү эмес. Алар китептер көчүрүлүп жатканда, каталар кетип калган деп талашып келишет. Бул сынчылар, нукура тексттер чындап Кудай тарабынан шыктандырылган болсо да, бүгүнкү күндө биз кармап турган Ыйык Китеп так экенин биле албайбыз дешет.

Ыйык Китептин тексти туура экенине ишеним арта алабызбы? Бул суроого жооп: «Ооба!» Жаңы Келишимдеги китептер колго жазылып өткөрүлүп берилген жана байыркы кол жазмаларды көчүрүп жаткан учурда ката кетирип алышы мүмкүн, бирок алар Кудайдын шыктандырылган Сөзү болгондуктан, көчүрүүчүлөр бул тапшырмага өзгөчө кылдаттык менен карашкан. Окумуштуулар Жаңы Келишимдин тексттерин мүмкүн болушунча так көчүрүүгө өмүрлөрүн арнашкан.

Жаңы Келишимдин баарын же бир бөлүгүн камтыган 5,000 байыркы кол жазманын негизинде, заманбап тексттер алгачкы кол жазмалар менен дал келерине жетиштүү далилдер бар. Жаңы Келишим сыяктуу, байыркы кол жазмалар менен ырасталган башка байыркы текст жок.

[404] Иуды 1:3-4
[405] Жүйүт 1:3

| Эки байыркы текстти салыштыруу | |
|---|---|
| *Жаңы Келишим* | Гомер «Илиада» |
| 5000ден ашуун байыркы кол жазма | 643 байыркы кол жазма |
| Эң алгачкы аман калган байыркы кол жазмалар-<br>жазылгандан кийин 100 жылдан азыраак | Эң алгачкы аман калган байыркы кол жазмалар<br>– нукура композициядан 500 жыл кийин |
| 1%дын ½ бөлүгү суроо жаратат[406] | 5% сөздөр так эмес |
| **Сен кайсы текстке ишеним артасың?** | |

## Бул биз үчүн эмнени билдирет?

Эгер биздин Ыйык Китеп ишенимдүү болбосо, биздин ишенимибиздин бекем пайдубалы жок болот, бирок биз Жаңы Келишим – бул шыктандырылган, катасыз Кудайдын Сөзү экенине ишенебиз.

Джон Уэсли Ыйык Китептеги каталар жөнүндө

«Жок, эгер ал жакта каталар болсо, анда алар миңдеп саналмак. Эгер бул китепте так эместиктер болсо, анда ал бизге чындыктын Кудайы тарабынан берилген эмес».
- *Джон Уэслинин, күндөлүгү* июль 24, 1776

Канон алгачкы жыйындын бул 27 китеп Кудай тарабынан шыктандырылган Кудайдын Сөзү экенине биримдикте макул болгонун көрсөтөт. Башка апокриф-китептери канонго кирүү үчүн текшерүүдөн өтпөй калышкан жана ортодоксалдуу машайакчылар тарабынан кабыл алынбашы керек. Ошондой эле негизгиси: биздин текст нукура текстке туура келерине толук ишене алабыз.

Биз Жаңы Келишимди окутканыбызда, толук ишеним менен окута алабыз. Биз «Ыйык Жазуунун баардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, ондоо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу» [407] – деп жарыялайбыз жана окутабыз.

## Сабактын тапшырмасы

Бул сабакты түшүнгөнүңөрдү Ыйык Китептен жаттоо үчүн алынган аяттар камтылган тестти жазуу менен көрсөткүлө.

---

[406] Бул сөздөрдүн бири дагы доктриналарга же тарыхый фактыларга таасири тийбейт. Байыркы кол жазмалардын Лука 10:1 сыяктуу аяттарында айырмалар бар; кээ бир кол жазмалар 70 адам жөнүндө айткан жерде, башкалары 72 адам жөнүндө айтат. Бул жакшы кабардын кабары же машайакчылык доктрина менен байланыштуу тексттин ишенимдүүлүгүнө тиешелүү суроолор эмес.

[407] 2 Тим. 3:16

**13-сабак Тесттин**

1. Жаңы Келишимге байланыштуу «канон» деген сөз эмнени билдирет?

2. Жаңы Келишим канонун түзүүнүн эки себебин атагыла.

3. Жаңы Келишимдеги канонду аныктоо үчүн үч чен өлчөмдү атагыла.

4. «Апокриф» деген сөзгө аныктама бергиле.

5. Жалган окутууга  каршы турган эки алгачкы машайакчыны атагыла.

6. Жаңы Келишимге карата «тексттин ишенимдүүлүгү»  деген термин кайсы суроого тийешелүү?

7. Жаңы Келишим жана «Илиада» байыркы кол жазмаларынын далилдерин салыштыргыла.

8. Жүйүт 1:3-4тү эстеп жазгыла.

# Тереңирээк изилдейбиз

### 1-сабак

Жаңы Келишим дүйнөсү жөнүндө жакшы билүү үчүн төмөндө берилген булактарды изилдеп карагыла.

### Басылып чыгарылган булактар

Beitzel, Barry. *The Moody Atlas of the Bible.* Illinois: Moody Press, 2009.

Elwell, Walter A. and Robert W. Yarbrough. *Encountering the New Testament*. Grand Rapids, Michigan: Baker Academic, 2013.

Ferguson, Everett. *Backgrounds of Early Christianity.* Michigan: Eerdmans, 2003.

Jensen, Irving. *Jensen's Survey of the New Testament*. Illinois: Moody Press, 1981.

Tenney, Merrill C. *New Testament Survey.* Michigan: Eerdmans, 1994.

### Интернет булактары

Smith, Dr. Randall. "They Thought You Knew" at http://www.youtube.com

"Why Bible Background Matters" at http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

Wight, Fred H. *Manners and Customs of the Bible*. Moody Bible Institute, 1953. http://www.baptistbiblebelievers.com/OTStudies/MannersandCustomsInBibleLands1953/tabid/232/Default.aspx

*New Testament Gateway.* http://www.ntgateway.com/tools-and-resources/maps/

*The Works of Josephus.* http://www.ccel.org/j/josephus/works/JOSEPHUS.HTM

### 2-сабак

Синоптикалык Жакшы Кабарларды жакшыраак үйрөнүү үчүн, төмөнкү булактарга кайрылыңыз.

### Басылып чыгарылган булактар

Bock, Darrell L. Baker Exegetical Commentary on the New Testament: Luke. Baker, 1996.

France, R.T. New International Commentary on the New Testament: Matthew. Eerdmans, 2007.

Garland, David E. The NIV Application Commentary: Mark. Zondervan, 1996.

**Интернет булактары**

«Марк жазган Жакшы Кабар» http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

«Матай жазган Жакшы Кабар жана Улуу тапшырма» http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

Robertson, A.T. *A Harmony of the Gospels.* Harper, 1932. http://www.gutenberg.org/files/36264/36264-h/36264-h.htm

Smith, Dr. Randall. "Introduction to the Gospels" at http://www.youtube.com

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.* http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**3-сабак**

Жакан жазган Жакшы Кабар жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн төмөнкү булактарды карап көргүлө:

**Басылып чыгарылган булактар**

Bruce, F.F. *The Gospel of John.* Eerdmans, 1994.

Morris, Leon. New International Commentary on the New Testament: John. Eerdmans, 1995.

**Интернет булактары**

Robertson, A.T. *A Harmony of the Gospels.* Harper, 1932. http://www.gutenberg.org/files/36264/36264-h/36264-h.htm

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.*

http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**4-сабак**

Элчилер иштери китебин тереңирээк билүү үчүн төмөнкү булактарды карагыла.

**Басылып чыгарылган булактар**

Bence, Philip A. *Acts: A Commentary in the Wesleyan Tradition.* Wesleyan Publishing House, 1998.

Marshall, I. Howard. *Tyndale New Testament Commentaries*: *Acts.* Eerdmans, 1980.

McCain, Danny. *Notes on Acts of the Apostles.* Africa Christian Textbooks, 2001.

Rasmussen, Carl. *Zondervan Atlas of the Bible*. Zondervan, 2010.

Stott, John R.W. *The Message of Acts*. Intervarsity Press, 1990.

**Интернет булактары**

Ыйык Китептин карталары: http://www.biblemap.org/

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.* http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**5-сабак**

Римдиктерге жазылган кат боюнча көбүрөөк материалдарды изилдөө үчүн, кийинки булактарды карагыла.

**Басылып чыгарылган булактар**

Bray, Gerald, ed. Ancient Christian Commentary on Scripture: Romans. Intervarsity Press, 1998.

Clarke, Adam. *Commentary on the New Testament.* Abingdon Press, n.d.

Greathouse, William M and George Lyons. *New Beacon Bible Commentary: Romans (2 vols).* Beacon Hill Press, 2008.

**Интернет булактары**

«Римдиктерге» http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

«Римдиктерге 7-бөлүм, машайакчы дагы деле күнөө кылып жатканын үйрөтөбү?»

http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

«Римдиктерге 9-11-бөлүмдөр кальвинистик алдын ала тандоо жөнүндө үйрөтөбү?»

http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.* http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**6-сабак**

Корунттуктарга жана Галатиялыктарга жазылган каттар жөнүндө көбүрөөк маалымат алыш үчүн кийинки булактарга кайрылгыла.

**Басылып чыгарылган булактар**

Clarke, Adam. *Commentary on the New Testament*. Abingdon Press, n.d.

Gill, David. "1 Corinthians" in *Zondervan Illustrated Bible Backgrounds Commentary*. Zondervan, 2002.

Morris, Leon. Galatians: Paul's Charter of Christian Freedom. Intervarsity Press, 2003.

Stott, John. *The Message of Galatians.* Intervarsity Press, 1984.

Wilson, Earle L. Galatians, Philippians, Colossians: A Commentary for Bible Students. Wesleyan Publishing House, 2007.

**Интернет булактары**

"Paul's Leadership Challenges at Corinth" at http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.* http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**7-сабак**

Түрмөдөн жазылган каттар жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн, төмөнкү ресурстарды карап чыккыла.

**Басылып чыгарылган булактар**

Beet, Joseph Agar*. A commentary on St. Paul's Epistles to the Ephesians, Philippians, Colossians, and to Philemon. Schmul Publishing, 1982.*

Earle, Ralph (ed.). Beacon Bible Commentary, Vol. IX: Galatians through Philemon. Beacon Hill Press, 1965.

Holmes, Mark A. Ephesians: A Bible Commentary in the Wesleyan Tradition. Wesleyan Publishing House, 1997.

Stott, John R.W. *The Message of Ephesians.* InterVarsity Press, 1979.

Wilson, Earle L. Galatians, Philippians, Colossians: A Commentary for Bible Students. Wesleyan Publishing House, 2007.

**Интернет булактары**

"Church and Mission in Ephesians" at http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.* http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**8-сабак**

1 жана 2 Тесалоникалыктар жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн, кийинки булактарды карап чыккыла.

**Басылып чыгарылган булактар**

Airhart. Arnold E. Beacon Bible Commentary: I and II Thessalonians. Beacon Hill Press, 1965.

Clarke, Adam. *Commentary on the New Testament.* Abingdon Press, n.d.

Klopfenstein, W.O. Wesleyan Bible Commentary: I and II Thessalonians. Eerdmans, 1965.

Morris, Leon. Tyndale New Testament Commentaries: 1 and 2 Thessalonians. Wm. Eerdmans, 2007.

**Интернет булактары**

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.* http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**9-сабак**

Жыйын жетекчилерине жазылган каттар жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн, кийинки ресурстарды изилдегиле.

**Басылып чыгарылган булактар**

Gould, J. Glenn. Beacon Bible Commentary: I and II Timothy, Titus. Beacon Hill Press, 1965.

Nicholson, Roy S. Wesleyan Bible Commentary: The Pastoral Epistles. Eerdmans, 1965.

Oden, Thomas C. Ministry through Word and Sacrament. Crossroad, 1989.

Stott, John R.W. *The Message of 2 Timothy*. Intervarsity Press, 1973.

**Интернет булактары**

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.* http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**10-сабак**

Эврейлерге жана Жакып китептери жөнүндө көбүрөөк билиш үчүн төмөнкү булактарды карагыла.

**Басылып чыгарылган булактар**

Cockerill, Gareth L. *Hebrews: A Bible Commentary in the Wesleyan Tradition*. Wesleyan Publishing House, 1999.

Earle, Ralph (ed.). Beacon Bible Commentary, Vol. X: Hebrews through Revelation, Beacon Hill Press, 1965.

Osborne, Grant*. James: Cornerstone Biblical Commentary.* Tyndale House Publishers, 2011.

Turner, George Allen. *The New and Living Way.* Bethany Fellowship, 1975.

Walters, John. *Hebrews: Asbury Bible Commentary*. Zondervan Publishing House, 1992.

**Интернет булактары**

Cockerill, Gareth. "Hebrews and Contemporary Preaching" at http://client.stretchinternet.com/client/tiuadmin.portal#

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.* http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**11-сабак**

Жалпыга жазылган каттар жөнүндө көбүрөөк билиш үчүн, төмөнкү булактарды изилдегиле.

**Басылып чыгарылган булактар**

Bray, Gerald. Ancient Christian Commentary on Scripture: James-Jude. Intervarsity Press, 2000.

Brown, A. Philip, II. Loving God: The Primary Principle of the Christian Life. Revivalist Press, 2005.

Maier, Paul L. (Translator). *Eusebius: The Church History.* Kregel Publishing, 2007. (An easy to read translation of this ancient source.)

Marshall, I. Howard. *1 Peter.* Intervarsity Press, 1991.

Marshall, I. Howard. The Epistles of John (New International Commentary on the New Testament). Eerdmans, 1978.

*Wiersbe, Warren. Be Alert: 2 Peter, 2 & 3 John, Jude. David C. Cook, 2010.*

**Интернет булактары**

"John Wesley and Christian Orthodoxy" at http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

*Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.* http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**12-сабак**

Аян китеби боюнча көбүрөөк материалдарды изилдөө үчүн, кийинки булактарды карагыла.

**Басылып чыгарылган булактар**

Gundry, Stanley N., Darrell L. Bock, Kenneth L. Gentry, Robert B. Strimple, and Craig A Blaising. *Three Views on the Millennium and Beyond.* Zondervan, 1999.

Gundry, Stanley N., Kenneth L. Gentry, Sam Hamstra, Jr., C. Marvin Pate, and Robert L. Thomas. *Four Views on the Book of Revelation.* Zondervan, 1998.

Gundry, Stanley N., Alan Hultberg, Craig A. Blaising, and Douglas J. Moo. *Three Views on the Rapture: Pretribulation, Prewrath, or Posttribulation.* Zondervan, 2010.

Osborne, Grant. *Revelation*. Baker, 2002.

Rotz, Carol. New Beacon Bible Commentary: Revelation. Beacon Hill Press, 2012.

**Интернет булактары**

"Revelation and Apocalypticism" at http://www.seedbed.com/seven-minute-seminary/

Wesley, John. Wesley's Explanatory Notes on the New Testament.

http://www.biblestudytools.com/commentaries/wesleys-explanatory-notes/

**13-сабак**

Жаңы Келишимдин ишенимдүүлүгү жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн, төмөнкү булактарды изилдегиле.

**Басылып чыгарылган булактар**

Bruce, F.F. The New Testament Documents: Are They Reliable? InterVarsity, 1988.

McDowell, Josh. The New Evidence That Demands a Verdict. Thomas Nelson, 1999.

**Интернет булактары**

McDowell, Josh. *Bible: Fact, Fiction, or Fallacy.* Online Video Series. http://www.josh.org/video-2/bible-fact-fiction-or-fallacy/

Orr-Ewing, Amy. *Reliability of the Manuscripts.* Online Video from Ravi Zacharias Ministries. http://www.youtube.com/watch?v=dLI7W4bnVpA

# Жаңы Келишим Дүйнөсү
# Аткарылган тапшырмаларды белгилөө

Студенттин аты ________________________________________

Шеппердс Глобал Мектебинин сертификатын алуу үчүн ар бир тапшырманы туура аткаруу керек жана тест суроолорго 70% же андан жогору балл алуу керек.

| Сабак | Тест | 1 Тапшырма | 2 Тапшырма |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |
| 6 | | | |
| 7 | | | |
| 8 | | | |
| 9 | | | |
| 10 | | | |
| 11 | | | |
| 12 | | | |

## Шеппердс Глобал Мектептен сертификат алуу үчүн.

Шеппердс Глобал Мектептен аяктаган туралуу сертификат алуу үчүн ШГМ арызды бул сайтка кирип www.shepherdsglobal.org толтурсаңыз болот. Сертификаттар саннариптик түрдө ШГМ башчысынан, мугалимдерге жана фасилитаторлорго келет.  Алар болсо студенттердин атынан анкетаны толтуруп берет.

# Шеппердс Глобал Мектебитин сабактардын тизмеси

<u>Доктриналык негиздер курстары</u>

***Машайакчылык ишенимдер***

Бул сабак бара-бара теологияны жана машайакчылык окуутулар менен тааныштырат. Анын ичинде Ыйык Китеп, Кудай, адам, күнөө, Машайак, куткарылуу,Ыйык Рух, жыйын жана акыр заман жөнүндө темаларды тапсаңар болот.

***Римдиктерге жазылган кат***

Бул сабак Римдиктер китебинде айтылгандай, куткарылуу жана Жакшы Кабар таратуу теологиясын үйрөтөт жана жыйында карама-каршы келген бир нече маселелер жөнүндө талкуулоо жүргүзөт.

***Эсхатология***

Бул сабак Даниел, Аян жана пайгамбарчылык аяттардын үзүндүсүн изилдейт жана Машаяктын кайтып келиши, акыркы сот жана Кудайдын түбөлүктүү Падышачылыгы сыяктуу маанилүү окуутуларды баса белгилейт.

***Ыйык жашоонун доктринасы жана практикасы***

Бул сабак ыйык жашоо жөнүндө сүрөттөлгөн, ошондой жашоого болгон мамилени Кудай жолдоочуларынан күткөндүгүн жана ал үчүн кандай күч менен камсыздаганы жөнүндө айтылат.

***Жыйындын негиздери***

Бул сабак Кудайдын жыйынга арнаган долбоордун жана жыйынга болгон планы жөнүндө түшүндүрөт. Мүчөлүк, чөмүлдүрүү, ондук, нан сындыруу, руханий жетектөө сыяктуу Ыйык Китептеги, маанилүү болгон маселелер каралат.

<u>Ыйык Китепти изилдөө сабактары</u>

***Байыркы Келишим дүйнөсү***

Бул сабак Байыркы Келишимдеги 39 китептин негизги мазмунун жана ошол убакта болгон окутуулар жөнүндө изилдейт.

***Жаңы Келишим дүйнөсү***

Бул сабак Жаңы Келишимдеги 27 китептин негизги окутууларын жана мазмунун карайт.

***Машаякчылык кеңеш берүүнүн принциптери***

Бул сабак биздин жашообузга жана Кудай менен болгон мамилебизге багыт берет. Ыйык Китеп аркылуу туура чечмелөө принциптерин жана ыкмаларын үйрөтөт.

Жакшы Кабар жана шакиртчилик сабактары

***Апологетикага киришүү***

Бул сабак илимий, тарыхый, философиялык негиздери менен, Машайакчылардын көз карашы менен тааныштырат. Ошондой эле ишенимдин логика менен чындыкка дал келишин көрсөтөт.

***Дүйнөлүк диндер жана культтар***

Бул сабак аркылуу Жакшы Кабарга ишенген адамдар,он сегиз диний топтун окутуулары жөнүндө түшүнүк алышат жана алар менен кылдат диалог жүргүзүүнү үйрөнүшөт.

***Ыйык Китептеги Жакшы Кабар жана Шакиртчилик***

Бул сабак Ыйык Китеп принциптери боюнча тандалып, Жакшы Кабар ыкмалары жана Жакшы Кабар айтуу формалары жөнүндө баяндалат. Ошондой эле жаңы кабыл алгандарга шакирт сабактарын үйрөтөт.

***Руханий калыптануу***

Бул сабак студенттер Ыйсанын көз карашына ээ болууга, Асмандагы Ата менен болгон мамилеге, Ыйсага окшоп момун болууга, Ыйсанын рухий жана жеке тарбияларын колдонууга, Ыйсага окшоп азап чегүүгө жана Ыйса түзгөн Машайакчылардын коомчулугуна (жыйынына) катышууга үйрөтөт.

***Машайакчылардын практикалык жашоосу***

Бул сабак Ыйык Китеп принциптерди карата акчаны кандай пайдалануу, айлана-чөйрөнө менен кандай мамиледе болууну, өкмөт менен болгон мамилелерди, адам укуктарын жана башка практикалык жашоодо болгон жагдайлар жөнүндө айтылат.

Машайакта лидер болуу сабактары

***Кызмат кылган лидерлик***

Бул сабак лидерлердин машайактык мүнөзүнүн маанилүүлүгүн айкын көрсөтүп турат, ошол эле учурда уюмдун жетекилерин баалуулуктарды ачуу процесси аркылуу жетектөөгө үйрөтөт, максатты түшүнүү жана коюу, көз-караштыы бөлүшүү, стратегияны пландаштыруу, иш-аракеттерди көрүү жана жетишкендиктерди сезүү процесси аркылуу жетектөөгө үйрөтүү жөнүндө айтылат.

***Ыйсанын жашоосу жана кызматы***

Бул сабак XXI кылымда кызмат кылуу жана лидер болуу, Ыйсанын жашоосун үлгү катары кароо жөнүндө айтылат.

***Мамиле түзүү принциптери***

Бул сабак коммуникация теологиясын, эффективдүү сүйлөө ыкмаларын жана Ыйык Китеп боюнча насааттарды даярдоо жана сунуштоо ыкмаларына үйрөтөт.

***Машаякчылар сыйынуусуна киришүү***

Бул сабак Кудайга баш-йиүү адамдын жашоосунун бардык аспектилерине кандайча таасир этерин түшүндүрөт жана бир негизги принциптерди сунуш кылат. Ал негиздер менен жеке же жыйын менен болгон сыйынууну багытаса болот.

Жыйын тарыхы сабактары

***Жыйындын тарыхын карап чыгуу 1***

Бул сабак жыйын өз миссиясын кандайча аткаргандыгы жана алгачкы окуудан Реформацияга чейинки мезгилде маанилүү доктринаны коргогондугу жөнүндө баяндалат.

***Жыйындын тарыхын карап чыгуу 2***

Бул сабак жыйын кандайча чоңоюп, Реформациядан баштап азыркы учурга чейинки мезгилде кандай кыйынчылыктарга туш болгонун сүрөттөйт.